84Ки
Б-59

Таштанбек Бийназаров

# ЭСЕНГУЛ БААТЫР



2018

Таштанбек БИЙНАЗАРОВ

# ЭСЕНГУЛ БААТЫР

*Тарыхый роман*

КАРА-КӨЛ ШААРДЫК
КИТЕПКАНАСЫ
ОКУУ ЗАЛЫ
Инв. № 1484

«Бийиктик плюс»
Бишкек – 2014

Кара-...льска
Детска

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
Б 59

**Бийназаров Таштанбек.**
Б 59 **Эсенгул баатыр.** Тарыхый роман. – Б.: «Бийиктик плюс», 2014. – 272 б.

ISBN 978-9967-33-009-2

Китеп кыргыз элинин дагы бир баатыры сарыбагыш уруусунан чыккан Эсенгул тууралуу санжыралуу баяндалат. Эл-журтунун кам-камылгасын ойлоп, элдин мүдөө-талабын орундаткан калыс эл башчысынын элине болгон ак кызматы тарыхта унутулбай айтылып келет.

**Б 4702300100-14**

**УДК 821.51**
**ББК 84 Ки 7-4**

ISBN 978-9967-33-009-2

© Бийназаров Т., 2014.

Күн кылкылдап, бийик чокулуу тоонун башынан нары карай ылдыйлап, өзүнүн түнөгүнө баратканы көзгө кандай кооз көрүнөт. Ат арытып келе жаткан жоокерлер ата-энесин, сүймөнчүктүү балдарын, асылкеч жарларын эстешип, ашыгып келе жатышканда ээн калтырган мекени, жайлуу конушу алыстан бүлбүлдөп, ак мөңгүлүү тоолор элечегин калдайтып тосуп тургандай көрүнгөн эне сыяктуу тааныш мелмилдеп жаткан көк жайык жерлер көзгө даана көрүнө баштады. Жигиттердин ортосунда өзгөчөлөнүп көзгө урунган маңдайы жарык, кызыл жүздүү, көзү бакыракай, бүркүт кабак, көзгө ырайымдуу көрүнгөн адам башын өйдө көтөрүп, бет алдын теше тиктеп, ойго батып былк этпей ат үстүндө келе жатты. Эл башчылык жана султандык белгиси билинген бул адам чыкчырылып, бүт тулку-боюн чынжыр ултарланган темир, багалеги ылдый бут жагынан кызыл булгаары өтүктүн тумшуктары шуштугуй көрүнүп, кере кулач ийри кылычы белине илинип, булайып чыгып турду. Жоого аттангандар келе жатканын Жалгаш баатыр алыстан көрөрү менен тааныды. Жакын келгенде Эсенгул баатыр Жалгашты карап, ой басып, озунуп айтылган саламды алик алып, учурашкан болду. Уулунун үнүн тааныган Болот бий чочугандай жалт бурулуп башын өйдө көтөрүп карап, айтылган саламды алик алып, маңдайы жарыла сүйүнүп:

– Эсенгул, кагылайын, жигит пири жылооңдон ээрчип, Кудай колдоп, ата-бабанын арбагы ыраазы болуп, жигиттериң менен аман-эсен келдиңби?! – дегенде Эсенгул:

– Ата, өзүңүз күүлүү-күчтүү жүрөсүзбү? Мал-жан аманбы? – деп аттан секирип түшүп, атасын бооруна кысып, кучакташып көрүштү.

– Ата, эл-журт аманбы? – деди эле Болот каргылданган үнү менен:

– Эсенчилик, балам, өзүңөр аман келсеңер болду – деп, чарчаган түр көргөзүп, сөз улаган болуп, күтүүнүн чегине жеткенсип үшкүрүнүп алды. Анан:

– Түшүм төп келди. Жанараак жатып көзүм илинип кеткен экен, түшүмө кирдиң эле. Келип учурашып жатыптырсың. «Аман-эсен келет экен» – деп ойлоп койгом. Эсенгул атасынын чеккен санаасына ичинен ыраазы болуп, кайрып сөз айтпастан башка күтүп турган жаамы эл менен саламдашып кабак ачык көрүшкөн соң, жакындары менен учурашып, жайланышып олтуруп калды. Алыстан ат арытып келген жоокерлер үйлөрүнө тарап, туугандары менен жолукканга кабактары ачык. Түн айсыз караңгы, бакалардын чардаганы кулакка угулуп, анда-санда гана иттердин абалап үргөнү болбосо, түнкү тынчтык өз өкүмүн жүргүзүп турду.

Эртеси чарчагангабы, айтор, чалкасынын жаткан бойдон бир кыймылдап койбой ошол тейде күн көтөрүлүп калганда Эсенгул баатыр уйкудан ойгонсо, эл жыйылып калыптыр. Таңкы наарды таткан соң, сөз укканы келген эл менен кол алышып учурашып, анан атасына катар олтуруп орун алды. Сөз кезеги келгенде Эсенгул чечилип сүйлөп, сөз баштады. Убакыт алга жылган сайын элдин карааны көбөйүп, чоң жыйын башталып кетти. Эсенгул кабагы ачык атасына карап, кеп учугун улады:

– Ата, жылкы тийип, өздөрү кол салган душман колго түшүп, алар менен мындан ары бири-бирибизге тийишпеш үчүн анттunion, кол алышып калмак менен эл болуп достошуп, кыргызга тийиштүү жерлерди ээлеп, убада боюнча Каркыра жайлоосунан калмактар

болгон айылын көчүрүп кетти. Калмактын Чаргын баатыры: «Силер биздин жээнсиңер, тээ илгери Дөөлөс атаңар биздин Тезимкан эжебизди алып, аталарыбыз менен достошуп, кудалашкан экенбиз» – деп, бизди абдан катуу сыйлашты. Сый көрүп, бир жагынан тынчтык менен убадалашып келдик. Эми мындан ары кас эмес, дос болуп катышып турмак болдук. Бул сөздү уккан Болот бий алда нерседен шектенгенсип, жаштык кылып алданып келгенине ичинен баам салып, уулу Эсенгулду бир карап алып:

– Чырды баштап, ортого отту тутандырып, чычаланы ич кериштирген адам, жалындын чарт эткен учкуну бетине жабышса ал, өткөн кемчилдигин моюнга алып эч кимге даттана албайт. Уулум, ал калмак менен моюн алышып, бир төшөктө жаткан күндө дагы душмандыгын таштабайт. Андай көздөшкөн эки жүздүүлөрдүн жүзү ырайымдуу көрүнүп, тилинен ширин сөз чыгып, ниети ак көрүнөрүн эсиңе ала жүр! Эки жүздүү, калп кошоматчылар, ар дайым адамдын ичи-койнуна кирип, адамга жагымдуу болуп, тилинде балы болгону менен жүрөгү заардуу келет. Ал эми баатыр, эр жүрөк адамдар ар дайым ишенчээк келип, душманга көп алдатат.

Сен ишенчээк, боорукерлигиң менен көп узай албайсың! Душман такай жаныңда ээрчип жүрөт. Колунан эч нерсе келбегендердин болгон дити, күчү тилине чыгат. Андайлардын колунан эч качан жакшылык келбейт. Мындан ары өз ишинди туруктуулук менен, ачууңду токтоолук менен, жамандыкты жакшылык менен, саңдыкты жоомарттык менен, калпка адилдик кылып, элди өзүңө тартып, калыстыктан тайбай ишиңе так бол! Душманың берген бал кошулган сууну ичпей, акылдуу, адилет адам берген ууну жуткун. Балам менин сага айтаар акыл-насаатым ушул. Эми дагы уруш-жаңжал башталса эл башы, журт ээси сенсиң! Мен минтип карылыкка баш коюп, тоголонуп карыдым – деп, Болот бий

арык тарамыштуу, тамырлары көгөрүп турган терисин бырыш баскан колу менен ууздай аппак суйдаң сакалынын учун кармалап акылдуу, ырайымдуу көрүнгөн жүзүн өзгөртүп, ичинен кудайга шүгүрчүлүк келтирип, уулу Эсенгулду бир имере карап алып, кымкап чепкенди желбегей жамынып, чарчагандай үлдүрөп олтурду. Тегерегиндеги айыл аксакалдары демдерин ичине алып, үн дебей «дагы ким эмне дейт» деген таризде сөз тыңшап олтурушканда, Эсенгул баатыр:

– Бул жашоодо ит-тартыш бүтчү беле. Күн мурунтан шектенип коркуп-үркүп, элдин үшүн албай азырынча байкап туралычы, уруш бул элдин башына түшкөн кайгы-муң, шор да. «Калмак келип калат» – деп, азырынча чочулабайлы, сөзүнүн аягын кыска бүтүрдү. Баятан бери Жалгаш, Эсенгулдун жүзүн, ал турсун ар бир айткан сөзүнө чейин байкап, маани берип турду. Эсенгул атасынын сөзүнө терс жооп бергенине ичи чыкпай калды белем, ага боор тартып элдин көзүнчө акыл-насаат айтканына ыраазычылык билдиргендей, жылмайыңкы түр менен Болот бийди карап:

– Ата, сиздин айткан кебиңизде эч кандай калет жок. Туура, «өз боюңа сак бол, коңшуңду ууру тутпа» деген бул адамга айтылган нуска кеп, сокурга жагылган шам чырактай. Андыктан ага-ини бир туугандар, өйдө-ылдый айтылган кепти көңүлүңөргө албай, туура түшүнгүлө. Адамкерчиликти түшүнүп, жакшылыктан үмүт үзбөгүлө! Ушак кептен үн катпай кутулуу керек. Азыр бизге ынтымак, ак тилек, ырк аба менен суудай эле зарыл.

– Мына кечээ жакында бейкам жаткан ээн жылкыларыбызды калмактар бүт айдап, жылкычыларыбыздын өлтүргөнүн өлтүрүп, байлоочусун байлап, ырайымсыз иш кылып кетишти эле, биз артынан кууп жетип чабыш болду. Дагы канча адам набыт болуп, жарадар болгону канча! Алардын катын-баласынын ый-муңу, убал-сообу кимдин мойнунда. Баарыңар угуп койгула,

бирөөнү зыркыратып, малын-мүлкүн уурдаганыңар болбосун! – деп сөзүнүн аягына чыкты. Садыр ичинен Эсенгулдун бул айткан сөздөрүнө чын ниетинен ыраазы болуп, аны менен жакындашууну ойлоп, «акмактар бирөөнүн жоорун чукуп күнөөгө калат» деген чын экенине эми билип, жалгандын шамы жарык көрсөтпөйт, өзүңдүн боюңду качырып, замандын түрүнө кара деп ойго чөмүлүп, арык бетинин нуру дүрт этип, уйкудан жабыркагандай көзү бат-бат ачылып жумулду.

Ал эми Жалгаш баатыр бир нерсени зарыгып күткөнсүп, жерден көзүн албай, былк этпей олтуруп Эсенгулдун ар бир айткан сөзүнө муюп кетип, кептин негизги адилдигине макул болуп, акырын башын ийкегиледи.

Аңгыча эле үнү өктөм чыккан адам ордунан тура калып, сөз улады:

– Ага-ини туугандар?! Мына минтип бул жерде бүт кары-жашың олтурасыңар! Эл дайыма эле чогула бербейт. Ушундай эл көп келген жыйында мен өз оюмду ортого салгым келди. Өзүңөр баам салып карасаңар. Азыр бизге, тактап айтканда, жалпы элге башчы керек. Башчы болсо капыстан кол салган жоо дагы айбыгып, жакын келе албайт. Андан дагы башчы болбогон соң, ар ким өз билгениндей ээнбаштык кыла беришет. Ооба, мезгил-убакыт бир келет. Көл дайыма бир жерди сермеп толкуп турбайт. Көлдү бороон толкутат, журт-эл деген көл сыяктуу. Толкуган элди токтотконго акылы тунук, эл ээрчите алган адамды шайлап алсак, абдан дурус болот эле. Кана, калайык калың журт, буга эмне дейсиңер?! – деп, нooча бойлуу, маңдайы жарык, жүзү ырайымдуу, өңү кызылдуу, бүркүттүн көзүндөй көзү жайнаган, бой турпаты келишимдүү жигит элден көзүн албай карап турду.

Элдин арасын кобур аралап, жандана түштү. Бир жагынан туура такилипке эл ынанып, бири-биринен сөз күтүп туруп калышты.

Сыйда сакалдуу, капкара көрпө тебетейчен, сымбаттуу карыя сөз айтчудай оозун эптеп келип, жөтөлүп алды да:

– Мындай маанилүү сунушка мен каршы эмесмин. Эгер каршы болбосоңор, эл башчылыкка менин жеке оюмда бир гана Эсенгул баатыр ылайыктуу. Ушундай кыйын жоокерчилик учурда Эсенгул өзүңдөн өтөрү жок. Элиңдин убал-сообун мойнуңа алып, эл башчысы бол! Атаң Болот бий минтип томолонуп карыды. Бийлик тээ илгертен атадан-балага калып келген жана кала берет. «Кулдун тукуму бийликке келсе түбү ачка, байлык кубалайт, элин бакпай байлыктын артынан түшүп журтун чачыратып жиберет. Бийдин тукуму бийликке келсе, түбү ток, элдин камын ойлойт» деген кеп бар. Атаң Болот бий учурунда эл ээрчитип, жоо беттеп, колунан келген кызматын кылды. Бул «убакыт» деген неме билинбей өтүп, жаш жигитти карытып, абышка кылып салат экен. Бир кезде Болот бий дагы сендей болуп эл четинде, жоо бетинде болгон. Аны бир гана убакыт калыстабаса, өтүп кеткенден кийин унутта кала берет тура. Сенин дагы жасаган иштериң бир кезде унутта калып, көргөзгөн баатырлык иштериңди жаңы жетилген жаш «баатыр чыккан» атанын баласы кайталайт. Ошон үчүн уул бала төрөлгөндө, ата сүйүнөт: «Эл ээрчиткен уул болсо экен» – деп. Ата менен эненин тилеген тилеги, баланын жакшы чыкканы эмеспи. Бала сендей болуп элдин керегине жарап, жигит ээрчитип, эл четинде, жоо бетинде жүргөнү бул чоң сыймык. Калайык каршы болбосоңор менин жеке оюмда Эсенгудан өтөр инсан арабызда жок. Болсо айткыла, балким, ортого саларбыз. Так жана маанилүү айтылган бул сөздү көпчүлүк угуп, андан дагы Эсенгул баатырдын жасаган эрдиктерине баа берип, бир ооздон колдогонсуп турушту. Эсенгул баатыр бир аз ойго алаксып: «Дагы

бөлөк бирөөнүн ысмы аталып калабы же башка сунуш айтылып калар бекен?» – деп, жооп бергенге шашылган жок. Бир саамга айлананы жымжырттык каптап, кимден кандай сөз чыгат дегенсип күтүп калышты. Эсенгул элди зарыктырбайын деп ордунан туруп:

– Эл-журт! Эгер силер менин эл башчысы болушума каршы болбосоңор, мен силердин кызматыңардамын. Ооба, элдин жүгүн артынуу, албетте, абдан жооптуу иш. Силер ишеним берип жоопкерчиликти артып жаткан соң, менин баш тартууга акым жок. Бирок мен дагы өзүмдүн шартымды айтып, анан ишке киришкеним оң! – деди эле, тирелип турган калың эл жапырт тынчый түштү «кандай шартын айтат?» дегенсип. Эсенгул көз ирмебей калың элди сыдыра карап алып:

– Оо, эл-журт, шартым бул! Турмуштун түйүнү адам баласынын сезиминен терең жана кенен болууга тийиш. Кээ бир адамдар акылдуусунуп, өзүнүн гана ойлогонун туура көрүп, башка кишини теңине албагандар бар. Андыктан силерден суранычым, мени кадырласаңар бир айткан сөзүм эки болбосун. Айткан сөзүмдү эч ким жыра талашып оюмду бузбагыла дагы, иштин ийгисин көздөйлү.

Көпчүлүк бул айтылган сөздү дүркүрөп коштоп: «Сага эч ким жолтоо болбойт» – дешип ызы-чуу болуп барып токтоду. Эми менин экинчи шартым Жалгаш менен Садыр аскерлердин башчысы, менин оң колум болсун! Бул сунуш дагы бир тараптуу болуп колдонуп эл кабыл алды, Эсенгул дагы сөзүн улап:

– Мансапкорлук – адилеттиктин келишпес душманы. Жалгаш, Садыр силер эл ишенимин жана менин ишеничимди актап, жоокерлерге өз балаңардай мамиле жасагыла! Адамды жактырбаган адам Ата Мекенин, эл-жерин, ага-ини бир туугандарын сыйлай албайт! дегенде, эл дагы бир жолу дуулдап барып токтоду. Андан

ары дагы бир топ маселелер каралып, не бир түркүн сөздөр айтылды.

Жыйынга келгендер бул жолу баарынын кабактары ачык, кулакта кала турган сөз уккандарына ыраазы боло, убакыт дигер намазынын учуру болгондо тарап, үйлөрүнө жөнөштү. Эсегул баатыр, ушунча элдин жүгүн көтөрүү мойнуна жүктөлгөнүнө аз да болсо толкунданып, өзүн жоопкерчиликтүү сезип, алдыны карап басып бара жатып, ойго чөмүлдү. Ооба, ар бир адамдын эле башына жооптуу иш жүктөлө бербейт. Көпчүлүк болгондон кийин ар тараптуу сөздөр айтылышы толук мүмкүн. Эл башы болгондон соң артынан не бир түркүн сөздөр ээрчийт. Анын баарын көтөрө билүү да керек. Үйүнө келсе союлган малдын эти бышып калган экен. Канча күндөн бери жай олтуруп үйүнөн тамак иче элек. Жоокер, ат жалында казан асып, көпчүлүк учурда ат үстүнөн тамактангангабы, эмнегедир семиз малдын бышкан этине табити ачылып, колун жууп келип тасмал четинен орун алып олтурду. Болот бий төрдө, калың салынган көлдөлөңдүн үстүндө олтуруп, уулуна кайрылды:

– Балам, эми сен баарына калыс болушуң керек. Эч качан кедейлерди кемсинтпей, сөзүн угуп, талабын талашкандай бол! Эл жүгү жөн адамга жүктөлбөйт. Сенден мен эле эмес, эл дагы көптү үмүт кылып калды. Үмүттү өчүрбөй, жандыра бил! – деп макиси менен эт кесип оозуна салып, кемшеңдеп чайнаган болду. Кары адамдар акыл айтса кандай жарашат. Атасынын айткан сөздөрүн туура кабыл алып, Эсенгул сөз укканга ынтызар экенин жүзүнөн билгизди. Сөз бир топко уланып, тамак кандай желип болду билбей дагы калышты. Ооба, жакшы тамакты жакшы сөз угуп жеген кандай жакшы, анын сыңары, эсте кала турган маанилүү сөздөр тасмалга бата тиленгенге чейин уланды.

* * *

Эсенгулдун ташы өйдө кулап, жалпы эли колдоп, төбөсүнө көтөрүп турганда, Кокон хандыгынан элчи келди, чакырык айтып. Бул кабар жаамы журтка желдей тарап, ар ким ар кандай сөз чыгарып, ар тараптуу кеп учугу айтыла баштаганда дагы жыйын болду.

Аксакалдар тебетейлерин калдайтышып, жигиттер окчундай бастырып, карылар топ-топ болуп келип, топ аралап эл оозуна кирип жакшы аталгандар бир жактан, сөз угабыз деген жаш уландар аттарына сылай камчы салып, жыйынга жылып келип жатышты.

Салтка ылайык, улук билермандарга жайкалган көк шиберге жай камдашып, эл ичи бака-шака, кең жайык өзөнгө аттар батпай кетти. Келчү эл келишти деген кабар угулду.

Эң алдыда сыйда муруту бар узун бойлуу, элден көкүрөк өйдө көрүнгөн, далысы кең Эсенгул баатыр менен катарлаш Жалгаш, Садырлар чарчысынан келген көк ала сакал Черикчи, Назар жана башка эл оозуна алынгандар жана Кокон хандыгынан келген эки жигит келе жатышты. Эсенгул баштагыдан өзгөрүлүп, көзгө кыйла башкача көрүнүп, бешенеси жайылып, бети жалтырап, жүзү нурданып калганы байкалды.

Кыркар тартып олтурган көпчүлүктү бир сыйра тегерете көз жүгүртө карап, элдин болгон дити өзүнө бурулгандыгына ыраазы болгондой Эсенгул сөз баштады:

– Калайык, эл-журт! – дегенде, кыжылдашкан үндөр басылып, эл дем тартпай кулак салып калышты. Эсенгул сөз угабыз деп келген элди дагы бир сыйра сыдыра карап алып, токтолбой шар кетти:

– Ага-ини, туугандар! Силерди чогултуп кеңешке чакырганыбыздын жөнү, өзүңөр уккандай алыстан хандын эки жигити келиптир чакырып! – деп, күлүмсү-

рөгөн калыбында келген чабарман эки жигитти колу менен көргөзүп, оң колун жогору көтөрүп:

– Оо, жакшылар, менин жеке оюм Жалгашты ээрчитип, хандын кеңешин угуп, өзүмдүн оюмду ага билгизип келейин. Ким билет, балким, тээ илгерки Тагай атабызды мейман туткун кылгандай, бизди дагы кармап калышабы? Сиздер менен кеңешип алайын деген ойдо минтип жүз көрүшүүгө туура келди. Кимдин кандай ою бар аны дагы угуп койбосом, өзүм билемдик кылганга менин дитим чаппады. Кимдин кандай ой-максаты, айта турган кеңеши бар?! Оо, эстүүлөр, акыл тегеретип көргүлө! Элдин ичин күбүр сөздөр аралады. Түшүнгөнү туура кабыл алса, түшүнбөгөнү теңирден тетири сөздөрдү айтып баштаашты. «Хан менен урушат, дагы кырылышат экенбиз» дегендер дагы болду. Көпчүлүктүн арасында түшүнүп сүйлөгөн, түшүнбөй кеп айткандар боло берет эмеспи.

Сокур ишенимден ачык айтылган сөз дурус, жүзүмдүн ширеси назик, бирин бири өлтүрүү кастык, хан жөн-жай чакыртпайт! Болду-болбоду хандын ойлогон ою башка дегендер дагы чыкты. Бир кезде үнүн өктөм чыгарып, үнү жоон бирөө:

– Эсенгул! – деди. Биз сени ушул элге «баш болот» деп төбөбүзгө көтөргөнбүз! Баарын өзүң бил! Эгер жоокер алам десең жаныңа жигиттерди беребиз, өзүм барам, жалгыз бүтүрөм десең аны акылыңа сал. Эгер, акылдуусынгандардын сөзүнө кирем десең, эл башкарбай элди өз жайына кой! Акылдуулук, адилеттик болгон элдин кебелбес даңкы, бириккен тамыры болот. Эл сенин көзүңдү карап турат! – деди, демиккен үнүн басып, туура айттымбы дегенсип эки жагын карап койду. Бул дайыма бетке чаап сүйлөгөн, ичине кек сактабаган, эл ортону элүүдөн жашы өтүп калган, акыл кошо билген Карабек. Эсенгул бул кишини дитинде жакшы көрөт. Анткени туура жана дайыма калыс сүйлөгөнүн баалайт.

Тазабек элдин түрүн байкап, кеп жүйөсүн жоготпой, сөз учугун өзүнө алды:

– Кечээ эле эмне болду, өзүңөр калыс алып карасаңар, бийлер, эстүүлөр, акылмандар! Бүт элди баштап барып, калмактын Касым деген ханынын башынан таажысын жулуп аларда сайгактаган уйдай качып, дайынын билгизбей кеткенде, ушул караламан элди баштап Эсенгул өзүң баргансың. Ошондо найзаны сунуп, кылыч чаап, артынан кууганбыз. Элдин биримдиги үчүн, өктө кегин кечиришели дегендир. Өзүнөн кеткен күнөөнү унутуу үчүн минтип элчи жиберип жаткандыр! Балким, «кадырлашып сыйлашып жүрөлү» деген ою бардыр. Какайганга какайгын машаяктын өзүбү, сыйлашканга сый-урматташ. Сөздүн түгөнөр жери ушул, ордого барсаң барып кел! Жараткан бергенин бүт алат. Бир гана айтаарым жагымдуу кабар менен кел! – деп Тазабек, журтчулукту динди бүт ортого салып, элди муютуп сүйлөп, баарын ойго кабылтып салды. Аңгыча эле Черикчи обдулуп, кашын серпип, ордунан тура калып сөз алды:

– Эл үчүн адамкерчилик, оттон-суудан дагы артык зарыл! Адам от менен суудан кор болгонун көрдүм, бирок адилдик, адамкерчиликтен кор болгонун көзгө чалдыктыра албадым. Мен жеке оюмда Тазабектин айткандарына кошуламын! Бирөөнүн келечек тагдырына ач көздүк кылган адам өмүр бою жакшылык көрбөйт. Андан көрө бирөөлөрдүн жасаган ишин баалай билген адам гана бакытка жете алат. Сөздү бөлүп, үнүн жогору чыгарып: «Эсенгул ушунча элди топуратып жыйнап» – деп Кедей сөз сүйлөп келе жатканда, Черикчи сөздү ооздон жулуп алып:

– Сүйлөй турган кептин негизи болот, жаратылышта адам өзүнүн ким экендигин сезбегендер гана дардайган жел өпкө аталат. Эсенгул бул жерден «эл жыйылсын» деп эч кеп айткан жок, Садыр эле болбой «элге, топко салалы» – деп кыйылганынан, элди мына мен «чогул-

сун» деп жар салып, чакырттым. Алыстан атайын ат чаптырып хан өзү чакыртып жатса, орой көз чырай баары чогулуп, кыркар тартып олтуруп акылдашалы деген гана кеп болду. Бул жерден ашыкча сөздү эч кандай кереги жок. Эсенгул алыска: «Болгону үч-төрт адам менен гана барам» – дейт. Макул, биз эч кимге кеңешпей өз билгенибизди кылып кетирип жиберсек дагы ар тараптуу сөз чыгармаксыңар. Ал жакка Эсенгул баатыр кетсе, жаман айтпай жакшы жок, бейжай жатканыбызда душман келип кол салып калса, биз кимдин айткан кебин угуп элди сактап турабыз. Адилеттикти, азаттыкты сүйбөгөн адам ал макоо, кежир, сөз укпайт. Сабырлуу, туруктуу адам гана жеңишке ээ болот. Сөз ушул жерге келгенде, топту жарып Мүсүралы карыя:

– Оо, жакшылар, кепке конок бергиле!? – деди. Жалпы журт үн чыккан жакты жабыла карап калды. Топтун арт жагынан бир аппак, суйдаң сакалдуу, сыйда кийинген бир кары адам көзгө чалдыкты. Мүсүралы карыя таягына сүйөнгөнсүп, топтун башчылары жакты бир карап алып кеп баштайын деп келе жатканда, күбүр боло түштү «бул карыган арстандай болгон жарыктыкка кептин эмне кереги бар, балдары деле жүрбөйбү, жыйынга келип эмне кылат, үйүндө эле жатса болмок» деген. Мүсүралы таарынгандай үнүн жасап жөтөлүп алып:

– Менин мында келгенимди жактырбай жатат көрүнөсүңөр!? Элдин камын ойлоп, бакыт издеген адам гана ырыскыга өзү кабылат. Жаңылбаган, карыбаган адам болбой койбойт. Негизи эле начар адамдар гана өзүлөрүнүн жаңылыштыгын, кем акылдыгын моюнга албайт.

Мүсүралы шыбыраган, күңкүлдөгөндөрдүн демин басып, негизги сөздү айтты:

– Ордодон Эсенгулду чакырып, киши келиптир деген сөздү угуп, атайын келдим.

– Үнүңүздү жогору чыгарып, айтчу сөзүңүздү катуураак айтыңыз! – деди эле, Мусуралы кулагы укпай калганын билгизип:

– Эмне дедиң? – деп, суроолуу карады да, анан сөзүн бирөө бөлүп кетпесин деген ойду ойлой калып:

– Менин сөзүм кыска – деп, элди бир сыдыра карап:

– Бийлер, эл жакшылары?! Бул кыргыз эли башынан үрккөн койдой дүрбөгөн, бир жерге турук албаган элбиз. Сөздүн маанисине көңүл бургула. Алыстан атайын бийлик ээси хан кадырлап чакырткандан кийин, ага Эсенгул өзү эле барганы оң! Ал деле адам. Эки асыл көрүшкөндө бирин бири өлүм эмес, жамандыкка кыйбайт! Андан көрө эки элдин биримдигин ойлошуп, чырчатак чыгарбаганга убаданы бекемдешет. Эсенгул туура түшүн, жараткан Алла сага хандын даражасындай болгон акыл, сыймык, баатырлык касиет берген. Сени кызыл эт кезиңде, күнүлөш энелериңдин кара санаган оюнан буйрук менен келип, талаада бешикте калганыңда, кайберен ак сүтүн берип сактап калган. Сени «эр уул» – дейт. Эр азамат элинин камын көрөт, ар нерсенин чеги болот, чектен озом деш текеберчилик, коркунучтуу. Ошол калыптан чыгып кетип, кайра калыбына келиши кыйын. Адам өзүнүн босогосун аттап алыска барбаганы, ал канчалык мыкты болсо да жакырчылык же жардыга тете болот. Турмуштун жакшы жагын, начар жагын да аралаштырып турбаса борсуп кетет. Эсенгул, Кудай өзүңө кубат берсин. Элди сандалтып дүрбөткөндөн эч натыйжа чыкпайт. Өзүңдү насили ачтан сактап, көз салгандын көзүнө көр топурак тыгылып, тилдүүнүн тили кыркылып, ата арбагы жылооңдон кетпесин. Элиңе тоодой медер бол. Адамдын куру кебине ишенбей, кылган ишине ишен, уулум. «Досуңдун кылган кастыгынан коркпой, касташкан душманыңдын кучактап бетиңден өпкөнүнөн корк» деген кеп бар. Менин айтаар кебим ушул.

Эл дуулдап кетти. Кай бирөө жактырбагандай баш чайкап, кээси сөздүн маанисине муюп, кээси сөздү чала угуп алган. Эмине деди ошол кээ бирөөнүн оозуна кулагын тосуп:

– Ой, элим, ордо хан дейсиңер! Алар деле биздей адам баласы, адамды жылуу кеп аттан түшүрөт, жакшы дүнүйө адамды жибитет. Достун тонун кийип ошол ханга Эсенгул өзү эле барса эмне болот? Эч ким сөзгө аралашпай баары Мүсүраалыны карап, жыйын дым боло калды. Эч кимдин оюна келбеген иш, адам баласы бири-бири менен жакындашканы. Ырыс оошот, акыл жугушат. Баары бир ыкташкандан башка эч арга жок.

– Жакын турган жердеги «мен кыйын» деген, өздөрүн акылдуу сезген аксакалдардын көздөрү чекчейди. Эми мындан ары сүйлөнгөн сөздүн натыйжасыздыгына көздөрү жетип, эч ким топ жарып сөз алган жок. Бир кезде гана ириде турган аксакалдардын бири:

– Акылдын даанасы, сөздүн нак өзү. Эсенгул өзү эле барып келсин. «Чакырган жерден калба, өзүң басып барба» деген кеп бар. Ордодогу улуктар менен жүздөшүп, бир тилекке келип ынтымакташып келсе, дагынкысын көрө жатарбыз. Черикчи сөздү бөлүп:

– Караламан калк, биз Эсенгулду жалгыз жибербейли деген ойдо, ат чаптырып элди чогултпадык беле? Эми алгылыктуу акыл чыкпай, өзүбүздүн гана кызыкчылыкты ойлоп, башчыбызды жалгыз жиберип отуруп калабызбы!? Ушул эле сөздүн айтылышын күтүп тургансып, дем катпай сөзгө келбей турган көпчүлүк дүрбөп, ар ким өз оюн айтып дүрбөй түштү. Ар тараптуу айтылган сөздөр анча деле маанилүү болбогон соң, Мааматкул жүзү жайылып, обдулган арстандай сүрдүү айбат менен жаамы журтту бир карап, көз карашы менен элди тынчытып:

– Эсенгул, өзүңдөн башка ким жарайт! Мынча болду мындан аркы иштин өтөсүнө өзүң чыгып, оюңдагыны

жаса. Болбосо, ар ким айтса эптүү, бул жерден чечкиндүү гана кадам керек!

Эсенгул олтурган ордунан элпек туруп басып келип, жүзүн нур чайыган, сакалы куудай аппак, көзгө ырайымдуу көрүнгөн акылман абасынын эки колун кыса кармап, ийилип өөп ал кишини ыйык адамындай тооп кылды да:

– Мен сиздин айткан сөзүңүздөй жаамы журттун, туулуп өскөн жеримдин, Ата Мекенимдин алдында башымды ийип болгон күч-кубатымды, акылымды, сиздерге тартуулап, сиздердин ак тилек ниетиңер үчүн ант беремин! – деди да, тирелип өзүн карап турган калың элдин алдына чыгып:

– Оо, калайык калың элим! Мага уруксат бергиле. Мен Жалгашты жана ишенимдүү үч жигитти жаныма алып, жолго чыгайын. Хан менен жүз көрүшүп, ынтымакта иштин илгерилеши тууралуу бир пикирге келип, колдон келсе жакшы маанай менен келгенге аракетимди жасайм! Ушуга уруксат этиңиздер! – деп жооп күткөнсүп көз тегерете карады. Бой келбетине жарашыктуу кийген кийими, сүйрдүү көз карашы, так жана маанилүү айткан сөзү элге жагып, баатырдан көзүн албай карап тургандар Эсенгул сөзүнүн аягына чыкканда, катуу бурганактаган шамалдай дуулап барып токтоду.

– Айтканың-айткандай келсин! Ылайым хан менен тил табышып, тилегиң кабыл болсун, бир Алла өзү жар болуп, аман барып, эсен кел! – дешти. Эсенгул эмнегедир ушул саам толкунданып, кабагы булуттан чыккан айга окшоп жадырай түштү да, бир азга сөз келишин күтүп, качан эл тынчый түшкөндө:

– Эми калайык, жай-жайыңарга тарагыла! Сиздерге ыракмат! Убактыңарды бөлүп келип кеңешиңерди бергениңер үчүн. Ошентип бул жыйында бир кенедей абышканын айткан акылы себеп болуп, жыйын өз жемишин берип эл тарады. Аттуусу ат менен, жөөчөнү жөө



КАРА-КӨЛ ШААРДЫК КИТЕПКАНАСЫ ОКУУ ЗАЛЫ Инв. № 1484

кудум оргуштап аккан дайранын суусундай дуулашып, ар тарапты көздөй жөнөштү.

Эртеси эртең менен Садыр булуттай ак боз аргымакты Эсенгулдун алдына туура тартты. Эсенгул атты жалдан тартып, үзөңгүгө бут салып минери менен ызычууда, кымгуутта эргип көнгөн ак боз аргымак ооздугун кемирип, туйлап жер чапчып, элире жүрүп берди. «Эр жигиттин бир ырыскысы минген аты» – деп коёру анык кеп. Айткандай алдыдагы минген аттын жакшысы, ээсин талаага калтырбайт эмеспи. Ак боз аргымакка ишенип, Эсенгул баатыр дайыма алдыда душманга биринчи кол салып көнгөн. Бул жолу дагы жигиттеринен бир топ алдыда атынын ыкчам жүрүшү менен бара жатып, ак мөңгүлүү тоо тарапка көз жүгүртүп алып ыйык Ата Мекенин, ак боз үйдө жашаган, ак калпакчан элинин тагдыры өзүнүн колунда экенин эстеп, жүрөгү бир башкача согуп, толкунданып алды. Билинбегени менен чоң жүктү артынганын эми сезип, өзүнүн артында келе жаткан жигиттерин кылчайып карап алып, шамал менен жарышкан аргымагынын ооздугун тартып, ат туйлатып токтой калды. Аңгыча эле жигиттер жете келгенде Эсенгул кабагы ачык, жадыраган жүз менен үнүн шаңдуу чыгарып:

– Жигиттер, эми силер дагы тарагыла! Эс алып атыңарды таң ашырып, баарына сак болгула! Элдин болгон ишеничи, Ата Мекендин келечеги биздин колдо. Биздин дагы жигитчилик кезибиз өтүп кетип, бир убакта биз дагы Мүсүраалы карыдай акылга дыйкан кары болобуз. Ага чейин жоокерлик милдетибизди аткарып, баарына сак бололу! – деди. Жигиттер бул айтылган сөз менен өздөрүнүн ордун, милдетин билишкенсип, дуулдап барып анан ар тарапка тарап кетишти.

Салкын жел батыш жактан согуп, суусу тунук болуп шылдырап өзөн ылдый агып каякадыр шашылгандай. Бийик дарактын башынан булбулдун сары ооз балапа-

ны чыйпылдап үн салат. Нечен кылымдардан бери элдин арасынан чыккан акылмандар келечек ишти күн мурунтан сезип, элдин камына чөөттөн алынган бир аз суудай, жан болгондун баарын эсен алып калыш үчүн өзүнчө бир дүйнөнүн ыракатын көрсөтүүгө далбас урат. Эл келечегин ойлоп, элге кызмат кылайын деген ар бир адамдын маңдайына жазыла бербейт. Дүнүйө кубалап, мен гана жашасам деп, баюунун гана камын ойлогон адамдар четтен чыгат. Бирок элге кызмат кылууну ойлогон баатырлар жок эмес. Анткен менен аз санда.

Эсенгул баатыр жанына Жалгаш баатырды жана дагы төрт жигитти алып, жолго чыкканына эки күн болду. Ач белде, жаан-чачында, ысык-суукта, ачка-ток болуп жүрүү бир гана баатыр уулдун бешенесине жазылат. Жолго чыккандар ашуу ашып, суу кечип акыры хандын ордосуна дагы келип калышты.

Ордодон ичкери кирбей бир аз убакытка күтүп калышты. Анткени хандын уруксаты жок кирүүгө болбогон үчүн, тоолуктар келгени тууралуу ханга кабар жетип, дарбазаны тоскон жигиттин бири:

– Ханга жолугуу үчүн Эсенгул баатыр өзү гана кирүүгө тийиш! – деди. Бул сөздү укканда Жалгаш баатыр шектенгендей:

– Сиз жалгыз киресизби?! – деп, Эсенгулду муңайыңкы карады.

– Анын эмнеси бар, жалгыз келсин дегенден кийин өзүм эле барайын. Эч чочулабагыла! Кооз чымчыктын сайраганы кулакка көңүлсүз угулат. Ошондой эле ханбы, бекпи баары бир. Андыктан керсейгендердин баарынан эле чочулай берген болбогон иш. Алардан терең ой, мыкты акыл чыга бербейт. Адамдын тилинен жакшы жана жаман дагы сөз чыгат. Андыктан кам санабай күтүп тура тургула – деп, Эсенгул килем төшөлгөн узун жол менен жүрүп олтуруп кооз жасалгаланган чоң эшикке келгенде, ызаат көрсөтүшүп, колдорун боор-

лоруна алып, суусар тебетей, бойлоруна жарашыктуу кийим кийген эки күзөтчү жоокер таазим кылышып, үнсүз башын ийип учурашкан болушту. Бири шайдоот кадамын таштап ичкери кирип ханга кабар билгизди. Хан кимдин келгенин укканда, эми эмне кылсам болот дегенсип, кыска убакытта ойлонгон болуп, алиги жоокерге белги берди: «Кирсин» – деп. Оюнда «бул тоолуктун түспөлүн байкап көрөйүн» деген ой дароо акылын бийлеп, сүрдүү көзүн эшик тарапка кадады. Сырттан шыңга бойлуу, маңдайы жазы, көзгө бир башкача сүрдүү көрүнгөн Эсенгул кирип келгенде, хан олтурган ордунан тура калып, утурлай басты. Минтем деп эч ойлогон эмес эле. Эч убакта бирөөнү кабыл алганда тактан тура калган эмес. Эмне болуп тура калып утурлай басты, өзү дагы муну аңдабай калды. Ооба, сырттан алиги өзү «тоолук» деп көп капарына албаган адам менен бирге бөлмөсүнө белгисиз бир нерсе кошо киргендей болду. Ал турсун бөлмөнүн ичин жарык каптагандай дагы боло түштү. Хан алгач колун сунуп дагы жиберди. Ушул жашка чыкканы азыр жолуктургандай адамды көрбөсө керек. Андан дагы эч убакта өзүнүн ордун билип, алгач колун сунган эмес. Эки асыл бири-бири менен кол алышып учурашып жатып, бойлорун бирибирине жакындатышып көрүшүштү, эски достордой болуп. Хан калдастап калганын өзү дагы билбеди. Колу менен оң тараптагы орунтукту көргөзүп «олтур» дегендей белги берди. Эсенгул орунтукка олтуруп жатып, ичинен ойлоп койду «буйруса иш оңунда» деп. Анткени «хан кандай кабыл алат» деген бүдөмүк ой, санаа ичинен эзип келген. Кантсе дагы эл эгеси хан менен жүз көрүшү адамды сүрдөтөт жана ойго салат. Ооба, чынында эле ханды бир башкача элестетип келген Эсенгул анын кичипейил экенине ыраазы болуп, жүзүн кубанычтын белгиси чайыды. Хан сөздү өзү алды:

– Мен сизди атайын ат чаптырып чакыртканымдын себеби акылдашып, сүйлөшөлү деген асыл ой, терең максат болду. Акылдуулук бардык адамдарга сулуулуктун ордуна кызмат өтөйт. Эсенгул үн катпай сөз угуп олтуруп, жигиттик сыпатынан жазбай, сөз удулу келгенде:

– Биз сиздин айттырган салам дуба кор болбосун деген ойдо, атайын алыстан ашуу ашып, суу кечип шашылыш келип калдык.

– Келгениңер жакшы. Менин чакыртканым эки элдин биримдиги, ынтымагы, тынччылыгын, бейпил жашоосун көздөп, кол кармашып бир тилек, ой санаабызды бириктирип, өткөн-кеткен өйдө-ылдый кемчиликти кечирип, биригишели деген ой менин тынчымды көптөн бери алды. Акыры минтип убакыттын калыстыгы менен жолугушуунун учуру келип, жүз көрүшкөн кез дагы келди – деп, көзүн жүлжүйтүп тирмейте кадап, Эсенгулдун сымбатына, келишимдүү келбетине таң бергендей карады. Ооба, эки-үч жолу Эсенгул жөнүндө жакшы сапатын узун кулактардан укканы бар. Хан бир саамдан кийин кайра сөз улады:

– Бардык адамдардан жаңылыштык кетет. Бирок наадан киши гана кетирген кемчилигин мойнуна албайт! – деп айтып, туура айттымбы дегенсип Эсенгулду карады. Эсенгул кабагы ачык:

– Мен сиздин келечектүү айткан сөздөрүңүзгө абдан ыраазымын. Эки элди бириктирип, бейпил жашоодо жашайлы деген оюңузга мен макулмун. «Жомоктогудай жашоого жеткениң, жашооңдун бүткөнү» – деп айтылган кеп бар. Ар ким өзүн гана ойлоп жашаган жашоо, албетте, баюунун артынан түшкөндөр. Ооба, бардык айтылган сөздөр турмуштан алынган. Бир акылман айткан экен «адамдын айыбын айтып абийирин кетиргенге кошулба, колуңдан келсе андай наaданга жаза берип, артыкчылыгын кеп кылып түз нускалап айтса макул

болуп, ыракмат айтыш керек» – деп. Эсенгул сөзүнүн аягына чыгып, көкүрөгүн керип, эки жагын каранып алды. Бир жагынан хандын ордосу чынында эле көз толо карагандай коодукка бай экенин көз карашы менен билгизди эле, хандын дагы ниети жылып «бул тоолукту кордоп кемсинтүү эч адамдын колунан келбейт! Мунун жүзүн көрүп беттешкен адам катуу сөз айтмак турсун, айтканы менен болорунда эч шек жок» деген ойго келди да, ниетинде Эсенгулга тан берип, муну менен жакындашайын, колунан жамандык келбеген айкөл, узун кулактардын айтканындай эле бар экен. «Муну коркутуп салык алуу керек» деген оюн таш каап, ичинен сыйрылып, салык эмес достошуп айткан жакка барып бераэрине ишене албай, чийки май жегендей бир топко ой толгоо тартып, олтуруп калды.

Эсенгул бир паска ойлоно калып, хандын түрүн эшиктен киргенде эле сезгендей, ал турсун анын акылдуусунуп айткан сөзүнө көп ишене бербегендей түр менен карап түлкүдөй мант берип, ээсине эркелеген канчык иттей шыйпандап хандын тез эле өзгөрүлө калганына таңдангандай сын көз менен карап «турмуш шартты ак ниет гана адам көркүнө чыгарат. Анткени адилет адам гана ак сүйлөп, бир калыптан жазбайт» деген бүдөмүк ой менен хандын ичиндеги түйүндү кантип билерин билбей, наркты, салтты тутуп, өзүнчө ойго алаксып олтурду.

Ибрагим жер карап, кирпигин кымыңдатып, Эсенгулдун түрүнө баам салып, үн катпай сөз тыңшап, бейкам олтурган түрүнө көзүн агытып, сөздү эби менен айтып, сынай караганын баатыр баамдап турду. Бир кезде Эсенгул сөз өңүтүн келтирип:

– Биз менен сиздердин аралыгыбыз алыс. Менин сизден өтүнүч катары суранычым, бир ооз кебибизди адалдап, ынтымакка келип жакшы жүрсөк. Эгер элиңизге душман кол салып, кысымга алып калган күндө,

тез кабарласаңыз, биз жактан колдоо келип, аскер күчүн аяган болбойт. Ооба, убада бергенден кийин аны аткара билүү абзел. Биз көчмөн калкпыз. Аны сиз жакшы билесиз. Андыктан жоокерлер ар дайым баарына даяр турат. Бул айтылган сөз ооздон чыгат деген ой Ибрагим хандын оюна келген эмес. Шар жана ишеничтүү айтылган сөзгө ичинен ыраазы болгон хан, дагы сын көз менен караганга үлгүрүп, бир саамга үнсүз олтуруп калды.

Эсенгул бул көз караштын артында кандай бүдүк ой турат ачык биле албай туруп, ойго жетеленди. «Акыл ыйлабайт, жүрөк сүйлөбөйт, башында бактың турганда таазим кылган, кырсыктаганда оолактаган кишиден алыс бол» деген сөздү эстеп, сырын ичине сактап, малдаш урунуп олтурган тейде, хандан сөз күттү. Бирок хандан баатыр күткөн сөз оозунан чыккан жок. Минтип тиктешип олтургандан тажаган Эсенгул бир кезде сөздү өзү алды:

– Биз эми минтип сырдашып, акылдашып, бир сөзгө келишкенден кийин, ортолорубузда бир ийненин көзүндөй жылуу сөз илгери жылбаса, анда биз эки элди бириктире албайбыз. Ой-тилегибиз бир жерден чыкканда гана ичибиз бири-бирибизге жылыйт. Учу бирге айрылат, түбү бирге кошулат, сиз менен биздин түбүбүз бир, адам атадан тараган. Кеп учугун уласак, сиздер менен биздин элдин өйдө-ылдыйы көп, анын баарын унутуп, акыл-эстен алып салганыбыз оң. Алдыга жаңы көз караш менен карап, кеткен чекилик иштерди кечиришели. Бул жалганда жаңылыштык кетирбеген адам болбойт. Ооба, чынын айтканда, акылсыздар эгерим күнөөсүн моюнга албайт. Андыктан эки элди бириктирип, ынтымакка келгенибиз жөндүү. Көйнөктүн кирин жууса кетет, көңүлдүн кирин айтканда, бир пикирге келишкенден кийин кетет – деп айтып, хандын жүзүн тик карады. Хан жүйөлүү айтылган сөзгө муюп, кабагы азга ачылып:

– Ылай суу бара-бара тазаланат. Сен айткандай караңгы түн, күн кайра жаркырап тийгенде жарык чачкандай, адамдык сапаттан калбайлы – деди да, ичинен бул тоолуктун акылы зирек, сөзгө турган, убадага бек сапатка ээ экен деген бүтүм чыгарып, болор-болбос башын ийкеп койду. Эки жакшы бири-бирине ашыкча сөз сүйлөгөндөн алыс болуп, ичтеринен сынай карап, бир топко олтуруп калышты. Бир кезде сырттан кароолчу жигит эшик какпай шашылыш кирип келип, көзүн алаңдатып. Тили буулуп калгансып туттугуп дем алалбай туруп калганда, хан башын жерден шарт көтөрүп, көзү менен карады «эмне болду» дегенсип. Жигит оозуна келген шилекейди жутуп:

– Хан, сыртка душман келди, шаарды камап калды.

– Кайдан келди?! – деп, суроолуу карады эле жигит шашып:

– Кайдан келгени белгисиз! Олтурган ордунан атып турган хандын көзү чанагынан чыгып кете жаздагансып сурданып, көзгө сүрдүү көрүнүп кетти. Жигит шашып:

– Хан, келген душман «Бурхан» – деп уран чакырып жатат. Тез камынбасак болбойт – деп, шашкан түр көргөздү. Ибрагимдин санаасы бөлүнүп, жаны ачыгандай башы айланып, ээсине асылып капканы турган иттин заарындай онтоп ийип, эси эңгиреп, айласы куруп, темтеңдеп барып туруп калды. Бул алты айласы кеткен адамдын жоругу экенин ким тана алат. Акыры Эсенгулга баш бурду. Кандай арга менен кор тутам деп турган хандын оюна эми келе түштү белем, бир кезде оюн ортого салды, Эсенгул күтпөгөн сөздү айтып:

– Баатыр, эми сен мынча келип калыптырсың, достуктун милдетин актап, жекеге сен чыгып бербейсиңби? Урушууга кызыгып өзү келиптир, Бурхан хан, – деди, үнүн ишенимсиз жана чечкинсиз чыгарып. Эсенгул кабагы салыңкы: «Майданга чыгып душмандын мизин кайтарып бер» – деп эскертүү ирээтинде айтылган сөзгө күлүмсүрөп:

– Биз мындайды билгенде жоо-жарактарды алып камына келбейт белек. Болуптур, мен жекеге чыккандан качпайм! Бирөөнүн келечегине көз арткандар эч качан жолдуу болбойт, өзүнөн жогору жүргөндөрдүн көзүнө – деп ордунан обдулуп турган кезде сырттан ыйлактап, оозуна кеп келбей шашкалактаган бирөө кирип келип:

– Душмандар шаштырып жатышат – деди. Хан үнүн өктөм чыгарып, чаңырып жиберди эле, шашып келген киши кайра артына тартты. Эсенгул ордунан туруп, өңү бузулуп, ак чүпөрөктөй кубарган ханга кайрат айткан болду:

– Эч чочулабаңыз. Бурхан хан өзү келип тийиштик жасады. Баатырсынып карышкырдын уясын бузуп бөлтүрүгүн алып кетсе, карышкырлар өчөшүп, короого бүлүк саларын ойлоду болду бекен! Сиз эч капа болбоңуз, аны менен сүйлөшчү кез али алдыда – деди. Ибрагимди дагы ой басты: «Өзү жекеге чыга турган болуп кайра мага кайрат айтканы. Келе турган өлүмдү сезбей турганы эмнеси?» – деп дал болуп көзү чекчейди. Ичинен ойго батып, оозун кыбыратты «бул дагы бир сырттандын тукуму экен го?» Бул тоолук ушул түрү менен жеңиштүү кайтып келсе, анда кол үзбөй турчу неме экен. Ылай суу таң аткан сайын тазаланат, бүгүнкү каран түн дагы бир күнү жаркылдап кайра жанар. Эрдикти эр азамат гана көркүнө чыгарат. Ойго алаксып турганда Эсенгул:

«Улгайганда өткөн күнгө болбогун зар» деген кеп бар, көп эле ойго алаксый бербеңиз – деп шарт туруп сыртка чыгып кетти.

Эсенгул келээри менен Жалгашка башын буруп карап айтты:

– Камыныш керек! Жалгаш таң калып:

– Эмнеге камынабыз, хан эмне деди? Деги жайчылыкпы же капаланышып чыктыңбы? – Эсенгул көңүл кош:

– Эч кандай капачылык жок, колун көтөрө албаган, союлду көтөрөм деп убара болот. Хан: «Келген жоонун мизин кайтарып, жеңип бер» – деди, өзүнүн алына ишене албайт көрүнөт. Башка элге келген кырсыкты, мында келген соң басып кетиш керек болуп калды. Адамкерчиликти адам баласына жасасаң, ал унутулгус бакыттын түбөлүк тамыры. Хан элин аяганыбы же бизди сынап душманга бет кылганыбы бир Алла билбесе, калганын көрө жатабыз, убакыт өзү тараза.

Жалгаш сөз кезеги келгенде:

– Баатыр, сен аттанба, мен барайын, сайыша жүргөн жоо да. Сыр алдырбай туруп туруңуз. Атайын чакырып алып «жоомду жеңип бер» деген эр-азаматтын ишиби? Бул хандын башынан сыймыктын кеткени эмеспи. Батаңды бер, сенин берген батаңды алып, ушул душмандын найзасынан мерт болсом, анда менде арман жок.

– Жалгаш сен барба, аны менен мен беттешип келейин. Сенден калпыстык кетип калса кандай болот? Элди бекер үркүтпө.

– Алсыз адам арсынып күлсө, аны колдоп турганы арзыбаган иш, андай алсызга болгон күчтү жумшап, жөлөк болгонго аракеттениш керек, өзү хан башы менен ушунча эли туруп мүңкүрөп, абийиринен кечкендин колунан эмне келет. Таш боор адамдын кара башы соо болсун. «Келген-мейман, эмне болсо ошо болсун» деген кеп да. Биз келген жоосунун мизин майтаралы. Ошондо акылына келер. Жаңылбаган пенде болбойт, бирок акылы тайкы наадандар кемчилигин сезбейт. Жалгаш Эсенгулдун алдына колун бооруна алып:

– Кечириңиз, сизди жоого атказып ийип сактап калган жандын, тирүү басып жүрүштүн кереги жок – деп, өзүнө ишеним арта айтты. Адилет сөз туура жана жөнөкөйлүк адамды жөнөкөйлөтөт. Эсенгул Жалгаштын жүзүнөн көзүн албай карап бир топко ойлонуп, акылдуу, ырайымдуу түр менен жибигенсип өзү да ыраазы болуп:

– Болуптур Жалгашым, эч кор болбой ата арбагы жылооңдон кетпей жамандыктан оолак болуп, көздөгөн максатыңа жет! Пири түрү кызыр жылооңдо болуп ойлогон тилегиң орундалып, беттеген душманыңдын мизин майтарып кел! – деп, бата берди.

Жалгаш кубанычтуу көзүн бар-бар ирмеп:

– Болду, мага ушул эле керек болучу, айтканыңыз келсин! Сизди жылоологон кызыр жар болсо болду – деп ордунан атып турду да, жоо-жарагын кийип, кара кашка аргымакты туура тартып, шап көзгө илээшпей чуру-чуу, кымгуутта эргип, эргип алып учуп көнгөн аргымак казганактап жардаган элдин алдына алып чыкты. Мурдатан күтүп калган менменсинген эр-азаматка карай ат туйлатып бет маңдай келди. «Ким чыгат болду экен?» – деп турган тиги баатыр Жалгаш баатырдын бет алып, найзаны кылкылдатып качырып чыкканынан азга тайсалдай түштү. Эки баатырдын жүздөрү өзгөрүп, бири-бирин сүрдүү көз караш менен карап алышты.

Жалгаш качырганда мурунтадан зарыгып күткөн баатыр атын тик тургузуп, найзаны булгап алып душманын карай беттеп катуу качырды. Жалгаш: «Төшкө сайсам жыгылбайт, эй берсең чуркулдайдан бер, көпкөнүн көргөзөйүн» – деп, тик качырып кезе тиктеп качырды.

Эки жоо күчтөрүн сынап бир сыйра жандай салып өтүштү. Эки жактан көз албай: «Эй, Кудай берсең бере көр» – деп зарлап тилеп калың журт карап турушту. Камданып турган мурунку баатыр азыр эле беттешкенде «элеттин эсирген боз башы» деп ойлоду да, анан качырып келе жатып, алды жактан мелтиреп караган тигинин от күйгөн заардуу көзүн көрдү. Оңой менен майышпас катуу адамга беттешкенин эми сезди. Намыс ушул, намыс үчүн шаарларды жексен кылып, жөн жаткан элди бүлүнтүп өрт чыгарышты. Канчалаган адамдын атын өчүргөн кандуу уруш куру намыс, бекерчилик,

бийлик үчүн адамдарды эзүү ушул бир ооз кеп менен өз баштарын, өмүрүн сайганы кандай гана ойго салат. Ушул беттешүү бир жаралган адамдын шору кимиси күчтүү, кимиси алсыз аны убакыт гана көргөзбөсө, али эч ким билбейт. Алдындагы аттардын буттары жерге тийбей түтүндөй буркураган төрт аяктан чыккан чаң көзгө илээшпей, эки азаматты беттешүүгө чукулдатып келе жатты. Бири-биринен көздөрүн албай, ачуулары беттерине чыгып тунжурап, кабактары менен ата тиктешип аттарынын тизгинин бет маңдай тарта беришти. Алдыдагы аттары кош аяктап тура калышып, токтоно албай ойдолоп буйтактап жиберишти.

Экөө тең аттардын башын кайра имерип, абаны шоодой жара кезип учтуу түпөктүү найзаларын оңдой бек кармап, бири-бирине көз ирмеп койбой тик карашып, күч менен мелмилдете найзаларын кезей кычыраашты. Карс-карс этип тийген найзалар бири-бирине күч менен тийгенде учтарынан жалын шооласы чачырап, аттардын ылдамдыктагы жүргөн күчү менен экөө бири-бирине кезенишип оолактап аттарынын тизгинин кайра артка бүркүштү. Бул жолкуда Буркан хандын найзага түшкөн баатыры эсирген бекерчиликтен урушууга адам жолуктура албай, чыр чыгарууга айла-амал издеп жүргөнү, эми эсине келтирди. Аша тартып көзүнө эчтеке көрүнбөй ар бир кишини коркутуп мойнун бурап, бул жалганда «мендей эр көкүрөк баатыр жок» деп, тызылдап качкандардын артынан каткырып күлүп, өзүн адамдан башка сезип ооз көптүргөнсүп сүйлөгөн, көпкөн эрди ким кой дейт. Хандын жасоолу баш ал десе бөрк алган эрдемсиген жигитин күрөштө, мушташта өзүнүн айланасындагылар бул жел өпкөгө теңелишчү эмес.

Мына ошол үчүн хан нечен жылдардан бери өзүнүн баатыр мырзасына караштуу жигиттерди найзага чыгууга машыктырып жүргөн алдыңкы баатыры, эр-азаматы ушул жигит болучу.

Хан бул баатырын күчтүү сезип: «Хакимдей эч баатыр туулбайт» – деп элдин алдында көтөрө чалып мактаган жана ишенген эле. Мына бүгүнкү ушул тууну жыкса, Буркан хандын бирден бир оң колу болмок, тиги тоолуктун боз башынан жекеге мурда чыгып ат ойноткондун себеби, жүрөгүнүн үшүн алып коркутуу эле. Бирок азыр өзүнүн денеси титирей баштады, бул беттешкен тоолук терең, туруктуу көзүнөн от күйгөн заарын сезип, бул оңойлук менен майышкыс күчтүү жоого бет келгенин Хаким жүрөгү менен сезди.

Мына «азыр эле бул жигитти найзанын учуна келтирбей аттан оодара сайып, чаңга сүйрөп таштайын» деген дымагы, эрдемсинген кыялы таш каап, найзадан өзүн оолактата качырып кеткени, көпчүлүккө жага бербеди. Мындай урушту башынан көп өткөргөн, кыйды өзүнө сак ыкчам Жалгаш кыстап ыгына келтирүү үчүн ыктап сүрө качырып, үстөмөндөтүп баратты. Карс тийген найзалар аттардын жүрүшүн токтотуп, эки баатыр найзаларын улам кагып жатышты. Бул беттешүү бир топко өкүм сүрүп, кайра-кайра найзалар бет келишип турду. Жалгаш үстөмдүк кылып качкан Хакимдин артынан сая түшпөй өзү беттешсин дегенсип, чамасы чактыгына көзү жетип атынын күчүн аяп, жай качырып турду.

Хаким атынын оозун тартпай, ой келди ат ойнотуп жүрүп алды. Жардаган эл «оолактабай качырбайбы, бул төбөңдөн ургур» деген ызы-чуу үндөр угулуп Буркан хан бушайман болду: «Баса келип жеңилемби, бул начар жөрөлгө жекеге чыккан баатырдын оолакташы» – деп ичинен сызып турду.

Элдин чуусун сездиби Хаким катуу найзаны мелмилдете сунуп, тике качырды. Эки баатыр бири-бирине кезигише түшүп, найзалар дагы катуу үн менен карс коюша түштү белем, аттар моюндаша түштү. Эки баатыр улам өчөгүшүп, тажаалданып качырышты.

– Оо, баатырлар намыс үчүн баштарынан кечкендер, эй Кудай сактайгөр жигит пири сактачу болсоң качыр! деген үн угулду. Булар найзаларынын учтарын тийиштирип коюп, жүрө беришеби дегендер да болду. Ой, оңбогур, эр болсоң сен түшпөйсүңбү, бири-бирине алдырбай жатышат, учуру келсе аяшар түрү көрүнбөйт. Ар ким өзүнчө эрдемсине берет, найзаны ар ким кармап жүрө берет, ал эми мындай беттешүүгө эр азамат чыгат.

– Найзага түшкөн баатырлар ар дайым өлүмгө баштарын байлап келет. Ой, сен билесиңби, бул дүйнөнү күч башкарат да. Эки хандын кимисинин күчү арбын болсо, ошонусу бийлик жүргүзөт. Кеп күчтө эмес, элди акыл бийлейт! Бирок баары бир күчкө таянууга тийиш.

Дүрбөгөн калың эл уруш болуп жаткан жайдан кылычтарын кынына байлап, найзаларын колдоруна такай кармап «качыргыла» деген гана буйрукту күтүп турушат. Маңдайдан көз албай улам обдулушуп муундарды титиреп, санаалары санга бөлүнүп турган элдин бир тараптагылары «чур-р» дей түштү.

Берки тараптагылардын өңдөрү кумсарып, кандары ичтерине тартып дал болушту, турган жерлеринде: «Эр, намыска жараган уулу кимиси болуп кетти» – дешти. Бектургандын өңү өзгөрүлүп «жаман» – деди.

Эки баатыр аттарынан чаңды буркуратып тик качырышып, Жалгаш ээрге тык отуруп көзүн ирмебей беттеген жери деп, катуу келе жаткан аттын жалына обдула калып, зооту жалтылдаган темирге эки жолу сайганда Хаким аттын артына кыйшайып барып оңолгон, Жалгаш азыр берсең бер деп бош төшүнүн үстү кекиртектеп келип көзгө илинбей, түз келип сайып өттү. Хакимдин шилисинен найзанын учу чыга түштү да, аттан ооп үзөңгү буттан чыкпай салаңдап калганда, Жалгаш душманын атынын тизгинин ылаачындай тездик менен алып, атты коштоп кайра тартып, жетелеп жөнөдү.

Туусу жыгылып Бокбур артка сүрүлдү. «Качкан жоону катын жеңет болуп» уу-дуу кыйкырык чуу, башаламан чаң-тополоң болуп, калың кол уюткулуу кумурскадай чубап ат-атка тийбей найза жеп, кылыч тийип бири менен башаламан кымгуутка түшүп, чөккөн нардай белести ашып, дүбүрт-чуу улам алыстап чаң улам арылып, жүрөк өйүтүп коңултуктап элдер бириндеп баратышты. Кээ бирөө ат чаап баратып, аттан ооп салпактап барып сүйрөлүп калып жатты. Бокбурган улам жоо келаткан жакты карап бүт денеси калчылдаганын билгизбеске аракеттенип айласы куруп ары-бери жагындагы аскеринин түрүн байкап, көз көрүнө тынчы кетип, хан сулуу кертилген кыска кара сакалын кармалап, алактаган көгүш тарткан көзү алайып ойлуу, катуу кайгырып алдынан чыга калган кез келген аскерди кылыч менен кайсап, артындагы аскерге жеткирбей качып бара жатып, артын карап кызыл чаар кабыландай келаткан баатыр «бул ким» деп ойлоно калып, көз ирмебей жини качкан бакшыдай мелтейип карап калды.

Утуру бет маңдай жактагы калың кол удургута сүргөн дөбөчөнүн эки жагына кыркар болуп толо баштады. Кол улам көбөйүп келди. Көп өтпөй дөбөдөгү атчандарга эки тараптан арты көрүнбөй, жоокерлер аскадай тирелди. Жоокерлердин минген аттары туйлап жер чапчыйт. Кийген жоо-жарактары күнгө чагылышып жаркылдайт. Дөңдөгү калың колдун обочолонуп темирден жаралгандай алп адамдын алдындагы аты жер чапчып турду. Бокбургандын көзүнө ал адам кара чаар кызыл от күйгөн ажыдаардай сезилди.

Эсенгул булдурсунду бүктөй кармап, чекесине колун кыйгачтата кармап жоонун жайына көз салып, акыл токтотуп карап турду.

Жер өлчөмүнө байкоо жүргүзүп, аңгыл-дөңгүл калың жашыл чөптү алдына шырдактай жайылып жаткан түзгө көз салып, карап турду.

Душмандын аскерлери боору тил болуп, найзаларын кылкылдатып катар тизилип, ыргалган кол кыбыр этпей катып турушту. Булар да колдорунан келишинче камынып келишкени билинип турду. Бүгүнкү уруш катуу болооруна муюп Ибрагим хандын жигиттерине көз ирмебей булардын саны канча деги ордо аскерлеринин өңүтүнөн көзүн албай, бешенеңдей көрүнгөн тандалган аскерлери бир миңдейи, тээтиги кашаттын артында бугуп турганын байкашып: «Булардын орчундуу күчү кайда болду экен?» – деди да, Эсенгул ойлонуп үн катпай көпкө карап туруп, оң ийни жактагы Жалгашка башын бурду. Аңгыча оң багытка чапчу жигит атын теминип, чукул келди.

– Сиз эмне дедиңиз баатыр? – деп кулак тосту. Эсенгул жигитке көңүл бурбай, Жалгашка көзүнүн кыйыгын салып карап:

– Урушта-туруш жок, өзү келип түшкөн эрге, биз азыр кол сала баштайбыз – деди да, анан кайра сөз алды:

– Жалгаш, жигиттериң менен сен тез чаап, алысыраактан тездеп жоонун бугуп турган тобуна тийиштик жаса. Сен ошол жактан сүрсөң болду, бар эми баатыр. Сенден башка ишенчү ким бар. Бир көз, бир көзгө жоо. Башка эл, бөтөн жерде жүрөбүз, – деп Жалгашты жигиттери менен узатты.

Жалгаш жер өлчөмүнө көзү жетпеген кең талаадай болуп туруп, аскерлеринин катарын бузбай чогуу бир катары менен найзаларын кылкылдатып, биринчи кол салды.

Жалгаш атка өзүн өмөктүү көрсөтүп, кылычын жаркылдатып: «Ээ, Жараткан өзүң жар бол» – деп душманын болгон күчүнө ишенип, сүрү менен качырды. Кумсарган өңү өзгөргөн жок. Кыжырын катуу келтирип, эки жоо беттеше калып катуу өчөгүшкөн кыргын алеки саатта башталды. Жалгаштын санаасы куурулуп аскери

бириндей баштаганда, «көмөк болсо» деп көзүнөн чаары учуп турганда, оң бөйрөк тараптан «Эсенгул» деген кыйкырык чуу менен калың кол каптап кирип үстөмөндөп келаткан жоого карай баары бирдей ат туягынан жерди дүбүрөтүп, бир тажаал сүр улам катуулап келе жатты. Баары тегиз кылыч сууруп, үстөмөндөтүп жаркылдаткан күнгө чагылышып, бирдей кылкылдап чаап келатышты.

Эң алдында элден обочороок, ак боз аргымак элирип келатып, кулагын жапырып бирде тикчийтип, тыбырап ооздугун кычырата ак көбүгүн жая алдыга умтулат. Үстүндөгү алп кара куштай көзүнөн от чачыраган кызыл жүздүү адамдын өңү өзгөрүлүп, катуу качырып келатты.

Бул жоонун түрүн, сүрүн обочо дөңдө дүрбү салып жер өлчөмүн алып турган Буркан хан тагдырына сыйынып карап турду. Беттешкен жоонун ат дүбүртү жер титиретип, эки тоо бири-бирине кагылышчудай бири-бирине тирелишип, урачудай болуп, жер теңселип тажаал айбат, ачуу кек менен беттешти. Эсенгул ак боз аргымактын ооздугун жыя кармады. Аргымак төрт аягы менен тең бийлеп тыбырчылап турду.

«Ата арбагы колдо» – деп Эсенгул тарап, обдулуп ат коюп жиберишти. Ошол замат жер жарып, аттарынын туяктары тыбырап: «Ия, Алла, ата арбагы жар бол» – деп, «ур, сок» деген каардуу үндөр абаны жарып, эң алдыдагылар куюн сыяктуу аралашып кетишти. Нар кескен кылычтар жарк-жарк чабышып, минген аттары кош аяктап тура калышып кылычты, куу найзаны сындырып найзаны каскак кылып кагып аттан түшүрүп, чукулдан чапма шалк этме, чоюн баштар эрлердин чокусуна былч-былч урулуп, жигиттер аттан шалк кулап түшүп жер кучактап сулагандар дагы, колу сынып кокуйлап какшаган ат жалына өбөктөгөндөр да аз эмес эле. Ээри бош калган аттардын бөктөрүнчөктөрү кый-

шайып, чылбыры сүйрөлүп, тизгинге бутун салып алып тушалып баса албаган аттар адам канынын жытынан бышкырып, ойдологон ат адамын коңурсуган жытынан кан кечип өтө албай, көмкөрөсүнөн онтоп жанын коёрго жай таба албай кыйналып, чекесинен идиректеген муздак тер агып, көздөрү чанагынан чыгып турайын дейт эч дарман жок. Сулап жаткан эсеп жеткис канчалаган адам аккан кандын арасында жан далбас уруп, жанын үрөп жатты. «Жараткан өзүң жар бол» – деп, туш тараптан «Баатырмын» деген өпкө көптүргөн эр азаматтар айкырып тике качырышты. Эки жоо улам бири үстөмөндөп жандан кечип, өлүмдү сезбей болгон күч-аракетин жумшап, улам бир тарабы артка чегинип дагы эр көкүрөктөрү капталдагы жоонун ыгына карап, артынан, каптал жагынан торой чаап, эч аёону билбей катуу урушушту. Эсенгул бир тарабынан ак боз атынын жалына өбөктөй калып, колдун бир тарабынан жемирип кылычын оңду-солду шилтеп, катуу баратты. Буркан хан: «Ушул баатыр го өзүнө ишенген» – деп аскерин жабылтып карап турду. Качырган калың колго Жалгаш баатыр оттой көзүн кызартып Бурканды беттеп түпөктүү найзаны суна берди. Эки жоо беттешип чаңтополоңго түшүп эл сүрүлгөндө, «көздөгөн баатыр ушул окшойт, өзү катылган ушуну сайып Эсенгулдун алдына башын ыргытсам, ыраазы болор» деген ой менен Жалгаш бир аз жигитинин алдында баратып, Бурканды качырып сала берди.

Көп колдун түрүн байкап Буркан артка чегинүү кыла баштады. Жалгаш артынан сая түштү. Берки калың колдун, кара селин кайра качырганда, эки жоонун ортосунда кысылып, тынчы кетип жоокерлердин арасынан чаң ызгып турду. Ошол убакта көтөрүлүшчүлөрдүн бир канаты сооруга камчы чаап, кача баштады. Кылыч жеп, найза тийгендер жыгылганы жыгылып томолонуп, сүйрөлүп калып жатты. Бул урушта анткен менен кан

суу сыяктуу агып, адамдын үшүн алды. Жалгаш менен Эсенгулдун аскерлери жоонун төрт тарабынан селдей каптап кирди. Жалгаштын жигиттери жаралуу арстандай катуу качырып баратты. Буркан көмөктөн үмүтү үзүлүп, кырылган колду, качкан аскерин көрүп алаңдап артын каранып кан кечип, кан кусуп кармашып жаткан элин көрүп, бир маалда арт жагын карап кылчайса өзүн көздөй от менен жалын чачкан сүр көрсөтүп бирөө келе жатканын көзү чалды. Бул катуу сүр менен тике качырган эрегишкен баатырдан кутулбаска көзү жетип, атынын башын буруп, найзасын оңдоп кармап беттеп качырды. Күү менен катуу келаткан Жалгаш жүрөккө найзаны мээлеп сайганда, Буркан аттан кулап түштү. Жалгаш атынын оозун тартып, имерилип келип жаны чыгар-чыкпас болуп көзү жайнаган, көп адамдын канына забын болгон канкор залым кан ичер, мансапкор, зулумдун башын кесип ээктен тилип канжыгага байлап: «Бүттү элдин куну, мүдөөсү» – деп кайрылып келип Эсенгулдун алдына аттан ыргып түшүп, таазим этип, адамдын башын алдына тоголото ыргытты. Калган кол эрегишип улам өргүп жаралуу камандай бири-бирине сүрөөн берип, бөрү тил найзадай жиреп кирип аянууну да унутуп, эстен кеткенче былчылдашты. Колдун көбү апат болуп, күч алсыздана өмүр, күрөш, бакыт үчүн катуу күрөш болду. Душманды алсыздандырганга бойлорун таштап, тунжурашып кечкурун тегиз сулап жыгылышты. Башкысы жашоо үчүн акыл таап күрөштүн ыгын билбеген узун өпкө, такта отуруп «бүт элди кыйратып мүңкүрөтөм, бүт элге, жерге өзүм үстөмдүк кылам» деп келип көптөгөн эл-жерди бүлүнтүп, пайдасыз жашоо, белгисиз бей-жай өлүмгө келип өзү кабылды.

Бир топ күн мурдараак ырыскысын жайып, мелмилдеп жаткан жердин бул аймагы адам каны менен тебеленди. Адамдын жансыз денеси, каны менен жер сазга айланды. Кыпкызыл данын чыгарып турган эгиндер,

жемиштер тыптыйпыл болуп кандуу аңыздан тапталган чаң чыкты.

Эртеси жеңишти сүйүнчүлөп, куттуктап Ибрагим ханга кабар жиберилди. Жигит хандын алдында аттан кулап түшүп, сүйүнчүлөгөн белги билгизди. Хан эңилип жигитти бооруна кысып, жоону жеңген эр азаматтарды урмат-сый менен тосуу үчүн кам көрдү. Аскерлердин алдында ат бастырган Эсенгул чукул келгенде алгач учурашып үн катып, атты тизгинден алып, баатырды аттан колтуктап түшүрүп:

– Келиңиз баатыр, сизге ыраазычылык билдирип коюуга уруксат этиңиз. Сиздин таштан катуу, чоюндан бек, ажыдаардай сүрдүү, айдын чыгышындай көрктүү келбетиңизге, адилеттүү өкүмүңүзгө, караңгыда жол тапкан, элине ак ниети менен кызмат өтөгөн сиздей жүзү ырайымдуулар гана элине башчы болууга тийиш деп, Эсенгулду тегеректеп, сакалдары белине түшкөн аксакалдар токойдун шамалындай колдорун бооруна алышып ыргалып турушту. Жеңиш менен келген Эсенгул баштаган аскерлерди тоонун кыраан бүркүтүндөй сезишип, ыраазычылыктарын билгизип, таазим кылышты. Хан Ибрагим менен Эсенгул кучакташып учурашып көрүштү, алдыларынан өтүп бара жатышканда, калың эл жылмайып карап турушту. Ибрагим хан түз басып келип тактыга отуруп, Эсенгулга оң жагындагы орундукка отуруңуз деген белги берип, колун жаңсады да, Эсенгул орун алып олтургандан соң, хан сөз алып сүйлөдү:

– Эсенгул, үрөндүн баркы берген түшүмүнөн, адамдын баркы элин коргоп кордуктан асырап өмүрдү баалай билгенинен болот. Элди сактаган, элди ойлогон адам эч качан кор болбойт. Бизди бир топ кордуктан арачалап, өзүңүздүн эрдигиңиз менен адамдык түрүңүздү көрсөттүңүз. Сиз элиңиз үчүн, өлкөңүз үчүн бир канча күн жол тартып келгендигиңизге кайыл болуп бел чечпей, душманыбыз менен кармашып, тууну жеңип бердиңиз.

Биз сиздин бул эрдигиңизди эч унутпайбыз. Сизге, мен эле эмес, бүт элдин көңүлү ыраазы болду.

Жамандыкка умтулган адамдын эч бир адамга таасири тийбейт. Көмкөрүлгөн казандын ичинде жарык берген шамдын жарыгы кимге жарыгын берет. «Адамдын жүзүн, жасаган эрдиги жана эмгеги жарык көрсөтөт» – деп айтылгандай, эми биз сиздерди кандай сыйурмат менен узатарыбызды өзүбүзчө кеңешип көрөлү деди. Хандын бул жолку турган турпаты, мүнөзү Эсенгулга хандык сыпаттай көрүнбөй, сымбаттай кубулуп тургандай сезилди. Хандын чытыйган күмөндүү ширедей болгон кабагын, алайган көзүн тике карап, даанalап байкап отурду. Эсенгулдун ою бузулуп: «Бул куучуйган сарт бизди эмнеге чакыртты. Корккон жоосун жеңип бердик. Дагы эмне дегиси келип турат» – деп ойлоп турганда, хан ойду бөлүп:

– Эсенгул баатыр, сизди айылга чакырттык эле. Буйрук менен бир аз кызмат өтөп бергениңизге кулдугубуз бар – деп, Эсенгулдун сымбаттуу турпатына көзүн дагы бир жүгүртө карап «эч адамга жамандыгы жок талаадай кең, суудай таза, жолборстой сүрдүү эр көкүрөк акылга арышкан даана падыша болучу адам экен» деп ичинен таң берип ойлогонго үлгүрдү да, болгон оюн айтып алды.

Эртеси шаардын эстүү башчысы аталган тектүү адамдары өргөөнүн жасалгалуу диванканасына жык толду. Тегине, даражасына, амалына, ойлогон ойлору бийик билгичтери, бөлмөнүн төрүнөн босогосуна чейин жыш кыркар тартып жал-жал карап тымтырс жыйындын башталышын күтүп турушту. Эң алдыга Ибрагим менен Эсенгул чыгып көрүнгөндө, баарысы баштарын жерге салып, жалпы сый көрсөтүп жатышты. Эсенгул оозунуп:

– Ассалоом алейкум – деп салам берди. Эсенгулдун саламын көпчүлүк дүрбөп алик алышты. Бөлмө ичи

аарынын уюгундай күүлдөп жатканда, хан диванкананы бир саамга карап туруп:

– Калайык калың эстүү акыл тапчу акылмандарым, сиздерге айтчу кеп мындай! Мына алыскы Ала-Тоодон келген бир канча элдин башчысы Эсенгул бизге каршы душманыбыз Буркан хандын жер дүбүрөткөн көп колун бүт мүңкүрөтүп, жер кучактатып башчысы Буркандын башын бизге тартуулап келиптир. Басташкан каршы элибизди багынткан Эсенгулга кандай баа берип, ыраазы кылабыз? – деген кезде Жалгаш, жанындагы Асанбек деген жигитине белги берди эле, ал баштыкка салынган Буркандын башын алып келип ортого коюп, артка басып туруп калды. Хандын ишенген жигити ордунан элпек туруп, тездик менен жалпак табакчага салып Буркандын башын, каны сызылып агып келип катып, көзү жумулбай калган сүрдүү жүрөк түшүргөн башты элдин ортосундагы кичине текчеге койду. Олтургандардын үрөйлөрү учуп, санаага батып, чочуп мелтирей тиктеп, уйку менен соонун, санаа менен үмүттүн ортосунда өздөрүнчө нес болуп, дымырап карап калышты. Алардын оюн, санаасын «адам болгондон кийин жакшы жүрүп, таза сый менен көз жумсак» деген ой бийлеп турду. Буркан хандык доору өкүм сүрүп турганда ушундай азапты сезбей, бийлик мансап үчүн эмне деген гана ишке барганынын жообу ушул болгону карап тургандарга сабак болуп турду. Хан үнүн жай чыгарып:

– Буркан бир кезде ушул кордук жөнүндө ойлодубу? Жок, мындай кордукту эч ойлобой жүрүп, бирөөлөрдү мыскылдап кордогон. Акыры өзү ушул кордукту көрдү.

– Адамдын жарык дүйнөгө жаркырап келип үй жайынан, байлыгынан ажыраганы аянычтуу эмес. Азаптуусу бул, бүт денеси талаада калып сыймык конгон ачуу, таттууну сезген башы шылдыңга калып, денеден ажыраганы бул жалгандагы кордук. Нак азап, мүңкүрөгөн так ушул. Бирөөнүн бактысына көз арткан ушун-

дай тагдырга туш келет. Болду башты алып кеткиле! деген ишарат берди да: – Бүттү душманыбыздын кендири кесилди.

– Бул иши үчүн Эсенгул менен Жалгашка ыраазычылыгыбызды билдиребиз. Эртең узатып чыгалы жолдон калтырбай. Жылына токсон төөгө кездеме берип туралы – деди да, анан:

– Ар кимиңер өзүңөрчө бийлик жүргүзөбүз дебей, дагы акыл токтотууга кез келди. Баса, менде бир ой пайда болду. Эсенгул менен боор тийиштирип, «достошсом деген ой» – деп Эсенгулду жылуу жүз менен имере карады.

Эсенгул бир аз токтоло калып көкүрөгүн керип, тегерегин карап алып: «Ибрагим өзү достошолу» – деп жатса, каршы чыкканым болбойт деген ойду ойлоп:

– Биз ат арытып, жол карытып келгенибиздин себеби, силер менен биздин элдин ортосун ынтымакташтырып, сиздер менен биздин калың элибизди достоштуруу бир тилекте болучу ой максат эле. Ибрагим хандын «экөөбүз достошуп биргелешели» деген жакшы оюна мен макулмун. Бирок достошуу өтө кымбат. Бу дүйнөдө башыбызга кыйын кыстоо түшсө, тез жардамга келип жана бири-бирибизге жаман ойду ойлобой жүрөлү. Достун достугу кыйынчылыкта билинет. Ошондуктан кадыр-баркы жок достон көрө, кадырлашкан канын аябаган чыныгы дос жакшылыкты, жамандыкты тең бөлүшөт. Достуктун көзү жаза көрбөйт. Сапарда жүргөндө, азап тартканда, дос кадыры билинет. Биздин кадырлашып, сыйлашканыбыз бүт эки өлкөнүн биримдиги. Достук адилеттикти, теңдикти каалайт.

Эсенгулга каректерин кылтыйтып, кыркар тартып ооздорун ачып көздөрүн жылтыратып суусаган таандай болуп отургандар, дем тартпай угуп отурушту. Ибрагим хандын сөз билгичтери балыктай дымырап, кыдырата көз кырын салышты. Эсенгул сөзүн чукул бүтүрүп:

– Сиздер менен ишти түз кеңешели дегеним ушул – деп, жапыс сүйлөп эч бирине көңүл бөлбөгөндөй болду. Отургандар Эсенгулдун нуска айткан сөзүнөн сөлтүк таппай, баштарын ийкегилеп, жөн болушту. Ибрагим хан Эсенгулдун турпатына, айткан туура кебине ыраазы болуп түз карады. Хандын бул тиктеши айтылган акыл насаат сөзүнөн алыс эмес экени, ошондой эле сактыкты талап кылгандай аяр түрү Эсенгулга белгилүү болуп турду.

– Эсенгул, мен өзүмдүн керт башым менен сиздин акылга жетик турган турпатыңа, айтылган достук шертиңди жан дилим менен актоого чын ниетимден мына ушул акылман, билерман карыларымдын көзүнчө ант берем! Шерт ушул, достуктун, ак ниет кең пейил менен берген таза убадабызга туралы – деди да анан:

– Мен, сиздин элиңизге кыйынчылык иш түшсө же керектүү дүйнө мүлк керек болсо айттырсаңыз, сиз үчүн казына оозу ачык! – деп ордунан туруп келип Эсенгулга жакындап, жүзүнөн кубанычтын түрүн билгизип, эки колу жайылып келип бооруна тарта кучагын жайды. Экөө боорлорун бири-бирине тийиштирип, анан ажырашты. Отурган калың эл ордуларынан тике турушуп, куттук айтып сүйүнүштү.

Эртеси жүз төөгө дүнүйө арттырып, Эсенгул менен Жалгашты узатып келип, коштошуп эки жакка ажырашышты.

* * *

«Эсенгул хан чакырткандан улам, Жалгашты ээрчитип барып келиптир» – дешип калың эл, көпчүлүк дүрбөп кадырлап, алдынан чыгып тосуп алышты. Эсенгул, хан менен кандай достошуп кайтканын, анын кадырлап узатканын ээрчип барган Абакир оозу-оозуна тийбей үстөкө-босток элге угуза кабарлап, Эсенгулду оозунан түшүрбөй айтып жатты.

– Төшүңдү кагып көп эле адырандаба! – деди четтен бир кара мурут.

– Жөн койчу аны, «молдо кыңылдап мал табат, кумурска кыбырап жан багат» дегендей, Абакир барып жоо сайып эрдик көрсөтүп келди дейсиңби, ээрчип барып эки баатырдын караанында жүрдү да. Ар кимдин өзүнүн алына жараша кесиби болот. «Ит үрөт, карышкыр улуйт, молдо элди алдап, калп айтат» – дешип, тээ четте акырын шыбырашып жоор аңдып отурган сагызгандай, ичи тар үч-төртөө өзүлөрүнчө акырын сүйлөшүп, көздөрүн китирейтип күбүрөп отурушту.

Берирээк отурган сыйда мурут, маңдайы жайык, көзү жылдыздуу калп айтканды билбеген Садыр:

– Силерди ким шылдыңдап мазактайт. Баатырды болобу, бийди болобу ээрчип барып келди да. Абакир, Эсенгул, Жалгаштар менен бирге барып, тигилер эмне кылса, жанында болду. Колунан келеби, келбейби алың жетпеген узун союлду белиңе байланба. Акмактын акылы билегинде, эстүүнүн акылы мүнөзүндө болот. Байкаш керек «тилден балдай таттуу, заардай ачуу кеп чыгат» деди эле, тигилер сөз маанисине таң беришип унчукпай, Садырды карап калышты баарын ой басып. Садыр далысын дүңкүйтүп, бутунун башын тиктеп салбырап бир топко отурду. Санаасы санга бөлүнүп, ичи ачышып, атаңдын көрү «менин Жалгаштан эмнем кем» деген куру намыс. Турмушта чиеленген түйүндү ким чечет! «Чечем» – деп мага окшогон куу чирендер баарынан куру калат. Бекер гана «ээнбаштык, текеберчилик кылган экенмин» – деп, көпкө ой басып санаага чөмүлүп, өзү менен өзү сүйлөшүп отурду. Эсенгул Садырды чакырган жок, ошол себептен кошо ээрчип баргысы келген эмес.

Азыр Абакир, Жалгаштын эрдигин айтып, Буркандын башын кесип келип тартуу кылганын, баштарын ийип ызаат көрсөтүп турган элдин алдында, кадырбарк, даңкка ээ кылып айтып анын сыймыгын көтөрүп

салды. Садыр Жалгаштан жол талашып жүргөн. Бир топ котологон калың айылдын бирден бир акылдашчу эр-азаматы өзү эле го.

«Көл дайра акканда кебелбейт, көп адам көйрөңдүн ишине теңелбейт» дегендей Жалгаш бул жолу өзүн жоош алып олтуруп «эл көрсүн менин эмгегимди, өзүлөрү уксун» дегендей жаркылдап, жарыкка жүзүн тосуп, жадырап отурду.

Котологон көпчүлүктү аралай басып келип сакалы аппак, жүзү ырайымдуу Азык Сопу келатканда отурган эл ордуларынан атып туруп, колдорун бооруна алып, анан суна кол алышты. Эсенгул озунуп:

– Ассалом алейкум Сопу ата, эсенчиликте дени сак, саламат жүрөсүзбү? – деди.

– Алейкума-ассалам, Каз моюн, өзүңдүн дениң сак, эсенчиликте барган жериңден жакшы келдиңби? Хан атайлап: «Ат арытып чакыртып кетти» – деп уктум. Эмнеге чакыртыптыр? – деди. Эсенгул болгон ишти бүт айткандан кийин. Сопу башын ийкегилеп, Эсенгулду кыйгач карап:

«Жүзү ийриден түңүлбө» деген кеп бар, жүзүң ачык, дилиң ак, сымбаттуу турпатыңды карап туруп, хан ыраазычылыгын билдирген экен «достошолу» деп. Сени өлүмгө жиберип: «Жеңиштүү келсе достоштук» – деп алдап жөнөтпөдүбү? Достуктун баркы башка кыйынчылык түшкөндө билинет. Узаткандагы сыпаты, турган турпаты кандай көрүндү?

Эсенгул акырын башын ийип, жай сүйлөдү:

– Ал айтса-айтпаса да белгилүү болду. Сөздүн ток этер жери эки элдин тынччылыгын, бейпил жашоосун каалап, ак ниети чын пейили менен ичтерибизде кылдай кара ой пикир калтырбай, жакшы маанай менен узадык. Биздин агайын журт билермандары, ага-инилерин оң жолго салып, журтубуздун мүдөөсүн көздөй турган болдук. Элибиздин биримдигин тутуп, көпчүлүктүн

намысын сакташ биздин милдетибиз. Сиздер алар жактын айтканына макул болуп, оюңарды ичиңерге каткыла. Биз да баарын аңдап, карап турабыз. Азырынча жаман ойду ойлонуунун эч кажети жок.

Айтылган сөздү байкап көптөн берки бүлүк иштин текке кетпегенин Сопу сезип:

– Жаңылбаган, өкүнбөгөн адам аз болууга тийиш. Башкаларга бакыт каалап элдин мүдөөсүнө татыктуу болгон киши турмушта өзүнүн жолун оңдоп, элдин камын ойлоп турган адамга ырыскы, бакыт өзү жолугат. Бул жалган дүйнөгө жыпжылаңач келип, кийин ошол турпатың менен кайтасың. Адам түйшүктү түк өзү билбей жүрүп, жол тарткан кербенчидей бул дүйнөдөн эмне издейт. Даңкпы? Ал пайдасыз адамга. Адам кара жанын карч уруп, жанын оозуна тиштеп даңктуу болууга аракет кылат. Турмушта эки эшик бар, муну бүт адам билет. Ойлончу, бирөө – өмүр, экинчи эшик караңгы көр дейт. Эгерде туз буйруп бул эшикке кирген адам, экинчисин ачпаска ниети барбайт. Анткени ал эшик өлүм делет. Адам бул жалганда көлөкөдөй күн көрөт. Биз кыргыз бир боор элбиз. Жашоодо бири-бирибизге ачуу өктөм кеп, сөз айтылбай койбойт. Бирибизди кыркышып кеткен күндө да, бир боор улуктун дитинде тууган үчүн ийненин көзүндөй болсо да бир жылуу ой, пикир болбой койбойт.

Анткени тууганды кыйбайсың да. Бир өзүңдүн намыс-арыңды кетиргиң келбейт. Ооба, өз колуңду өзүң кесип сала албайсың. Жалган убактылуу жашоодо, азыркы турган турпатыбыз бири-бирибиздин жүзүбүздү көрүп турганда, өйдө-ылдый наарazыланабыз. Бири-бирибизди жек көрүп, кемсинтип, жаман айтабыз. Жашоодо бүт денеңди турмуш өзү боёп салат түркүн түскө. «Сулуудай азгырсам» – дейт, адал-арам күңүрт ишке. Бир кана тирүүчүлүктө бөлүнөт чектен. Чынында ак ниет, адал ишти адам деген убагында баалай билбейт.

Ошондуктан менин силерге айтаарым, жашоодо эң бир бактылуу күндөр болот, бирок ал көпкө турбайт, тез жоголот. Шаттык, үлпөт, күлкү – булар негизги тажрыйбада баары өзгөрөт. Гүлдөр соолуйт, башка келген сыймыкты бекем кармабасаң дайының табылбай жок болот. Андан кийин бир күнчө билинбестен өмүр бүтөт. Ошентип кезек алып, өлүм күтөт. Тагдыр бүтүп, ак дилдүү жаңы муунду күтөт! Турмушта адамзатка дүйнөнүн бергендери мага, сага тордогу куш жемиңдей алдоо гана. Эсенгул ойго батып тунжурап, бет алдын былк этпей тиктеп, мандашын жазбай олтурду да, эти өсүп кеткен, кызыл көзү, өңү, бешенеси жайылып отурган акылдуу бабасына ыраазылыгын билгизип, болгон иштин негизин айтканына көңүлү тоюп турду. Бир саамга башын көтөрүп, сакалдуу карыларды кыдырата карап алды. Сопу атанын айткан акылман сөзүнө түшүнүп «дагы кебин уласа экен» дегендей этегин көтөрмөлөп, кебиңизди уланта бериңиз дегенсип карап койду. Айткандай адилет кеп дайым так жана уккулуктуу, жагымдуу келет эмеспи. Сопу сөзүн кайра улады:

– Дененин жагымдуулугу ден соолук, акылдын маңызы билимдүүлүк, билимдүү адам иш менен алек болот, азап тартып саргайып жүрүп анан билим алса, бактылуу болуп бак анын мөмөсү болору анык иш. Адамдын дүнүйөкор, ач көздүгү жашоого чоң бөгөт коёт. Ач көздүккө берилген киши анан билинбей туруп чыкпас торго чалдыгат. Ач көздүктүн тарткан азабын угуп, көрүп туруп кайра ошол жолду баскандар болбой койбойт. Жашоодо адамга туш келүүчү үч жыргал бар. Эң биринчиси ширин тамак, экинчиси, ден соолук, үчүнчүсү, сүйгөн жарың. Бирок баары бир тең, баарын ыксыз артык ичкен тамак бул жыргалга азап кылып бүлүк салат.

Ашык ичүү, жыргал, күлкү, шат адамды уулантууга алып барат. Так ошол жуучусу шум ажалдын «оору» де-

лет. Ошол түрүү суук жуучу баш бакканда эшик аттап, баягы күлкү шат жыргалың кетет таштап. Негизи азап, түйшүк адамды алсыратып, тез картайтат. Мына өзүңөр байкап көргүлөчү, кандай чукул өмүр жылас. Бул турмушта шаттыктын арты каякта, бул жалган дүйнөнүн ырахаты кайда калды.

Сопу атанын жумшак назик кебине эргип отургандар «дагы айтыңыз» деп дуулдай беришти эле, берирээк четте отурган мурду теңирейген кара жигит жанындагыларга акырын шыбырап: «Бу картайган көксө абышканын кебине кулак төшөп отура беребизби, кетпейлиби» – деди эле, жанындагысы тизеге нукуп:

– Тынч отур, «адам болоор кишинин киши менен иши бар, адам болбос кишинин ким менен иши бар» дегендей «сөз ук» – деп кагып койду.

– Кадыр, бул жерден чыкканда кайда барасың? Чыгып көрчү эгер тигилер көрүп калса, көргүлүктү көрүп калып качып жүрбө, шордуум!

– Сен, Эсенгул аткарган ишти аткарып келе аласыңбы? Андан көрө ал сени катарга кабыл алып отургандыгын эске ал. Бат эле керсейбей «тобо» деп отурсаң деди. Сопу бир аз толгонуп, олтургандардын ичиндеги күлкү сөздү сездиби, аяр карап алып:

– Сөздү кулак төшөп укканга айт. Кепке көңүлү жок адам өзүн да, өзгөнү да кадырлап жыргатпайт деп, айлананы карап алды.

– Беттөөгө бул жалганда эмне кызык. Аялды бир көргөндө эт жүрөгү тураар ысып, кемиресиң каткан нанды ачка болсоң. Колдо баары тең бар, ал эми көз жумулса жылаңач калабыз да. Адамдын иччү суусу бүтүп, күн бүтсө, канча жыл жаныңды уруп тапкан дүйнө-мүлк, байлык калат артта. Байлык, мансап үчүн жан үрөйбүз, акыры болобуз баарыбыз тең бирдей шартта. Көрбөйсүң мына ошондо байлык четин, адам чатырап мал-мүлкү толуп, малы өзөн толо жайылып жатса көзүнө эч нерсе

көрүнбөйт. Байлык да, мансаптуу менен салыштырмалуу кедей-кембагал, өмүрүнө чеке жылыбай карыптык күнүн көргөн бул жалган жарык дүйнөдө эки бөлөк жашайт. Көз жумганда «өлүм» деген экөөнө тең бирдей укук берет. Өмүрүң бир күнү жылт этип, келгис болуп сапар чегет. Ошондо сезесиң өмүрүң убактылуу экенин, убактылуу жашаарыңды. Дүнүйө адамды азгырып «тетири жолго бас» деп турат. Билесиңби, кечирилгис арамдыкка баткан күнөөң, тордой болуп шек билдирбейт, камап коёт. Ушундай бул жалганда адамзаттын жашоосу. Айтаарым, бул турмушта суудай таза жүргөн кандай жакшы. Эл башкарып бий болгон, болуш болгон максат эмес, ак эмгектен башкасы баары жалган.

Бул жердеги Сопу атанын айткан нуска кебине туура түшүндүбү, түшүнбөдүбү оюңдагы кеп акылын бүт айтып бүттү.

Эсенгул башын өйдө көтөрүп, Жалгашты бир карап: «Сени азыр эл мактаса көп эсирбе, жан кечтим» – деп, дагы бир жолу тиктеп «шашпай Садыр экөөңдү дагы сындан өткөзөм» деген ойдон бөлүнө калып, Сопу атанын кебин эстеп, ойго алаксый түштү. Мүлк-дүйнө азгырып турат. Ээрчип арттан калбай, бир күнү билгизбей жөргөмүшчө чырмайт го, бул жалган дүйнөдө деп ойлоп, Эсенгул сөзүн ортого салды. Олтурган кадырман аксакалдар, жакшы болчу өзүн токтоо кармап отурган мырза чыкмалар былк этпей, дем тартпай кулак түрүп калышты. Эсенгул жапыз үнү менен жай сүйлөп:

– Агайын-туугандар, менин сиздерден өтүнүп сураарым жесир, жетим, багаар, каралары жок алсыздарга жүз төөнүн жүгүн тегиз калыстык менен бөлүп бергиле. Бир дагы адам, наараазы болбогондой болсун.

Сопу ата башын акырын ийкеп, Эсенгулду жагымдуу жүз менен карап:

– Каз моюн бул жоомарттыкты, адамгерчиликти мен ушунча жашка келгенге чейин эч бир адам баласы-

нан көргөн эмесмин. Бул кылган ишиң, эл үчүн көргөн кам корчулугуң кимге жакпайт. Эң башкысы, элге адал иши менен белгилүү жоомарт хан зарыл. Сен ушул эл башысың, көзүсүң. Элдин убал-сообу сенин мойнуңда! Аны эсиңден чыгара көрбө – деп, тигиле карап, көзүн ирмеп алып:

– Адилеттик менен калыс болгон жерде, чыр-чатак болбойт. Ак ниет пейили таза адамга ичи тарып көрө албай асылгандар көп болот. Бирок абийирине эч шек келтире албайт деп, Сопу тамсилдештирип бир топ насаат кеп айтып Эсенгулга карады. Эсенгулдун отурган өзүнүн илбериңки түз пейилине, бешенеси жайыла ойлуу карап жүзүнөн жылуу мамиленин түрү байкалып, башкалардын сөзүнө кунт койбой, туш-туштан жыра талашып сүйлөгөндөрдү жактырбаган калыбында орунсуз сүйлөгөн кепке, акырын башын ийип, бир топко таңыркап отурду. Оюна бир нерсе келе калдыбы жакшы көңүлү менен Жалгашты бир карап: «Баатыр аталып эл оозуна кирип калды» – деп ойлоп койду. Эсенгулдун мындан ары ишенимдүү оң колу болуп арбак ээрчип калган экен. «Түсү ийриден түңүлбө» дегендей келечегин берсин – деп ойго алаксыды.

Сопу оозун караган элге бир сыйра көз жүгүртүп, анан кебин улады.

– Силердей караламан калың элдин багына, минтип баатырыбыз олжолуу келип, азыр араңар ызы-чуу болуп турат. Мына кечээ хандан киши келди да: «Эл агасы, журт башчы» – деп Эсенгулду чакыртып кетти. Калың эл ойлогула «силерди убара кылбайын» деп Жалгашты ээрчитип бир аз жигиттери менен барып, алардын жүрөк үшүткөн жоосун басып, өз эли эмес башка элдин камын көрүп, эки элди бириктирип, достоштуруп келиптир. Берген мүлк-дүнүйөнү жетим-жесирлерге бөлүштүрүп берди. Мындан артык элди кандай багууга болот? Душмандын мизин кайтарса, эл үчүн кам көрсө,

Эсенгулга карата сиздердин кандай оюңар, эмине деген пикириңер бар? – деп суроолуу карады.

Отургандардын ичинен сакалы аппак, жүзү нурлуу көрүнгөн Сартбай карыя бир топтон кийин:

– Бул айтканың туура кеп. Менин оюмча, кадырман эл агасы, акылы жетик адамдар отурасыздар. Эл болгондон кийин элге башчы болуп, элдин убал-сообун мойнуна алчу «Хан» болушу керек. Хан бүткүл элдин башы-көзү болот, элге эмне зарыл элди бакчу, баш-көз болчу хан, бийлик ээси адилдик менен элдин камын көрүшү лаазым. Кокус, душман келсе ким элди бириктирет. Башында атасы Болот бийдин айтканындай иштелчү. Эми деле манаптын тукумунан өзү чыгып, жол талашчу уул баланы көзүмө чалдыктыра албадым. Башында эле айтылган: «Эми Эсенгул өзү журт очокко хан болсун» – деп сөздү кесе айтты.

Эртеси бүт элди чакыртып, чоң той берип, көпчүлүктүн алдында жаш-карыны чогултуп, ар тараптуу сөздөрдү айтып, жыйын кылмай болушту.

Чабармандар туш-тарапка чаап, бүт элди чакырып, котологон көп калың эл топ-топ болуп келип жатышты. Топ аралап, оозго алынып, жакшы аталып, эл көзүнө көрүнүп, жакшы аталууга аракети бар жаш мырза чыкмалар алдындагы аттарын сылай камчыланып келе башташты. Келгендер аттарын байлаштырып колдорун бооруна салып, ак сакалдуу карылар менен урмат-сый көрсөтүшүп колдорун кыса кармап ден соолуктарын, ал-акыбалдарын сурап жайланышып орун алып отурушту. «Келчү эл келип бүтүштү» деген кабарды угаар менен колдоруна суу куюлуп, эт тартылып, даамдашып бүтүшкөн соң, бата айтаардын алдында ак сакалын жайкалтып Бектур, Жумабек, Рыскулдар басып келишип, элден четкерээк орун алып турушту. Сопу, Эсенгулдар келатканда жалпы отургандар жабыла салам айтыш-

ты, үндөрүн көтөрө салып. Болоттун улуу аялынын беш уулу да олтурушат. Сопу дагы сөздү өзү баштады:

– Калайык эл, сиздерге айтар кеп бар!? Мына өзүңүздөр билесиздер, айтпаса да белгилүү го. Тууган бар болсо көрө албайт, жок болсо асырай албайт. Баарын өзүңүздөр билип турасыздар. Бүт баарыбыз Болот бийдин амиринен чыкпай, бир ооз кебин эки дебей сыйлап келдик. Мына Болоттун улуу аялынын балдары отурат. Беш уулу «биз уулбуз, эл макул болсо элге баш болобуз» деген оюңар болсо ачык айткыла. Эл макул көрсө, элге бүгүндөн баштап башчы болгула. Элдин убал-сообун мойнуңарга алгыла да, эл бийлечү акылы жетик эр көкүрөгүңөрдү ыйгаргыла. «Жок, биз элге башчы болуп убал сообун алып, келген душмандын мизин майтарабыз» деген оюңар болсо, ачыгын айткыла. Болбосо ыраазычылыгыңарды билдирип, уруксат эткиле. Кеп ачыгынан бузулбайт. «Учу бир айрылып, түбү бирге кошулат» десеңер кичүүңөр Эсенгулга уруксат эткиле деди.

Беш уул бири-бирин карашып, ойго батышты. Тунжурап жерди теше тиктешип, былк этпей малдаштарын жазбай тирешип, үн катпай бир топко отурушту. Сопу эти өсүп кеткен кичинекей кызыл көзүн кымыңдатып «эмине деген кеп чыгаар экен» деп астыртан баамдап карап турду. Сопу өзү кепке конок берип, акылдын жетишине карап иш кыла турган, акылман кары.

Сыр алдырбай топтун алдына өтүп, алардын түрүн байкайлы деген жашыруун сыр болчу. Беш берен ичтеринен сөзгө келбей, ойго алаксып олтурушту. Чынында эл башкарып, душман келсе найза кармап, жоону сүрүү деген айткан сөзгө оңой, бирок кыйын иш. Бектур, Беки, Жумабек, Рыскул, Жумагулдардын үрөйүн баамдап, алардан кеп чыкпагандан кийин Базаркул:

– Айтпайсыңарбы, оозуңарга талкан салып алдыңар беле? Колуңардан келбесе уруксат эткиле. «Хан» деген айтууга оңой, бирок ушунча элдин башы-көзү,

убал-сообун моюнга алуу оңой эмес. Элге адилет, ак-караны ажыраткан, акылы жетик жөндөмдүү, оозунда кеби бар, бирөөнүн арыз-муңуна калыстык менен түз айта алган киши керек. Эл болгондон кийин аласасы, бересеси жок жардылар келет «журт атасы кебибизди угуп, муңубуздун мүдөөсүнө жетет» деп. Адамдын убал-сообун мойнуна алып, бүт өмүрүн элге арнаган адам «хан» болуп журтка баш болууга акылуу. Эл башчысы начар өзүмчүл болсо анда, анын кебин эч ким укпай өз билгениндей бирөөнүн малын уурдап, элден ырыс кетет. Ошондуктан элге башчы керек. Арыз угары, өкүм чыгараары жок болсо эл тозулат.

– Кана, Болоттун беш уулунан кимиң элге баш болосуңар?! Колдон келбеген ишке куру далбас ургандан эч натыйжа чыкпайт, айткыла. Рыскул тунжурап башты өйдө көтөрүп:

– Туугандар бизди жарга кыспай, бийликти бир тууганыбызга бергиле. Атанын бийлигин улантып, башчы болуп эл бакчу, капыстан келген душмандын мизин майтарып, ушунча элге тутка болуу оңой иш эмес. Эсенгулду «хан» шайлап алсаңыздар экен. Биз ыраазыбыз, көпчүлүккө салып уруксат сурап, инибиз бир туугандык милдетинен кутулду. Туугандары ыраазычылыгыбызды билдиребиз. Кийин өктөм кеп кылбайбыз. Эл баш урса, биз да кичүү болсо да улуудай көрүп урматтап сыйлайбыз. Кана!? – деп ордунан ата туруп бата сурады эле, болгон эл үнүн жогору чыгарып кыйкырып калышты. Рыскул алаканын жайып:

– Оомийин, ата арбагы жылоондо болуп, элге баш-көз хан бол! Эсенгул элиңе аттай арка-тоодой тирек болуп, жолборстой эр жүрөк, суудай таза акылга дыйкан, ак-караны ылгаган адил эл башы бол! – деди эле, Сопу карыя күлүмсүрөп, башын көтөрүп:

– Рыскул сенин бул айткан акыл-насаат кебиң, түшүнүктүү кишинин сөзү болду.

– Калайык, агайин, Болоттун улуу баласы сиздерден өтүнүп кечирим сурап, иниси Эсенгулду баш болуп, эл бийлигин мойнуна алып «хан» болсун деген батасына не кебиңер бар?!

Базаркул карыя башты өйдө көтөрүп:

– Бул айтылган сөз туура кеп болду. Эч кандай наразычылык болбосо болгону, кебиң төркүндүү баатыр. Иним Рыскул тууган туурдук болуп бербейт, күнүгө далдаланып отургандай. Тууган жакшы бир жакшылыкта эл көзүнө көрүнүп, калдайып калп да болсо туруп бергени эле кандай жакшы. Башка иш түшүп турганда аркасы тиет, намыс үчүн колдон келишинче каралашат.

Отургандар дем тартпай кулак түрүп калышты. Жакшылар, эл агасы аксакалдар, ары-бери айтылбай калган кеп калган жок! Силер менен ийри отуруп түз кеңешели деген кеп ушул. Элге башчы «хан» керек. Бийлик ээси болбосо узун өпкө ээн сүйлөгөн өзүн эр ойлогондор, сөз билгендердей элди тетири үгүттөп ич ара ырк бузулуп ынтымак кетет. Биз ич ара бириге албай турганда, душман кол салса кимибиз кол баштап жоонун мизин майтарабыз. Биз эптеп жанды ала качып калабыз дейли, мобу жетим-жесир алсыздардын күнү эмне болот? Өзүңүздөр акыл тегеретип көргүлө, куру кыял кол болбойт. «Адамды сыртынан көрбөй, анын жүрөгүндө калган тактан сак бол» дегендей, бири-бирибизден шекшинбей, бир ооздон, бир тилектен, бир багытты беттеп, бир кишиге баш ийип, айтканын эки кылбагандай бололу.

– Сопу карыя, ылайыгын кептин бүтөрүн сүйлөңүз. Аныгын айтыңыз! Кимди хан шайлап, кимдин алдына баш уралы. Ачыгын эле айтсаңыз өйдө тартып өгүз өлбөй, ылдый тартып араба кыйшайбагандай болсун. Журт бийик, биз ханды сыйлайбыз. Колдон келишинче кадырлайбыз, алдынан кыя өтпөйбүз дешип бир ооздон айтып тим болушту.

Сопу ата башын ийкеп, ичинен бир саамга ойлонуп:

– Эл, хандын ким болушунан кам санабагыла! – деп элди жылуу жүз менен эркелеткен болуп карап:

– Эл башы хан шайлаш үчүн, өзүңүздөрдүн биримдигиңер керек! – деп чогулган элге дагы көз агытып карап алып: – Ата мурас башынан эл башкарып жоонун мизин кайтарып, эл баккан манаптын неберелери келе жатпады беле же жалган жери болсо айткыла. Саягың, азыгың, солтоң, черик, саруу, кушчу, кытайлар. Кара көз, ак көз, ак сакал эскини угуп, көзү менен көргөн билгениңер. Айтчу кебиңер болсо азыр айтып калгыла. Шайлоочу, эл башкарчу ханга ылайыктуу уул балаңар болсо дагы ортого салгыла, кеп ачыгынан бузулбайт. Ак көңүл ниети таза адамга, эч жамандык ойлобогон пейили кенен адамга жамандык ойлоп асылгандар арабызда жок эмес. Бирок таза жибектей созулган уул балдардын абийирин, эч ким ача албайт.

– Кана, тынып отурбай, айтчу кебиңерди айтпайсыңарбы?! – деп, кыдырата көз жүгүрттү. Карыянын дитинде отургандардан акылдуу бирөө чыгат деп карап, бир топко күтүп калды. Калдайган калың эл дым болуп, эч кими баш көтөрүп сөз козгободу.

Сопу ата көзүн кылтыйтып Калмурат, Базаркулду бир карап: «Эл бузарлар ыйынган маймылдай болуп келип, тырмагын жашырган кара мышыктай кылтыйып ичиңер уйгу-туйгу болуп, колуңардан эч нерсе келбесине көзүңөр жетип, акактап суусаган таңдай көмөкөйүңөрдү булкулдатып отуруп бердиңерби» – деп, ичинен Сопунун ниетине ушул ой келди.

– Айткыла билермандар! – деп, армандуу ойдон бөлүнө албай турду. Бектур Сопуну түз карай берди. Ушул караштa Сопунун оюнан алыс эместигине, ошондой эле сактыкты талап кылгандай элдин түрүн байкап аяр турду.

Беки ордунан тура калды да, тегерегин бир карап алып, айтканга оозуна сөз кирбей:

– Шайлоочу бегиңерди шайлабайсыңарбы?! Чоң иш бүтүрүү керек десеңер аста, майдадан баштоо керек. Эсенгулду шайлай турган болсоңор, төө тукум берчүдөй маалкатпай шайлагыла да! Же башка кишиңер болсо айткыла, болбосо тигинде туунун түбүндөгү ууздай ак кийиз жайылганы качан! Убакытка уттурбай тез шайлагыла! Эл башы, журт эгеси тез бүтүм чыгаргыла?! – деп сөзүн чукул бүтүрдү. Базаркул:

– Беки туура айтат. Эсенгулдан жол талашчу деле арабызда кишибиз жок. Эгер «мен элди башкарам» – деп ортого чыкчуң болсо айткыла! Болбосо Ак боз бээге бата айтып: «Хан болом дегендин айткан кебин эки кылбайбыз» – деп убада берели деди. Сөз катуу тийдиби, эч ким алдыга озунуп чыкпаган соң, боз бээге бата тиленди «берген батадан бура тартып кыйшактаганыбыз мына бул боз бээдей мууздалып калалы» деп бээге бата тилешти да, ак кийизге Эсенгулду отургузуп: «Бийлигиң кут болсун, ата арбагы колдоп көздүүнүн көзү кашайсын, тилдүүнүн тили кесилсин. Элиңе кайрымдуу аттай арка, тоодой медер болуп, артылып конгон сыймыгың кут болсун!» – дешип эл чуулдап барып токтоду.

– Айткан тилегиңер, көтөргөн такты бийлигиңерге, мени сыйлаганыңар кудайды кадырлаганыңар, өзүңөрдү сыйлап бак-дөөлөткө кондурганыңар менин бийлигим силердин даңкыңар! Мен силерге өмүрүм өткөнчө бүт акылымды, күчүмдү, өзүмдүн болгон жөндөмүмдү, күч-кубатымды аябай, ар бир адамдын тагдырына түз калыстык менен карап, даңкына, байлыгына, сылык келбетине карабай түз адилет сурак жүргүзүүгө сиздерге чын ниетимден «Ант» беремин! Эл бир беткей ыраазычылыктарын билдирип «бизди түрү суук ач карышкырдай кас душмандан сакта, тилдүүнүн тилин тийгизбей, заардуу найза, кылыч, камчылуунун суук түрүнөн асыра! Биздин арыз-муң айтаар эл башчыбыз!» дешип эл-

дин арасындагы кыйкырыктар аба жарып, жалпы дуулдашып, шамалдуу токой сыяктуу эл кайрадан үндөрүн бийик чыгарып, толкуй башташты.

Эсенгул чуу көтөргөн, жетине албай кубанган элдин түрүн байкап, бүт денесине батпай сүйкүмдүү колун көтөрүп, бир топтон кийин эл арасы деңиздей толкуп көчөмө-көчө болушуп, бири-биринин алдына өтүп дуу-дуу кыйкырып дүрбөп, каада билген акылман карылар жылуу жүз менен «аман бол ата-мурас журт эгеси» дешип, колдорун боорлоруна алып ызаат көрсөтүп жатышты.

Эсенгулдун көз оту тереңге кетип, мындан ары кылаар иши көңүл ысыткан, жүрөк үшүткөн оту аны алыска алып учту. Мына карагат көз калың эл, ак кийизге салып жерден төбөсүнө көтөрүп, эки тизгин бир чылбырын колуна карматты.

* * *

Аз убакыт өтпөй Эсенгул өзүнө жакшы санаган ак сакалдуу, акыл чыкчу кишилерин чогултуп кеңеш өткөрдү. Ал уйкусуз таң атканча оюнда уйгу-туйгу уланып, мээ ооруткан ойдон чыга албай, талыкшып отурду. Ал токтоо, бир калыпта жай бир гана суроо менен кеңешчү ойду ортого салды. Элге баш-көз болуш үчүн жашоо шартына көңүл бөлүп, жетим-жесирлер дагы жакшы күн өткөрүшү керек.

– Башынан адам бири-бирине душман, билген адамга. Ойлогулачы, жыпжылаңач бакырып келбедикпи ушул жарык дүйнөгө. Бирөөнүн эмгегинен байып, магдырап жыйган мүлкүң, көрөр күнүң бүтсө бүт байлыгың баары калат. Жетим-жесир баарына бирдей шарт болгонго аракет кылышыбыз керек. Ошондуктан акыл тегеретип көргүлө, силердей кеп билгендер, акылы тайкы майда адамдарга жол көрсөтүп, оң жолго салгыла.

Черикчи айтылган сөздөн сөлтүк таба албай:

– Бул айткан кебиңде калет жок. Биз сени атаң Болот бийдин көзү өткөндө, элге баш-көз болуп душмандын алдын тозсун деп эл башына көрсөткөнбүз. Мына эми эл баштуу болду, «хан болсун» деп ак боз бээ чалып, ак кийизге салып, төбөлөрүнө көтөрүштү. Эми сенден бийлик талашып, алдыңды тозчу эч ким болбойт. Сен караган калың элдин башы, убал-сообу мойнуңда. Биздин элдин тентектеринин мизин кайтарчу өзүңсүң! Хан болдуң, бүт элге тутка болдуң! Убал-соопту алчу сендей хан, эл башчы, башка кыйын иш түшкөн чакта тууган мындай болсун, жан кыйышпас досуң да эске албайт! Ошондо жаныңдын жабыр тартып кыйналганын кара башыңа күч келгенде ыраак менен чукул адамдын ким экенин сезесиң. Колуңда мансап өкүм сүрүп турса алдыңа таазим этип жүгүнгөндөр, өзүнөн ылдыйыраак адамды, адам катары көрбөй тепсеп иет. Элге, эл душман болбойт. Элдин башындагылар бирөөнүн бузуп айткан тилине кирип, өз элине душман болот. Анткени заар тилдин ак-карасына жетпей, бийлик колундагылар бирбирине күнөөсүздү айтпай таштайт.

Биздин суранып айтаарыбыз, бузукунун кебине ишенип бир бечаранын убалына калба. Айтылган ушакты кулагың менен угуп, колуң менен кармап алган соң адилеттик бүтүм чыгар деп Черикчи туугандык милдетинен кутулуш үчүн кеңешин, акыл-насаатын айтты.

«Эсенгул эмине үн катпай отуруп калды?» деген күбүр чыга башталганда Эсенгул сөздү тике айтты. Ак сакал, акыл чыкчу мыкты чыкмаларын жумшак кептен баштап отуруп, нарктуу кеп кылып келип:

– Алыскы, жакынкы элди башкарып журт бийлеш ооз көптүрүп айтканга оңой болгону менен сиздерге айтарым, элдин камын ойлош үчүн аскер топтош керек. Аскер башчысын дайындап, ошол аскер тилин алган баатырга уруш иши менен мен аркылуу кабарлашып

турушу лаазым. Отургандар ойго батып бет алдыларын тиктеп, былк этпей карап дымып отурушат.

Сопу акырын мойнун бура отургандарга көз агытып алып, Черикчини карап: – Иниңдин бул айткан кебинде калет жок. Айтса да, айтпаса да туура кептин ачыгы жакшы дегенде, Эсенгул:

– Аскер башчылыгына сиздерге туура келсе, бүт саяк элине башчы болууга Садырды дайындайм! Элинин ичиндеги атка минер эр азаматтардан өзүнө жакканын жан жоокер кылып алууга өз милдетин алат. Ошондо, ич ара бузуку куйтуңдап элди иренжитүүчү болсо, чогулабыз. Майда чепке койчуларды Садыр өзү эле жөнгө салат. Буга мен ишенем, эгер баш ийбөөчү болсо катуу жаза көрүү керек.

Башка сарыбагыш элине Жалгаш өзү билет. Жалгаш баатыр элди жыйып, бир жерге топтоп, өзүнө ишенимдүү жигиттерден топтоп жанына акыл тапкан оң колу болчу эр уул баланы бу да өзү жактырып алсын! Душман айтып келбейт. Байкоосуз жылкы тийип чуу салса, артынан сая түшүп жоонун мизин кайтарып, элге бүлүк салдырбай, асырай турушкан болсо, жалпы орой көз эл билерман акылдуу ак сакалдардын алдында Садыр менен Жалгаш убадаларын беришсин.

Садыр олурая котологон элди бир карап алып:

– Баарыбыз, Эсенгул сени өзүбүз алаканга салып «журт башы, эл атасы болсун» деп, уздай боз бээни мууздап, сенин айтканыңды эки кылбайбыз, эгер баш бура турган болсок, салбырап ак боз бээдей мууздалалы деп, ак кийизге салып кадырлап, арытып келген багың кут болсун!» – деп өзүбүз хан шайлабадык беле! Эми сенин оозуңдан чыккан сөз, жер куйкалай турган кез. Мен өзүңүз айткандай бүт элди жыйып аскер болчу жигиттерди чогултуп, сага баш ийип бир беткей турабыз! Сиз тараптан шашылышпы, жайчылыкпы, күнүгө кабарлашып турам жана сиздин айткан салам дубаңызды бүт өмүрүм өткөнчө ак ниетим менен аткарууга ант берем.

Жалгаш: – Баатырлар, ага-инилер?! – деп кирген суудай өкүм сүйлөдү. Сиз башынан бери башчысыз, акыл айтчу бийлик чыгарчу эл баштаган жетекчи жок ар кимибиз өз билгенибиздей жүрүп, ээнбаш болуп калдык! Биздин элге катуу бийлик керек. Бирөөнүн менчик мал-мүлкүн зордоп алып, бир бечаранын көз жашы менен чиренип күн көргөндөр арабызда азбы? Эгер мындан ары ур-токмокко алып, бирөөнү сыздаткандарды уксак, ачык айталы. Эсенгулдун алдына алып келип болгон катуу жазаны тапшырууңуздарды суранам. Мына, мен эл башчынын жардамчысы, аскер башына көрсөтүүңүздөр! Хандын сөзү эки болбойт. Айтканын аткарууга ак ниет чын дитим менен даярмын! Силерге менден жиберилген кабарды эки кылчуң болсо, анда мага таарынбагыла?! – деп Жалгаш көкүрөгүн керип үнүн жайыраак чыгарды. Сопу, Жалгаштын айткан кебине жооп катары:

– Турмушта куштун өтө кооз сайраган үнү жагымсыз келет. Ал эми жашоодо өтө чечен, акылдуусунган, керсейип бой көтөргөн адамдан анчалык маңыздуу сыр чыкпайт.

Кана, элдин өктөөсү эмнеден, эмнеге умтулуп дүүлүктү, эмине керек? – деп ойлоно калып, «дагы көптөгөн тынчтылык, токчулук, хандын адилеттиги, элге кайрымдуулугу үчүн» – деп Сопу сөзүн аяктады. Катаал түр менен мурутунун бир жагын тиштене көзү тикчейип ойлоно калды Эсенгул.

Калың эл дуу жарылып дүңгүрөп кетишти Сопунун сөзүнө:

– Ырахмат жүз жашаңыз, эл башы акылман карыя! – дешип, эл арасы чууга толду. Ушундан кийин бийлик кылыш үчүн эки тизгин, бир чылбырды беришти.

Эсенгул айылындагы билерман акыл чыкчулардын өйдө-ылдый айткан тилине ишенбей, өзүн аймак астындагыдай элге кайрымдуу болобу, болбой каардуу, алдым жуттум болобу, иш өзүндө – деди Черикчи.

* * *

Эсенгулдун биринчи аялы саяк Шааболоттун Каз деген кызына үйлөнөрдө атасы Болот бий менен Кулжыгач катыш болуп, Шааболот жылкы тийип колго түшүп байлануу турганда, Кулжыгач атасы кадыр салып, «баш менен кутулалы тартууңа» деп, кызды жаш кезинде никелештирет. Каз байбиче акылдуу, кайраткер, тың аял болуп, төрт уулду төрөйт – Асанбай, Аманбай, Чал, Найман.

Каз байбичесинин үстүнөн аял алууга уруксат эт дейт! Каз байбиче алгач бул сунушка каршы болот. Бирок казактар ошол убакта жылкыга чабуул коюп келип, жылкыдан бөлө качат. Эсенгул алардын башчысы, баатыры Найман баатыр экөө сайышып, баатыр аталган Найманды, Эсенгул аттан оодара саят! Найман ордунан туруп, жылаңбаш карап турганда, Эсенгул анын минген атын кууп барып, чылбырдан алып жетелеп келет да:

– Сен кайсыл элденсиң? – деп аттын чылбырын ыргытат. Казактын Найман делген баатыры:

– Мен ат жалын тартып ат мингени, өмүрү аттан түшкөнүм жок эле! Сенден жыгылдым. Эми достошолу, кызымды берейин. Мени аттан ким түшүрсө сайган эр уулга «кызымды берем» деген шертим бар болчу. Сен ким болсоң да жүрү кызымды узатам, убада шерт бир. Адамдын жаны бир чыгат! – деп айылына ээрчитип барууга чакырат. Эсенгул каршы болуп:

– Жок, менде элим, ага-ини туугандарым бар, алар эмне дейт? Күн болжойлу, кызды шааниси менен келип алып кетейин! – деген кепке келген Найман:

– Ой-бой, сен эркек уулсуңбу?! Сен үйгө барып, аялыңа айтып, катының «алба» десе албачу, катыныңдын айтканынан чыкпаган бир жетесиз кургурсуң го? Эразамат уул бала, кыз десе көз көрбөгөн жайдан келет го, мал-мүлкүн бүт таштап. Азыр кызым бышкан анар-

дай жайылып болукшуп турган кези. Менин кызым бир жерди көгөртчү бала эле го. Нечен жуучу келди. Мен кызымды болбой «шертим бар» деп бербей жүрөмүн. Көңүлкош болсоң, анда мен айткан антымдан кутулдум. Эгер макул көрсөң бастыр. Сүйкүм кыз адамга дайым күч-кубат берет – деп, сөзүн таппай туруп калды. Наймандын өңү өзгөрүлүп, мурдунун таноолору кыпчылып, мурутун кармалап ээрдин тиштеп ыза болгондо ачууга жеңдирчү түрү билинип, менин ысыган тонумду муз кылып, ушунча элдин көзүнчө жүзүмө кара так басып «кызыңды албайм» деп, мойнун буруп бастырып кетеби деген күйүттү көзүнөн чагылып турду.

Эсенгул жанындагыларды имере карап:

– Кана, баатырлар, «кызымды ал!» деп алдында атасы тартуулап карап турса, биздин бастырып кеткенибиз эркектик намысыбызга тил тийгизет го? Абылай, Байшүкүр эрди намыс, коёнду камыш өлтүрөт. Бетке өчпөс так жабылат. Кыз деген кары-жашты ылгабайт, ошон үчүн аял да.

Байшүкүр кабагын чытып:

– Эсенгул бул кызды албай кетсек, тигил баатыр казактын көзү бузулуп турат. Элге тынчтык бербейт! Экинчиси эр-азаматтын алдында кыз жолуңду тосуп күтүп турса, теңсинбей бастырып кетүү ал уят. Аялың көппү же аялыңдан чочуп турасыңбы? Ал аялың мал уурдаган саяктын кызы болсо, бул жоо сайган шертке турган бир оёндун кызы. «Эки уйлуунун үйү айран, эки аялдуунун үйү ойрон болом» – деп чочулаба. Манас тукумуна он аял аздык кылат. Атаң Болоттун жети аялы бар эмес беле? – деди.

Эсенгул жылмайып күлүп:

– Аял алуудан качуу кыйын. Ал кийин жортуулдап жүрүп олжолоп алып келген деген ушак-айың кеп болуп, төрөгөн балдары жөнүнчө болуп калабы деген ой. Айылга барып камынып мал айдап келип, калың берип

күйөөлөп, кадырлап үйлөнсөмчү деген тилек бар эле. Силер болбодуңар, шар бастыргыла, биз даярбыз. Сиз ылдамдап алдына барып: «Күйөө келатат» – деп кам көрүңүз! – деди.

* * *

Наймандын, бой тиреген кызы Асылкан көрктүү, карлыгач канат кашы, капкара көзү балбылдап үлбүрөгөн уздай аппак көркүнө көрк кошкон беш тал өргөн жибектей чубалжыган жерге тиер-тиймексен кундуздай капкара чачы, олоң болуп адамдын көзүн өзүнө тарта толукшуган кызга Эсенгул үйлөндү. Ушул алган Асылкан байбичеден Эсенгул төрт уулдуу болду – Керим, Айтбай, Жапар, Саткын.

Эсенгул көл башына Каркыра жайлоосуна барып, элинин амандыгын билип кас душмандан коо-каландан тышкары, бейкамдыгына ыраазы болуп, эл-журттун тынчтыкта оюн күлкү, шаң менен көрүп келатып, Тынай Таштанбектин айылына түшүп калат. Жалгаш, Садыр жан-жөкөрлөрү, жигиттери менен кадырлуу бийлик ээси эл башы, журт атасы «Каз моюн» келди деп, кабар Таштанбекке угулат. Бирок Эсенгулдун оюнда жүргөн бузук иш бар эле. Болот бий карып калган кезде Таштанбек экөө бийлик талашып, ич арадан ниеттери оң болбой жүргөн. Бирок түбү бир тууган болгону менен бет келип сүйлөшпөйт. Шаттыктын колу турса да бүт ааламды каптап, азаптын бир тамчысы кайда батат болуп, экөөнүн түрүн билип Надырбек:

– Бири-бириңер менен жөөлөшүп, мансап байлыгыңарды колдон чыгарсаңар, кайра бир күнү бийлик эл башына келет. Экөөң «мансап, байлык» деп жүрүп бири-бириңердин өмүрүңөргө шек келтирсеңер, өмүрдү кайра кайдан издеп табасыңар? – деди. Болот:

– Мен карыдым, бий болгуң келсе ал бийликти, ыраазымын – дейт. Надырбек сөз салмактаганда:

– Таштанбек, сен кабак бүркөп наарazыланба. Мынча зарыгып алдыңа келип турсак деп ууртунан жылмайгандай карады да:

– Бийлик, мансаптан куурап баратсаң, тигини берейин, сен ал, мен карыдым! – дегенде, экөө кечиришип:

– Мен Болотко ыраазымын, ичке каткан бир ой бар эле. Ал туура эмес болуп калды. Болот өйдө, ылдый кетип катачылык болсо кечиришели – деп айтты. Таштанбек мынча болду эми «ичи агарып кетсин» деген ой менен:

– Болот кудалашалы! – деди. Мен сенин ичиңдин агарганына ыраазымын. Уулуңа кызымды алып берип, куда бололу. Менин кызым бар дегенде Болот:

– Уул бала менде бар, кызыңды Эсенгулума алып берем. Кызыңа сөйкө салганым – деп, күтүрөгөн айгыр үйүрлүү жылкы айдатып келип куда болгон.

Таштанбекте «Эсенгул ошол колуктусуна күйөөлөп келген экен?» деген ой пайда болуп «бул эмине басмырлайт элге баш, хан болгондо ушунтип үстүмөндөй берейби» деген ачуулуу ой пайда болуп, ичинен чөгүп отурду.

Эсенгул кантсе да «улуу кайната болот» – деп, Таштанбектин дайынын сураса «башка дөбөдө отурат» деген сөз угуп, жигиттерин ээрчитип жөө басып барып колун бооруна ала ызаат көрсөтүп:

– Ассалоому алейкум! – деп кош колдоп учурашты. Калган баары сабылып колдорун боорлоруна алып учурашып болуп, жай сурашканда, Таштанбек:

– Эсенгул баатыр? – деп сымбатына, жүзү жайык ырайымдуу көрүнгөн, маңдайы жарык, көзү шумкардын көзүндөй көрүнгөн, бети кызылдуу, турпаты ойдогудай токтоо, мүнөзү сылык, адамга кара санабаган, ичи кенен, акылга дыйкан арстандай эр көкүрөк, булуттай ичи ак, суудай таза, «ат качырбас тулпар» деген уул

экен. «Бул адамды кордоп болбойт» – деп ичинен таң берип, ичи жылып бешенеси жайылып отурду. Эсенгул кабагы ачык:

– Каркыра жайлоосуна калмактар менен чектеш ич аранын тынччылыгын билүү үчүн жигит, жан-жөкөрлөрү менен барып айыл арасы бейпил жатышканын билип, улуу акылман карыяга салам деп, ал акыбалыңызды, дени сак, ага-ини туугандарыңыз менен эсен турабы билип, кол берип учурашайын деп кайрылып калдык – деди.

– Бир боор, тууган деген ушу. Мени сыйлап, кадырласаң силерди Кудайдан сый, даңк, бак берсин! – деп, Таштанбек жүзүн буруп, ойлуу карап ошол калыбынан жазбай тигиле караган тейде:

– «Бир тууган» деген ушул. Адамга өпкө менен жүрөктүн байланышы кандай керек болсо, бир тууганыңардын да ийненин көзүндөй алыш, бериш бир боордук тартылуу болгону дурус. Жан эритер алтын таажы, жарамсыз акылдан жабыр тартат – деп, акырын башын ийкеп көпкө ойлуу отурду да:

– Жүргүлө, үйгө барып сый көрүп, анан аттанасыңар! – деп ордунан обдулду. Сыйлашып, кадырлашкандан кийин сакалдуу Черикчини өзүнчө бөлүп:

– Карыялар айткандай сараңдан жогуңду сураганча, дайра-көлдөн чуңкур казсаң издеген жогуңду табасың. Биз түбү бир боор элбиз. «Түзү ийриден түңүлбө» дегендей, иниңдин жүзү ачык, дити ак, ачык маанай уул экен, өмүрү узун болсо элиңди асырап кетүүгө даяр экенине ишенип турабыз. Бала кылып алууга ниети бурулуп, Черикчини карап:

– Биз Болот экөөбүз кудалашып сөйкө салып калыңдын теңин берип, бата алыштык эле. Көпчүлүктүн талабына жооп бербей келгем. Балким, Эсенгулдун көңүлү башканы жактырабы, мага жооп бергиле. Буга чейин кызымдын башын сурагандарга «кызымдын башы бош

эмес» деп сөз тийгизбей жүрдүм эле. Черикчи сөздү бөлүп:

– Сөз негизине бурсак, биз сизден бул сөздү күткөн эмес элек. Эсенгулсуз эле мен макулдугумду берейин. Күн болжолдошолу. Сиз кам көрө бергидей болуп, бизге болжолдуу убакытты дайындасаңыз, ошол убактан калбай кудалашып, жакшы тилек менен келип күйөөлөтүп алып кетели. Атанын убада шертин аттай албайбыз. Болоттун убадасын эки кылуу биз үчүн кечирилгис күнөө болот, куда – деди. Эсенгул бул сөздү угуп, мурунтан айтып эске салганында атам кудалашкан кызбы, биз мурунураак озунганда болмок экен? – деп, өкүнгөн болду. – Кичине кечигип калган экенбиз. Биз даяр, ага-ини туугандын арты, кудалашып сөөк жаңыртуу, эки элди бириктирүү салтта бар. Көйнөктүн кирин жууса кетет, ичтеги кек нааразычылык сөөктөшүп, кудалашканда ичи арам, начар ниеттер суу дүңгүрөп ылдый агып кеткендей тазаланат. Көздөгөн махабатына жетүү үчүн тагдырдын каршылыгын жеңет. Баарынан эмне сонун, алдыга койгон тилегине жетүү. Жакшы, келечектүү кепти айтып, аттанышып шатыра шатман, шаңдуу айылына жөнөп кетишти.

* * *

Айылга келип тез кам көрүшүп, куда башчы болуп Сопу, Черикчи кула кашка аргымактын көкүлүнө була аппак бубактардан көзүнө карабай калдайта байлап, келин алып келүүгө жүрүп кетишти.

Кудалашып күйөөлөрдү обочо ууздай аппак болгон ак үйгө киргизишип, кыз-келиндерге шайыр мырза кадырман жигиттер ырдап, чоордошуп, оюн-зоок, күлкү тартуулап жатышты. Бирок күйөө баланын өзүнө жүрөк сүйүнткөн кыз көзгө көрүнбөй, бир топ убакыт өтүп кетти.

Сулуусунан келген, сыйда калем каш, кара торунун сулуусу, көзү карагаттай, сурмасы төгүлгөн, чачынын чолпусу шарак этип, үнгө үн кошуп көрктүү келип, ызаат көрсөткөндөй кашын серп салып, үлбүрөп бир аз кылыктангандай акырын өзүн токтотуп, карманып турду. Эсенгулдар тарапка кыз жандагандар кайрылышты: – Күйөө бала кыз келатат, кызга көрүндүк бергиле?! – деп шаңдуу үн салышып үйдөгүлөрдүн үшүн алышты. Катар отурган Абылай ордунан ата туруп, Эсенгулга тиер кептин алдын тосуп:

– Биз тараптан кандай тапшырма болсо да, биз жан дилибиз менен аткарууга даярбыз! – деп, шагыраган күмүш акчаларды алдына тартуу катары кичи пейилдик менен илбериңки бере коюп: – Ыраазы болуңуз! – деди да:

– Жеңе, зарыктырбай ылдамыраак жүз көрүшөлүк? – деген кепти айтып отургандарды имере карап, кызды чыдамсыз күтүп турушканда, дабышын акырын чыгарып, ак канаттай кылактап, чачындагы шурулары күнгө чагылышып, ак булуттай үлбүрөгөн, күндүн нурундай жүзү адамга жагымдуу, ак куунун канатындай жаркылдаган, шарактаган кыздардын дабышын угуп кандайдыр мемирөөлүлүк өкүм сүрдү.

Мына ушу адамдын суугун келтирип, зарыктырып жүрөк дегдеткен арзууга толгон көзүн кылгыртып, жаштык кумары термелип, күйөөлөгөн үйгө кирүүгө кыздын жүрөгү опкоолжуп, жүзүнө кан дуулдап, мууну титирей баштады. Эсенгулду да таңдантты. Маалкаткан сулуу кыздын жүзүн көрүүгө дегдеп, оюнан кетпей кызды көрүп сырдашууга сыздаган жүрөгүн сызылтып, арзыган жарынын тез келишин күтүп, башын өйдө созуп, эшикти карап отурду.

Суктанган кыздар, боз уландар баары кыздын тез келишин күтүп, чыдамдары кетип турганда, эшикти акырын ачып, күткөн кыз баш бакканда улага жактагы

жигиттер ордуларынан ата туруп: «Келиңиз бийкеч» деген ызаат айтып калган сөздөр кыздын кулагына угулбай, дуулдаган дабыштын сүрү менен кандай басарын билбей туруп калды. Баягы кара сур келин колтуктап, чыгдан тарапка жетелеп, өйдө өткөрүп кетти.

Төрдө олтурган күйөө болчу уул, буурчактай суусар кийип, мөлтүрөп жазы маңдай кызыл жүздүү кабагы терең, талаадай кең көкүрөк, ылаачындын көзүндөй балбылдап, көз оту адамды тике караткпай, сүрдүү көрүндү кыздын көзүнө. Дити таза адамдын жүзүнөн нур көрүнөт.

Адамдын сугун алган Таштанбек баатырдын жалгыз жүзүнө айнек кылып бир күн да боюна чаң жугузбай калкалап, эркелеткен жалгыз чырактай шам жарык берген кызы Анар эле. Босогодон аттаарда коркту. Ак куудай кашын карап үлбүрөп бир аз кылыксынып отургандарга учурашкандай белги берип, аста серп салып төрдө суусар тебетейин бир жагын кичине басып кийген жигитке башын ийе жүзүнө арзуу жумшак жылмаюу менен саламдашкандай түр билгизип, ууздай аппак колундагы билерик жаркырап көрүндү. Алтындан чегерилген билерикти көрүп, жүрөгү серп болуп, кыздын бир да сепкили жок булуттай аппак жүзүнөн таң куланөөк сүргөндөгү жарык нурдай толукшуп, күнгө чагылышкан булуттай нуру кызгылтым тартып кызарып, жайдын толугундагы жыпар жыттуу кызыл гүлдөй толукшуп турган учуру экенин байкады.

Алды-артына беш-бештен майдалап өргөн кундуздай капкара чачы согончокко тиер-тиймексен болуп, бүт денесин кымкаптай жаап турган жибектей кара чачы кулпунуп, боюна жарашып турган чачы сыйда, бир түрлүү сыпаа көрүнүп, көзү бакырайып, жан эриткен мээрман, жадырап жайнап жашоого кумарлуу, өзүнүн кадырын сезип, ар бир кыймылы сылык-сыпаа, адамдын ичин жылыткан бир тоту куштай, издеп тапкыс периштедей

бир жерди көгөртчү Анар кыз эле. Адамдын сугун алган, сулуу турпатын көргөндөр «аман бол бечара» деп алкап калчу.

Таштанбек бүт Тынай элинин акылга дыйкан, эр жүрөк, жоого тайманбай озунуп найза сунган, элдин камын ойлоп бүт өмүрүн элине арнаган, ар качан баатыр жолборстой жүрөктүү, оттон, өлүмдөн кайра тартпаган жигити болуп, эми минтип айыл ак сакалы, сыйда акылман карысы аталган эле. Кызынын тоюнда болгон улуттук оюнду бүт ойнотуп, эр ишине балбандарды сынап Эсенгулдун жигиттери менен беттештирип, эки айылдын балбан эр көкүрөктөрүн сындан өткөрүп, эр сайышка кимиңер камынасыңар, «бул кыз берүүгө Таштанбек кам көргөн той» – деп жар салышты. Сопу, Черикчилер келген күндөн баштап, салтанат менен башталган тамаша тойго келгендерди эч нерседен кемитпей турууга милдеттүү. Анткени даңкына, байлыгына чиренгендер, мал-мүлкүн чачуу үчүн той берет.

Таштанбек келген меймандарды ондон ар бир үйгө болуп жатты. Аттары чөп, жемден камсыз болуп, өздөрүн үч маал сый тамактан кемитүүгө болбойт. Баары камсыз болууга тийиш. Ошончолук көпчүлүктөн бир гана кичине кемчилик кетип, ыраазы болбой таарыныч айтылса, той берген тарап бүт кепке калып сынат. Ошондуктан той жетектеген билерман Таштанбектин агасы Карабектер камды катуу көргөн. Болгон эл көчүрүлүп, үйлөр Токмоктун талаасына катар тиктирилген. Ар бир үйдүн эшигинде үчтөн жигит, экиден келин кадыр-сый менен узатып турушту. Майда тамашалар аяктап, «эр сайышка эр көкүрөк ким чыгат» деп ырчылар жар айтты.

Эсенгул тараптан Жалгаш даярданып, катар отурган имере санагандардан кыбыла багытты бет уруп, сыңар тизелей калып «оомийин» деп эки колун арбайта жогору көтөрүп, жүзүнө тартты. Жалпы кары, жаш отурган ак сакалдуу акылмандар да колдорун бетине алып: «Оо,

жараткан, жигит пири Шаймерден колдоп, жигит пири кызыл жылооңдон кетпей, ата арбагы колдосун, оомийин» – деп бата беришти.

Жалгаш ордунан лып туруп, найзаны душман тарапка тике сунуп, бир орунга турбай ойт берген аргымакты шап мине калып, жайнаган жарданып турган калың топтошкон эл, токойдогу камышты аралагандай шуулдашып, көз албай «бул ким болуп кетти» дешип, кыйкырып сүрөөгө алып жатты.

Ортодогу башын кызыл жоолук менен белгилүү болсун үчүн чарт байланган Жалгаш баатыр, ойдологон аргымактын тизгинин жыя кармап теминге нде, ойдолоп жер чапчып шуулдап топту тегеренип чыкты. Эл көзүнө баш көрсөтүп, улам камчы менен камчыланып, этин ачыштырып, ат тыбырап ойт берип куу найзаны оңтойлото кармап, оозу өрөпкүп бир шумдуктуу сезгендей чыдамсызданып албууттанып турду.

Буга кандай уул бала беттешээр экен, ким чыгат?

Бир аз эл ичи дым болуп, унчукпай турушту. Ушунча элди күттүрмөк беле тамаша көрөлү. Бул жакта катар турган сакалдуу билерман, мыктылар тамак үчүн келди дейсиңби? Баары текши атайын хандан көз албай карап турушту.

Бир оокумда Карабектин алдына Чечей, Бекалы уруксат этиңиз «мага» деп таазим этип турду. Карабек сүрдүү өңү өзгөрүлүп сумсайып, уруксат этери менен же башка баатырды күттүбү үн чыккан тарапка кулак төшөп, мостоюп сурданып суз карады. Найзага озунуп ат ойноткон азамат уулга көңүл буруп турду. Бир топ убакыттан кийин: «Эркек азаматыңар болсо чыккыла. Коён жүрөктүк кылсаңар, башыңарды ылдый кылып боюңарды жашыргыла да, байгесин бергиле» деген үндөр абаны жарып жатты. Таштанбек:

– Бул эл эмнеге шашылат, баатыр аттангыча күтүшсүн! «Байгесин өзүлөрү алды» дебейби. Сарбагыш-

тан башка элден чыкса түзүк болот эле? – деп үнүн бийик чыгарып, боюн керип тегерекке көз кырын салды. Сопу, Черикчилер да туура дегендей каштарын серпип жылмайышты. Карабектин да дити агарып, ниети жылып көңүлү өстү. Жалгаш баатыр оозуна аттын кылынан кычырата тиштеп, ат ойнотуп элдин көзүнө көрүнүп жатты. Бүт Тынай элинин зоболосун көтөрүп турду. Бир оокумда кабагы жарык, багы ачылып турган Эсенгулга бактылуу жүз менен:

– Күйөө, сиздин баатыр го? Беттеп эч бөтөн элден чыкпады. Эми өздөн чыгарсак, байгени өзүлөрү алды «сары багыштар» – дейт го деген бүдөмүк ой турат. Аңгыча:

– Мейман, бир жагы күйөөнү «пайгамбар» кадырлаган. Уруксат этиңиз – деп Шааболот сыңар тизелеп олтура калып колун бооруна алды. Карабек бир аз көз жүгүртүп, олтурган ордунан тура калып:

– Сен кимсиң? – деди. Тиги жигит, көзүн албай тике карап:

– Саяк, Кулжыгач уруусунанмын! – деп көзүн тикирейте карады.

– Мурунку Бекалынын шагын сындырдым, болуптур «жолуң ачылсын!» деп колун жайды да: – Эр азамат намысты кетирбейт «оомийин» деп уруксат этилгенден кийин, көзү ойноктоп ат ойноткон жакты дагы бир карап алып, жүрөгү дүкүлдөгөнүн өзү да сезбей, бою титиреп кетти. Эрдин тиштенип, кийингенден кийин атка лып минип, найзаны колуна алып, элдин кобураган батасынан кийин коштогон киши менен майданга бурулду. Кыл баскан эрдин тиштенип, түз эле атынын оозун коё берип, майданды бир тегеренип келген соң, атынын оозун жыйып, колтукка согончок менен ныкып, алдын бир карап койду.

Карап турган элдин арасынан: «Эй, бул баатыр ызырынып, адам эмес тоону кулатчудай» – дешип кобурашты. Көз албай баамдап тургандар, баятан бери чуулда-

гандар дымып, унчукпай калышты. Корккон табалап, ачуусу келгендер, айтылуучу ушактар, чегинен ашып камышка тийген жаачыдай, кобур үн дуулдап жатты. Төш таяна кыйшайып, тебетейлерин калдайта кийип, чыканактап жаткандар, ортодогу эки баатырдан көз албай, тикирейе тиктеп бейпил карап жатышкандар аз эмес. «Ой, туугандар, көп топурабай алыстан карасаңар деле көрөсүңөр! Чырдашпагыла, той тынч өтсүн. Ошончо айбат, сүр болбой коёбу. Найзага чыккан адам күлүп чыкчу беле? Найзага жан кечти адам, жанын оозуна кармап чыгат» деген сөз айтылды.

Эки баатыр намыс үчүн чыгышты: – Жүрөгүңдү токтот, найзага чыккандар кекиртекке найза тийип, эр майып болсо айып тартат. Ийинден ылдый сайып аттан кулап майып болгону кунсуз. «Жеңген баатырга төө баштаган эки тогуз. Калың журт угуп ал» – деп, элдин баш-аягына кайталап жар айтылды.

Котологон эл жылчыксыз темир тор болуп жарданып көз ирмебей карап турушту. Көздөрү ойноктоп, талаадагы эки баатырга кээ бир чукул сунгандарынын ичтери туз куйгандай ачышып, өмүр же өлүмдүн ортосунда деп, өңдөрү бузулуп кээ бирөөлөрүнүн ооздоруна: «Ия, Алла, сактоочу болсоң сактай көр» – деп Кудайга сыйынып, жакаларын муунбагандай кармашты.

– Оо, эр-азаматтар «адам туулганда жыпжылаңач бүт ааламды башкарам деп бакырып келип, кетээрде кайра жылаңач бойдон эч турмуштун үзүрүн көрбөдүм деп кейип кетет» – деп, сакалы белине түшкөн ак сакалдуу кары, каргылданган үнүн чыгарып айтты. «Намыс» деген эрлер, кыл чылбырга башын байлайт. Адамдын боюн пас кылганы, кымбатка турат. Бул кур намысты кетирбеш үчүн, эки ооз айтылган сөз көңүл жибитсе, ал жетиштүү каниет.

Эки азаматтын аттарынын туягынан түтүндөй шуулдаган чаң асманга учат. Найзаларын бет маңдайга

тике сундуруп көз ирмебей качырып, көздөрүнөн от күйүп кайра-кайра катуу беттешип, найзалар карс тийгенде аттар баспай калып жатышты. Аттар түтүндөй чубалып туяктан учкан чаңды илештирбей, эки баатырдын ачуулуу тик көздөрү бири-бирине кадала түшүп жатты. Тизгинди тарта кармашканда, ат кош аяктай берип токтоно албай бурулуп барып кайра оңолуп, абага шоола берип турган ак булуттай найзалары тике мелмилдешип келатканда, ыгы келе калдыбы, Жалгаш ээрге өбөктөй калып, катуу күү жана күч менен «төштүн ай балкасына» деп найзаны бекем нык сайды. Найза тийгенде Шааболот баатыр аттан топтой ыргып, бир канча жерге буйдаланып барып, бир аздан кийин сенделип тура калды. Бийик бөктөрүнчөктүү жээрде кашка ат, четке желип кош куруп чыга берди.

Айылда жылкы айдап, кымызга ыксырап, жылкыдан тандап минип жел өпкөлөнүп, өзүнөн башка балбан жоктой сезип, келбеттүү адамдарды өзүнө теңебей «ушу да жигитпи» деген узун өпкө, бекерчиликтен урунарга тоо, урушарга жоо таппай, кээ бир катар бастыргандарды аттан оодара эңип чатакты чыгарып, өзү оозун кере каткырып, күлкүсү таш жарып күрөштү, эңишти эңсеп, өз чөйрөсүндө өзүнө тең келчү эр көкүрөк жигит жоктой сезген Шааболот баатыр, найзага туруштук бере албай чаң, топуракка жуурулуп турду. Мына ушул учурда дуулдаган кыйкырык чуу тып басылды. «Оо, кокуй, бул ким?» – дешип көз албай тиктеп тургандар, таңдана карап улам обдулушуп, ат үстүнө тура калышып, муундары титиреп чый-пыйы кетип таңданышты. Ат үстүндөгүнү: «Бул кайсыл эр көкүрөк болуп кетти?» – дешти. Жердеги аттан түшкөнү ким болмок эле узун өпкө көйрөң болот да, сенин Шааболотуң! Улуу кубаныч менен коркунучтар кылтылдап турганда, о койчу Шааболот эки эрди сайчу эр эле, ооба төрт эрди оодара

сайып өзү чаңда сенделип тура албай турат. Дагы кудай де, буту үзөңгүдөн чыгып кеткенине.

Оолак, элден өзгөчөлөнүп турушкан калың билерман арасы, кыймылсыз суз карап калышты. Бир аздан кийин дүңгүрөтө ураан кыйкырып чуру-чуу болуп ат койгон элге жеткирбей Жалгаш, кыйкырык сүрөөн менен элден озуп катуу келе жатты. Шааболотун чукулуна санагандары ээн талаадагы таз күмбөздөй мисирейип катып турду.

Кулактарын жапырып, мээ каңгыткан айкырык чуу, куюндай сүрөөн менен Жалгашты алып өтүштү. Жарчылар заңкылдашып, жамакташтыра ыр кылып: «Оо, калың эл кулак сал, күндүк жерге ат айдалат, сүрөөн болбойт. Ат кошкон ортодон ат сүрөгөн айыпка жыгылат. «Укпай калдык» деген өктөм сөз чыкпасын! Чылбырдуу ат байгеге кирбейт, тамаша шаан-шөкөттөн башкасы баштала берилсин» деген жар айтып өттү.

Тез камдагыла, чай кайнамда күлүктөр чубатууга чыксын! Жер алыс. Саяпкерлер демиге ылдамдап, күлүктөрдүн ээрин оңдоп токушту. Көкүлүн түйүп, жабууну алып четтетти. Жакын санагандар, катар туруп айбан малдын багын Кудайдан тилеп, «жолу ачылсын» деп, баталарын беришти. Сыналган күлүктөр ар кандай каз моюн болуп тирелип, көздөрүн албай чубалган аттарга өздөрүнчө баа берип, бири тулпар, бири күлүк, аткан ок жеткис болуп жатты. Аттар айдалып кетти! Бир топ убакытта эрбейген бир күлүк келип, улам чукулдаганда жалгыз караан озуп чыкты, ураан «Тынайлап» бакырып келе жатты. Бул күлүк Таштанбектин чулук тулпары кула кашка. Бир кулагы чулук. Албуттанып бута атым аттардан озуп келди. «Көпчүлүк орундуу байгени манаптар өздөрү алды» деген ушак угулду. Сайышка өздөн чыкты, аны да токтотуп саяктан түштү «же мен чыгам» деген кебиңерди укпадым. Күлүк болсо силердин атыңарды тушап коюп, бизди жолдон кошту

деген күмөнүңөр болсо, ачык айткыла» деп катуу үн менен кыйкырганда, солто Түлөберди:

– Ой, бул кепти эркек айтпаш керек, «байгени өзүлөрү алды» деген кеп аялдын сөзү. Күч менен эрди, күлүк менен адам малды сынайт! – деди. Эмки оюн аркан тартуу! Тартып берсин – дешти. Аялдар бир ооздон:

– Ой, койсоңорчу ?! – десе, эркектер болбой атказа берди. Карабектин аялы:

– Эмине экен! Бүт оюнду баштап, аял менен эркектин бир канчалык жолу болот. Ар бирөөнүн өзүнчө жыргалы, таалайы, жаркыраган күлкүсү бар. Кээ бирөөнүн шору, адамдын жалгыз азабы, оору болору анык. Биздин кыз жыргап барсын, жакшы күйөөнүн бүт ою башка болгону менен дити бир. Сыйдын чеги болот, ал эми сүйүүнүн чеги болууга мүмкүн эмес. Күйөө шашып жатыптырбы? Шашылганда бир күн чыдасын. Кыз отурбайбы, жаркыраган чолпон жылдызды кайдан издейт экен? Бышкан жемиш шагында турбайт. Кызыбыз анардай бышып гүлкайырдай жайнап турган убагы. Болуптур оюңду башта, эртең аттанышар! Аркан тартуусу терең ор казып, түбүнө казык кагып, ошол казыкты жулуп чыкса кыз колдон узайт дешип, орго бек кагылган казыкты жулуп чыгыш үчүн Эсенгулдун жигиттери эки-үч сыйрадан аракет кылышып, эч кыймыл жок жарданып, шылдың катары күлкү намысты кетирип бир казыкты жулуп алыша албай, ушунча кыйын иш болуп, айлалары кетип турду. Обочо дөбөдө Таштанбек, Сопу, Черикчи, Карыбек кадырман кудалар өздөрүнчө кобурашууда. Намысы келдиби, Эсенгул «атты алып келгиле» деп, ордунан ачуулуу турду да, кабагы салыңкы:

– Иштин башы кандай түр менен башталса, аягы ошондой болгону жакшы. Алтын баш аман турганда кеп болуу, намыс кетирүү бул уят. Ал эми уят болуп, тирүү жүрүүнүн кажети жок – деди. Аңгыча ак боз аргы-

макты Садыр туура тарта берди. Ызы-чууда, кымгуутта албууттанган боз аргымакты Эсенгул мингенде, турган ордунан тыбырап кетти. Ачуусубу же башка ою барбы өңү өзгөрүлүп, элден башка көрүнүп бастырып келип:

– Берчи арканды?! – деди. «Сиз жөн эле коюңуз» – деп бир топ жигиттери чурулдап жиберди. Баатыр үнсүз жипти үзөңгүнүн алдынан алып, ээрдин кашына арканды бек орой кармап атка камчы салганда, дайыма элден озо жүргөн ак боз аттын төрт аягы тыбырап, катуу сүр күч менен жуткунганда, аркан кыймылсыз. Эсенгул дагы темингенде ат чөгөлөй түштү. Баатырдын суусар тебетейи башынан ыргып жерге тегеренип барып жатып калган кезде, Таштанбектин Туратбек деген нооча бойлуу уулунун жигит курагы, чар көпкөн кези эле. Ал эч себепсиз эле Эсенгулду маңдайга тээп ийди. Ушул кезде казык суурулуп, жерди омкоруп кетти. Эсенгул жер таяна калып, маңдайына тепкен жигитти бир ата тиктеп, ордунан турду.

Ошол учурда кырда олтурганТаштанбек чуркап келип:

– Урчу кудай урду, ээ?! Мунун маңдайын сылай албай жүрсө, тебет деген эмине! Кокуй Эсенгул балам, бул да менин балам, зарыгып жүрүп көрдүм эле. Кечир, асыл элең, кенен элең! Кызың менен жерге кир, аткар тез! Балам, ырайым эт! Урчу кудай урду! – деп зар какшап, ыйлап ийди. Эсенгул:

– Эч нерсе эмес! – деп үч жолу айтып, Анарды алып жүрүп кетти. Туратбек кечки күн батаарда чыдабай жатып, үзүлүп кете берди. Ошондо Таштанбек «айтпадымбы, жыланач кызыр жанында турду, мен көрдүм, бетинен сылай албай жатса, бекер тепти» деп зар какшап, баласынан айрылып кала берди.

Ошол Анар алты уул төрөдү.

1. Куттуксейит; 2. Кубат; 3. Абдырман; 4. Шоорук; 5. Карасарт; 6. Ныязбек. Алгылыктуусу Ныязбек.

Эсенгул төртүнчү аялды Арык тукуму Итбоктун кызы Асылбүбүнү алып, бул аялынан Базаркул, Назар деген эки уулдуу болду. Назар эр чыгып, бийлик талашат. Атанын, ага-туугандардын кебин укпай өткүрлөнөт. Күндөрдүн бир күнү айылдагылардын «зордоп, алганын бербейт» деген сөз айыл аксакалдарына угулат. Назарды тыйгыла же уруксат этиңиздер. «Биз тартипке салабыз» деп айылдагылар Черикчи, Сопуларга айтышат. Сопу, Черикчи, Байбөрүлөр алдынан бир өтөлү дешип, Назарга келе жатышты. Назар буларды анча жактыра бербей кабыл алды. Алгач Сопу сөз баштады:

– Айылдын ич ара нааразылыгын атаң чечип, элдин баары атаң Эсенгулга моюн сунуп тынчтыкты каалап жатышса, сен атаңа каршы болосуңбу? Элде эмне күнөө? Шордуу адамга бакыт жыргал келечек алыс көрүнөт. Ал эми кырсык чукул, сен өз элиңе өзүң азап каалайсыңбы? Андай болсо ачык айт. Назар элиңе өктөм оюң бар, элде не айып, же сени бузган бирөө барбы? – Назар ушул сөздү күткөн белем:

– Менин өз элиме эч жамандык ойлоп, атамдан бийлик талашууга кантип бет чыдайт. Кырсык жалгыздап келбейт. Мага эл нааразы болушса, ким чукул кас душман экенин башка кыйын иш келгенде же бир бакыт ээрчигенде сеземин. Ичи арам, ниети бузук адамдардын колунан айбан эшек дагы чөп жебейт! Менден атама салам дуба айткыла. Мага жер бөлүп берсин, кайсы жерден уруксат берсе, мен ошол жерди ээлеп, элин өзүмө имерем. Башка айтар кебим жок. Ушуну сурап бергиле! – деди.

Сопу:

– Болуптур биз айталы атаңа, сен элге үстөмдүк кылганыңды ташта – дешти.

Эртеси Сопу, Черикчи, Байбөрү үчөө катар бастырып, Эсенгулдукуна келишип, эсен-соолуктарын билишкенден кийин Сопу Эсенгулду түз карай берди да,

бир аз ойлонуп кейигендей ичтен сызып, акырын кеп баштоого башын өйдө көтөрүп:

– Эсенгул, кээ бир айыл арасындагы бирин-серин күтүрөгөндөрдүн кесири тийбесин деп, кеңешкени сага келдик.

– Ал кандай кеп? – дегендей Эсенгул түз карап ормоюп, Сопу менен Черикчи бир жаман кабар айтабы дегендей карап калды. Байбөрү жер карап кирпигин кыбыратып Черикчини карап, айтылган кепке кулак төшөп тымпыйып отурду.

Черикчи бир аз өкүнгөндөй:

– Биз элден келгенибизди өзүң да түшүнүп тургандырсың? Элиңдин арасы бир аз тынчсызданып жатат. Жашоонун жакшы жагын кармасак болот эле. Сокур адам ташка мүдүрүлүп жыгылып, эти ооруса өзүнүн майпарлыгынан көрбөй, кыймылсыз жаткан таштан көрөт болуп, өзүнүн колунан келеби-келбейби уулуң Назар: «Элди мен башкарам, эгер элди бийлетпесе энчиге жерден, элден бөлүп берсин. Эгер бул эки шартка көнбөсө уруксат берсин, кулак угуп көз көргүс жакка жоголом» – деп бизди жиберди.

Эсенгул бир аз сездене ой басып, катуу бир нерсени айтып ийчүдөй уюп жаткан жыландын түрүндөй түнөрүп отуруп:

– Назар эл башкара турган каруууга келип калса, анда Адигиненин балдары жашаган Азирет аппак аскалуу тоо, аяк башы көз жеткис мелмилдеген талаа, ошол кең өзөнгө барып кыргыз, кыпчак деген көп элди бийлесин. Атанын даңкын чыгарып, уул болушуна мен ыраазымын. Ойлонуп иш кылсын! Элди бийлеп, кадырына жетип, элдин убал-сообун милдетин мойнуна алып, элге уул болуш бул баарынан кымбат. Кээ бир колунан жакшылык келбей, өзүн күзгүдөй таза адилетмин дегендер бийликке жеткенде абийирдүү болсо, башкалардын начар жагынан, жакшы жагын тез байкап, анын тагдырын чече билип өзүнүн акыл-насаатын айтат. Ар адам-

дын бирден кыялы болот. Ит үрөт, карышкыр улуйт, молдо калп айтат. Таланттуу кең пейилдүүлөргө асмандагы чолпон жылдыз да болгон жарыгын тийгизет...

Эсенгул жүйө сөздү кагып жөөлөп өтө албай, өз баласы «элге тутка болом» деп арага киши жиберип жатса, тетириленгени бул туура эмес. Ошол күнү эле чакыртып келип, Назарды жумшак жүз менен имере карап ойго батып, бир аздан кийин көзү чоңоё түшүп: «Оо, бул уулумдун көзүндө оту бар экен го» – деп Назардан көзүн албай, дагы бир жолу имере карады да:

– Уулум, оюңа бир нерсе келип турат ээ? – деп жылуу жүз менен имере карап:

– Назар сенин энчиңе менин берээрим Адигиненин балдары, кыпчак элине барып бийлик жүргүз! Эр азамат бийликке жетүү үчүн акылы, жөндөмү болуш керек. «Кана, жолуң ачылсын, Назар, ачтан сак бол! Элге аттай арка, тоодой медер болуп жигит пири Шаймерден жылооңдон кетпесин, оомийин!» – деп бата берди. Назар:

– Ата! – деди ордунан ата тура калып.

– Мен сизден суранам, менин баштаган ишим өтө кыйын. Жети атам бир бастырып назар салбаган тааныши жок эл, жерди мага энчилеп, маңдайыма жаздыңыз. Бирок сизди жылаңач бешикте ээн талаадан сактаган кайберен. Сиз уруксат берип, кол жайып, бетке бата тартылгандан соң менин бул жерде токтолуп турушум болбос. Азырынча иш кыйын! – деп бир аз ойлоно калды да:

– Бирок мезгил меники. Кудай буйруса мунун өтөөсүнө чыгам. Көл, дайра дайыма жер серпип чайпалып турбайбы. Көлдү катуу соккон шамал толкутат. Элди имерип, өзүмө баш ийдирип, башкаруу милдетим калды. Бир үй-бүлөөнүн ортосунда дагы бири-бири менен келишпес өктөм чыр болот го? Кымындай ич ара наразычылыкты бүлөө башчысы териштирип, калыстык айтып элдештирет. Анан иш оңолот – деп, башка сөз айта албай олтуруп калды.

* * *

Күн аздап эригенсип кызыл тоонун башына жайылып калган убакта Назар бир топ жигиттери менен аттарын алчаңдата катар бастырып бара жатышса, сары журт көчү көгөрүп, кенече казылып калган куу казыктан башка көзгө көрүнчү эч нерсе жок чөптөрдү шуудуратып, көп басып тепселип чаңга айланган такырдын чаңын үйлөгөндөй майда жел сызып бетке уруп турду. Бул жердин эли өйдө малга жайлуу, оттуу жерге көчүп кеткендей. Деги айылдын эли кай тарапка кетишти болду экен? – деп жайлуу жай издешип бир аз жүргөндө, шаркырап аккан көк кашка суу жашылданып, шамалга ыргалып турган чөпкө, таза абага магдырашып «жер болбосоң коё кал» деп аттан түшүп, эки тарапка көз чаптырып карашып, аттарды тушап отко коюшкан кезде:

– Көчтү ушул жерге түшүргүлө! – деп Назар эки жигитин ээрчитип, дагы жер чалып бастырып кетти. Жергиликтүү көпчүлүк эл: «Назар деген айылга элиңерге эл, жериңерде туруп ага-ини тууган болушалык деп келиптир» – дешип Назарга бири-биринен угуп келип учурашып жатышты. Ак сакалдуу карылардын келишин урматтап тосуп, Назар «бул айылдын башы билермандары ким болду экен» деген ой менен элди кыдырата карап алды да:

– Ага, ини туугандар, мен бир аз туугандарым менен элиңерге эл, бир тууган бололу деп көчүп келдик. Атым – Назар. Эсенгулдун уулумун дегенде сакалдуу карыя:

– Келген жакшы Назар баатыр! Элге, эл келген жакшы кеп, айылыңдан киши кетиши бул өтө начар иш. Биз деле Адигиненин балдарыбыз. Арабызда сол канаттан саруу, кушчу, кытай уруулары бар. Булар деле Таластан көчүп келишти – деп, Султан карыя жылуу жүз менен карады да:

«Түзү жылуудан түңүлбө» деген кеп бар, жүзүң ачык дитиң ак, колуңдан көп жамандык келчү түрүң көрүнбөйт, маңдайың жарык түзүк уул экенсиң, өмүрүң эле узун болсо эле болду – деп, Султан сакалынын учун кармалап койду.

Баятан бери ойлуу карап, башкалардын кебине көп кунт койбой башын акырын ийкеп шакылдаган сагызгандай жоор аңдып отурган кузгун сыңары ичи тар, ниети бузук, көк ала сакалын сербейтип, көзүн ач күсөндөй тикирейтип баамдап: «Оо, бул кайсы жактан келди экен, өз эл-жерине батпай сандырактап мында жан айласы үчүн келген соо жигит эмес. Кишинин кунуна калып куугун жеген жан эместей. Мунун сөөлөтүн жазбай отурган, турганын кара» – деп күбүрөп, ичинен уюп жаткан жыландын уясынан заары төккөн кара чаар жыландай эчтекеден шек алдырбай, сары сакал киши олтурду. «Эшек мас болуп оолукса, алдындагы жемин сыйга берет» дегендей, алы жоктун арымы кыска болуп даап үнүн сыртка чыгара албай турду.

Күнүгө өзөн бойлоп, самсып атчандар өттү. Эшекчени эшегин минип кыдыңдатып бир булактын башына кулач жеткис узун бутактары жайылган, чоң жалгыз түп терек бар. Тигилер бул түптүү терекке келишип, бактын талына чүпүрөк байлап сыйынышты. Бул жер – мазар. «Бул чоң терекке катылган адам эч жакшылык көрбөй, азап чегет» дешип, жума күндөрү мал алып келишип канын суугa агызып мууздап, бүт эл сыйынган «касиеттүү кайып көл» деген жер. Муну уккан Назар бир күнү барып көпчүлүккө:

– Силер бул теректи кадырлабай эле койгула, мен бир топ күндөн бери келип байкадым. Эч кандай нерсе, шек билинбейт! дегенде, бул сөздү угуп отурган кадырман айыл аксакалдары Назарга ачуусу келгенсип, бир ооздон:

– Сен бул кепти бизге экинчи айтпа! Эгер дагы бул сөздү кайталап, биздин ата-бабабыздан бери кадырлап, сыйлаган касиеттүү кызыр колдогон мазарыбызды сен алдагындай кебиң менен мазактасаң, биз сага тийишпейли, сен бизге катышканыңды токтот! – дешти. Назар сөз укпаган адамдай:

– Мен силерди арзып, киндик каным тамып, туулуп өскөн жеримди, агайын бир туугандарды, ата-энемди кечип силерге эл, ага-ини бир боор болоюн деп, силерди кас душмандан коргоп, катылган жоодон өзүм коргоп асырайын деп, жигиттеримди ээрчитип көчүп келдим. Негизи Адигине менен Тагай бир тууган. Мен Тагайдан тарасам, силер Адигинеден тарадыңар, туурабы?

Бир боор элбиз да. «Аттардын башы ооруса жол жээктеп жатат болуп» эми мени силер кодулайсыңарбы? Жок, мен силерге баш уруп көрүнбөйм. Мен силерди баш ийдирип, бийлик жүргүзөм. Эгер моюн бурап, тетириленгениң чыккыла жарагыңар менен. Мен силерге моюн сунам, же силерди баш ийдирем. Ачык сүйлөшөлү. Ачылган абийирди жибек менен ороп койсоң да, ачык бойдон кала берет.

Өмүркан башын ийкеп отурду да:

– Назар, сенин бул айткандарың оюнбу же чыныңбы? Баатыр кече эле көчүп келип, бүгүн «элди башкарам» деп оолугушуң өзүңө туура келсе, бизге туура иш эмес. Биздин элде да сага окшогон, узун өпкө оолукмалар бар. Сен тилиңди тарта жүрбөсөң иштин арты кандай болот, аны да байка. Байкоосуз өрт чыгат, ал өрттү кандай өчүрүш керегин ойлонуп көрүш керек.

Назар кабагын чытып:

– Мен силердин андай шартыңарга макул эмесмин. Мага карата өрт чыгара турган болсоңор, менин да издегеним ошол. Чыр кагылышуу болбосо, эл бир пикирге келбейт. Уруш болмоюн мага да бийликке жетүү кы-

йын. Султан, Бекалы, мында отурасыңар. Чабышчу жайыңарды айткыла, мен даярмын!

Султан эрдин тиштеп, өңү өзгөрүлүп, жүзү капкара болуп ыза болгондой оор улутунуп, көзү жашылданып кетти. «Бир кыялы мейли» – деп, эртеңки болучу иш көз алдынан өтүп, уруш болсо эл зыян тартат. Бул жан кечтиге баары бир деп, жаман түштөн чочуп ойгонгондой, начар ойдон бир силкинип алды. «Аңкоо, кенебеген кең пейил базарга барды дегенде шылуун, алдамчы, алып сатар олжого батты» дей бер. Өмүркан Назарды тик карай берди. Чалдын бул карашында ачуулук сезилип турду. Колунан келсе ичинен кайрып, тирүүлөй азууга салып чайначудай ичи тарып жек көрүп отурду.

Султан сенин айтканыңдай иш ордунан чыкпай калса, элге бүлүк саласыңбы? Элге кара кылды как жарган калыс, кең пейил, адилеттикти көздөгөн, эл үчүн жанын, болгон мүмкүнчүлүктү тартынбаган киши керек. Наадандар менен адептүү адамдарга бирдей калыстык кылуу абзел! Ошондо гана эл анын артынан ээрчип, төбөлөрүнө көтөрөт.

Мен силерден акыл, кеңеш сурабайм, өз акылым өзүмдө. Душман капыстан келип айылга чуу салса, мен жалгыз жабыр тартат белем, дагы көрө жатарбыз деп, оң колун жаңсап койду, Бул кол жаңсаган кеткиле деген белги болучу.

Ошол замат отургандар бири-бирин карашып, үндөр тып басылып Өмүркан тобо келтиргендей:

– Бул тик көз сарбагыштын ыргыткан ташы алыстап турат. Жоо чапкырдыкы, бул тик көз эл тынч, бейпил турганда эле чабыш, уруш, бүлүнтүүнү айтып турат. Элди дүүлүктүрүп, кайда алып барат? Кимдин алдына чөк түшүрөт. Турмуштун түрү эки анжы болуп турат. Эки жолдун айрылышында кимге, ким үстөмдүк бийлик кылат. Бул жан кечти Назардын ташы козголуп

калганбы дешип өздөрүнчө сөзгө келбей отурушуп, унчукпай жылып кетип калышты.

Назар эртең менен Капар деген жигитин ээрчитип, мазар терекке келип:

– Катуу кыйынчылык болбой, бакытка жетпейсиң. Сен азыр эл кадырлап сыйлаган мазарын кырк. Бул кыйылгандан кийин кимге баш уруп сыйынышар экен? Жамандын өмүрү кыйналып өтөт. Арамзалар «куулanam, элди алдайм» деп аяп жардам көрсөтсөң, кайра өзүңө тырмак салат, куу мышыкка окшоп. Арамза, куунун колунан кыйды эшек чөп жебейт. Ошондуктан «жамандык ар кимдин колунан келет» деп сүйлөп, Назар: «Кый теректи» – деп, Капарга катуу тапшырма берди. Капар мазар теректен чочулап, балта чабуудан ыйбаа кылып, тарткынчыктады. «Кийиз токмок күчтүү болсо, темир казык жерге кирет» болуп Назардан коркуп терекке балта чаба баштады. Назар бир кезде:

– Калганын бүтүп кел! – деп бастырып кетти. Бул кабар тез айылга тарады. Уккан эл самсып келип таңыркап: «Бул теректи жыккан адам соо болбойт» – деп карап турду. Бир кезде сакалдуу карыя:

– Ой, шордуу, бул мазарга тийдиң сенин эми укумтукумуң бүт куурап, өзүң өлөсүң! – деди. Капар:

– Кыяйын дейм, мазардан корком, кыйбайын десем Назардан корком. Менде эч күнөө жок – деп, актанды эле тиги киши:

– Амалың жеткен экен, өзүң келип мазарга кол тийгиздиң, бекер иш болду – деди. Аңгыча селдесин калдайтып, этегин кымтылап сакалдуу имам келди. Бир аз убакыттан кийин терек качырап барып тоо кулагандай калкып келип, күп деп жыгылды. Илинген чүпүрөктөр желге желбиреп, көзгө комсоо көрүнүп турду. Калың эл колдорун көтөрүп, жакаларына муунбагандай кармап, тоболоп таңданып карап турушту. «Амалы жеткен куу сагызган, өзү барып урунду, бийик өскөн талга» – де-

шип эл тарап кете баштады. Айыл бүт чуулдап таң калып: «Бул кызыталак келип өзү бир балаага жолукмай болду, ой силердин эмнеңер кетти» – деп Өмүркан:

– Болору болду «бизди башкарам» деп өзү кырсык таап, артын карабай бир күнү көздөн кайым болот. Эч үн катпай кете бергиле – деп, Өмүркан айтканда эл тарады. Назар: «Булардын мазар тереги кырсыктап жок кылса, мени жок кылар. Аягы кысканын арымы кыска, таш бакага таш жапса да баары бир, мага да баары бир, көрө жатам» – деп, бакты кыйган Капар бир күнү: «Мазар терек эмне болду экен?» – деп байкайын дегендей басып келсе, ырайы суук жыландан чоң бир нерсе кыймылдагансыйт. Коркуп артка басып келип Назарга айтат. Назар атын минип келип, алыстан баамдап караса, кудум ажыдаар өзү жатканын байкады да, кайра изине кайтып, убакыт өткөрүп улам келип, алыстан байкап жүрдү. Бул шумдукту эл көрүп: «Жан алгыч, чукулдабагыла, Назарды сорсун» – деп бүт эл бөлөк өзөнгө көчө качышты. Айылдын кеткенин көрүп Назар мылтыкты октоп, жигиттерин алыстан көзөмөлдөтүп, өзү тетири жагынан айланып келип дүрбү салса, көзүнөнбү, оозунанбы от күйөт. Байкап отурса кырандан чубаган кийикти оп тартат, кийик куюндай чимирилип келет, буйтактатып жутат. Бир топ убакыттан кийин чалкасынан оонап жатып уктагандай кыймылсыз болот. Назар учурдан пайдаланып, мылтыкты окчо кармап, чукулдап келип уйкуга кеткенине көзү жеткенден кийин дагы чукулдап жылып, оңтойлуу жерине келгенде маңдайга мылтыкты мээлеп туруп, машааны шашпай тартып иет. Ок тийгенде ажыдаар бир оодарылып, анан катуу чаңырык чыгат. Назарга жер солкулдагандай, чуудан чаңырган заар үндөн кулагы тунуп, эч нерсе сезбей көмкөрөсүнөн жыгылып, кыймылсыз сулк денеси титиреп эсине келбей жатат, көп убакыт жатып, бир оокумда көзүн ачса, күн эбак баткан. Караңгы түндүн кучагында

жаткан болот. Башы айланып, деңгиреген бойдон ордунан туруп, там-туң басып байланып турган атына барса, аты корккондой элеңдейт. Анын кан сийгенин көрүп, бүткөн бою калчылдаганын сезип, үйүнө барып «аксарбашыл» деп мал союп, эч ким менен сүйлөшпөй жатып алат.

Бул окуя айыл ичине укмуш болуп угулат:

– Капырай, бул сарбагышка теңелүүгө болбой калды го? Элди катуу мүшкүл, кыйынчылыктан куткара турган эр азамат, баатыр жигит экен го! Мунун соруп, «ит абийирибизди кетирмек» дешип айыл аттуу-баштуулары Назардын үйүнө келишти. Буга чейин атайын барып ажыдаардын түсүн, келбетин, сүрүн көрүп, ичтеринен тобо келтиришип Назардын эр жүрөк, айлакер баатырдыгына баа беришип, баштарын чайкап таң беришкен. «Эр жигит» – деп ушуну айтыш керек. Атадан ушундай уул бала туулса, атаңдын көрү деп, кызыгуулары арткан. Султан менен Өмүркандар баш болуп, аттан бурала түшүп, Назарга таазим этип, кош колдоп кол сунуп учурашып, болгон ишти ортого салып айтарга кеп таба албай, карап турган эр уулга Султан муңайгандай жай кеп салды:

– Элирген билерман баатырлар? – дегенде, эл арасы шыбыр-күбүр тартып басылды да, акылдуусунган эр азаматтар, айыл аксакалдар көкүрөктөрүн көтөрүп үн катпай кулак төшөп туруп калышты. Султан Назарды бир карап алып, көзүн сүзө сөз баштады:

– Силердей ага-инилердин бүт караламан элдин тагдырын асырап, эч адам баласы тик бакчу эмес эле. Элдин мал-мүлкүн карандай соруп, жок кылчу душманды эч бирибизге акылдашпай же жаныңа жолдош албай өзү жалгыз мерт кылган эр, өз денесин өлүмгө тосуп, элди аман асырап калган чыныгы адамдын сырттаны Назарга баш иели. Экинчи «Назардын айтканын эки кылуу» деген ал Кудайдын каарына калган жек көрүм-

чү болсун! – деп, айта турган сөзүн таппай калды да, анан кайра башын өйдө көтөрүп:

– Элге башчы зарыл, адилет өкүм жүргүзүүңүздү калың элиң каалап, баш уруп келип отурабыз.

Назар ушул нерсени элден күткөн. Бир саамга үн катпай туруп:

– Оо, ага-ини бир боорлорум!? – деп үнүн бийик чыгарып:

– Буга чейинки кепти өзүңүздөр билесиздер. Мага баш ийип, айтылган сөздү эки кылбоо үчүн убада берсеңер, бүт баарың кайра мында көчүп келгиле! Алыстагыларга кабарлап, чогултуп ак боз бээ союп, мага бата менен баш ийгиле! – деп, шартын айтты. Бул сунушту туура көргөн эл жакшы маанай менен тарап кетишип, айтылган күнү бүт эл жыйылып келип, Назарга бата беришип, эл башына башчы шайлап алышты.

Мына Назар эл агасы, журт башы болуп атанын берген элине, жерине ээ болуп калды. Айтканын эки кылбай баш ийбесек болбойт экен. Кимибиз каршы сөз айтарбыз. Баарыбыз баралы. Чогуубуз менен айталы: «Өлкө эл керек болсо бизди асыра, эки катуу кыйын ишти басты, жалгыз өзү. Бул болбосо Ажыдаар барыбызды эмне кылмак» – деп, баш ийүүгө макул болушту.

* * *

Эсенгул казакка барып келе жатса, бир топ кыз-келиндер сейилдеп тезек терген болуп, көңүл ачып жүргөн болот. Эсенгулдун сол тарабында келе жатып Садыр бир нерсени байкагандай:

– Баатыр, көңүлүңүзгө туура келсе, тетиги ортодогу шөкүлөчөн кызды байкап көрүңүз. Бул жарык дүйнөдө, жашты көркүнө келтирип, бүт денеңизди элжиретип, көңүл ачууга татынакай сүйкүмдү жар болгонго тиги кыздын сизге ылайыгы келчүдөй – деп, оюн ортого сал-

ды. Эсенгул үн катпай аттын жалын карап бир нерсени ойлоп бара жаткан сыяктанып, укмаксанга салып, өз ичинен жолдо көңүл ачып жүргөн жолуккан кызбы, келинби бир көргөндө эле «сүйөм, алам» дей бериш бул негизсиз, туура эмес деп жүрүп отурду. Бир аздан кийин Садыр дагы чукул келип:

– Жакшы жар өмүрдүн күнү менен гүлү. Сүйкүмдүү аял жүрөктөн орун алган убакта гүлгүндөй таза, асмандай көрктү, күндөй жарык нур, кубат берет. Эсенгул ойлонуңуз, алган жарыңыз өтө эле сулуу, сүйкүмдүү болсо ошончолук абийирдүү суктанган ач көздөрдүн жолуна тоскоолдук берип, кырсыгына каршы туруштук бере турган сүйүүнүн эмне экенин билет. Жакшы аял башка кыйынчылык түшкөндө тоодой арка, жанга кубат, жагымдуу сыйлап кадырлай турган өмүрүңүздү узартуучу, көркүнө чыгаруучу, келбеттүү акылы толук аял, баатыр – деди.

Эсенгул токтоло калды да, Садырды бир карап: «Бул эмне эле азезилдей азгырып, жол торойт. Талапсыз өмүр эч нерсени жыргатпайт, эмнени эле кайталап жан үрөйт» – деп, Садырды карады эле ал:

– Кечириңиз баатыр, жол тартып келатканда, алдыңан түлкү чыкса жол кайгылуу болот. Мөлтүрөгөн жарактар, чолпон жылдыздай жаркырап, булуттай аппак буралган кыз-келин чыкса «олжо болот да, иш оңунан чыгып, жол шыдыр кыдыр жылоодо болот» дешет карыялар.

– Болуптур, бастыр. Мизиңди кайтарбайын. Барып кимдин кызы, айылы кайда экенин билип, сүйлөшүп кел! – деди. Садыр ушул эле сөздү күтүп тургансып:

– Макул, мен азыр келем! – деп, Келдикени жанына ээрчитип барып, кыздарга учурашкандан кийин:

– Бийкечтер, эсенчилигиңерди билгени келдик, мобул топ айыл кимдики? – деди, сөз улансын үчүн. «Төлөйкандын айылы» деген сөздү укканда Садыр:

– Түзүк, бул шөкүлөчөн жарык дүйнөнүн жарыгындай суйкайган периштедей карындаш кимдин кызы? – деди, кыздар күтпөгөн суроону берип. Бир турмушту көрүп калган келин башын жогору көтөрүп:

– Сизге эмне кереги бар? Жолоочу жолу менен болгону жакшы.

– Аныңар туура. Сурап койсо күнөөбү? Адам баласы жердеги таштандыны да бир карап өтөт. Балалык убак жашоону ойлойт, бой тартканда турмуш жашоо менен таанышып бир туюк нерсени сезет. Дагы өсүп толукшуп турган убакта убакытты бекер өткөргүсү келбей, жыргап доорон сүргүсү келет. Сүйүүдө көз жок, анын дарты бүт сезими, ой санаасы жүрөгүндө. Оюңуздарды акыл бийлеп, сезбегенди сезип, өмүрдү көркүнө чыгарат.

– Сөзүңүз өтө эле так окшойт, өзүңүз кайдан болосуз? – деди, кара торусунан келген кыз. Садыр жылмая арап:

– Менен атым – Садыр, саяк элинен болом – деди эле тиги кыз:

– Ошондой, тилиңиз өтө таттуу экен. Саяктар сөзгө баатыр, чукугандай сөз тапкан эл деп уккам – деди. Садыр бир аз өңү өзгөрүлүп:

– Сиз кайсыл айылдансыз? – дегенде тиги кыз:

– Биз солто элинен болобуз. Менин атым – Кайрыса. Сиз эңсеп, көзүңүз түшкөн кыздын дайыны Коёш байдын Сүйүмкан деген кызы, үйү тетиги. Уздай чоң ак боз үй – деп көрсөттү.

– Рахмат, сиз биздин саяк элин тапан эл дедиңиз эле, сиз да түзүк кеп айттыңыз, момун солтонун кызы – деп бастырып кете берди. Жалгаш озунуп:

– Ой, эмне болду деги, алың начар го. Кыздарга барып, баягы кер какшыгыңды айтып, бетиңе алаканың менен жаба түкүртүп алдыңбы?

Садыр чыйралып селт этип жаман түштөн чочуп ойгонгондой, боюн жайып чыйрала жооп берди:

– Жок, кыздын дайынын билип келдик. Солто Коёш байдын айылы, кыздын аты Сүйүмкан экен, Коёштун кызы экен. Анын үйү ортодогу ак үй! – дейт. Эсенгул үн дебей жүрүп отуруп чукулдаганда бир жигитин чаптырып «конок келатат» дедиртти. Жигит элден озуп ылдамдап барып, Коёшко жолугуп:

– Ассалоом алейкум! – деп салам айтты. Берилген саламды алик алып:

– Кайдан? – деп суроолуу карады эле жигит:

– Сизге конок айттырды. Эсенгул жигиттери менен келе жатат, – деди энтиге: – Коёш башын бери буруп карап атчандар келе жаткан жакка көз жүгүртө:

– Болуптур, келе беришсин – деп конок үйдү даярдатып, чай койдуруп камына баштады.

Бир аз убактан кийин Коёш конок келе турган жолду карап туруп:

– Элден обочо бастырып, атчандардан жарым төшү өйдө бийик көрүнүп келаткан бул ким? – деп колун жогору көтөрө карап, таңдангандай бир топко көз жүгүртүп ичинен таң берип турду. Топ караан чукулдагандан чукулдап келгенде жүзү ырайымдуу көрүнгөн келбеттүү, көзү сүрдүү адам ылдамдап келип салам айты. Коёш алик алып:

– Келиңиз, Эсенгул, элдин эгедери Каз моюн деген кезде, бир жигит ылдамдап атты тизгинден алып:

– Кириңиз үйгө – деп, сылык сүйлөп кичи пейилдик менен сый көрсөттү. Жайланышкандан кийин тасмалга карашты.

– Келип калдык, бай – деп Садыр, Эсенгул тышка эс алып чыгып кеткенде:

– Сизге кулдук уруп кызыңызга сөйкө салды болуп келип, сиздин ачык кебиңизди угууга кайрылдык – деди.

Коёш олтурган жеринен копшолуп:

– Кызымды бере турган жери бар эле. Бирок Эсенгул өзү күйөөлөп келип калгандан кийин, болуптур –

деди. Эй, Садырым ай, жүзүңдүн жылуулугу адамдын бүт денесин элжиретет. Кишинин көңүлү мээримдүүсү адамды бири-бири менен бириктирип, куда-сөөктөштүрүп, сырдаш дос кылат. Ары-бери өткөндө кадырлашып, астейдил сырдашып туруу кандай жакшы.

– Садыр сиздин айтканыңызга ыраазыбыз. Коёш куда, адамдын жоругу ойлогон ойдун жемиши. Ниети ак кишинин иштегени, жүргөн-турганы да жакшы. Ар бир адамдын жүрүш турушу, ким экендигин далилдеп турган күзгү. Куда баарыбызда бир кемчилик бар, бирок ал начар жакты өзүң сезип оңдоого аракеттениш керек. Сиз айткандай бололу. Камынып турсаңыз ошол күнү келип күйөөлөп, кызды өз каадасы менен алып кеткендей бололу деп, издерине түшүштү. Ошол убактан туура бир ай өткөндөн кийин Сопу ата баш болуп, калыңга күркүрөгөн мал айдап, сакалдары аппак жарашыктуу көрүнгөн, эки айылдын аттуу-баштуу каадаланган кадырман аксакалдары ат үстүнөн салам айтышып учурашкан соң:

– Кадырман курдаш Коёш, биз алдыңа эки колду боорго алып, кулдук айтып келдик. Ырыстууга жуучу келет. Кудайдын буйругу эл атасы Эсенгулду уул кылып ал. Башынан солто менен сарбагыш бир тууган элсиңер. Эми кудалашып калдык. Куда-сөөк бир тууган, бирин бири кыйышпайт. Башка кыйынчылык кайгы түшкөндө колтуктап жөлөп, өйдө тургузуп жардам кылат. Адамдын келгени үчүн эли-жеринин азаттыгын каалап, эки элдин пейилин ынтымакташтырып, кыз берип, куда-сөөктөшкөнгө не жетсин! Сөздү жогортодон баштап, кол алышып эсенчилик, ден соолук, ага-ини тууган мал-жандарын сурашып, жайланышып отургандан кийин Сопу:

– Бул солто ага-ини туугандар кандай турасыздар? Коёш сиз туурасында ой максатыңыз, пикириңиз жак-

шы бир Кудай өзү ыраазы болсун! Сиздей акылы жетик адам болбосо, жүгөнсүз элге ким баш-көз болуп, акылнасаат айтат. Көп толкуса көл дайра, көл толкуса сел болот. Элдин камын көргөн адам эч качан жаман болбосун билесиз деп, Сопу оюн ортого салды. Улуу, мааниси терең сөздөр бир топко уланды.

Куда-сөөктөрдүн айтылуучу кеп сөздөрү бүтүп, бере турган кызды аткарышты. Эсенгул күйөөлөгөн Сүйүмкандын жүзүн суктануу менен карап, жүрөгү жылып, мээрими төгүлүп, ичинен эч адамга байкатпай көңүлү имерилип келди. Ошол алган жары Сүйүмкан эки эркек төрөдү Шаамурат, Бекмурат деген.

Эсенгул алтынчы аялга Төбөй уруусунан Айымжанга үйлөнүп, бул аялды жашы өтүп калганда алып Кудаяр, Жайчы, Сукан деген үч уулдуу болот.

Ушул убакта Таласка топтолгон кол менен аттанды. Жигиттердин башы саяк Садыр, Сабыр уруусунан Жалгашка колду эки бөлүп берип, өзү алдыга бута атым озо бастырып баратты.

* * *

Эшим баласыз жүрүп, үч аял алат. Бирок аялдары төрөбөйт. Акыры илгери үмүт менен дагы Ыштыкчынын кызына калыңды арбын берип үйлөнөт. Бул аялга улуу аялдары каршылаш болуп күнүлөшөт.

Ушул күндөрдө жаш аялдын боюнда болуп, ай күнүнө толуп турган кезде, улуу аялдары «журт сары журт болуп, такырайып кетти» дешип Эшимди азгырып, Таластын суусун кечирип көчүртөт. Бул шумдукту эмнеликтен болуп үч аял карандай какшап, көчтү суу кечиргенине эч ким шектенбейт. Сууну кечип келатканда боюнда бар жаш аялды, чукулдап бастырышып аттан ажыратып, түртүп жиберишип, «сууга ат мүдүрүлүп

жыгылып, агып кетти» дешип өздөрү кете берет. Ошо учурда боорукер бир жигит, аялдарга көрүнбөй тез кабар берет. Аял чоң суусга агып баратып, улам жан үрөп талдын бутактарын кармоого далбас уруп жатып аралга чыгып, эки суунун ортосуна эсинен танып жата берет. Кабарды Эшим угаары менен тез чаап, сууну жээктеп үн салып, издей баштайт. Эч дыбыш жок. Кайра суунун агымы менен аралга келсе, аял жаңы төрөп киндигин өзү кесип, баланы көйнөктүн этегине ороп, өзү жуунуп тазаланып жаткан кезде Эшим үстүнөн чыгып, баланы ороп өзү өңөрүп, аялды учкаштырып айылына алып келип азан чакырып, Кудайберген деп ат коёт. Баланын өңү эжигейдей сапсары болот. Келип көргөн эл «бул эмне деген өң» дешет. Ошондо болуп өткөн окуяны билгендер Кадырга айтышат «үч туубас аялыңдын жосунсуз жоругу». Алар «бул жаш аялы бала төрөсө, бизди карабай, балалуу аялына ооп бизди кетирет. Эми карыганда бизди ким карайт деп, өлтүрүүнүн камын ойлоп, боюнда бар аялыңа уудан кичинеден берип, өзү мерт таппаса да, баласы өлүү туулсун деген амалдары» деп айтканда, Эшимдин өңү кумсарып ачууланып, аялдарына кайрылат: – Эй, акылсыздар, аял менен баланы өлтүрүүнүн камын ойлогуча, тирүү аман төрөсүн деп ойлобойсуңарбы? Баланы силер да багып чоңойтсоңор, силерге ким наалат айтсын! Ушуга чейин балага зар болуп жүргөнүмдү билип туруп, кантип ушул жолго бардыңар? Өзүңөр төрөбөгөнүңөр аз келгенсип, төрөгөн балалуу аялды өлтүрүүгө жан үрөгөн жоругуңар жолдо калсын! Акылыңар жок, кара чаар жыландан да таш боор экенсиңер! – деп, үчөөнү тең элге көрсөтүп, жайдак атка мингизип: «Экинчи жүзүңөрдү көрсөтпөгүлө» – деп айдап ийип, ушул жалгыз уулун Эшим Кудайберген дебей «сарым» деп эркелетип жүрүп Сары болуп аталып, бүт эл Сары деп айтып, Сары аталып калган.

* * *

Айылда Бекитайдан басыз, кытай уруулары тарайт. Бир күндөрдө казактын төрөсү Абылайдын неберелери чоң той берет. Тойго Эшим күлүк ат жетелеп барып, ат чабышка күлүгүн кошот. Чоң ат чабышты, буйрук менен Эшимдин күлүгү чыгып келип, баш байгени алат. Байге башы бир эркек бала болот. Эшим башкаңа ыраазымын, «уулума жолдош болсун» деп, ала чапан кийген бою кичине, карасур жаш баланы «ат байге алдым» деп учкаштырып келип, той берип, баланын атын өзгөртүп Алакчын деп ат коёт.

Бала чоңойгондо келбеттүү, сүрдүү, токтоо, айлакер уул чыгат. Алакчыны издеп бир казак аксакал уулумду жоготтум, издеп таппай жүрүп сурамжыласам тиги зулум Абылайдын балдары талаадан ойноп жүргөн жеринен алдырып келип ат байгесине сайдырып ийиптир. Аларга Кудайдын алы келбесе, адамдын алы да, сөзү да өтө албайт. Жалгыз туяктан калган бир барчын эле, силер тарапка келиптир. Кыргыз агаңдар карыганда мени сыздатпай баламды бергиле! «Сүйүнчүсүнө айгыр үйүрү менен жылкы берем» – дейт. Айыл болгондон кийин ар кандай узун өпкө учкай кеп айтып жел учургандар:

– Эшим бербейсиңби Алакчынды, издеп бир казак жар айтып, кулак түрүп, жер кыдырып жүрөт! – дешет. Эшим мен силерден бала сурадымбы? Кудайдын буйругу экен, атым чыктыбы, же бирөөдөн зар какшап сурап алдымбы. Алакчын менен Кудайберген бир тууган. Эми кимиң экинчи кеп кылсаңар таарынбагыла! Эр жигиттин ичине эр токумдуу ат батат. Менин уулум айбан, малча жокпу! Аялзатынын ичине кара башыл адам жатып күн көрөт. Адам болуп жашагандан кийин оозду ооздой, тилди да өз баркы менен тилдей күткөн жакшы! Адам акмактардын жакшы-жаманын ылгабай, өзүнө өзү ээ боло албаган «элге жакшы көрүнөм» деп

көкүрөк көтөрүп ээн оттогон алп ооздор, жек көрүмчү болуп элден бөлүнүп жалгыздап калат. Ошондон кийин адамга боор ачып «жардам кылам» деп негизги адатын таштай албай, кайра зыян кылат.

Эшим ачууга жеңдирип ийчүдөй аябай түктүйүп: «Бала үчүн эки бирдей кыз алган жакшынакай жарымдан ажыраштым» – деп муңканганда, жер тиктеп жүзү өзгөрүлүп башына күн түшкөндөй караңгычылык болуп, бүт денеси чымырап, денеси талып, каны кызып кан тамырлары көөп чыкты. Ушул кезде караңгы көрдөй жымжырттык өкүм сүрдү. Кыркар тартып, өкүм сүйлөгөндөрдүн да тынчы кетип, Жанкороз тик багып карагысы келбей, сөздүн төркүнү баары бир жакпачудай сезилип, ийнин куушуруп:

– Эшим кайрат кыл, өзүңдүн балаң! Мындан ары Алакчынды бөлөк деп кеп кылгандарга катуу жаза тарттырып, үй-жайын талатып, өзүн бул жерден кууп ийиш керек – деди. Эшим башын көтөрүп:

– Бул кебиң туура! Менин силерден өтүнүп сурана-рым ушул – деп, дагы эле ишенбечүдөй түр менен карап, баштагы ойдон бөлүнө албай, ой толгоо тартып чоң кеп айтчудай болуп, элден четтей албай отуруп калды. Олтурган айыл аксакал, билермандары тымтырс болуп, кимдир бирөөнөн сөз күтүштү.

«Дагы кандай кеп чыгаар экен» – деп кулак түрүп отургандар, Сабатар аксакалды карап калышты. Ойлоно келсе тигиники да туура. Бирөөнүн бойго жеткен уулун эле «менин балам» деп кара өзгөйлөнүп менчиктеп алганды туура көрбөй турду. Анан оюн топтоп, сөз баштады:

– Дудук болуунун дагы ыгы болуш керек. Бөрү баласы ит болуп бербейт. Ал түгүл боюнда бүдөмүк келген бала, туугандары эмес атасына сөз тийгизбейт. «Өгөйсүң» дебей, аны барбалактап төрөлгөндө той берип бармактайынан чоңойтсо да, эси киргенде ата тегин издеп,

мерез мамилеге өтөт. Эшим сен терең ойлон. Уучуң куру эмес, Сары уулуң турат. Кийин не бар, не жок ачык кабар угулуп, дайындуу болгондон кийин бармагыңды тиштеп калба. Баланы бер да, башка бирөөнүн каны, бизге кандаш болчу беле. Сокур ийнеден ачык даана күмөндөр болуп баш катырганча, кудайдан тиле. Дагы төрөп берер, бирди төрөгөндөн кийин дагы берер, берчү кудай. Колуңду көтөрө албай союлга көп асылба.

– Сөзүңдүн төркүнү да, жагымсыз да жагы бар Сабатар! – деди Жанкороз. Армандуудай үшкүрүп, ичинен сыздагансып, башын акырын ийкеп, Алакчынын атасына бер дейин десе Эшимдин көңүлүн кыя албайт, жөн кой айылда бир бала жүрө берсин дейин десе, бул жактагы тууган элдер «бер» дешип баш оорутуп отурганда, Эшим:

– Ага-инилер, бул Алакчынга эмне мынча ой санаага чөмүлүп, өйдө-ылдый кеп козгодуңар? Бала меники, баксам өзүм багып, убаралансам өзүм убараланам. Кийин ата тегин таап кетсе, кетээр. Кетпесе, араңарда бир казак жүрөр, адал эмгегимди актап. Элге аралашып, эл болуп кетээр. Билебиз, казак-кыргыз түбү бир туугандбыз. Бир элбиз, өңүбүз, тилибиз, дилибиз бир. Ага-инилер, кокус арабыздагылардан кызуулуктан айтылган кептен, сөздүн эрени жок. Ичибизге кек албай, адалдашып кыйынчылыкты бирге жеңип, ич тардык болбой өзүбүздүн жакшы оюбуздан кайтпайлы. Адал, ак ниетте түз жүргөндөргө, арам ойлуунун айткан өчү тийбейт. Ачууну токтотуш керек. Ачуу менен кээде тил менен кыйышпастар дагы чырдашат. Ар нерсени айтып кереги жок. Кепти башкага бургандар, ич арадагы көпкөлөңдөрдүн оозунан чыгат – деди Эшим жер карап. Сөз тыңшагандар, кирпиктерин кыбыңдатышып Эшимдин кебине муюп, ичтеринен ыраазы болуп турушту. Сабатардын кебине тырчып Эшим онтоо менен сөз жүйөсүн кайра улады:

– Адамдын ниети башыңа иш түшүп айлаң куруп же жаның жай албай турганда, туугандын бир боорчо улуулугу, жакшы санаалаштын ак пейили, ошондой кезде сезилет. Биринчи адамга ден соолук, адамдын дөөлөтү.

Адам дени сак көңүлү жай чакта ага-ини тууган элиң быякка турсун, Кудайды эсине албайт. Качан жаны алсырап, жабырланып турганда, жаның кейип алыс менен чукул тууганчылыктын ортосу ченелип, кас душман менен достун аралыгы сезилет.

Кыркышып кетпегенден кийин, бир боор элбиз. Тууганчылыктын дитинде бир боор үчүн ийненин көзүндөй болсо да бир туугандык жылуу сезим болбой койбойт. Анткени өзүңдүн колуңду өзүң кесип таштай албайсың да. Түбү бирге кошулат, биздин негизги тагдырыбыз, каныбыз бир. Тууганбыз, арабызга бир казактын баласы жүрсө, силерди чачыратып, ыркыңарды бузуп иеби? Зарлап канча мазарга түнөдүм «бир бала» деп куураган эки катындын кысталак, согончогу куурап калган бир шордулар экен. Акыры кетирип жаным тынды. Кызуулуктан а-бу деген кепти эрөөн албай жүрдүм. «Как баш, куу баш» деп нечен айттыңар! Мен шордуу билгизбей буркурап Кудайдан зар какшап тилеп жүрүп бир уулдуу болуп, өгөйсүнтпөй сүйүнгөндөн эт жүрөгүм элжиреп, ичиме батпай: «Эки уулум бар, ага-инилүү бир тууган болушту, жалгызсырабай» – деп каниет эттим. Кудайга тобо келтирип жүрөм деп, андан аркы кепти айта албай, өңү өзгөрүп жүзү бир көгөрүп, бир кубарып, титиреп бир жаман кабарды кулагы уккусу келбей, башына ой тумандап, Алакчынды азыр эле учкаштырып кетчүдөй, мисирейип жерди теше тиктеп отуруп калды.

Жанкороз өкүнгөндөй башын ийкеп, кеп учугун улады:

– Адам өз боюна сак болуп, башка бирөөнүн айыбын ачпай, ага-иниңди ууру тутпа – деп, биртике ойлоно калып, башын жогору кылып, армандуу ичинен кейигенин билгизип:

– Элине карамы жок, ага-ининин арасында чагым кеп ташыгандарды катуу тезгеп, айып тарттыралы. Мындан ары Алакчын жөнүндө өйдө-ылдый ушак-айың кеп оозуңардан чыкпасын! Бирөөнү кемсинтип ушактагандарды жанына эмес, чукул басып сүйлөшүүдөн кач! Акмактардын ичи тар, душмандарына ойлогон арам ой санаасы өзүнө жазылат. Заар тил менен ушак сөз октон жаман. Октон жараланган жарат айыгат. Зили ушак сөз менен заар тилден болгон жара, адамды басынтып жүрүп элге кеп болуп, абийиринен ажырайт – деп, Жанкороз кебинин аягына чыкты. Сабатар ынтаа коюп сөз баштады:

– Мынчалык ушак-айың кеп болгондон кийин Эшим, наараазы болбо! Ата менен эне баккан баладан жакшылык көрөбү же өздөнбү, аны бир Алланын иши Кудайберген (Сары) менен Алакчын өзүңдүн балаң. Эки бир тууганды а-бу деп алыстатыш болбойт. Көйнөктүн кирин жууса кетет. Көңүлдүн мүдөөсүн айтып, сүйлөшсө өзүнөн өзү жоголот. Адамдын турукту ойлонуп айтылган сөзү акылдын таразасы болот. Эшим тунжурап бет маңдайын үн катпай карап, мандашын жазбай ой басып отурду. Анын эти өскөлөң тарткан алайган капкара көзү-кашы кыймылдап, көзүн ачып жуумп үлдүрөп терең санаага батып, алсыз мүнөздө туруп, айтылган акыл насаат кепке муюп, ички оюн билдирбегенге аракет кылды. Ойлой келсе бул жагы да тигилердин айтканындай туура. Дүрбөгөн элди кайра өз ыгына ийе тарткысы келип, жумшак сүйлөдү:

– Эми менин сиздерден өтүнүп суранарым, Алакчын менен Сарыны (Кудайбергенди) эки болбой өз бооруңарга тартып, жаман кебиңерди айтпай бир тууган кылып алгыла. Алакчындын деле тукуму кыргыздын ураанын чакырат. Душмандын алдында урматтап, сыйлап туугандардын арасында салтанат көрсөтүп, көңүлүн көтөрүп бөлөксүнтпөй өзүңөргө тууган кылып ийе тарт-

саңар, бир тууган болуп кетет. Бул айтылган сөздү отургандар дем тартпай кулак түрүп калышты. Жанкороз көзүн кылтыйтып, Эшимди бир карап алып:

– Бул айткан кебиңде калет жок. Билинбеген жашыруун ишпи. Уккан жокмун, билген жокмун деп, кордукту өздөн көрүп, ошого ыраазы болууга тийиш. Адам болгондон кийин ич арада өйдө-ылдый сөз болбой койбойт. Жүйөлөшүп бир багытка ыкка келишсе, аз иштен чоң чыр бүтөт, ыкка келишпесе аз иш чачырап чоң чырга айланат деп, ынтымакка чакырган болду.

* * *

Долон бийден эгиз уул туулат. Адегенде биринчи жарык дүйнөгө келген, алгачкы көргөнүң оң бөйрөктө жаткан делип Ак уул деп азан чакырат, экинчи төрөлгөнүң сол бөйрөктө жатты деп Куба уул деп ат коюлган. Ак уулдун балдары оң деп ураан чакырсын. Алар Адигине, Тагай, Наалы үчөө бир тууган. Куба уулдун балдары сол болуп ураан айтышсын дейт. Каратал, Каранай деп эки уулдун балдары сол.

Караталдан үч куртка, Эшим үч курткадан 1) Кудайберген, Сабатар, 2) Жанбай, 3) Бекитай, 4) Каракутур, 5) Богу, 6) Кожомжар, 7) Төбөй деген балдар болот. Эшимден Кудайберген (Сары), Алакчын – эки уул. Сарыдан жети уруу: Айтамга, Алакчындын балдары дагы Сарыбыз деп ураан айтышат. Башка балдары Ибрайым, Көкө, Жетиген тарайт.

Сабатардан 1) Курумшу, 2) Адна, 3) Багар, 4) Ычкы. Жанайдан 1) Итимбос, 2) Майтып, 3) Сулпуян, 4) Жанболот (Ак Сокур), 5) Бекболот, 6) Чүрпө, 7) Итийбас. Итийбастан эки уул – Жаманкыз, Бүргө.

Күндөрдүн биринде казак жылкы тийип, артынан кууп из чалса Талас тараптан Алакчындын уулу Алынбек экен деген кабар узун элдин учуна, кыска элдин кы-

йырына тарап, ич арадан арыз өктөм кеп Эсенгулга угулат. Бул кандай кеп? Оң менен сол бир тууган болсок. Казак же калмак болсо го башынан уйдун эки бөйрөгүндөй бириге албаган уюп жатып аңдышкан жыландай ырайымсыз, бири-бирибизге жакшылык ыраа көрүшпөгөн калкпыз. Эки бир тууган бири-бирибизге үстөмдүк жасап, жөн жерден минтип касташсак, душмандын чырагына май тамбайбы. Бул иш негизсиз. Анда Куба уулдун балдары менен биздин ортобузга ийненин көзүндөй чыр кетип, ынтымак ушинтип алыстайбы? Сөздүн өзү түз айтылгандыктан эл да туура көрүп, туугандарыбыздан ажырап зар какшаганда тапкан пайдабыз, кылган ишибиз кайсыл. Алыстын жакынынан, досуңдун эски сыр билгени жакшы. Анткени жаңы кийимдин жарашыксыз болгонуна караганда, жаныңдагы жан курбу көңүлүңдү көтөрөт.

Эсенгул жай сөз баштады.

– Чогулгула. Садыр, Жалгаш жигиттериңерди иретке келтирип, даяр болуп тургула. Отургандар дем тартпай кулак түрүп калышты. Айылдагы кадырман аксакалдар көзгө көрүнүп, элге кадыры, даңкы белгилүү болгон мырза чыкмалар кыркар тартышып кулак түрүп калышты, Эсенгул кыркар отургандарды бир карап, көздөн өткөрүп алып:

– Менин силерге акылдаша турган сөзүм бул. Мен эртең жигиттерди ээрчитип Таласка аттанам. Барып сөзгө келишсе жайланышып, бир тууган эки элди ынтымакташтырып, өтмө катар достоштуруп, тууган болуп, экинчи чыр-чатакты кайталагыс кылып биригишели! – дейм. Туура, тууган туурдук болуп бербейт. Анткени ал күнүгө тийип нур берчү күн эмес. Тууган бир жаманчылыкта же жакшылыкта тууган. Калп болсо да калдайган туу. Жаман тууган үчүн жакшылык көрсөтсө, начар болобу, адамдын акысын кеп жебеген тууган алдайт. Айткан акыл-насаатыңды укпайт. «Колуңда жок

начар жашаса, эл катары түзүк жашасын деген ниет менен бирден малыңды, дүйнөңдү берсең, коркконунан берди» – деп, топ элдин алдында тең туугандык кылып ажылдап айтышып, өзүнөн өзү тууралан качырып, көңүлдү сындырат. Жакшылык кылсаң оңолуп алып өзүңдү кабанаак иттей ыркырап беттен алат. Ошол тууганга көрсөткөн жакшылыгыңдын үчтөн бирин, бейтааныш адамга көрсөтсөң ал өмүрү унутпай башыңа кырсык түшүп турганда колунан келген жакшылыгын аябай, төбөсүнө көтөргүсү келет. Ал эми тууганың «ушуну көрмөк» деп табалайт.

Мен барып Каратал, Каранайдын балдары менен бетме-бет отуруп, ачык бир тууганлык болуп өткөн-кеткен кепти ортого салып, адал эмгек бири-бирибизди ата-баладай сыйлашып ич арадагы сөөк өчтү кек-тартышты кечиришкендей болгонго аракет кылам. Бир боор эл менен жүз көрүшүп кайтайын. Манас ата жер-деген, кадыр-даңкка ээ болгон жерге барып эли, жери менен таанышып, бир боорлошуп келели. Черикчи кабагын бүркөп, башын ийкегендей ойлонуп Эсенгулду жалт карап:

– Сен камынып: «Таласка барам» – деп дүүлүгүп калдың, мынча камынгандан кийин барып эл менен жүздөшүп, элдин жашоо-шартын, биримдигин баамдап эл-жерин көрүп, ага-иниге туугандашып келем дейсиң. Ошол элди бийлеп, баш болгон кишисине жолугуп, алы-акыбалын билгенде, баягы чоң атаң Тагай бийди тажиктер тойго чакырып өзүн камап, жигиттерин ур-бериге алгандай болбо. Бул сарбагыш элинен Манаптын балдарынын адал ак эмгеги кеберленген шор болуп калган. Жакшылык кылса, кайра душман болуп чекеге чыккан чыйкандай оңолуп алып кол көтөрчү эле.

Бул жагына сак бол. Кээ бир акылсыз адам өзүн жогору көтөрүп, аңырандаган жел өпкөлөр кетирген жаңылыштыгын «күнөө» деп сезбей, бирөөгө жаба сал-

гысы келип, күнөөнү мойнуна албай алтын менен сырдалган аспап сыяктуу.

Адам өзүнүн алын сезиш керек. Өзүнүн багытын билбеген, жел айдаган кайыкка тете. Кырсык коркуп санааркагандарга чапкенедей жабышып, түшкүсү келбейт. Башка элдин жашоо шартын, тынччылыгын каалап, бакыт издегендерге бак-дөөлөт сыймык өзү жолугат – деп, акылын айтты.

Эсенгул аттанууга камынгыла дейин дегиче, баары ойго батып турганын байкап, жумшак күлүмсүрөп:

– Жалгаш баатыр, Садыр экөөң, жигиттериң да камынсын, аттангыла Кудай жолубузду ачсын, урушта туруш жок. «Жолоочунун жолдогусу же тынч үйдө жатканы жакшы» дегенден кийин, жигиттер тездеп аттарына чуркап калышты.

Эсенгул мырза жер көрүп, ага-ини тууганчылап Манас баатырдын жердеп жүргөн жериндеги кыргыз туугандарына барып, эки элди бир туугандаштырып келүүнү ойлоп, тоо тарапты карады.

Абийирдүү адам эси жок туугандарын жүйөлөштүрүп, бир тууган, бир боор эл кылып кандай кыйынчылык болсо да, адамкерчилик сапатын жогору көтөрүп өзүлөрүнүн баркын сактоонун аракетин кылат. Кыргыздын оң канаттан берки расмий урукка бөлүнүп сарбагыш, бугу, саяк, черик, солто делинет. Булардын ичинен деле бир Тагайдын балдарынан ичи чаар, ниети бузук адам кош сөз айтып жатып бөлүнтүп, башка ураан айтып уруу бөлүнөт. Сарбагыштын эки уулу Орозбак менен Дөөлөс. Орозбактын балдары өзүнчө ураанын айтып, орто жолдон «бугу» болуп чыга келген. Энебиз «касиеттүү кайберен» дешет. Көлдүкпүз деп кээ бир жарым өпкөлөр энесинин жанына кайберен жатып туудурдубу же энеси көлгө түшүп бала суудан пайда болдубу? Булар деле сарбагышпыз, атабыз Сарбагыштын баласы Орозбак дешсе, эмне болот? Дөөлөстүн төрт

уулунан Азыктын балдары сарбагышпыз дешет. Саяк менен Черик бакма, бөлөк канын издейт. Экөөнүн даана аты жок, ошондон улам Саяк, Черик делинет. Бирок эл башын бириктирип, сурак сурабайт. Анткени булардын балдары бакшы, ырчы болот. Бийлик кыпчак уруусунан, анан Манаптын уруусунда, хандык өксү болбойт.

Кадырман Эсенгул бүт саяк, черик, сарбагыш, солтонун атка минерин бүт жыйдыртты. Калың эл дүрбүдү. Туш-тараптан самсыган кол келип топтоло баштады. Курама акылга жетик, тилдери шириндер туш-туштан кошундар кошулуп, жер тумандатып кыркар тарткан ак мөңгүлүү жылга колоттор менен жерди чаңга бөлөп улуу тоодон эл самсып келип, көк жайсаң жашыл отко аттарын байлаштырып, көк чөптүн үстүнө мандаштарын жазбай жүйүртө тартып отурушту. Садырдын карамагындагы эл өздөрүнчө жайланышып, Жалгаштын тобу бир тараптан даяр. Буйрук кандай берилсе, так ошондой тездик менен аткарууга дилгирин билдирип турушту.

Кыркар тарткан калың көпчүлүк элди беттеп Эсенгул келе жатты. Бир тарабындагы топтолгон калың топко көзүнүн кырын салып, бул топ Жалгаштын жигиттери ий дегенсип бет алдындагы жашыл өзөнгө уюткулуу кумурсканын уюгундай карарып жаткан калың колду кара сакалдуу, жүзү кызыл, маңдайы жайык, жолборстун көзүндөй сүрдүү, тик көзү менен бир карап ойлоно алдыга басты. Эки тарабындагы жигиттер ызаат билгизип, биртике артта турушту. Улуу-кичүүлөр Эсенгулдун оозун карап, мелтиреп көз ирмебей карап калды.

Сөөлөтүнөн жазбай турган, турпатына карап:

– Бул каз моюн, элди жайып дагы кандай каргашалуу тарапка туш келтирет болду экен? Дагы бирөөнүн бактылуу турмушуна көз артып, өзү же бизди жер кучактатабы.

– Камынгыла! – деген үн чыкканда, бир паста айлана-тегерек чууга, айкырык үнгө толуп, бейкапар жат-

кан калың кол түйшөлүп тегиз аттарына мингенде, бир жигит катуу келип аттан ыргып түшүп, эки колун бооруна алып:

– Эл бүт даяр! – деди. Эсенгул жүзү жайыла:

– Кеттик! – деп чабдар аргымакка бут койду. Эң алдыда Эсенгул булактата чабдар аргымактын оозунан көбүк чачыратып келе жатты. Оң багытында Жалгаш бир аз артта. Бул жүрүштө сууга ойногон балыктын канатындай дүбүрөп, айланага серп салып мейкин түз талаа менен желе жол тартышты.

* * *

Бул жортуул Таластын билгилүү акыл чыкчу журт башчыларына тез тарады. Эсенгул калын кол камдап «ээнбаштардын, ооз көптүрө сүйлөп бой көтөргөндөрдүн демин басып, түз жолго салып, баш бербей каяша бергендин жазасын берип, бүт Таласты чаап алам дептир» деген сөздү угушуп, өздөрүнчө жыйын куруп: «Сарбагыш эли бүт каптап келе жатат» деген ушак-айың сөз тарагандан бери, көпчүлүк дүрбөп чогулушуп, кээ бири качып, көз алдыларында бөйрөккө урунган катуу муштум тартылып, айлалары кетип тилемчилердин кабы толбой алынын келишинче берсең, аз деп көзү тойбогондой, баарынын санаалары санга бөлүнүп, бирин-бири карашып көздөрү чекчейди. «Капырай ушунча журт болуп туруп акыл чыкчу, кайраткер эр көкүрөк уул бала жокпу» – деп Жанкороз ачуулуу кыйкыра үн салды. Элдин арасын аралап бастырып келип саламдашып:

– Бар аба, мына менмин! Барып сарбагыш элинин алдынан тосом! – деп сыйда жаңы кер мурут тарткан, көзү ылаачындын көзүндөй ойдолоп, жазы маңдай, кабагы терек, жүзү жарык, чарчысынан келген карасур, сүрдүү жигит таазим этти. Жанкороз одурая бир карап туруп:

– Уулум, сен кайсыл баласың?

– Сиз таанымбай турасызбы? Мен кушчу Атайбостун уулу эмесминби. Болсун, бар бол балам, жаш экенсиң. Тиги Болоттун уулун уккам Оштун бегин баш ийдирип, жылына жүз төөнүн жүгүн берип турууга макул болуп элдешкен, Эрик ханды сайган. Калмак жылкысына тийсе, тээ түбү Текес, Кулжага чейин кууп, элин аман асыраган. Ал бир бийик аска-зоо. Сен катылып кол кайрычу жан эмес. Тартышканды табыштырып, үзүлгөндү улаган, оздуктап жанталашып жаталактаганга жан киргизип коёт. Эми сен кежирленбе жаштыгыңа салып. Менин акылымдан чыкпасаң же башыңды бурасыңбы? Анын ачуусу келсе моюнуңа соолу салып, жашооңо оор мүшкүл салат. Атың ким?

– Атым – Бүргө.

– Анда өзүң ойлон, Бүргө баатыр, сен жаш канатсың.

Бүргө унчукпай тырмагын тиштегиледи. Жанкороз:

– Терең ойлон, уулум.

Бүргө кейигендей. Ары айыл опур-топур түшүп, аттын туягы тарсылдап балдар, аялдар чырылдашып, эркектердин үндөрү катуу чыгып элдин тынчы кетип, ызы-чууга кулак төшөп элтейип турушту. Кызык мезгил, катаал чалкеш доор. Жанкороз:

– Сени жалгыз жибербейбиз. Бүргө улутунуп:

– Мен али жашмын, башыма чалма урунса артымда арка бел болучу жан-жөкөрлөрүм начар. Ичи тап болуп Бүргө бир топко көзүн жумуп эрдин кезе тиштеп, ойлонгон ою жанын үрөп, элдин көзүнө көрүнчү кези келип, атак-даңкка, көздөгөн максатына жетип «элге буйрук берсем» деген оор милдетти мойнуна жүктөп, элдин убал-сообуна калбагандай ыйык салтты кармап: «Өзү келип катылгандын катыгын берсем» – деп улутунду:

– Абаке баарыңардын милдетиңерди жалгыз өз башыма үйүп, ушул жоонун алдын мен тосоюн, менин оюма койсоңор, суранам калайык.

– Жок, сен дайны жок эсирбе, Бүргө?! Ушунча элдин милдетин мойнуңа жүктөп «жалгыз барам» дебе. Алар ушунчалык алыс жол басып келатат. Ал каз моюндун, опол тоодой тажрыйбасы бар. Биз кенедей Талас элинин бүт башын кошуп жыйнай албай жатып, аларга кантип кол көтөрө алабыз?

– Жанкороз аба, элди жүрөкзаада кылбай, жүрөксүнтпөй дагы акыл тегеретип көрөлүчү. Коркконду да ыгы бар да. Мен өзүмдүн жигитимди өзүм жактырам. Алакчын экөөбүз Эсенгулдун алдына барабыз. Ал даана баатыр болсо кепке келер. Бул жагын мага коюңуз. Башкаларды дүрбөтүп, уккандан коркуунун кереги эмне.

– Болуптур, сен барсаң бар. Алакчын экөөң алар менен элдешип, ыкташа алсаңар эле болду.

– Түшүндүк, бирок аны ыкка көндүрүш керек. Ойлонуп көр, ээленип эле калдың, биз дагы даяр туралы. Баарынан мурда сен сөздөн жаңылбагандай бол, ушуну эсиңе ал. Болуптур «агылуунун алдынан чыкпа» дейт, алар да бир максат менен келе жатышкандыр. Эгер бир балээ башталгандай болсо, бир белги бер.

– Чочулабай эле тургулачы, баары жайында болот. Бул адам деген бири-бири менен чырдашып болушпай, Алла Тааланы да алдап, мышык чычкан ойногусу келет.

– Жанкороз сен тереӊ ойлон. Сени мынчалык «чечкиндүү эр жүрөк» деп ойлогон жок элем. Акыл тегеретип көрчү. Айтмакчы, ийри жыгачтан түз көлөкө түшпөсүн билиш керек. Андайды кантип билүүгө болот. Мына байкачы, сен акылдуулардан таалим алдың, мүмкүн, Эсенгул кара өзгөй, алдым-жуттум адилеттикти каалабас. Балким, ал элдешүүгө макул болбой, адамдын убал-сообуна карабай, чоң жалжал чыгараттыр..., анысын кайдан билесиң? Абышка ушул кепке өзү ишенгиси келбейт, бирок кээде ишенип да коёт. Бул татаал ишке иши түшүп көрбөгөн, түшүнбөдү да кайра сөз улады:

– Мындай үйүрлүү бөрүдөй кутурган жоого биздин караламан таластыктар эзелтен намыс талашып келген. Эми бул кандуу согуш болсо, эл башчысы улугубуз жаштык кылар.

Бүргө баатыр:

– Башта алым алып, азыр эл башында иш түшүп, айла куруп көздөн кара учканда үн катпай ыйынган маймылдай четтеп калабыз. Бүргө жай айтты:

– Аба, асан кайгыланбаңызчы көп кейип, ишибиз оң жолго салынат. Көрөсүз, баары ойдогудай болот. Биздин урук-тууганыбыз мырза да, манап да эмес, бай, бай турсун карапайым элбиз. Бирок кудай жар берсе сарбагыштын мырзасынын алдын тосом. Таластын суусунда түрдүү жан-жаныбар толтура, кара жанды карч урам да ушунча элдин таалайына сыйынам. Манас атанын арбагы жылоолор, калың элдин тагдырын ойлоп, жерди теше тиктеп, үнсүз кашкайган тунук суунун түбүн көз ирмебей карады. Бүргөнүн токтоо үнү, олутуу сөздөрү акырындап Жанкорозду жибитип баратты. Таластын жеринин аяк башына алптын алпы, бир башынан жаа тартса, бир башына араң жеткиргендей калың кол айдың көлдүн талаасындай жайык өзөн толтура боз үйлөрү уздай ак.

Сиз санаага чөгүп кеттиңизби, аба, унчукпай калдыңыз, коркуп жатасызбы? – деп сурады. Аңгыча чаң алыстан көрүндү. Бүргө көзүн бар-бар ачык жооп бербей, чаргыта жооп берген болду. Жылдызы түшүп, бул чалдын суу жүрөк болгусу келбей турганын баамдап: «Тиги чаң эмне, ким булар, же күткөн жоо ушубу?» – деп Бүргөнүн көзү ачыла түштү. Жанкороз чыйралып, сыр билгизгиси келбеди. Бүргө айланага көз чаптырып булар жоо эмес го? – деп, бул чөлкөмдө адамдын жоктугуна ынады, көңүлү тынчый түштү. Мандайы жайылып, мыйыгынан жылмайды.

Бүргө кабагын түйүп:

– Тиги уюлган чаң эмне экен? Душман болсо салт боюнча киши жиберип, дайындарын билгизет эле? – деди эле.

– Ой, Бүргө, али сен баласың. Душман: «Мен келдим» – деп айтып келмек беле. Колдон келсе баш көтөртпөй, дым баскысы келет. Ошондуктан, душмандан дайым сак болсоң, душмандын душмандыгын качан союлу башыңа тийгенде билесиң. Бул Кудай урган сарбагыштар көпкүлөң беле... Бир аз убакыттан кийин чаң уюлгуп чукулдагансыды. Жанкороз көзүн албай карап туруп, мына эңсеген душман келди. Көп кол го, чаңына караганда? – деп, жүрөгү дакылдап чыкты. Алды жактан көз албай карап:

– Калың эл, жоо келди, камынып даяр тургула!?

– Бүргө мына карагым, Алакчынды ээрчитип алдынан чык! Жолуң ачылсын, жигит пири шаймерден колдоп, алдагы башыңа кубат берсин. Барып жолугуп кел. Бир боор элбиз. Ырайым этер. «Элчимин» – деп ак тууну бийик карма, тигилер чукулдаганда аттан түшүп, камчыны мойнуңа салып, жүгүнүп таазим этип салам айт. Ал улуу атаң менен тең бир жагы, экинчиси бийлик ээси даражалуу да. Кылт этирбе, бу манаптын тукуму устаранын мизиндей ырайым эткиси бардыр. Көңүлүңдү чөгөт кылба, шөмтүрөбөй боюңду түз алсаң. Душманга адегенде жагынып колтугуна кириштй эсиңен чыгарба. Баамда, кас душмандын башчысынын жүрөгүндө түгүнүн барынан көрө, жүрөгүнүн үшү кеткени түзүк. Бизге ал экинчи даап келе албайт.

* * *

«Эсенгулдун көзү ачык болуга тийиш» – деп ойлогон Бүргө ууртундагы мурутун улам чыйратып, сынай карап турду.

Билеги күчтүү, акылы жетик, бирдиктүү келишим болгон жерде душманын жеңет. Азыр аттан, алар деле

биздей эле болгон эл. Ак уулдан алар, Куба уулдан биз тарайбыз. Эгер бизге чындап ниети бузулуп уруша турган болсо, аларга биз туруштук бере албайбыз. Деги эле алар менен ынтымакта сүйлөшүп, бир пикирге келсек жакшы болот эле.

Болуптур, буйруктан көрдүк, бастыр – деди. Алакчын атын сылай камчыланды. Ат бастырган үркөрдөй эки жаш жигит Болоттун уулу Эсенгулдун алдын утурлай бастырып, ой санаа кыялдары алда кайда чабыттап, чынжырдын шакектериндей биринен сала бири ой чууруганы менен кара булут көңүлүнө уюп, ой-санасын түпөйүлдөнүп баратты.

Калың элден улам караандары алыстаган сайын, санаа сезими күчөй берди. Кандай болуп кетет деп ойлогон максат кадимкидей көз алдына тартылып баратты. Улам аралык чукулдаган сайын, эмне дээрин Бүргө өзү да билбей, оозуна ылайыктуу кеп келбей, жөн бараткан аттын тизгинин кагып, бет маңдайын түз карап алды.

Калың элден бута атым алдыда жарым кез осуп, уздай аппак калпак кийген, жүзү ырайымдуу жазы маңдай, кабагы терек сүрдүү, кызыл жүздүү адам чабдар аргымакты алчакта бастырып келе жатканын көзү чалды. Анын оң тарабында кабагы терең, бүркүт кабак, ителгинин көзүндөй тик көз, кара сакалчан эки адам эки ыптасында келе жатышат. Артында тумандаган жер дүңгүрөткөн калың кол жай салып аттын жүрүшүнө карата жай бастырышууда. Бүргө менен Алакчын аралык жакындаганда аттарынан түшүп, камчыларын бооруна бүктөй кармап, белиндеги курларын чечип, моюндарына салып, эки колдорун боорлоруна алып сыңар тизелей олтура калышып таазим этип:

– Ассалоом-алейкум урматтуу журт атасы! Сизден сураныч, бизден кеткен айып күнөө болсо алдыңызга башыбыз, мал-мүлкүбүз тартуу. Урматтуу биздин өкүмдарыбыз, тайманбаган даанышман сизди кадырлап, өзү-

ңүздүн алдыңызга бүт калың тайпа бир боор сол тууган-дарыңыз сизге туугандык ысык салам дубасын айтып келгиле – деп жиберди. Колубузду куушуруп айткан аманат саламды, алик алыңыз.

Эсенгул чабдар аргымактын көбүк чыккан ооздугун тарта токтотуп:

– Алейкума ассалам. Экөөң тең жаш чолпондой балдар экенсиңер, алдыма кол куушуруп, мал башыбыз тартуу дегениңер үчүн токтолду.

– Манап тукумунун улук даражасы менен ким теңтайлаша алмак, биз сиздер менен касташып кол көтөрбөйбүз. Бирок аны-муну айтканыбыз менен аралыгыбыз алыс. Силер менен биздин айыл маңдайлаш конуп катташып турсак, анда өйдө-ылдый кеп болуп, саламдашып турат элек.

Бүргө Эсенгулду сылык-сыпаа сөздөрдүн чүмбөтүнө ороп, жымсалдап кеп жүйөсүнө салды да, анан эми эмне жооп кайтарар экен деп жер карап калды.

Эсенгул ээрдин кымтый жылмайып найзаларын, кылкылдаткан жоокерлерин бир сыйра карап туруп ойго алаксыган болуп:

– Болуптур, туугандык кылып бул жолку ачуу өктөм ишти артка таштап, мен сага болуп өткөн ишти түшүндүрүп берүүгө даярмын.

– Баатыр, уул бала экенсиң, кайсыл урууданcың?

Бүргө баш көтөрө:

– Кулдугум бар, мен кушчу уруусунан, Атайбостун уулу Бүргөмүн. – Эсенгул бир саамга ойлоно калып:

– Бу Кушчудан сендей уулду кандай аял тууду болду экен?

Бул сөздү укканда Бүргө эми тике карап:

– Кечиресиз баатыр аба, сиз Болотбийдин Таалике деген аялынан туулсаңыз, мен Атайбостун Салый деген аялынан төрөлгөм.

Эсенгул сөздөн сынгандай, бир аз бети кызара түшүп:

– Аюудан арстан туулабы? – Бүргө баатыр:

– Жок, арстандан аюу туулууга болот. Анткени сабаа жарашпаса, бишкектин убарасы болот го? – деп тапансынды.

Эсенгул жанындагы Жалгаш менен Садырды бир карап алып, алар менен тиктеше түштү да, күлө багып Бүргө менен Алакчынды карады. Кептин төркүнү туугандашууда, туугандын кандайча аталышында эмес. Боордоштон өткөн жакындык жок деген ойду ойлоп Бүргө:

– Баатыр аба, ата менен баланын ортосу жакынбы?

Саал ойлоно калып, Эсенгул минтип жооп берди:

– Эгер бир туугандардын жолу эки айры болсо таарыныч, ушак-айың басташуу келип чыгат.

«Бүргө эч нерсени ойлонбой суроо берип, кайым айтышып Эсенгулдун ачуусуна тийип, элдин убалына калып, өз башына да бир балээни үйүп алганы турат» – деп Алакчындын саанасы куурулуп, Бүргөнү акырын ыкып алды.

– Баатыр аба, алыстан келген ага-инилер, кечиргиле. Айылга барып сый көрүп, бир боор туугандарыңыздар менен таанышып, таарыныч өктөм кебибизди жайланышып отуруп жүйөлөшөлү. Биз силерди ээрчий бастыралы.

Эсенгул баатыр ырайымдуу кеп жүйөсүнө баш уруп, муюган эстүү, билгиликтүү адамдын ишин кылып, алдыга ат бастырды. Каз камандаган көпчүлүк жарданып көз ирмебей тиктеп туруп, тиги барган экөө чогуу бастырганда көңүлдөрү жай алып, кубаныч, сүйүнүч жүздөрүндө өкүм сүрдү.

– Ой, эл-журт, конок камын көргүлө!

Бүргөнүн үнүн тааныды, карап тургандар. Жанкороз көз ирмебей, түз мелтиреп Эсенгулду башынан аягына, кайра аягынан башына чейин карап: «Адам болсо ушундай болсо. Суудай таза, талаадай кең, эч бир

адамга жаман ою жок, акылга дыйкан, арстандай эр көкүрөк пейили кенен адам экен го?» – деп, бир сыйра сынынан өткөрүп да жиберди. Бул башкарып турган элде уурулук кылуу, ушак айтуу болбойт. Кап, ушул адамга эмне эрте жолуккан жокмун, бирөөнүн назарын сындырбаган кара кылды как жарган калыс экени бир көргөндө эле билинип турбайбы – деп, өз ою менен алек болду. Ушундай акылы жетик туруктуу, токтоо акылы менен акылмандар, начар адамдардын арасында чогуу болсо, алар кадырлашпайт, даңкка ээ болбойт.

Эл болсо ал жерде эмне болгонун, кандай ыкка келишкенин көздөн өткөрүп карап турушту «жакшы иш болобу» деп өзүлөрүнчө кудуңдашып, ар тараптуу кеп айтып кобурашкан болушту. Бирок ким билет, турмуш дегениң кандай болуп кетет, ал бир Кудайдын буйругунда.

Эгер бул чалкеш иш бир жеринен кичине кылт деп жаңылды дегиче, анда иштин бүткөнү.

Эсенгул чукулдап келип, салам айтканда бүт аксакалдар оозунуп, кары-жаштары жабылып алик алышып, үч-төрт жигит ат алууга ылдамдап басып, атты суулуктан алып, атчандарды колтуктап сүйөп түшүрүштү. Колмо-кол алып учурашып, сыпаа жолугушту. Жалгаш, Садырлар бир аз токтоло калышты. Ичтеринен кыжырлары келип, бирок Эсенгулду кадырлап, бужүрөңдөгөндөрдү карап тилдерин тишине басып, үн дебей турушту. Жергиликтүү элдин кыйсыпыр түшүп жаткандарын көрмөксөнгө салып, байкамаксан болуп коюшту.

Жалгаш менен Садыр чогула түшкөндө өзүлөрүнчө күдүңдөшө түшүп жатышты. Беркилер: «Бул экөө бирдеме ойлоп жатабы, бизден жашырып» – деп, ойлогон болушту. Жигиттерин карап, топ башчыларын чогултуп:

– Баарыңар тең камдуу болгула. Күн-түн дебей элдин түрүн байкагыла. Эгер кичине эле шек билинсе, бизге билдиргиле. Булар жылмаланып, кандай капкан

салганы жатышат, ким билет? Сактыкта кордук болбойт. Камдуу тургула, күн-түн дебей аттар токулуу болуп, кермелерге байланып, жигиттер бел чечпей курал-жарактарын жазданып, жоо кийимчен эс алышсын! – деген буйрук болду. Жалгаш менен Садыр алмашып Эсенгулду кайтарып, бул күндөрдө чырым этип уйку көрүшпөдү. Тамакты убагы менен ичишип, бирин-бири алмашып тигилерге шек алдырбай түндү түнөрүшүп, үн дебей айыл аралай басып, жигиттердин жарак-жабдыгын, аттарынын ээр-токумдарын текшерип карап, сакчылардан бери териштирип карап жүрдү. Калмактардын чабуулунан да, өз туугандарынын аксымдыгынан сактанып, мындай жайылуу дасторкондун артында эмнени ойлоп болбойт, ал жагын дагы эске алышты.

Эсенгулга келип, Бүргө айтууга кеп таппай мукактанып, мууну шалдырап, мүнөзүнө караганда туугандарынан деле мактанып жатып деле түзүк кеп уккан түрү билинбейт.

Алыстан келген баатырларга учурашып, Эсенгулга кол берип таанышып келели деген ойдо, айылдын бай аталгандары, акылдуу аксакалдары атайлап жасалгалап тигилген өргөөгө келип, учурашкан соң кайра кетип жатышты. Ал-акыбалдарын сурап, жайланышып олтуруп кобурашып сөз узарды. Ортодо дасторкон жайылып турду, жемиш даам толтура.

Жанкороз чепкенинин этегин кармалап, кепти кандай жүйөлөтүп баштарын билбей, Сабатарды бир карап ойго батып тунжурап бет алдын былк этпей карап отурду. Сакалы жайкалган кары кеп учугун чыгарды:

– Эсенгул, сиздер менен биздин аралыгыбыз бир топ алыс болсо да, бир тууган ага-ини бир боор элбиз. Бири-бирибиздин ортодо балдардын билбестигинен бир аз күнөө кетип, сиздердин алдыңарда уят болуп калдык. Адилеттикти, калыстыкты туура көрөбүз. Эми биз ынтымакта чогуу болбосок болбойт.

Бул сөздү уккан Эсенгул сөздү бөлүп:

– Бизде, сиздерди чаап, кыйратып жиберели деген ой жок. Азыр бейпилчилик заманда эмгек кылганга эмне жетет. Жер кенен, эгинди көп айдап, чекеден тер чыгарып, таман акы, маңдай тер агызып жашаса түзүк жашоо болот го. Бирөөнү коркутуп, малын уурдап, эгинин тартып алып, ач көздүк, зулумдук кылган кантип жакшы болсун. Андай адамдын күнүмдүк жашоосу жакшы болбосо, аягы жакшы болбойт.

Мен чын ниетимден эртеңки элдин тагдырын, бейпил тынч жашоосун каалайт элем. Ушул бир аз күндүк жарыкчылыкты түзүктөп, ырахаттанып жашоо, лазым эмеспи. Кудайдан чын дитиң менен эмнени каалап сурансаң, Алла берет. Адамга жамандык ойлоп кара санаганда, ал мүңкүрөп азап чеккенде, сен эки болбойсуң, кайра өзүң ошол кордукка дуушар болосуң. Кара түндү как жарып таң шоола берет, чириген дүмүрдү түртүп жаңы жаш көчөт өнүп чыгат. Караңгыда ийнени саптай албайсың. Чириген кайыңдан арабанын огун аштаганга болбойт. Көзүңдү ач таңдын атышын, көчөттүн өзөгү толуп жетилишин күт.

Эсенгулдун айткан табышмактуу жүйө кебине таң берип, кеп угуп олтурушкандар балыктай ооздорун томпойтуп муюп кепке конок берип отурушту. Бул кептин маанисине түшүнгөндөрүн билгизип каштарын серпип, ылайыктуу кеп таба албай эриндерин кырча тиштенишип, тизелерин мыкчып олтуруп калышкандарын байкады. Жанкороз, Кудайменде, Сабаттарлар ансайын баштарын кынжыйтып, ийиндерине жөлөнгөндөй ыңгайсызданып калышты. Отургандардын ичинен Кудайменденин тостойгон көздөрү бирде Эсенгулду бирде анын жан-жөкөрлөрү Садыр менен Жалгашты теше тиктеп, карап калды. Анын оюн билгенсип, калгандары дагы мына ушундан кийин Эсенгулга баш ийгилери келип, ичтеринен ойго алаксышты.

* * *

– Ага-ини туугандар, бир ооз сөз айтсам туура келеби? – деди кечирим сурап, ордунан тура калып ызаат билгизип Бүргө. «Айт, айта бер тартынбай» – деп айтылганда, ушул эле сөздү күтүп тургансып:

– Мен ойлонуп көрсөм Эсенгул болгон акыл-насаат кебин тизмектештирип тамсилдеп айтып берди тактап. Эгер биз кудурети күчтүү жараткандын каарына калбайлы десек, туура түшүнүү менен кабыл алалы. Сааты чыгып, маалы келмейин кылыч кындан өзү суурулбайт. Азырынча тынч турганыбыз оң. Анан жөн эле бейкам жата бериш да жарабайт. Белдүү, күчтүү элден өмөк күтүп, кадырлашканыбыз туура го?

– Бүргө касташып ниети бурулган жоо бизге жан тартмак беле?

Кууланган Бүргөнүн сөзүн жактырбай Сабатар чыртыйып сүйлөп, сөзүн бөлдү:

– Башка душман бизди ноктолоп алсам дегенге эки көзү төрт. Көмөк эле керек болсо анда жери алыс дебесеңер, мына сарбагыш туугандарга кайрылсаңар туура болот. Элдин, караламан калың журттун башчысы отурбайбы. Айыгар кеселге айлакер табып өзү келет. Андан көрө элди бириктирип баш-көз болчу бир акылы жетигибизди «эл башы хан» деп дайындап албайбызбы? Акылы жетиктер ойлонуп көргүлө. «Куш башындай торгойдун кубулжуган үнү бар, казанбактай карганын кыркылдаган эле сүрү бар» дегендей, дагы ким кандай сөз айта алат?

– Айткандай чуркап бараткан кайберенди башка аткан көзгө атар мерген, тузакка маш амалкөй адамдар чөлкөмдө жок. Калтар, түлкү, суусардын терилери керек бизге, көп керек. Куралыбыздын каруусуна моюн бербеген өзбек, таджиктер менен биз жумшак тил, жылуу сөзүбүздүн жардамы менен ынтымакка келе алабыз

– деди эле, бул айтылган сөз жакпай калды белем, өзү менен отургандар «бабыраган көп сөздүн кереги эмне» дегендей үн кулагына угулуп, Сабатар өзүн чоочун үйдүн босогосунан сөөк аңдыган жолбун иттей сезип, куру эле күрсө-күрс жөтөлгөн болуп калды.

– Сенин деле мынчалык акыл тапкычтыгыңды мурун сезген эмеспиз Сабатар.

Жанкороз күлүмсүрөп, жактыра бербей карап:

– Бул акылыңды, баш кесер эрдигиңди мурун кайда катып жүргөнсүң?

– Сенин ишиң эмне! – деп чычалап, корс этти Сабатар. Жанкороз үнүн жай чыгарып:

– Чычалаба баатыр, сен душманга аттансаң, алгач алыңды көргөз. Анан бизге акылыңды айт.

Тилеги таш каап, өзүнө киши ишенбегенине көзү жетип Сабатар дендароо болуп туруп калды.

* * *

Эсенгул оюн ортого салып, көпчүлүккө карап мындай деди:

– Эл болгондон кийин, элге башчы болууга тийиш. Башчы жок болгондо ар ким өз билгенин жасайт. Учу бире айрылат, негизи бир боор эл болгондон кийин түбү кайра кошулат. Анткени баарыбыздын түбүбүз бир. Кыркышып кеткен күндө да, бир туугандардын ортосунда кичине ийненин көзүндөй болсо дагы жылуулук сезимге ич толо койбойт. Таарыныч, өктөм ой болбогондон кийин не болгондо да бир тууган кыйышпайт.

Бүргө бул айтылган сөзгө муюп, ойго батып тунжурап отурду. Эсенгул өкүнгөндөй дагы элди бир сыйра кыдырата карап алып, сөзүн улады:

– Ортобузда чычкандын жорголобой калганы, катыштын жогунун кесепети туугандыктын алыстыгын тастыктап турбайбы. Көйнөктүн кирин жууса кетет,

көңүлдүн кирин жүйөлөшүп айтышып ортого салынса, кимде айып барын сезип кечиришет. Кечиримдүүлүк ийгиликтин булагы. Айткандай элге башчы «хан» керек. Эл эмнеге умтулуп дүүлүгөт, эмне керек элге? «Бейпилдик, токчулук, хандын адилеттиги, эл үчүн кам көргөн гана адам эл башы» – деп аталат. Хандык бийликке кимиңерди ылайыктайсаңар?! Эки тизгин, бир чылбырды кимиң аласың?! Күтүүсүз айтылган бул кепке элдин арасы дым болуп, үн катпай туруп калышты. Жанкороз ойлонуп, бир аз туруп:

– Айтпайсыңарбы? – дегенде, көпчүлүк толкуп, күбүр-шыбыр болуп: «Ханга акылы жетик, ким ылайыктуу?» – деп, жооп таба албай баштарын жерден алышпады.

Эсенгул Бүргөнү түз карап:

– Менин оюмча жаш экен, бирок жаш болсо да Бүргө ат үстүндө кылыч чапканга, найза көтөрүп жоонун мизин кайтарганга жарайбы? Бирок хандын кылар иши ошо менен бүтпөйт. Чырдашканды элдештирип, ээнбаш, ээн сөз сүйлөгөндү тескеп, элдин убал-сообун моюнга жүктөп, элдин жүгүн көтөрүп, калайык-калктын колундагы жебеси боло алабы? Мезгил катаал чалкеш убак. Эскилер айткандай мейкин талаа, каардуу бороон, кандай катуу удургуп келет, баарын көрүп баамдаш керек дешкен. Ошондой каардуу добулдун күчүнө ким туруштук берет.

Бүргө ичимтап болуп, саамга көзүн жуумп отуруп калды. Мына көптөн бери дем тартпай, жанын үрөп, аракеттенип оюнан чыкпай жүргөн максаттын ишке ашканы калды. Сөз кезеги келгенде Бүргө:

– Мен макулмун, туугандарым. Каралай көз, калың эл турасыңар. Мен өз жеке кызыкчылыгыма карап же бир атак-даңк көздөп мансапка умтулуп «буйрук кылсам экен» деп, ушул оор милдети мойнума жүктөп жат-

кан жерим жок – деди. Каршысында алыстан кулак төшөп сөз чечимин күтүп мелтиреген калайыкты, Бүргө бир кадала тиктеп алды. Бул жолу дагы «эмне сөздү талкуулап жатышат» деп, бери жакта бүдөмүк ойдо калган аялдар шыбырашууда.

Ушул талашка түшкөн талкуу, кеңеш өтө эле созулуп кеткенсиди. Ансыз да ар бирине баары түшүнүктүү. Бул билерман акылдуулар ушул жерден маселенин негизин чечүүлөрү керек. «Мына көрдүңбү?» дегенчилик кылып көкүрөгүн көтөрүп, керсейип элге текебер ыңгырана карап Сабатардын түйрүк эриндери калбайып чыгып, кабагын түйүп жүзүн үйрүйт. «Мүмкүн, кыйты Бүргө, алысты тиктеген шумпайдай, мурунтан өзү хан болом деп айтуудан тик багып айталбай жүргөндүр» – деп дагы ойлоду.

Жанкороз топту жарып учкан шумкардай, үнүн өктөм чыгарып, кептин ток этер жерин айтып калды:

– Бүргө уулум, эл башы хандыктан качпа! Келген бакытты кагып, кууп, издеп табалбай каласың. Экинчи, бийлик бар жерде өкүм бар. Башыңды өйдө көтөр да түбөлүктүү көк асмандагы жаратканды түк эсиңден чыгарбай көрүп, сен анын жердеги көлөкөсү экениңди биле жүр. Бийлигиңди жүргүзгөн өз тагдырыңды, өзүңдүн эркиңди Алла Тааланын амири менен эркине ылайык так алып жүр. Ошондо гана сен асманга чыкканда жердегилерден да даражаң бийик көтөрүлөт. Эгер Жараткандын эркинен тетири иш кыла турган болсоң, ушул эле жер үстүндө күнөөгө кириптер болосуң. Сенин болгон байлыгыңдан жалгыз өзү азыр отурган ак кийиз же тагың артыңда кошо толкуган элден башка өзүңдүн көлөкөң гана калат, – деди.

Чайыттай ачык көк асманда бийик көкөлөп безеленип торгой сайрайт. Тээ ыраактан кырылдап каркыра катарын бузбай учуп бара жатат. Алардын добушу бөрү тилденип угат.

Жанкороз көк сакалын сеңселтип, узак сөзүн аяктаганда, Бүргө бүк түшүп таазим этип, башын ийди. Мына ушундан кийин баары жапырт ордунан турушту да, катар туруп калышты. Баары кыркар тартып, күндүн бетин тосуп жаңы шайланган ханды тегеректеп, дагы кандай сөз чыгат дегенсип, кулак кагып күтүштү. Бүргө жумшак күлүмсүрөп, ээрдин тартып башын өйдө көтөрүп, кудум көптү көргөн кары кишидей боюн түз алып, жылуу үн менен:

– Калайык-калк, силер менин айтканымды аткарып, буйруган жакка шилтемсиз жумшаган ишке макулсуңарбы?! – деди. Бул сөздү айтканда эмнегедир үнү каргылданып кетти. Калың эл бир ооздон:

– Биз даярбыз! – дешти.

– Анда угуп койгула, оң-сол кулагыңар менен. Бүгүнтөн тартып менин сөзүм силердин мылтыгыңар жана кылычыңар, жоого тике сунулчу найзаңар.

Көпчүлүк ууздай ак кийизди жерге жазып, ага Бүргө баатырды олтургузушту да, кийиздин четинен жабыла кармап жогору көтөрүүгө ниеттеништи. Минтип «хан болом» деп ойлобогон Бүргөнүн бетине кан тээп, жүзү кызарып кетти. Эл чуулдап-дуулдап, топураган көпчүлүк куттук айтып «башыңа конгон сыймыгың кут болсун!» дешип бир топко чурулдашты.

Эсенгул, Жанкороздор баш болгон билермандар, тегеректеп турушкан ак сакалдар ак кийизди туш-тарабынан жабыла кармашып, өйдө көтөрө баштаганда,Бүргө жыгылып кетчүдөй кылкылдап барып оңолду. Бүргө өзүн абдан бактылуу сезип, ак кийиздин үстүнөн эки бети тамылжып, ымшып кетти. Бүргөнүн бул жорук оюна үч уктаса түшүнө кирген эмес. Баары түш сыяктуу сезилип, башы маңги торпоктой дендароо болуп катып, кымгуут түшкөн элди кыдыра карады. Бул бактыга манчыркап, ылаачындай тик көзү жайнап, көпчүлүктөн көзүн албады. Эл ураан айтып «баштуу, эл ата-

сы хандуу болдук, хан бүт элдин башы, ханыбыз Бүргө» – деп, калың эл бороон айдаган тулаң чөптөй таазим этишти.

Кудурети күчтү Алла Тааланын, жер жайнаган элдин кулагы угуп, көзү менен көрүп турушту. Бул көрүнүштөн Бүргөнүн көзү бир көрүп, бир көрүнбөй карегги тунара түштү. Башы көңүл жылыткан кубанычтуу кыялдан удургуп, жүрөгү тез-тез согуп дүкүлдөдү.

– Жортуулдан колго түшкөн мал-мүлк, кулбу, баатырбы туткундагандардын баары сенин буйругуң менен аткарылат. Мындан ары эч ким сенин мыйзамыңды бузуп, эки кылып каяша берүүгө акысы жок. Мына карачы – деди Эсенгул:

– Эми сен журт эгесисиң, элге кайрымдуу бол! Бечараларга күйүмдүү болуп акылдуунун сөзүн ук, көрөгөч көздүүнүн көзү менен карап, иштермандын артынан ээрчи. Кудурети күчтүү Жараткандын берген даражасын күтө бил! Эсирбе, кара баштуу адамдын өмүрүнө, калың калайыктын тагдырына ойлук кыларыңда калыс карап, түзүк мамиле менен ушул калың элди артыңан ээрчит. Элиң сени кадырласын, сыйлап таазим этип турсун! Бир жолу өзүңө келген сыймыгыңды, даражаңды колуңан учурба. Бийлигиң кут болсун! – деп, бир аз көз ирмебей баамдап карап туруп, аяр мүнөзү менен сынаганга үлгүрдү: «Бул бала бийликтен, катуу кагылышуу кыйынчылыктан, душмандан элин канаттын алдында калкалайт. Түзү ийриден түңүлүүгө болбойт. Жүзү ачык, дити ак, акылга дыйкан, кара кылды как жарган калыс уул экен» – деп, өзүнчө таң берип «дагы көрө жатабыз! деп ойлоп:

– Азырынча бийлик ээси ханзадаңар жаш. Жанкороз, баш-көз болуп акылыңды айт. Адамдын жүрүш-турушу анын ким экендигин далилдей турган күзгү. Ак ниет, кең пейил, адил адамга асылгандар көп болот. Бирок аны бактылуу даражасына, абийирине эч шек кел-

тире албайт. Кана, ага-ини туугандар, эрдемсинип мал уурдай качып, бир өзүңөрдөй бечараны издетип убара кылбагыла. Эми баштуу эл башкарган хандуу болдуңар. Тартипти, бир келген өмүрдү баалай албагандар эч убакта адамга жакшылык эмес, өзүнүн үй-бүлөлөрүн кадырлаша албайт. Даңкайган чоң бак, бир кичинекей талдан өнүп дарак болот. Силердин эл дагы эми мындан ары өнүп, өсүп, ынтымак араңарды жылоолосун! – деди эле, айтылган сөздү ыраазы болуп угуп Бүргө:

– Эй, баатыр аба!? – деп, Эсенгулду жылуу маанай менен карап:

– Айткан насаат кебиңиз, көрсөткөн жакшы пейилиңизге кулдугум бар! Эстүү, адамкерчиликтүү кишинин ишин кылдыңыз. Бири-бирибизге моюн бербеген ээнбаш элди бириктирип, бир беткей түз жолду көрсөттүңүз. Аба бул адам деген ушундай турбайбы. – Бүргө бир нерсени ойлонуп «эл уксун» дегендей отургандарды бир сыйра кыдыра көз жүгүртүп, улуу-кичүү түшүнсүн дегенсип үнүн бийик чыгарып:

– Адамдын төрт түлүгү тегиз болсо, туш-тарабы кыбыла. Кудайды эстен чыгарбаш керек. Качан иш кыйшаңдап, тагдыры солкулдак көпүрөсүнө чукулдаганда башы айланат. Мына ошондо жашоо, өмүр эсине келип «Кудай» дейт, анан колун сунуп жардамга жан-жөкөрүн издейт.

Жашоодо адам үчүн даңктуу болуш бакыт. Жакшы жашап, пайдалуу иш кылууга, баары тегиз болгондо умтулат. Бардык адамдарда алдыга койгон максат бар. Ошол максаттар аткарылсын дегенде, Эсенгул:

– Болду журт эгеси Бүргө, эми биздин сапар карыды, айтылбай калган кеп-сөз, акыл-насаат калбады. Эл сеники. Намысыңды, дэериңди сактап тоо көчкүсүндөй күтүүсүздөн күркүрөп жайнаган калың элиңе эге болуп, элиңди жаман жолго түртпөй түз жолго ээрчитип, аман асыра. Калганын тагдырга кой. Мындан ары өз акылы-

ңа, тажрыйбаңа кара. Ага-ини, тууганлардын ортосундагы жаракага шына кагып жибербей, кайра бириктирип, эски кегин эстеринен чыгаргандай бол. Урушкандарды элдештирип, тобокелге салбай бириктирип, тынч пейпилдикти кут кылгын. Калганын бешенеңден көрдүң! – деп, Эсенгул кош айтышып жигиттерин ээрчитип кетүүгө камынды. Бүргө өзүнүн минген жээрде аргымагын Эсенгулдун алдына туура тартып:

– Баатыр аба, ушул ат өзүмдүн минип жүргөн жан жоолочу атым. Ак пейилим менен сизге тартуу кылдым, айып этпей ушул атты минип кетиңиз. Менден сизге белек, эсиңизде калган тартуу болсун, – деди.

Эсенгул атты бир имере карап, Бүргөнү тигиле бир топко ой басып туруп:

– Бүргө сен жашсың, эми минтип элдин башы болдуң, эр жигиттин сыймыгы даражасы, минген аты менен ырыскылаш болот. Ыракмат, тилегиңе. Бул ат өзүңө буйрусун. Ээр токуму менен алдыма тартканың, мингенге тете. Атың өз башыңа кут болсун. Менин болсом эми ат минчү убактым өттү. Карылык башка келди «түзү ийриден түңүлбө» деген кеп бар. Жүзүң жарык уул экенсиң. Айтаарым, өмүрүң узун болуп, элиңе аттай арка, тоодой медер бол! – деп, ичинен бир нерсе деп күбүрөнүп Эсенгул колун жаңсап, жаш кулуңду, өлөсөлүү кырчаңгы деле ачуусу менен жаза-буза тээп алат эмеспи деп, артын карабай түз бастырып кетти.

Артынан кыркар тартып эки топ болуп Жалгаш оң тарабында, Садыр сол багытында баратышты. Карааңдарын карап турган элдин ичинен көзүн сүзүп тирмеле тиктеп туруп Жанкороз:

– Ата көрү, «ат качырбас боз туйгун» деген ушу. Сыртынан эле билинип турбайбы, асыл адам экени. Суудай таза, талаадай кең, арстандай эр жүрөк экенине баарың күбө болдуңар. Аттиң, бою чөгүп карып калган кези экен. Кийин мунун балдары калп айтып, киши-

ни алдап алдым-жуттум болуп, ууруга айланып, кара өзгөйлөнүп, элдин эмгегин жеп, журттун убал-сообун карабай кетпесе болду. Хан чыкпай, эл башы болбой, күн карама өзүмчүл болбосо атаганат. Ээ кайран берендин тукуму, эгер зулумдукка берилбей, кең пейил, таза болсо эл башында дайым болуп, жашоолору жеңил болот эле – деп, бармагын тиштеп, башын чайкап, саруу Жанкороз берген сынын айтып калды.

* * *

Эсенгул элине келип бир аз күн өткөндөн кийин, бүт балдарын чакырат. Айткандай баатыр Эсенгул алты аял алып, жыйырма бир уулу бар. Балдары «атабыз чакыртыптыр» деп жигиттери, жан-жөкөрлөрү менен келе башташат. Аттан түшүп, таазим этип, салам айтып кош колдоп учурашкандан кийин, Эсенгул:

– Баарыңар келдиңерби, жалпың аман-эсен элиңер менен жакшы турасыңарбы? – деп, суроолуу карады эле уулдары бир оздон:

– Кудайга шүгүр, биз жакшы жатабыз, өзүңүз ооруусыркоодон тышкары, дениңиз сак турасызбы?

Учурашып, ар тараптуу кептер айтылганча ууздай ак үйдө тасмалдан даам сызып олтурушту. Эсенгул балдарын дагы кыдырата карап алып, жай сүйлөдү:

– Калмак жылкыларды айдап кетти деди эле, кайрып алдыңарбы? – Жооп күтпөй: – Эсен-соо ажыратып алсаңар болду да.

Керим оозуна кеп улады:

– Калмактар арбындык кылып, бир топ чыр-чатак менен ажыратып келдик.

– Кырсыктап келсеңер, азбы жабыр тартканыңар?

– Аз, бирок кырсык деген ушул экен да.

– Ныязбек курал-жарагыңар жетиштүү беле?

– Курал бардыгыбызда толук болчу – деп айтып Ныязбек кыстала түштү. Ак ниет, ак пейил ата бир аз

токтоло, балдарынын жүздөрүнө кыдырата көз кырын салып, Керим менен Ныязбекке карап ойго алаксып, токтолуп бир аздан кийин:

– Жоого аттанганда ар бир жоокер өз боюна сак болуу керек да. Бирөөнү аттан түшүрүп, өзүң жаралуу болгондо аккан сууга какырып, түкүрүп басып кетип, бир убакта чаңкап кетип кайрылып түкүргөн суудан ичиштин эмне кажети бар.

Шаңшыган бүркүткө, талпынган каздын баш көтөрүп каяша берери кандай кеп. Буга өзүңөр акыл тегеретип көргүлө. Мен эми карыдым. Мындан аркы жашооңорго кирише деле албай калдым көрүнөт. Жакында мен таластык туугандарга барып, элине бек шайлап Ак уул, Куба уул бир тууган эмеспи, тууганчылык милдетти арттырып, мамилелешип, дос-тууган болуп келдик. Жер алыс, атка урунду болуп, дене талып калды көрүнөт. Минтип карылык тооруп турат. Уулдарым, силерге айтарым, биримдикте бир боор болуп, бир тууганддык ынтымакта болгула. Баарын текши ойлоп, келечектүү иш жасагыла. Бутуңар үзөңгүдө болсо, көзүңөр элдин жашоо турмуш, шартында болсун! – деп, бир токтолуп, дем алып туруп:

– Башыңарда акылыңар, колуңарда күчүңөр бар. Ысмыңардын атак-даңкы, силердин эки канатыңар. Эл силерди ээрчигенде, жалаң силердин ак ниетиңерге, пейилиңерге, адамдык сапатыңарга карап таазим этип сыйлап, кадырлап ээрчийт.

Адам болгондон кийин ар бир адам баласы: «Үстүмдө үйүм, астымда ашым, эркин жашасам» – деп тилейт.

Сөзүн ушул жерден токтотуп, балдарынын баарын имере карап, бир топко отурду. Керим уулун жактырып, бийлигим даңкым ушунда болсо, мындан ары илгерилетип, элди артынан ээрчитет деген ойдон бөлүнө албай, балдарына дагы көз жүгүртүп карап алды да, ордунан козголуп туруп үйдөн эшикке чыкты. Балдары,

жигиттери менен самсып артынан басты. Артын карабай түз обочо айылдан алысыраак бөлөк дөбөгө барып, чок ортосуна кыбыланы беттеп отурду. Артында келаткан көпчүлүккө көз салып:

– Ага-ини туугандар, капа этпесеңер уруксат этиңиздер!? Балдарым менен акылдашчу кеп бар эле, силер окчун жерде тура тургула – деди.

«Болуптур» – деп ээрчиген айылдагы адамдар кайра тартты. Бой тиреген жыйырма бир баласы уй мүйүз тартып кыркар отурушту. Бир топтон кийин гана Эсенгул үнүн жасап жөтөлүп алып:

– Балдарым, мага силер капа болбогула. Мен силерге ыраазымын. Ич тарлык кылбай акыл тегеретип улууңарды кичүүңөр сыйлап, урматтагыла. Негизги сөзүм, Керимдин айтканын эки дебегиле, эгер мени сыйлап кадырласаңар. Керимге баш ийип, айткан акылын эки кылбай ынтымакта болгула! – деди. Баары үн дебей, дым болуп атасын карап калышты.

Эсенгул колун серелете мейкин талааны карап, көптөн кийин:

– Керим тур, сен тээ ылдый жакта кетип бараткан ак боз ат минген сакалдуу атаңа тез барып саламдашып, кол берип келчи! – дегенде, Керимдин баатырлык кежирлиги кармап:

– Ата, ар бир ак боз ат минген сакалдуу киши көрүнсө эле чаап барып саламдаша бергендей мен жаш бала эмесмин го? – деди. Ушул сөз айтылары менен ордунан элпек тура калып:

– Ата, мага уруксат этиңиз. Мен барып кол берип саламдашайын – деп Ныязбек ийилип колун бооруна алды. Эсенгул, баатыр аталган Керим уулун жаман көзү менен бир ата карап алып, өкүнгөнүн жүзүнөн билгизип:

– Бар уулум, кол берип саламдаш! – деди. Ныязбек бери жакта тушалуу турган атына мине калып, ак са-

кал абышканын алдын торой чаап барып, аттан секирип түшүп, колун бооруна алып:

– Ассалом алейкум! – деди. Карыя жылмая карап:

– Алекума салам! – деп колун кыса кармады. Ныязбек карыянын колу кебездей жумшак экенин дароо байкады. Карыя колун жайып:

– Уулум, узак өмүр жашап, тукумуң эл бийлеп, өзүң даанышман, сергек олуя бол – деп, батасын берип бастырып кетти. Аз өтпөй эле карыянын дайыны билинбей, караанын көрүнбөй калды. Бул учурда баарын байкап турган Эсенгул Керим уулуна карап:

– Балам, бекер кылдың, баатырлыгың баатыр эле. Эл оозуна алынып калгансың, эми болбой калды. Тиги карыяны кара, Ныязбекке батасын берип жатат. Ошол батаны сени алсын дедим эле, эми Ныязбектин балдарынан чыга турган болуп калды.

Керим атасынын сөзүн укканда, чоң ырыскыдан куру калганын билип уяла түштү.

* * *

Ныязбек үйүнө келип, атасы Эсенгулдун батасын алмакка калың элди эки канатка чогултуп, эки тарапта каз-катар олтурган элдин ортосунда сыйлуу жерде отурган атасы Эсенгулду карап алып, калайык калың элге Ныязбек сыңар тизелей олтура калып:

– Агайын, туугандар! Сиздерди жыйып, даам татып бир тасмалда олтурганымдын себеби, мен бир түш көрдүм! – деп токтоло калды. Карылардын ичинен:

– Айт, айта бер, мүмкүнчүлүгүбүздүн болушунча жоруйлу – деди Черикчи. Атасы Эсенгулду карап, уруксат сурагандай түр көргөзүп алып, анан Ныязбек:

– Түшүмдө мен бир жабуусу сеңселген эшекти минип алып, көк жашыл бийик тоону көздөй бараткан болом. Тоонун туу чокусуна чыканымда, теке мандайым-

дан күн кыпкызыл болуп нурун төгөт. Нур мага кана тиет. Бир кезде ой жакты карасам, калың эл жабыла мен жакты көздөй келатат аттуусу аттуу, жөөсү жөө бойдон. Мен эшектин үстүндө туруп алып даарат ушатам. Анан заарам калың элди каптап, дайрага айланат. Ошол калыпта ойгондум – деди. Сөз угуп олтургандар үн катпай калды. Мындай укмуштуу түштү ким көргөн. Бир топтон кийин Черикчи жөтөлүп, элдин күбүрү басылгандан кийин:

– Ныязбек, атаң Эсенгулду кызыр көрүнөө колдогон. Эшек атандын сыймыгы, сага оогон экен. Эшек мингениң, ак сакал карыя айтканындай олуя болосуң. Бийик көк жашыл тоого чыкканың, өмүрүң узун болуп, эч азап тартпай тукумуң көбөйүп, балдарыңдан хан чыгат. Эл башында болуп, журт бийлеп көптөгөн калк балдарыңдын артынан ээрчийт. Акылга дыйкан, айлакер, арстандар эр жүрөк баатыр асыл балдарың болот! – деп кол жайып бата кылды.

* * *

Ныязбектин Арык тукумунан алган Болпош деген аялынан 1. Бердибек; 2. Бердикожо; 3. Ормон; 4. Шатен; 5. Субан; 6. Ажы; 7. Кожобек; 8. Рыскулбек деген сегиз уулдуу, төрт кыздуу болот. Экинчи аялы Төбөйдүн кызы Жанымжандан 1. Стам; 2. Атаке; 3. Шербото; 4. Турдубай; 5. Үчике; 6. Турумбек; 7. Надыр; 8. Бекаалы. Эки кыздуу болгон. Үчүнчүсү Солто Түлөбердинин кызы Акылайдан беш кыз, бир уул Түлкү. Түлкүдөн эки уул – Тезекбай, Коомандар.

Ныязбек агасы Керимге теңелбей, топко ээрчибей, атасы Эсенгулдун берки катардагы балдарындай көрүп, күнүлөп улуу аялдын балдары басынтканда, туугандарынын сөзүнө терикпеди. Баарын көңүлгө албай, алар менен ыкташканга аракети күч болуп, болгон аракетин жасады.

Айрым турмушу алсыз, минерге аты, соёрго малы жоктор, Ныязбектин айылына көчүп келүүгө даяр экендиктерин билдиришти. Же буларга артык баш оокат кийим, жылкы мал курап берип жашоо-шарттарын оңдогонго мүмкүнчүлүгү жетишинче жардам берээрин, жашоо-шарттарын толо өзгөртөм деп ишендирди. Эгерим жыргалчылыктын четин ойлобогон, жалаң жакырчылыктан кутулбаган эл талоодон, жашоодогу тынчыбаган өчөгүштөн бири-бирине үстөмдүк, алдым жутумдан, оокаттарын тарттырып жибергенден тажаган шордуу элди же жерди коргой албаган, болбосо тынчтыкты сактап элди азап-тозоктон калкалай албаган айылдын тың чыкмаларына калайыктын кыжыры келип жүргөн. Кайсы гана айылдын эли болбосун ой тилектери бир эле. Ныязбек эл мүдөөсүн таап, өз акылы-күчүнө ишендире алса анда жалпы эл аны колдойт.

Адегенде Ныязбек башка айылдарга барып, айыл аксакалдары менен таанышып, жүйөлөшүп сүйлөшүүгө аракеттенди. «Сага эми эмне кереги бар?» – деп Кудаке такып сурады.

– Эми силер эмне мени башкарып, мени силердин оюңар менен болот деп ойлойсуңарбы? – деп сөздү буза сүйлөдү. Бирок мунун сөзүнө көңүл деле бурган жок.

Күн бүркөк эле. Асмандан кара булут жерге тие салаңдап, күн шыбыргактап жаап баштады. Ныязбек адатындагыдай эле эки жигитинин алдында. Сол колунда тизгин, оң колунда камчысы бар Ныязбек, алдыда баратып эки жакты баамдап карап көз жаздымда калтырбай келет. Жанындагы эки жигитинин дагы кабактары ачык. Кайда болсо көңүлү жай, булардан бөлүнүп калуу же аларды алыстатып салуу кыйын.

Туяк астынан топурак буртулдап, кууруган бутак жыгач кычырайт. Бала күндөн көзгө баса тааныш жер менен келе жатышат.

Ушул айланада оң жакта айтылуу мейкин талаа, тааныш Кеминдин жергеси. Бул жерде туулуп, эң бир бактылуу балалык убагы ушул жерде өткөн. 1739-жылдын жай айында жарык дүйнөгө келгени айтылат. Бала кезинде такай эртең менен күн нуруна аралаш тызылдап чуркап, козуларды үркүтүп ойнор эле. Шүүдүрүм бут үшүтүп жээк бойлой өскөн сейрек кылкан чөптүн арасынан кекилик чилдер пырпырап уча кашчу. Суу жээктеп бир топ барып анан бири-бири менен суу чачышып шарактап каткырып күлүп, суу болгон кийимдерин сыгып, кургагандан кийин күн желесиндей ийриле жабылжып, муун жүлүнүнө чейин жылытчу. Эски тал карагайы, кайыңдын калың өскөн көлөкөсү коюуланып, туман мунарыктап, каалгый жылып күн нурунан кыялап барып көздөн кайым болчу.

Боз үйлөрдүн арт жагында бири-биринен алыс өскөн шыңгадай карагайлардын түбүнө топурак чачылып жатчу. Ошол топурак таманга кирип, жылаңайлак басалчу эмес эле.

Кеминдин мейкин талаасы киндик кан тамган жери. Бул жерди түп атасы Сарбагышка, Тагай бий энчи бөлгөндө берген. Аталары Дөөлөс, Манаптардын да бул жерге киндик каны тамган. Алар да ушул жерде төрөлгөн. Эң биринчи ат жалын тартып минип, эң биринчи жаа тартып душманга ок атып, элин асыраган ушул жер көзгө кандай сүйкүмдүү, дүпүйгөн караган шак, көк жашыл мейкин талаа дале жатат мелмилдеп.

Ушул жерден тизгин тартты. Сол ыптада токой ташы жок жылаңач узун капчыгай көрүндү. Андан наркы белесчеде үйүрлүү жылкы көк жашыл адырда жайылып жатат. Тегерегинде эч адамзаада көрүнбөйт. Адырдын нарыраак жагынан булаланган түтүн чокуга чыкканда, айыл алаканга салгандай даана көрүндү. Агайын тууган, бир туугандары чогуу турган жер үйлөрдүн чок ортосунда. Көзгө дароо Асанбай, Керимдер-

дин ак өргөөлөрү заңкайып көрүнөт. Айыл четин орой карала-торала болуп жылкычы, койчу, дыйкандардын жана жалданып иштегендердин үй алачыктары.

Үй мүйүзүндөй Керимдин өргөөсүнүн алдындагы түзөңдөгү кермеде беш-алты ат байланып турат. Демек, беш-алты киши үйдө отурган экени белгилүү болду. Булар ортодогу ак өргөөгө бурулду.

Эшиктеги жигит «келиңиздер» деп утурлай басып, адамкерчилик билгизип ат алууга дилгирленди. Турум ат үстүнөн айылдан көзүн албай кыдырата баамдап карап алды. Ак калпагынын алдынан өскүлөң тарткан чачын сылап, өзү ыңгайсыздангандай калпагын оңдоп, басараак кийген болду. Булар эч нерседен бейкам. Туш-тарабындагы караган шак, карарып айыл четине чейин жетет экен. Жанараак айылдын ичи менен ат бастырып аралаганда, эч ким көңүл бурган жок. Ак өргөөгө жетип утурлаган жигитке Ныязбек, Турум, Басылбек үчөө аттан түшүп чылбырларды карматышты. Үйгө кирген үчөө ысык абаны бууланта, уюлгуп төрдө чыканакка жаздык коюп кырданып отурган Керимди көрүп ыңгайсыздана саламдашып ийди. Көзүнөн от күйгөн Керим кандайдыр Ныязбекке башкача көрүнүп кетти.

– Эмне өңүң өзгөрүлө түштү, чочуп кеттиңби?! – деп, жылуу жүз менен бир боор инисин көрүп, эркелетип:

– Көп келчү эмес элең, кел төргө өт! – деп колун жаңсады. Сөз кезегин келтирип:

– Элдин ички биримдигин байкай алдыңбы? Бүт солто эли «казакка кошулабыз» деп ыркты бузуп, бөлүнүшкөндөрдөн Түлөкабыл, Бердикелер моюн таптык кылып турат – деди. Ныязбек башын муңайым ийкеп:

– Булар жумшак кепке келчүдөйбү? – Керим кабагын чытып:

– Биз бир боор элбиз, бир атадан тарадык, оң жолго бурулгула десем, алар: «Силер тууган болуп эмне бейиш көрсөттүңөр? Бийлик, үстөмдүк силер тарапта, элди ма-

наптар бийлешсе» – деп болбой койду. Аларды кылычтын мизи гана оң жолго салат.

Бул сөздү укканда Ныязбектин кабагы бүркөлө түштү. Мындан ары эч деле маанилүү кеп болгон жок. Бир кезде:

– Болуптур, мен кеттим, – деп Ныязбек үн катпай аттанып, түз эле Түлөкабылдын айылына барды. Булар кандай шумдукка баштарын байлап жаткандарын сезишеби, жокпу комузун чертип, кыягын тартып, жыргап жаткан айыл ортосундагы ак өргөөгө барып Ныязбек, Басылбек, Турум аттан түшүп, мамыга аттарын байлап өргөөнүн эшигин шарт ачып кирип барды. Бердике Ныязбекти көргөндө кетенчиктей түштү, эч сөзгө келбей:

– Сен эмне, кыйын болуп калдыңбы? Эсирген экенсиң. Биздин келерибизди билген жок белең?! – деп, Ныязбек кекетип жиберди.

– Мурда атайлап кол куушуруп, белиңди ийип саламдашчу элең! Тез эле дырдыйган экенсиңер Түлөкабыл экөөң! – дегенде Бердике камчыны бүктөй кармап, олтурган жеринен кетенчиктеп:

– Кечир баатыр! – деп алактап, бүргөдөй түйүлүп, ордунан атып турду. Турум ийининдеги мылтыгын ала коюп, түндүктөн арылта бир атып ийди. Тиги болсо кирээрге жылчык таппай бүрүшүп, оозун ачкан балапандай титиреп, колун көтөрүп оозуна сөз кирбей апкаарып, жүктүн бурчуна далдаланды. Саамдан кийин сырттан ызырынган үн чыкты. Түлөкабыл сөгүнүп союл көтөрүп калды. Басылбек кылычын жалаңдатып, артынан кууганда үйүнө кире качып жанын алакчылады. Ныязбек артынан барып, үйдө бир топ аялдар менен Байсейит бар экен. Булоолонгон чараны ортого алып, эт жеп отурушуптур. Басылбек казанды оодара тээп, Байсейитти желкесинен алып, кылычтын кыры менен жонго бир салды да, үнүн жогору чыгарып:

– Тур өйдө, жолбун ит!

Аялдар чаркырап ашкана жакка тыгылышты. Байсейиттин көзү чанагынан чыгып калтырап, ордунан туруп колунун майын өңүрүнө аарчыды. Басылбек кылычын тигинин тушуна такады.

– Азыр казактын баатырлары мында келсе, алардан бизди көздөй бир эле ок атыла турган болсо, анда өлдүм дей бер. Тапкан экенсиңер тууганды!?

Байсейит төшүнө такалып турган жалаңдаган кылыч мизин көзүнүн кыры менен карап былк эткенден коркуп:

– Биз кыргызбыз, казак дегенди билбейбиз, бир боорбуз! – деп бышактап жашып кетти.

Аялдар топурашып тышка чыгып баратканда Ныязбек токтотуп:

– Айылга айткыла, элдин баары чогулсун, бир-эки ооз сөз бар, айта турган.

Басылбек бурулуп:

– Кийимиңди кий!

Байсейиттин баласынын колу калчылдап ичигинин жеңин араң тапты. Бултук бетинин каны качып, кайыңдын күзгү жалбырагындай бозоруп титирейт.

– Карачы мунун кебетесин? Турум, булардын билермандары ушундай экен! – деп мыскылдуу жылмайды. Анан экөөлөп Түлөкабыл менен Байсейиттин колун артына байлап, сыртка сүйрөп чыгышты.

Турум иштин негизин баамдап, мылтыгын октоп камынып, бычагын сууруп кыймылдаганын алаканына такачудай ыктас берип турду.

Келгендер элдин чогулушун күтүп калышты. Кишилер элтеңдеп өргөөлөрүнүн тешигинен шыкалаап, эшикке чыга башташты. Коркуп, бүжүрөп, араң илкип, илеңсалаң басып басар-басмаксан. Ныязбек аларды карап:

– Бери баскыла, илкибей. Тез жакын келгиле?! – деп чакырып калды. Корккон эл бириндеп калчылдап, тууралаНып бери басышты. Эркектер бирин-экин. Көпчүлүгү катын-калач, калганы балдар. Нары жактан

Буташты көрдү. Ныязбек муну жылкы тийип, туткундалып байлануу турганда куткарган. Эл көзүнөн далдараак боюн ала качып турганы эстүүлүгү. Тааныш элге белгилүү Эшкожо, Карабас көзгө көрүнбөдү. Чыны баатыр да көрүнбөйт. Ушул кооптуу жорук солтолордун бул дүмөгү, бир шойкомду баштап жүрбөсүн. Ныязбек тегерете элди карап:

– Оо, агайын, туугандар! – деп, чиренип аттын үзөңгүсүнө тура калды.

– Менин мында келгениме таңданбагыла! Мен силер менен түз отуруп, ийрилбей сүйлөйүн. Билесиңер, башынан Солто менен Сарбагыш бир Тагайдын балдары. Силерди калмак, казактан арачалап жанын аябай элди асыраган, менин атамдын эли эмес белеңер! Силерди калмак чаап, мал-мүлкүңөрдү айдап, өзүңөрдү сабап кул, күң кылганы жер жайнаган көп кол менен келгенде, Эсенгул атам элди жыйып калмакты Текес, Кулжага чейин сүрбөдү беле? Бул жалганбы же чынбы? Анда мен жаш элем. Силерди карай албаган болсо, бетке ачык айткыла! Кече казактар бүт жылкыңарды айдап кетип, бир канча чолпондой эр-улан тууган-туштаныңарды өлтүрүп бүлүнткөндө дагы Жалгаш, Садыр эки баатыр менен канча күн чабышып, малыңарды кайтарып келбедиби. Ошондо кимиң адегенде найза сунуп, жылкынын артынан бардыңар? Анда Чынгыш, Түлөберди, Байсейит баатырыңар тоого кара жанын ала качканын силер унутсаңар да, мен унута элекмин. Манап тукумунан болсом да, силердей агайын, туугандарга каралашып малы жокко мал берип, үй-жайсызга дагы каралашып убактылуу жарыкчылыкта жакшы жашасын деген үмүт менен келейин дегем. Силер агам Керимге моюн таптык кылып, кебин укпай «казакка көчө качабыз» деп ниетиңерди бузупсуңар. «Карышкыр ийнин карай үрсө, котур болот» деген кеп бар. Макул силер өз эл-жериңерди таштап казакка барганда, эмне деген

кеп болот. Силерди алар кадырлап, сыйлабайт. Ошондо даана эшигиңерди кыя чабат. Алдуусу жулунуп жакшы жашаса, алсызынын тагдыры куралда турса, бул кандай? Адамдын баары бирдей, артыкчылыгы акылдуу менен иштемчилдигинде. Бир ооз кеп бар, фарс элинин акылманы айткан:

Басканча бөтөн жердин көк шиберин,
Баскының өз элиндин тикенегин.
Унутат кандай макоо түк билбеймин
Туулуп, киндик каны тамган жерин.

Силер тентип барганыңар менен, бул кең Чүйдү эңсейсиңер! Абийир миң күбөгө татыйт. Кудуреттүү Алла жар болсо, колго курал алып коркпой-үркпөй моюнтаптык кылган элдин ичин иренжиткен, кош кептүү эки жүздүүлөргө коркуткандык эмес, тирүүлөй жерге көмдүрөм! Угуп койгула, оң кулагыңар менен! Ушунчаңарда тарткыла кайра! Мен силердин астыңарга ат, үстүңөргө үй-жай берип каралашам. Мал-мүлккө, урмат-сыйга карк кылам, колдон келишинче! Бул кепти силерге мен Ныязбек, Эсенгулдун уулу айтып жатам.

Эл кылт этпеди. Ныязбек булардан чеке жылытарлык үмүт жакшылык күткөн эмес. Булар эл, эл деген толкуган көл. Эч ким деле көчүп жөнөрү, бул жерден кете албасы белгилүү. Булардын мүдөөсү башка. Эзелкиден баатырлыкты барктап келген жоокер эл, эми булардын жоругун аңыз кеп кылып зоболосун көтөрөт. Түлөберди, Байсейит сыяктуу кудурети эч нерсеге татыбаган булардын айылын чак түштө чаңдатышып кеткендин алдынан «ким экинчи туура чыга алат» деген нагыз кеп калат.

Баатыры Анчү деле дайынсыз. Ныязбек мунун баарын көз ирмемге да, көз жаздымга да калтырбай байкап сак турду. Сөз аягында:

– Экинчи бул иш кайталанбагандай болсун! Биз кеткенден кийин бириңерге бириң итиреңдебей, айтылган кеп уккан жерде калгандай болсун – деп бастырып кетти. Денесин бир аз коркунуч басты, бирок жардана карап турган элдин көзүнчө ээрге салабаттуу отуруп, кылчайбастан түз бастырды.

Айылдан бир топ узаганда гана аттын башын бурду. Басылбек Байсейитти кылычтын сырты менен жон талаштыра чапканын көз алдына элестетип Ныязбек көкүрөгүн кере каткырчудай күлүмсүрөдү, башындагы ак калпагын алып тизеге бир чапты да:

– Дурус кеп болду, бул суу жүрөктөр бизди карагандан коркуп селейишти го? Кылычыңды дагы бир жолу сууруганыңда Байсейит ыштанын булгап алмак. Эй, дагы башын алыш керек эле, кой анчалык мыкаачылык кылып болбойт. Буларга ушул эле кылыгыбыз жетиштүү болду.

Ныязбектин көңүлү ачылып, талаа жаңырта ырдагысы келет. Чалкалай мелмилдеген асмандан жай гана каалгый себелеген жамгырга бетин тосту. Бир кезде артын караган Турум:

– Тигилерди карагылачы?! – деп кыйкырып калды. Айылдан бир топ атчан чаап чыгып, бери жөнөгөнүн көрүштү. Көкбай баатыр окшойт, бул аймактан тез кетүү керек. Ныязбек Турумга:

– Сен алдын тосуп жолук, айта турган кеби бар го, чамасы.

Турум аттын башын артка бурду. Көкбай мылтыгын октоп темине алдыга өттү да өзү өлчөгөн орунду ээледи. Капталдай бастырып бараткан Ныязбек имерилип карады эле, аттангандар Турумду тегеректеп калышкан экен. Ага беттеше түшүп кайра артка кетишти, экөө кана калды, калганы жапырт бери ат коюшту:

– Шашпа, силердиби! Тууганым, эми дагы бир жерден кездешербиз! – деп тиштене ызырынды Ныязбек. Булардын суутулган аттары желдей сызып, аралыкты

тез кыскартат. Ныязбек коктуга түшүп, жик билгизбей токой аралап, из жашырып кетти. Ушундай жалгыз жарым жолду жалгыздык өксүтөт. Жок дегенде беш жигит болгондо көрүшөт эле. Булар он беш, биз эки. Аттиң, буларга эми акыл менен иш кылыш керек. Тигилер калың бадалдын арасына жакын жерге токтой калышты. Аттары тердеп, өпкө кагып күшүлдөп, таноолорунан буу чыгып бышкырып алышыптыр, калмакты чектен кууганcышып. Ныязбек Басылбекке карап: – Даярдан! – деди. Ал мылтыгын октоп, даяр болуп өңүт ээлеп токтоло калды.

Тигилер бадалдан из кууп, адырандаган бойдон аттарын чаап чукулдашты. Алдында камчысын булгалап Жуман менен Эрбол баатырлар сороктойт. Жымжырттан «тарс» деген мылтыктын үнү чыкты. Эрболдун аты ачуу кишенеп ийди да, арткы бутунан очорулуп барып бетегеге жылмышып оодарылып жыгылды. Тигилер туш-тарапка мылтыктарын суна кармап аткылап ийишти, артка карай кайра тартышты. Эрбол гана жалгыз калып, атка бой жашырып, жыгылган атынын чаткаягына башын далдалады.

Ныязбек жакын келип:

– Алын билбеген казак, атынын чандырына башын жашырды. Ушул алың билип, мында эмне издеп келди. Эми Көкбай баатыры кайда житип кетти? – деп, Ныязбек чукул келип:

– Тур, алы жок казак, чандырга баш жашырып өзүңдү эр ойлойсуңбу? – дегенде, Эрбол бозала болуп, думбаланып тура калып, кайра кулап түзөлдү. Ныязбектин алдында башын ийип, шөлбүрөп туруп калды. Ныязбек эңкейе берип камчы сап менен тигинин ээгин өйдө кылды да, көзүнө тике карап:

– Эми сен тиги өнөктөрүңдүн алдын тосуп чык да, айт. Аларың кайра тартышсын, силер мында эмне издеп келиңер эле? – Эрбол үн катпады.

– Мал уурдаганыбы? – дыбыш жок, шөмтүрөп жер тиктейт.

– Бол айт, ачыгын айтсаң кетесиң, айталбасаң колу-бутуңду таңып алып кетебиз. – Бул сөздү укканда Эрбол:

– Жылкы алалы деп келгенбиз.

– Башчыңар ким?

– Көкбай баатыр.

– Болуптур ошол баатырыңа барып тез айт, артка кайтышсын. Эгер экинчи бери бастырышса, эмки кездешкенде иш башкача бүтөт, уктуңбу? – деди.

– Уктум! – Ныязбек бек унчукту:

– Айтканды аткарасыңбы?

– Жан дилим менен.

– Жан ширин экен, ээ. Мындай калпыс ишке алданбай түз жүр.

Ныязбек атына минип кайрадан жолго түштү. Бадалдын ачык жеринен оро-пара билинбей келаткан уурулар кайра көрүндү. Тигилер чукулдап калганда кайра жыбытка кире берип, изин жашырды. Алар адегенде опурулуп келип окко кабылган эмелер эми этият болушуп, эки жакты акмалай сак чукулдашты. Так ушул учурдан пайдаланып, окчо кармап мылтык атып отурбай, адырдагы кокту-колот менен дагы жол арбытышты. Тигилер элтеңдеп тозот жок экенин билгиче булар бир топ узап кетишкен эле. Борпоң топого из калбаганда, куугундан кутулуп кетиш оңой эле. Эми бир гана арга, түн киришин күтүү керек. Кеч кирип келатат. Аттар алдан тайыды. Уурулар менен улам кездешпей, тез кетүүгө тийиш. Күүгүм буурулдана баштаганда, эптеп далдаа бадалга келип токтолушту. Ныязбек эңкейип бадалдын бүчүрүн сындырып оозуна салды да:

– Турум кайда, дайыны билинбей калды. Анын шорун катырган го, канкор казактар. Шашпасын, бул

шумдарды айылга барып камынып келип, артынан сая түшүп экинчи бул тарапка аттангыс кылыш керек. Антпесе алар эсирип элдин тынчын алат. Булардын Абылай дегени, бүт элди койдой мууздаткан дешет.

Басылбек жылмайып:

– Чиркин, кээде бирөө келекейлегенде, анын өзүнө күлкүң келет – деп кыска айтты. Нызбектин алп мүчөлүү эр жүрөктүүлүгү ченде жок, акылга дыйкан, күн мурун алдындагы иштин негизин билген айкөлдүгүнө таң берип:

– Сиздин амалыңыз менен ушул каргашалуу ууруларды айлаларын кетирип кутулдук. Биз го минтип из жашырдык, ал эми Турумга эмне болду? Мына азыр издешибиз керек! – деп, түкшүмөлдөп ой жүгүрттү.

Турумдун эки колунан байлап локуйтуп атына тетири мингизип келишиптир. Баамдап барып бошотуп келишти.

– Болду эми, негизгиси аман калыпсың. Шашпа, алардын шылдыңын өзүлөрүнө көрсөтөбүз.

Ныязбек казактарга ызырынып, убадасын бекитип, катуу бушайман болду. Кокоюп эки жигити менен ээрчишип жалгыз калганын ойлоп, сары санаага батты. Же бир ички муңун угар жан жок.

– Турум андан көрө биз эми бул өзү катылган казактан кегиңди алыш керек.

Турум кабатырланып:

– Мен сага Кудайымдай ишенем. Ушулардын шылдыңы сөөккө батты. Буларды алдап коюш оңой, андан көрө ошолордун кандай ыкмасы бар, билиш керек. Дилиң менен дитиңди туташтырган жип ушундайда үзүлөт. Ниетиң да мындайдан жатыркап кетет экен.

Ныязбек эки анжы ойдон кайтып, «күңк» этип койду.

– Айтканым айткандай аткарылат, сары санаа болбо – деп жооткото айтып, көңүлүн көтөрүп койду.

* * *

Жайдын биринчи айынын алгачкы күндөрүндө Ныязбектер жортуулга аттанышты. Ныязбек баштаган саны бир жүзгө чукул аттанган жигиттер, топураган катын-бала менен коштошуп, айылдан чыгып казактардын айылын көздөй бет алды.

Ныязбек Басылбекти кошо ала жүрүүгө аксакалдар Черикчи менен Байдан уруксат алышып, бирге ээрчитип алышты. Эми ал мында көлөкөдөй ээрчип, Борголдойдун көзүнө чалдыкпоого жанталашып илешип кетет.

Казактардын мейкин талаасы менен кеткен жолдо алгачкы күнү ыр ырдап дуулдашып, тамашалашып ойноп күлүп жүрүп отурушту. Анан Көкбай, Жуман, Эрболдордун чегине келгенде, жигиттердин катары кыскарылып жаагы басылды. Ал түгүл үзөңгү кагышып же курал шарактап калса, элтең карап Басылбектин тостойгон көзүнүн чаары учуп, каны кайнады. Буларды эч ким укмак деле эмес.

Бирок бул жүрүш эртеси катуу тартипти сактады. Ар бир майда барат, энөөлүккө көңүл бурулду. Жакында эле жашыл жайсаң болуп жайкалган талаа көөнөрүп, адаттагы бозала өңүнө өтө баштаган ат туягы астынан азыраак чаң чыгып, уйпаланган чөп үстүндө бир топко уюлгуп турат. Мунун баары Ныязбек үчүн жаңылык эмес, көндүм иш.

Бир маалда башына капилет ой келди. Бул жерге иш менен келди. Жат элдин айылынан эмне издеп баратышат. Баягы эзелтен бери мал уурдаган, бири-бирине касташып, жоо болуп өч ала турган жортуулдан олжолой турган бечаралардын да, байлык-мүлктүн бул жерде кылдай кажети жок. Анан эмне бул чыңырганына өзү какап, мына бул кардай тынч жаткан бирөөнүн малын айкырып тийиишибиз керек? Менин ийри кылычым кимдин төбөсүнө шилтелет. Мүмкүн, ал казактын ууру бөрүдөй жулунган Көкбай менен Эрболдун күнөө-

сү үчүнбү? Бир колуң менен жамандык кылып жатып, экинчи колуң менен жакшылык кылганыңда не опо.

Суусу тартылган сай боюна түнөмөк болушуп, от жагышкан жок. Каш карайганда бир жылкычы жигитти кармап кетишти. Колу артына кайрып таңылып, быржыйган жоон мойну соолуктап канжалаган. Оозунан шүйшүмдөнө кан агып быжыгый кара сакалынан ылдый куюлуп турган бечара күнөөсүз жигит Ныязбектин алдына чөгөлөдү.

– Жан кыйба, улуу касиеттүү өкүмдар. Уулумду өлтүрүп кетишип, чиедей жаш балдарым калды эле.

– Айылыңар алыспы?

– Чукул эле.

– Дагы канча күн жүрөбүз?

– Бир күндүк жол.

– Көкбай менен Эрболдун айылы кай тарапта? Алардын сан жеткис малдары бар экенин билебиз. Жылкысы кайсыл жайытта?

– Ушул өзөндөгү жайык эки айрылат. Оң айрыгында Эрбол менен Жуман баатырлардын тумандаган калың жылкылары ээлейт. Сол тарабында Көкбай баатырдын түп атасынан келаткан сансыз жылкысы ээлеп жатат.

«Адамдын көзү топуракка тоёт» деген ырас го! Ушунча малы туруп, бизге барып мал уурдашы бул кандай ач көздүк! – деп, Ныязбек баш чайкап: «Биз эки топко бөлүнүп бул үч ач көздү ташка отургузалы, кайсы чекеси тердеген мал. Жетим менен жесирге бөлүп берүү керек» – деп ичинен ойго батып туруп калды. Бир кезде үнгө келди:

– Сен кет үйүңө, биз жөнүндө ооз ачып, ортодо чыр чыкса таарынба!?

Казак жигиттин сүйүнгөнүнөн көзү жалдырап, Турумдун колуна жармашты.

– Болду кет, кулагың уктубу? – деди. Жигит бүжүрөңдөй артын каранып, жылып ал жерден караанын үздү.

Абайылда сол тарапка кетип, Ныязбек өзү жол тосуп он жигит менен артта калды. Оң тарапка Басылбек, Турумдар бармай болушту. Жылдыз толгонго чейин көз ирмебей, өтө кылдат турушуп акылдары бир жерге токтоп, бир пикирге келишти. Эртеси жерди чалып оңутун ээлеп шек билгизбей жылкыны айдоо керек болду. «Азыр эки топко бөлүп ээндеп эс алыш керек го?» – деди Ныязбек. Баары тегиз ээр токумун жая салып, балбылдаган жылдызды тиктеп жата кетишти.

Жигиттер катуу уйкуда. Кимдир бирөөнүн коңуругу талаа жаңыртып, нарыраакта тушалган аттар бышкырышат. Чарчаган кароолчулар бири-бирине дабыш кылган болушат.

«Өзүңө сак бол, кошунаңды ууру тутпа» дегендей, сак болуу керек. Даркеңбай чочуп башын көтөрдү, таң сүрүп калыптыр. Ордунан туруп, ээр токумду жонуна сала жөрмөлөп жөнөдү. Басараалы мунун артынан жер менен эмгектеп сойлоп жүрүп берди. Аз убакыт өтпөй өскүлөң шыраалжын ала батага байланган атка жетип, токуй салды да:

– Даркеңбай, адегенде этияттап бастырып тиги суу аккан айланпадан нары чаап жөнөсөң болот, кана арбактар жолуңду ачсын. Колтуктап атка мингизери менен Даркеңбай ат жалына өбөктөп алып тизгин какты да, көздөн кайым болду.

Басараалы: «Кароолчулар туюп калып чуусу чыкпагай эле» – деп, саамга кулак түрүп элейип турду. Чуу чыкпады, ал өз ордуна кайра жөрмөлөп жетип, уктай албай жатты ойлонуп. Кусадар болуп, жүрөгү оозуна тыгылып алты айласы кетти. Таң жерге жарык тегиз тийгенде, Ныязбек баарын тургузду. Жердин өлчөмүн алмак ниетинде аттанганы ээр-токумун даярдап жаткан кезде, берки чалгын тобунан бир атчан безилдеп чаап келатат. Анын айтканына караганда, Абылабектин кароолчулары Даркебайды кармап, ур-берге алганда:

«Басараалы, Көкбайларга кабар бер, кыргыздар жылкыңарды бүт айдап кетет. Жуман, Эрболдорго да кабарлагыла» – деп түн жамынып жибериптир деген кепти айтышты. Ныязбектин ачуусу келип:

– Чакыр Басараалыны! – деп, жекире үн катты. Жигиттер дароо тигини алып келгенде, аны тике карап:

– Кана тууган, сенин ичиң агарган экен десе? Даркеңбай кайда?! – деп, үнүн катуу чыгарды. Басараалы башын жерден албай:

– Ит болдум! – деп, коркконунан көзү жашылданып, ээги титиреп Ныязбектин бутуна жыгылды.

– Колу-бутун байлап таштагыла. Мында Даркеңбайды алып келишсин. Жок, бул эки итти турган жеринде, жолго жолтоо болбос үчүн баштарын алуу керек.

Ныязбек ойлонуп туруп:

– Бөрү баласы ит болбойт! Каныңарга тарткан экенсиңер. Түбүңөр казакпыз дечү элеңер: «Күчүк багып ит кылсам, балтырымды канатты. Жетим багып эр кылсам, мылтык алып төшкө атты» – деп, кыргыздын карыялары айтканы чын экен го!? Балдарыңарга убал. Жети атаңардан бери кыргыздын тузун татып, ата-бала болдуңар эле. Каныңар аралашып, жытыңар сиңип бир тууган болуп, бизге эл болгон экен дебедикпи. Өзүңдүн алдыгы калдайган иштебеген акылсыз башыңдын кесепетинен, ичиңдин чаары билинип калды. Алты баштуу ажыдаардан коркпой, ичи арам, ниети бузук, адамдан сезген. Болуптур туздаштык эле адал арамды чогуу татканбыз – деп Ныязбек тиктеп калды. Эч кыжырын билдирбей, түзүн да өзгөртпөй, үнүн да көтөрбөй:

– Болуптур башында ыргылжың экениңди билгенде, ээрчитпей эле койбойт белек.

Кабагын салып туруп калды. Ныязбектин ээрди кымтылып, жүзү өзгөрүлүп, ичи муздап кетти.

– Тур Даркенбай, тууганың экөөңдүн бул бузуку иштериң жакшы адамга сыяр иш эмес. Жакшы күндө жак-

шылыкка орток болуп мындай олку-солку начарлаганда жылан өлтүрүүгө таш алып бербеген өнөктүн бизге кереги жок. Ушул жерде кал, сенин каныңа сагын болуп, башыма күнөө алгым келбейт. Ансыз да биз «жасаган күнөөнү кечир» деп беш убак намаз окуп, Кудайдан кечирим суранган элбиз.

– Минген атын коштоп алып кеткиле, өзүн ушул казактын талаасына жөө таштагыла. Мында жүрүп, туугандарына кабар берип, эл болуп калсын. Тарт атты, кеттик!

– Ныязбек баатыр, бул саткындын башын кыя чабайынбы?

– Жок, саягым, сен бүгүн Басараалынын башын кыя чапсаң, дагы бир күнү бирөө сенин башыңды кыя чаап салат. Адамга кандай мамиле кылсаң, ошол ишиңди, энчиңди бирде болбосо бирде аласың. Бекаалы, Дербишаалы уктуңарбы, атты коштоп жетелегиле? – деди. Эки жигит буйрукту аткарып, атты коштоп жетелешти. Жорудай кылып ээн талаада бозоруп, бырбыйып кала берди Басараалы.

* * *

Бийик чокуга бириндеп жер чалганы кеткен чабармандар, күн эңкейгенде кабар беришти.

Ошол жүрүш менен ылдамдап барып, жылкынын башын ылдый буруп, кокту-колотту бүт аңтарып жыйып, ак жал атты коштогон Байкүчүккө Ныязбек:

– Астыга сал ак жалды – деди. Жаныбарым Камбар атанын тукуму элең «башта» деп Байгүчүк аттан түшө калып, колкосунан сылап, ноктону башынан сыйрып алды. Ак жал жылкыга аралаша түшүп жерге оонап, кишенеп туруп калды. Рысменде, Бешбектилерди карап кол жаңсады. Ушул эле буйрукту күтүп турушту беле, жигиттер жылкыларды үркүтө ызы-чуу менен айдап

жөнөй беришти. Жылкылар узай бергенде жыйырма, отуздай жылкычы алдынан тосуп чыгып, укуруk менен союлдашып чабышып, бир топко айдатпай туруштук берип турду. Жылкычылардын башчысы Байкулак, Орозбай жалт бере бурулуп, туурасынан качты. Ныязбектин жигиттери артынан сая түшүп, алды бир топ узагандан-узап, аттары соолугуп чарчап-чаалыгып, жүрүштөрү солгун тартты. Аттардын чарчаганын билип бир буйта колотко баш калкалап, бир топтон кийин кайра качырарда Дербишаалы туура тушунан оро-пара чыгып, чокмор менен союлдашып жатканда олбурлуу Жанболот жетип барып, Байкулак менен Орозбайды аттан түшүрө чаап, бир топтон кийин экөөнү атка мингизип жетелеп келсе, элдин дайыны жок. Эки туткунду жөө таштап, эки аты коштоп жетелеп, катуулап жүрүп, элге жетүүгө катуу жүрүш менен келе жатты. Эртеси гана күүгүм тарта казактардын жеринен араң кутулуп чыгышты. Жер дүңгүрөгөн калың жылкыны кең Чүйдүн талаасына айдап келип Ысык-Атанын суусун өрдөтө эки күн өргүү алган соң, Суусамырга жеткирип, түмөндү калың жылкынын четинен элге таратып берип, өзүлөрү аттарын суутуп эс алышты.

Бирок баары бир мал ачуу, жан ачуу. «Куугун келип, айылдардын бирине капилет кол салууга карата болгон аракетке сак бололу» – деп Ныязбектин жигиттери бүт камдуу турду. Эми иштин оңуна чыкпасы баарына тең маалым.

* * *

Көкбай менен Эрбол жылкыны ким айдап кеткенин угуп, ачуулары кайнап, ызасына чыдабай кара көк тартып, шалдырап калышты. Өздөрүнчө өкүнүп «өзүбүзгө өзүбүз жаздык, бекер мал уурдаганы барган экенбиз» деп баштарын мыжып, ичтеринен тынып, унчукпай би-

ри-биринен сөз күтүштү. «Бул иш манаптардын жоругу болуп калды, берки солтонун колунан келмек эмес, ойлонбогон иштин арты ушул. Эсенгулдун тукумунун колунан келди. Алар менен беттешүү «башты канжыгага байлан» деген кеп. Деги камынуу керек аттарды таң ашырып, сүнбөдөй катыргыла. Туулмак ак, өлүм парз. Башка арга жок. Көкбай таң ашкан атын жерди тешип чыккан булактан шылдырап таш аралай аккан кашка суусуна сугарып, чиренип басып төө тикен калың өскөн дөбөнүн үстүнө чыкты.

Бул кезде чалгынчылар тобу менен келатышкан эле. Дөбөдөн ары суйдаң карагайлуу токой. Аны тең жара бөлүп узатасынан кеткен жайпак талаа. Так ошол талаанын аркы четинен эки өргөө көрүндү. Жанында беш-алты жылкы баласы оттоп турат. Күндүн нуру жаңы эле көрүнгөн. Чөптүн шүүдүрүмү кургай элек. Миң бир эки түрлөнүп турган таза абанын жана күндүн нуру. Боз үйдөгүлөр да буларды көрө коюп удургуп чыгып, таңыркап карап калышты. Эрболдун жигити Орозбай малакайын укуруктун учуна илип, бийик көтөрүп өзүлөрүнүн кишилери экенин билгизип, белгисин берди.

Көкбай алардын алдын торой туурасынан салды да, атына камчы басып катуу чаап куугун куугандай токойду беттеп жүрүп берди. Үйдөгүлөр да карап турбай аттарына минип туш-тушка жайыла чаап, Көкбайдын артынан бет алышты. Калың чытырман токойду аралап бутак жалбырақты бети-колго чапкылатып улам теминип, кагынып ылдамдап баратышты.

Баштары маң, кимди кууп, кайда жана эмнеге бараткандары белгисиз. Көкбайдын арам ою «чоочун кыргыздар дагы бүлүк салып келип калган экен» деген бүдөмүк ой жүрөгүнүн сары суусун алганы чын эле. Алдыдагы караандын сол тарабынан айланып өтүп, колунан тизгинди жулуп алып аны араң токтотту. Бутактар жүзүнө жабыла тийип, тытыла кан талаган бети ачуусу

келгенден улам, карарып кетти. Аял Көкбайдын бетине түкүрдү да, аттан учуп тушүп нары жөө жүгүрдү. Көкбай артынан чалма ыргытылып, аркан аялдын бутуна ороло түшүп үстөмөндөп жыгылды. Көөдөнү көөп, ийини солкулдаган аялды Көкбай найзанын түбү менен далыга нукуруп:

– Тур өйдө! – деп буйра сүйлөдү. Аял өйдө болуп, отура калды да:

– Мен эч жакка кетпейм, арсыз, эркек болсоң бүт жылкыңды айдап, жигиттериңди байлап кеткен кыргызга көрсөт эрдигиңди! Мени менен алышкың келсе, салын жоолукту! – деп, башынан эски чыт жоолугун жулуп алып, алдына ыргытты да:

– Мен эч жакка барбайм. Ушунча журт, калайык-калк сени «эр жигит, баатыр, эл багат» деп тегеректеп карап турса, арстан кууганcып артымдан сая түштүң.

Аялдын үрөйүнө, үнүнө, сай-сөөктү сыздаткан кебине ууктубу же өзүнүн кетирген кемчилдигине уялдыбы, дароо алдына чөгөлөп:

– Кечир мени, «бүгүнкү болгон ишти оозуңдан чыгарба» – деп, аялды кош колдоп тургузуп:

– Бар үйүңө, астыңа ат, үстүңө кийим берем.

Аял дирт этип ишенбегендей кетенчиктей берди.

– Ишенбей турасыңбы? Менин оозумдан чыккан кеп адал.

Көкбай таң калып:

– Сенсиңби? – Тиги аял:

– Менмин. – Бүдөмүктөп карап:

– Сен Ийисиңби?

– Ооба!

– Сен жаман өзгөрүп кетипсиң, айтпасаң таанызбай калмак экенмин!

– Мен дароо эле тааныгам сени – деп, тилинен жаңылып алды.

– Тааный коюп артымдан найза сунуп, сая түшө куудуңбу?

Аял аргасыз жылмайган болду.

Көкбай уялып, тамагын кырып тизесин кучактай тигинин жанына көчүк басты. Көрүп туруп кантип тааныбай калганына, өзү да таң калды. Баягы Көкбайдын дээрлик эч адамкерчилик сапаты калбаганына эми баамдады. Жаш кезинде жалбырттап турган, нурлуу сымбаттуу жоомарт жигит эле. Эми көзүнүн тегерегин каршытерши бырыш басып, күлкүсү жыйылып, күлмүңдөгөн эриндери чүрүшүп, уурту тартылып, үнү гана ошо бойдон экенин баамдады. Алгач анын үнүнөн жазбай тааныды. Бечара Ийис, даңазалуу баатырдын аялына деле окшобойт. Жамачылуу көйнөгүнүн жеңдери самтырап, кичинекей колу туурулуп, карайып чор баскан.

– Жашооң кандай, кыйналган жоксуңбу? – деди Көкбай.

– Азыр шүгүрчүлүк. Мурда бир топ кыйын эле.

– Мага да азыр жеңил эмес Ийис. Мен сени түк унута албай койдум.

– Бекер кыласың, «бир көргөн түштү өңдө келет» – деп өмүр бою самап өткөн кантип болсун.

– Ийис, мен сени таптым, эми экөөбүз кайрадан биригебиз. Калган өмүрдү бактылуу өткөзсөк болот.

– Жок, Көкбай, сен мага өтө эле кеч кездештиң. Тебетейди жолго түшүрүп салып, жарым жолдон келип кайра кийсе болор бакыты, ал бактысыздыктын белгиси.

– Жок, биз экөөбүз элден кулак угуп, көз көргүз жакка кетебиз. Бири-бирибиз үчүн жашайбыз. Мен сенин көз жашыңды кургатам.

Көкбай аптыга жанын үрөп сүйлөп, жан үрөдү. Бирок Ийистин көңүлүн муюта албасын өзөгү өрттөнө сезип турду. Андайдын жанга батканын канчалык узата айткан сайын ой-кыялы удургуп, айткан-дегендери ишке ашкыс кыял экенин танып болбойт. Айтылган кеп кургак сөздөргө айланып бараткансыды. Ийис кабагын чытып:

– Көкбай, сен ошол эле бойдон экенсиң. Ушунча мал-мүлкүңдү, катын-балаңды таштап, качанкы бир кезде катылган ишке берилип, бут кечип тентип кетем дейсиң. Бул болбогон кеп. Менин эрим, балдарым эмне болот? – деди. Ийистин бир азга жүзү жаркырай түштү да:

– А, мен болсом таптакыр башкамын. Айткандай үй-жай, балдарым бар. Ошолордун деми менен жашап жүрөм.

– Сенин балдарың деле биз менен болсун.

Ийис башын чайкап:

– Алар Кеңчирбайдын балдары – деди. Ушул үч-төрт ооз сөзү менен Ийис Көкбайды өзү жашаган жалган дүйнөдөн биротоло обочолотту. Экөөнүн ортосун нечен жылкы мезгил гана ажыратып турганын Көкбай эми билди.

Ийис элтең этип кулак түрө калды. Нары үйлөр турган жактан ызы-чуу чыгып калгандай болду.

– Менин балдарымды эч ким урган жок болду бекен?

– Аларды ким ур-берге алмак эле, балдарың шаймашай балдар көрүнөт.

– Алар оңой менен кордук көрө койбойт.

Көкбайдын үнүндө бир кереметтин белгизи байкалып турду. Кужулдашып сүйлөшүп булар тарапка Кеңчирбайлар келатыптыр. Көкбай тура калды.

– Мен сенин туткунуңмун. Сен түмөндөгөн байсың. Эл, элдиги менен көзүңдү карап, баш уруп сыйлап турат – деди. Кеңчирбайдан сүрдөдүбү, оозуна эч сөз келбей, тамагы буулуп туруп калды. Ийис кеп учугун чыгарды:

– Биз сенин карамагыңда эмеспизби. Андай-мындай ишти эстеп чочулабай эле кой. Болуптур Көкбай, кош бол! Бизге көзүңдүн кыйыгын сала жүр. Биз жарды алсызбыз, ырахмат сага! – деп шоодураган алаканы менен акырын колун жылуу сылап, кыса кармап, көзү көзүнөн өтүп бир паска тиктеше түшүп, атка шап минип Ийис эрин ээрчитип, артын карабай жүрүп кетти.

Көкбай айылына келери менен бүт өзүнө караштуу ылым санагандардын баарын чакыртты. «Тез келишсин, сүйлөшө турган сөз бар» – деп. Күз айы, чабармандар туш-тарапка чымылдата артынан чаңды сапырып кабарга бараткан жигиттер катуу жөнөштү. Батыштан соккон катуу жел чөптүн жанын койбой жапырып, чыкыроон тарткан суук илеби күндүн нурун алсыздатты.

Көкбайдын кең жайыгына жаңы келип түшкөндөр, эрте келген айылдын эр-азаматтары Көкбайдын ордосуна сыгыла отурушту. Ачууга алдырып ичи өрттөнгөн Көкбай кара көк тартып, Эрболду кош көңүл бир карап койду. Адамдын өлгөнү же тирүү калганы, ал үчүн баары бир. А түгүл ошол жактан өлтүрүп салышканы өйдөрөөк сезилип, Байкулакты теше тиктеп:

– Ташта эмне куралың бар? – деди, жутуп жиберчүдөй карап. Байкулак белинен узун шамшар бычагын жерге ыргытты.

– Келе бери? – деп, быртыйган колунун учу менен канжарды кармамыш болуп:

– Ошол күнү кароолдо ким турду эле?

Жылкычылар «лам» дебей мисирейишти. Көкбайдын көзү жалбырттап, кыдыра карап туруп, кайра дагы катуу үн салды. Топтон суурулуп он бештей киши чыкты алдыга.

– Ар бирине ондон камчы чапкыла!

– Күнөө эмнеде?

– Эмне, эмдигиче күнөөңөрдү сезе элексиңерби? Кана, күтүрөгөн калың топ жылкы? – Байкулак кеп алды:

– Көкбай, сиздин жылкыңызды кыргыздар айдап кетти. Сиз жай аларга катылбай, уурулугуңду таштап, колуңуздагы малга топук кылсаңыз, алар келбейт эле. Тигине Орозбай айтсын, жакшы эле союлдаштык. Алар көп экен. Бизди аттан ажыратып, жылкынын баарын ээн-эркин айдап кетишти. Өлтүрсөңөр баары бир, өлүмдүн эрте-кечи жок.

Абдыракман сакалы аппак, жүзү ырайымдуу көрүнгөн кары. Бир саамга нестейе түшүп:

– Көкбай, Эрбол экөөң ишти иритип таштап, бейкүнөө буларды эмне сабап күнөөлөйсүңөр?! Эр болсоңор аттангыла. Курал менен камсыз кылып, камынып жылкыны ким алса беттешип, кайра айдап келгиле! Жыгылсаңар бер малыңды. Шарт ушу, өзүңөр тийишип, күнөөнү башкадан көрөсүңөрбү.

Эрбол, Орозбай, Көкбай баштарын жерге салып, үн катышпады. Абдыракман да бир өрөөн элдин бийи болуп, оозунан чыккан сөз жер өрттөп турган кези болгон. Эми карылык шилиден басып, ичи күйүп туруп «атандын көрү, менин ушул үчөөңөрдөй кезим болгондо көрөт элеңер» – деп тиши жок оозун кемшеңдеп ээгин тиштеп койду.

– Эрбол, Көкбай силердин ичиңер күйүп турганын билем. Менин ага көзүм жетип турат. Жаш кезде адам, кишинин убалын билбейт. Көкбай, сенден бирөө жыйырма шап алса, сен өзүң эмне болор элең? Адагенде бычакты ур өзүңө, оорубаса башкага ур. Сен Эрбол экөөң кыргыздын канча малын айдап келдиңер. Алардын ичи да силердин ичиңердей күйдү.

Көкбай көзүн сүзө ордунан туруп, Магеш менен Дармендерге карады да:

– Сен экөөңөрдү эмне эле бизге катышпай калды десе, көрсө силер ички душман экенсиң го? Сага душмандын келатканын Басараалы «кабарла» деген тура. Анан сен эмне айтпайсың?! Кабарлап койсоң, биз армансыз болот элек! Акырын чукулдап шашпай келип, биздин жигиттерге эмне айткан жоксуңар? Бирөөң кабарлап койсоңор эмне болот? Кыргыздар менен келишип кеттиңер беле, саткындар! Чыкынчы! – деп, колун арбайта келип, бетке эки чапты. Кыргызга жан тарттыңарбы? Териңерди тескери сыйрыйынбы! Тарамыштарыңарды колго ороп сууруюнбу? – деп, жинденип Көкбай Эрболду бир карап койду да:

– Эртең «мен казакмын» деп ат минип, союл көтөргөнүң бүт жоо-жарагыңар менен даяр болуп, ушул жерге чогулгула!

* * *

Белестин бери жагында олчойгон таштар үймөлөктөнүп, алардын арасынан уйпаланып кайра өскөн түрү башка карагай, четин түрлүү жыгачтар ийрейип бир беткей жапырылып кыйшайган. Аска, таштын төмөнкү таманында чоң үңкүрдүн оозу капкараңгы болуп оңураят. Үңкүрдүн оозуна от жагып эртең менен келатышып бир кийик атып бөктөрүп алышкан Көкбай, Эрбол жигиттери менен чоктон кенен тартып алып, отко эттен express.кактап жеп отурушат. Этке өздөрү тойсо да, көздөрү тойбой дагы эле эттен көздөрү өтүүдө. Орозбай, Эрбол экөө булардан бир топ бийик асканын боорундагы тектирчеге чыгып алышып, кыргыздар тараптан көзүн албай «адыр коонун арасынан аттуу бирөө-жарым көрүнө калабы» – деп көздөрүн ирмебей тиктеп отурушуп, бир кезде ылдыйлашты.

Эртеси эртелеп малдын жайытынын жолун чалып билип келүүгө жети киши бөлүнүп, экиден болуп жолго чыгышты.

Айгерим менен Абий мал издемиш болуп Эсенгулдун балдарынын айылын сурап келе жатышканын байкаган Нурбай:

– Силер мал издебей эле, мал уурдаганы келгенсиңер го? Эсенгул деген бул дүйнөдөн кайтыш болгон. Ныязбек ошол Эсенгулдун баласы. Булар соо казак эмес. Эки колун байлап, Карабек баатырга же Калпакка алып баргыла.

Айгерим бул кептен шекшинип, кетүүгө камына баштады. Балбак сакалын сылап:

– Нурбай билет десе эле обду кебиңди билгизбей сүйлөйсүң да. Бул казак алардын ата, бала экенин кайдан билсин! Укканда мал аягы сегиз. Издеген малын таап

кетет да. Айылга келген кишини эле байлата берсең, сен дагы казак туугандарга барасыңбы – деди.

* * *

Айгеримдер кайда жоголуп кеткени дарексиз болгонунан, Көкбайдын жүрөгүн түпөйүл кылды. Шекшинип калып куугундаса, кандай болот. Алар кетээрде карбаластап жатып, кайсы жерден жолугушарыбызды айтпай калыптырбыз. Инилери менен чукул туугандары эч кандай эскертүүсүз эле бөлүнгөн жерден чогулушту. Анткени ууруга келип түнөп кетишчү. Андыктан алардын ар кимиси болбосун мындан башка жайлуу жер жок экенин билишчү. Кээ бир чала кайым желдүүлөр, бул жер менен иштери жок. «Коктунун бир булуңунда жүрүшкөндүр» – деп Эрбол көңүлүн өзү жооткотту.

Бир маалда Орозбай көрүндү. Атын төмөнүрөөк таштап, асканын түбүнөн жөө чыгып келди. Көкбай төмөн үңкүргө түштү. Куйкум эттин жытын алган Орозбай мурдун тарта келип, отко чукул отура калды да, Эрболдун колундагы эттүү жиликти алып, жулмалап мүлжүп жатып сүйлөп кирди.

– Мындан кеттик. Жылкынын дайыны билинбейт. Чогуу эле жайыла бири-бирибизге кабарлашып бастырсак кантет? – Көкбай таңдана карап:

– Эрбол сен эмне дейсиң? – деп, көзүн албай тиктеп калды эле Байкулак:

– Бул жерде коркунучтуу эки душман бар. Солтолордо Түлөберди, Манапта Ныязбек, Карабек. Буларга кез келсек бир топ чыр менен жылкы колго тийсе кутулабыз – деди эле сөзүн жулуп алды:

– Алар эмне биз сыяктуу эле адамбы, колдорунан эмне келет? Бетме-бет чыксак бирден адамга моюн бере койбойбуз – деп Көкбай Байкулактын колундагы сөөктү жулуп алып, нары ыргытып салды да:

– Аны кайдан билдиң? Мен кыргыздар менен үймөүй катташам – деп, чычалагансып Көкбай төмөн аттарды көздөй жөнөдү. Тушалуу турган атына келип, тушамышын чечип атына минди да, жылкынын жайытын көздөй жол тартты.

Ылдыйкы токойду бойлоп ойго алаксып баратты. Токойдо түрлүү куш сайрап, төбөдөн сороктой сагызган кайкып учуп мээни жеп шакылдап баратат. Ачык күндүн нуру карагайдын бутагынын арасынан салааланат. Дүйнө ошол эле бойдон, эч өзгөрүү жок. Жерге мөндүр түшүп, нөшөр жаап, кыян, сел деле жүргөн жери жок. Мунун тагдыры чак түштө ушинтип бир алааматка туш келер бекен.

Мына азыр үйдөн эрдемсинип аттанып чыгып алышып, үч күндөн бери жылкы тиймек турсун, жылкынын тезегин көрүшө элек. Кандайдыр бир зөөкүрлүктүн колу төшүн аймалап жаткандай, денеси ичиркенип алды. Мына ушундай жагымсыздыктан жүрөгү кан талап, жылан чагып алгансып аза бою дүркүрөп чыкты да, атына камчы басты.

Таскак жүрүш менен ылдамдап күндүн шооласы бар кезде, жайылып жаткан жылкынын караанын көрүп, өңүт ээлөөгө шашкалактап алды. Бети жайык мейкин адырдан дагы жылкынын караанын көрүп, жер өлчөмүнө көз жүгүртүп бир аз ойлоно калды да, бийик чокуга чыкты. Ар тарапка дүрбү салып карап отуруп, бир кезде жигиттерине буйрук берди:

– Онуң тиги жагынан чык, он бешиң башы ылдый түбүнө жеткиле. Орозбай экөөбүз калганы менен тигилген боз үйдөгү берендер менен жолугушабыз – деп, оюн айтты. Бул сунушка макул болуп, баары жолго чыгышты.

Бекаалы менен Таймат жылкычынын үйүнө чукулдап барышса, дабыш билинбейт. Орозбай менен Байкулак экөө алачыкка чукулдап барып:

– Бул үйдө ким бар? – деп катуу үн салышты. Дабыш аялдыкы.

– Чык бери?! – деген буйруктан аял сыртка чыкты. Орозбай аялды жон талаштыра камчы менен бир салып:

– Эриң кайда? – деди.

– Малына бастырды.

– Кай тарапка кетти? – деп, дагы опурулду эле, тиги аял:

– Мен үйдөгү аялмын, үй ишин билген. Ал аттанган жылкычы кайсы коктуда жүргөнүн билбесем, кандай айтам!

Орозбай:

– Мындай айт! – деп аттан түшө калып аялды жыга муштап, эки-үч тепти да, атына минип жүрүп берди. Алар узары менен Бекаалы, Таймат келип калышты. Эрдин бек кымтып, көзүнүн жашы кылгырып, аялы босогодо турган экен. Аттан учуп түшүп кучактай калды:

– Салый эмне болду? – деди, энтиге дем алды. Кургак жыгачтын карс сынган дабышындай кызгана бир ооз сөз менен бар күйүтүн, болгон арманынын баарын түшүндүргөндөй болду. Салый эринин кучагынан аста бошонду да, үшкүрүп эшикке чыкты. Аялынын бир гана токтоолугу мына ушул окуядагы күнөөнүн баары жалгыз өзүндө гана экенин даана туюндурду. Бир кезде сөзгө келип:

– Баары жылкы тарапка кетишти, казактар экен – дегенде күйөөсү:

– Мен алар менен кыркыша чабышам – деди эле аялы өзүнөн өзү күбүрөп:

– Алар арбын, тез айылга кабарла.

Таймат бул айтылган сөздү туура көрүп:

– Тез, атты чап, туура айтат. Тез жетип Ныязбекке айт «казактар көп жылкыны айдап кетти» деп. Кайра тез кел. Мен берки жылкычыларга барайын, алардын көргөн күнү эмне болду экен? Сен азыр керт башыңды эле эмес, бүт жылкычыларды да ойлошуң керек! – деди.

– Эми башка эмне кылуу керек?

– Макул, сенин муштумуң экини аттан түшүрөт, анан алар да тим турмак беле. Жанда жаман иш болду, алар силерди күтөт. Күнү бою, түнү бою таң заардан дили зил болуп малыңарды кайтарып жүрүп, эми алдырасыңарбы.

– Бекаалыңардын үмүтүн таш каптырба, кечикпей жет Таймат! Кайра кечикпей ачык жооп алып кел! – деген болду. Салый күйөөсү Бекаалыга жан тарткандай:

– Сен куугундун артына бар, менин да башым айланды.

– Туура айтасың, мен азыр эч токтоосуз жөнөйм, беркилерди эмне кылды болду экен? Айланчыктабай тез бастырбайсыңбы?! – деп опурулган болду.

Таймат атына минип кабарга кеткен соң, айлана тынч ала түштү. Бирок Бекаалынын чыдамы кетип заманасы курулуп, мына азыр душманга жетип барып чаап, кескилеп душманды жыгып, тебелеп жайлап келгиси келет. Ага дарман кайда.

* * *

Кабарга кеткен Таймат токтоосуз адырандап жетип келип, аттан кулап түштү. Алты айласы кетип, заманасы куурулуп, ылайыктуу кеп оозуна келбей:

– Баатыр, ассалом алейкум! – деди күч менен.

– Кел, деги жайчылыкпы, алейкум салам! Эмне шашып элтеңдеп, мал-жаныңар аманбы? – деп суроолуу караганда, Таймат энтигип:

– Казактар малды айдап кетти! – деген сөздү айтты. Муну укканда Ныязбек мисирейип гана эч нерсе дебей бир топко отурду. Эч ким сөз айткан жок. Ортодо өлүү тынчтык өкүм сүрдү. Бир кезде Ныязбек ордунан туруп эшикке чыгып, көлөкөдө агарган тегиз түзөң чөптүн жанына барды да, нары жактагы жыгылган теректин

үстүнө ойго алаксып, санаа чубатып бир аз отуруп, казактар башына кайра алаамат түшүрүп кеткенине ичинен сызды. Казактарга артынан элдин көбүн чогултуп, ушул азыр жигиттерин ээрчитип жөнөргө толук шарты болуп турду. Бирок ичине каткан оюн эч кимге айтпады. Бир туугандарына ичи муздап, аларды кинелегиси келбей, кандай жол менен барып казактар чаап кеткен жылкыны кайрып келүү жөнүндө ой толгоду.

Минтип душман жакадан алып, бүт малды айдап кетип, үйлөрдү бүлүнтүп жатат. Жакын турган казактар душман болуп, өткөргөн кордугуна чыдабай алардан өчтү, кекти доолай турган учурда, кимди кеңешке чыкырса болорун тымызын ойго алды. Минтип акырындап башка иш келгенде туугандар четке чыга беришти. Бирок буларды ачык күрөшкө чакырып, душманга аттандырууга аракет кылыш керек. Эмне болгон күндө дагы казактардын мизин кайтаруу абзел эмеспи. Кыйратпаган жеңиш болсо да бир силкинип, он чакты жигити менен анча-мынча иш баштаса болот. Эмне болгон күндө да арбын кол кураш керек. Анткен менен айылындагы койнунда жаткан катынына ээ боло албаган немелердин, кимиси келип «мен да жоого аттанайын» дейт.

«Мүмкүн, бул чырды жашырып, жоюп коё турсамчы» деген ой кылт этти. Бирок бул оюнан тез кайтты: «Жок болбойт, жалгандын бети тез эле ачылат» – деди да, анда бизге эч ким ишенбей калат. Баарын болгондой гана айтуу керек. Элди бекер дүрбөтпөйлү, казактар менен жана сөөк өчтү душман калмактардан кайсы уруунун баатыры аттанып өч алат эле. Кудай кубат берсин, жай тынчтыкта баары баатыр, акылдуу келишет. Душман минтип баса киргенде, манаптар аттанат. Эгер олжолуу келишсе шыйпаңдап, олжого орток боло калышат. Кокустук болсо «ушуну көрмөк» дешет. Удургуп, ой санаадан улам илгерилеп жылып отуруп негизги максаттын элеси тартыла баштады.

Үйгө кирип, жоо кийимдерин кийип чыкты. Асман кара көк тартып токой, талаа түнөрүп, бадал-дарактардын элеси жуурулушуп баратты.

– Кана Байбугу, Үркүнбай, Чыныбек баатырлар мени менен аттангыла.

Булар каяша айтышпады. Саяк Жанболот, Баргы, Жапар, Саткын туугандары чогуу камынышты.

– Керим аба, сиз канча жигит аласыз? Казактардан кантип малды ажыратабыз, ошол жагын ойлонуш керек болуп жатат. Жол алыс, казактар жолду билет. Буйткага туруп жылкыны ажыратып калуу биздин милдет.

Керим башын ийкеп:

– Бул казактардын жолун тороп, алдынан чыгуу керек го. Болбосо алар өз жеринен үстөмдүк кылып ийиши ыктымал.

Ныязбек агасынын бул сунушун эп көрдү. Баары бул сунушка макул болуп, жапырт аттанып чыгышты.

Маңдайдан чөп аралай коён безилдеп боюн жашырып, сыраңдаганы кулагынын учунан билинип калды. Тунарган булуттун арасынан күн көрүнө түштү. Ныязбектин аты селт эте үркүп алды. Атына камчы салып, теминген болду. Болжолдуу жерге келип, кашаттын кырына чыгып, ылдыйкы коктудан чабылган үйдү көрүштү. Баары чогуу аттары менен кыркар тартып тизилип карап калышты. Ылдый жакта үзүлгөн жип-шуу, тытылган кийиз, үй ичи чачылып тамтыгы жок. Жигиттер чабылганга анча көп күймөнө болбой, таланган ыпыр-сапырларды карабай, бери бастырышты. Ныязбек үңкүйүп олтурган аялга кайрылды:

– Аяш, негизгиси денициз сакпы? Душман ушинтет, буга капа болбоңуз. Бекаалы, сен бул жердесиңби? Эми башта жолду – деди. Бекаалы болгон окуяны майдалап түшүндүрүүгө аракет кылды эле, Ныязбек аны кагып салды:

– Бүттү, аны айтып не кыласың, жылкы кайтарапта эле?

– Жылкылар өзөндүн башында болучу. Кантип жана кайдан келип калышты билбей дагы калдык.

– Азыр алар кайсы жакты көздөй кетишти, ошону айтчы? Бул суроого жооп бербей кайра башканы айтты:

– Кубатаалы кандай гана болгон күндө да, ал аткарган иши менен анын тууган-туушкандарына жасайм! «Жакшылыкка, жакшылык» деген кеп бар. Кыргызга карата аттануу тууралуу кепти, Жийдебай баатыры жактырбаганын жашырышкан жок. Капкайдагы Көкбай, Эрбол деген эмени тентек башы жок, кең көөдөк баш үчүн бекер аттанган Орозбайга эмне жок деди. Ныязбек жылкыны кимдер айдап кеткенин укканда, дагы ичи муздай түштү. Дароо алардын кеткен жагын билип, алгач жакшылап жасай турган ишти кеңешип алып, он чакты жигити менен Көкбайдын алдын тоскону адыр-адыр белестерди ашып, кырка тоолорду өңүп отуруп, калың аскага жапыз тийген айдын нуру менен боолголоп жүрүп келатышты. Ар бир иштин азабы болбой койбойт. Ныязбек өзүнүн болжолдуу ою менен белгисиз жолдо жигиттерин баштап келе жатты.

Коктунун башы ылдый дүбүрөгөн жылкыларды айдап Көкбай, Эрболдор «арттан куугун келип калабы» деп жашырынып, жол арбытууда. Бирок куугун алдынан чыгат деп ойлошкон жок болчу. Аңгыча эле алды жактан чыккан куугунга, четтеп өңүт алган жылкычылар бир аз айбат кылымыш этишти. Топтолгон камдуу куугун, камынбаган бейкам немелерди чокмор менен бир чабып аттан түшүрүп топ жылкынын алдын тосушту. Ныязбек алдыдан туура качырып, беш-алты жигитти аттан ажыратты. «Медер менен Назарды арт жагымдан жүргүлө» – деп катуу табыштады. Улам качырганын буттун кетменине же чыкыйга чапканда аттан оодарылып түшүп казактардын караанын суюлтуп жатты. Бир маалда алар тобу менен качырды эле, Ныязбек артка карай кача берди.

Улам бириндегенде бурула калып союл менен чапканда, каршы чыккан жигиттер топтой гана аттан кулап түшүп жатты. Аңгыча эле бирөө качырды. Аны менен бир топко алышалбай, таймаша түштү. Бир кезде ыгы келе түштү беле, тигини төбөгө союл менен катуу берип калды. Башына тийген союл сынып кетип, ал атынын жалына кыйшайды. Эми оң колуна чокморду ыктай кармап, далыга берилип күч менен чапканда, өзүн баатыр сезген казак жигит аттан кулады. Бир аздан соң эсине келип:

– Сен кимсиң, атыңды айтчы, чыныгы уул бала экенсиң! Ушул жашка келгени «мен кыйын» деген далай эрди жыктым эле, эми минтип сенден жыгылдым. Менин ысмым Көкбай. Уктуң беле менин баатырлыгымды? Берилген суроого жооп бергенче дагы бирөө атын теминип катуу качырды. Ныязбек аны менен бир аз буйдалып калды. Ал дагы баатыр экенин билгизип катуу сес көргөздү. Көп өтпөй ал дагы аттан ооп түштү. Бир нерсени сезгенсип, минген аты кишенеп, четке чыга берди. Ныязбек ага жакын бастырып келип:

– Алың кандай, казагым? – деди эле, катуу сокку жеп жаны ачыган тиги:

– Ал начар, бир ууртам суу бергилечи? – дегенге араң жарады. Ныязбек аттан түшүп:

– Аты-жөнүңдү айт? – Тиги эми гана башын өйдө көтөрүп:

– Мен Эрбол деген болом, мага алгач суу берип койгулачы? – деп жалооруй карады эле:

– Мени дагы сен таанып ал, мен Ныязбекмин, Эсенгулдун уулу.

– Ий атаңдын көрү, издеген жоом Ныязбек эмес беле.

– Анда мына мен турам. Көптөн бери издеп, эңсегениң менен дагы беттеш бүттү – деп, Көкбайды жанына сүйрөп келип:

– Силер биздин жерге эмне издеп келдиңер, бир беттешүүгө жарабай. – Көкбай:

– Биздей ит болобу? Он миңдей жылкыбыз бар эле, ошого топук кылбай ушуну көрдүк – деди эле Ныязбек:

– Болду, калган сөздү жай сүйлөшөбүз. Ким бар бул тегеректе? – дегенде, Жапар, Базаркул:

– Биз барбыз, калганы жылкынын алдын токтоткону кетишти.

– Болуптур, бул экөөнү атка мингизип, эки колун артына байлагыла да, аттан ажыраган казакпы, кыргызбы бүт айылга алып баргыла. Бул экөөнү качырып ийбей алып баргыла. Мен тигилерге барайын – деп, атына минди.

Шыбак чаң жыттанган кургак аба, бир аз сыдырым жел жүргөндөй болду. Эки коктудагы калың жылкыны бүт айдатып, кайра артты көздөй жөнөдү. Кичине белестин кайкысынан эңкейгендеги дөбөгө таң супа салганда, казактар чаап кеткен болгон жылкыны айдап келишип, өзөн бойлото өрдөтүп жиберип, туткундалган баатырлардын колдорун артына бек байлап, дөбөгө чыкканда өз айылы көрүндү. Боз үйлөрдөн көккө түтүн булап, нары жайыттан жер чаңгытып мал жаткан кези экен. Айылга келип, колго түшкөн туткундарды аттан түшүрүп, колдорун чечип жай алышты да, эртеси күн найза бою тоо башынан көтөрүлгөндө бирден сурай баштады. Туткундардын баары ыргылжың. Баягы кыйын болуп келип, жылкы тийип кетип бара жаткандагы абалдары жок. Мойнунан байлаган ит ууга жарамсыз болушуп, жер тиктеп өз тагдырларын айтышты. Ныязбек өзү суракты баштады:

– Бир ай мурун Турумдун атынан ажыратып, өзүн талаага таштап кеткендерден араңарда барбы? Силер эмне мынча кыргызга кас чыктыңар? Мал уурдаган силерге салтка айланды беле? Маңдайга жазылуу ырыс-

кыны гана көрүш керек, топук тилеп. Биз силердин малыңарды тиймек эмеспиз, силер күн көрсөтпөй майда жандыктан койду, ээн жаткан малды көрсөңөр эле менчигиңердей айдап кетип жатсаңар, ал ортодо арыз муң көбөйгөнүнөн «мал айдап кеткен кандай экенин билишсин» – деп жылкыңарды айдап келдик. Мен ойлогон элем – деди Ныязбек:

«Биздин жылкыны айдап кетишти кыргыз туугандар» – деп аттуу-баштуу, сакалдуу, кеп-сөз билген, беш-алты казак келсе, өткөн-кеткенди, акмактык кылгандарды ортого салып, жүйөлөшүп кепке келип, кечиришип «силерге тийиштүү малыңарды берели» деген ой бар эле – деп тигиле карады.

Көптөн бери минтип ээн талаада, эрме чөлдө жалгыз калган малды эмес, мурдун балта кеспей, бир айылдын малын айдатып кетип, уурулук менен байыган, Көкбай азыр буту кишенде, колу байлануу. Айтылган кепке маани бермек турсун, буга чейин өзүнүн кылган күнөөсүн сезбей, суусаган тааңдай акактап отурду.

Териштирип көрүп, күнөө Көкбай, Эрбол, Орозбай үч баатырда экенин билген соң, аларды калтырып, калганына уруксат берип, айылына жөнөттү. Уурулук кылган үчөөнүн буттарына кишен салып, обочо тигилген боз үйгө кароол коюп, кайтартып койду.

* * *

Көкбай, Орозбай, Эрболдун эли кийинки күндөрү бир топ олжолуу болуп, малы көбөйүп, эли ток, турмушуна ыраазы эле. Казак жагалмайдын эли эгерим тынч албаган кырды бычак, ит тартыштан боюн ала качып, бирде буйтап, бирде жалайыр элинин колтугуна жашырынып, анан ошол элдин жардамы, кайра буларга салмагын сала баштаганда, жагалмайдагыларды Найман

менен тытыштырып кайрап, чабыштырып коюп жүрүп, бул үчөө олжого тутту. Мындай кылуунун көп кыйынчылыгы жок эле. «Эми ошол жагалмайдын баатыр сынган акылдууларынан келип, тартуу тартмагы менен куткарып кетишээр бул үчөөнү» – деп ойлошту. Бир күнү Ныязбек туугандарын чогултуп:

– Бул үчөөнө жан тартып, жанагынча малын таштап, казак туушкандар жай жатышпас. Биз да сак туралы. Эгер жай келишсе малын алдына салып, үчөөнү аттап, тондоп узатарбыз – деди эле, бул айтылган сөздү уккандар туура көрүштү. Коңшу жашап жаткандан кийин, катуу кетпейли деген изги ойдо.

Арадан дагы эки күн өтүп, Ныязбек тизгин тартып жай келаткан, атынын кулактары тикчийип, чыйрала түштү. Анан ал жигиттерине бурулду да:

– Кана, аттарыңарды сынап көрбөйсүңөрбү? – дегенде:

– Баамдап көрөлү, кимибиздин атыбыз күлүк, жоого аттанууга жарактуу экенин билгенче:

– Базаркул сенин атың эле күлүк болуу керек?

– Аны көрө жатабыз, шайтан моюн сындырбасак болбойт, күлүк аттууга теңелип – деп күлүмсүрөп койду Борголдой. Атын теминип Базаркул жалга өбөктөй берип кыйкырган бойдон чаап жөнөдү эле, аттын жалы жапырылып туулган жердин миң түркүн чөбүнүн жыты аңкыган абаны как жарып, абаны аптыга жутуп зымырап алдыга жөнөдү.

Ныязбек, Борголдойлор артта калышты. Иниси Назар улам атына камчы салып, чамдап катарлаша жетип келди. Эрдемсип Орозкул кашкая күлүп, атаандаша тиктейт. Жапардын карагер быштысы мунун атынан озуп, алдыга өттү. Базаркул атын тык токтотту, эч кимди алдына чыгаргысы келбейт. Башканы түгүл өз инисин да теңештиргиси жок.

* * *

Жылкыны кайрып келгенде, айылдын эли дуулдап, олжону куттуктап жапырт тосуп чыкты. Туугандары Ныязбектин баатырлыгына, акылдуу жөн билгичтигине катуу сыймыктанышып, жылуу кабыл алышты. Ал өзү да мына ушул элдин урмат-сыйына сыймыктанат. Бул да болсо уруулуу журттун тынчтыгын, биримдигин ойлогону.

Мамыга жетип аттан түштү да, үйгө кирбей алдынан утурлай тосуп чыккан тууган-туушкандары менен учурашкан соң Келдибек:

– Кантип жатасыңар? – деп сурады. Берилген суроого шылкы бош Базаркул жооп берген болду:

– Баарыбыз тынч жатабыз, бир гана жанагы Бекаалы жылкы башчынын жылкысына казактар тийиптир. Жылкычылар болсо аман-эсен. Ал эми жылкыга тийгендер качып кутулуп кетиптир.

– Канчоо экен алар, кайда баратышканын билдиңерби? – деп Жаныбек тынчы кетип сурады эле кепке түшүнбөй калгансып:

– Казактар отуз, кырк чамасында экен. Алар атайлап эле мал алганы келишиптир, биз менен чабышканы.

Жаныбектин көөнү жай:

– Ал жылкычылар кимдер экенин тааныйсыңарбы?

Нызябек жооп берди:

– Чабышып, башы жарылып, колу сынып, акыры бүт колго түшүрдүк. «Жагалмай элиненбиз» – дейт. Башчысы Көкбай, Эрбол, Орозбай деген баатырлар экен. Биз үчөөнү алып калып, калганын жолуна салдык – деп, Ныязбекти тигиле карады.

– Кана, жылкычыларды чакырчы?! – деп, ат менен жылкычыларга Улкунаны жөнөттү. Эки өңүрүн белине кайра кыстарган бойдон, ийри буттарын майпаңдатып көңүлдүү жылкычылар келди. Келдибек мээримин төгө:

– Ырахмат, Ныязбек, эрдик кылыпсың! Атаң Эсенгул калмактарды Кулжа, Текеске чейин кайра келгис кылып сүрүп, биз Каркыраны жайлап калбадыкпы. Болбосо ким билет эле. Аттиң, кандай баатыр жан эле деп, сөз улаган болду.

Ныязбек эми өзүн колго алып:

– Жылкыдан төрт-бештен берейин, азыр жылкы баккан Бекаалы менен Дербишаалылар келишсин. Малы жок жардыларга беш-алтыдан, орто малдуулар үчтөн бээ алышса, жан сактап кетишер. Минериңерге ат, саан уй, кой да болот. Шамурза, Бердике айылыңардагы алсыздарга алына жараша жылкы, кой, уйдан бердир! Ниетиңерди оңоп, бирөөнүн мал-мүлкүнө, дүнүйөсүнө көз артпагыла. Суранбай, Сурганбайлар жер ээн жатат, жармакташып эгин айдап, атыңарды минип жер айдагыла. Унааңар жогуңар баргыла мага, мен унаа берем. Турмушуңардан кемчилдеп калсаңар айткыла, азыр баарыбыз турганда орой-чарай ыкташып, малдуу-жандуу турмушуңарды оңоп кетейин. Өзүңөр угуп-билип турасыңар. Тигине, ач көздүк менен ууруluктун айынан даңкыйган үч азамат туткундалып, үй жайынан ажырап, мүгдүрөп отурушат.

Кожояр, Кудаяр ыраазы болуп, айта турган сөздөрүн таппай калышты:

– Ырахмат, Ныязбек, элге кайрымдуулугуң, пейилиң кирген суудай кенен, булуттай таза, дайрадай толкуп, элиңе кам көргөнүңө. Жүз жыл жарык дүйнөнүн үзүрүн көр! – деп алкап, кол жайышты. Ныязбек сөөлөтүнөн жазбай, таазим кылып:

– Силерди чакырганымдын себеби, тиги малы жок алсыздардын акыбалын байкап көргүлөчү? Курсактары ач, өңдөрү кер сары тартып турушкандардын карындары кампайып, жашоо шарты оңолуп, турмуштары жакшырса сенин шилтеген жагыңа аттанып, кызматыңды орундатып берери чынбы?

– Буларга бирден уй, үчтөн бээ, мингендей күлүк, учкаяк ат, өгүздөй күчтүү жаныбарлардан берип камсыздагыла. Азыр тилди алып айдап келип бергиле.

Адам көзгө көрүнгөнүн жыя берип, ичип жеп эч пайда тапкан эмес. Ооба, бул адам баласы бар болсо тойбогон, чөлдөгү сууну сиңирген кумдай экен го?

Жылт этип кайткыс болуп сапар чексең, бир өмүр учуп кетер деп, бир топ маанилүү кептерди айтты. Аңгыча жылкычылар үйүрлүү жылкыларды айыл четине имерип келишти. Отургандар Ныязбектин тамсилдүү кебине таң беришип «туура кеп, бир күн өтөбүз» дешти. Ныязбек атка минип жылкыларга көз агытты. Жылкычылар туш-туштан тосмологон үйүрлүү жылкылар жардап караган элден үркүп, түрткүлөшө удургуп, сүрүлүп тынчы кетти.

– Алгыла, кайра сураган доо кайыры жок – деп, Ныязбек дагы үнүн бийик чыгарды. Кожоярдын чечекейи чеч болуп:

– Кем болбо, манапты жамандап, тилдегендин тили кыркылсын деп, өзүнчө эле ыраазы болуп, бул окуяга дале ишене албай турду. Анан кантет, түшкө кирбеген жорук болуп жатса. Мал-мүлкүн талатып тоноткон, бирок минтип бекер малга ээ болгон эмес да. Бир кезде Ныязбек Шамурзага буйра сүйлөдү:

– Карма, тетиги жал-куйругу төгүлгөн кара кер быштыны.

Бул сөздү түшүнгөнсүп жаныбар мойнун кекейтип, көзүн алгыча үйүрдү айлана чуркап жүгүрдү. Шамурза өңүтү келе калганда, укурукту шилтей берди. Кунан мойнун торой жалт берип, сыйрытмак кекиртектен куушурду. Берки жактагы жигиттер аттарынан учуп түшүп, жал-куйруктан алып, башына нокто катып, дароо ээр токумду токуп жиберишти. Шамурза минген атынан түшүп, жылкычыларчасынан эки өңүрүн кайрып, белине кыстарынды. Уулу Элебес жанына келе калып:

– Ата, ушул быштыны мен үйрөтөйүнчү – деди эле:

– Жок, уулум, сен али жашсың! – Кабыл умтулуп:

– Мен минип үйрөтүп алайынбы? – деп күлүмсүрөдү эле, Шамурза:

– Бербейм, бул кунан убагы келгенде жакшы ат болот.

Жаны жай албаган эр көкүрөк немении «күлүк ат» дегенде эт-бети менен кетчү адаты кармап, тим эле көзү жайнап, тыбырап токтоно албай калыптыр.

– Эмне, «сен менден көрө жакшы үйрөтөм» – деп ойлойсуңбу? Жо-ок, тууганым, өз атымды дайыма өзүм гана үйрөтөм.

Кунан кулундай туйлап, кошкурук атып, жөн эле жер чапчыйт. Шамурза анын ыйык жалынын алдынан сылай берип, акырын тизгинди алды да, көзгө илинбеген убакытта атка шак секирип минди. Азоо кунан башын чулгуп алып, мөңкүп кергиштеди. Мындайды эч күткөн эмес эле. Жанталаша чаңыра кишенеп, эки алдыңкы бутун тик көтөрүп, кош аяктап тура калды. Шамурза камчыны санына басып-басып алды. Кунан эми арткы эки бутун бийик көтөруп, сырандатып мөңкүп, бул балекет эмне экенине акылы жетпей, кантип кутулар айласын билбей, атырылып чуркап, жан аракетке түшө кутулуунун амалын кылды. Шамурза ээрге жабышып, жыгылбоонун амалын кылды. Адегенде анын дагы моюн-башы үзүлүп кете таштап, араң өзүнө келди. Кунан канчалык сороктогону менен сыр алдырып койдубу, Шамурза эми ээрден ажырабастыгына көзү жетти. Барган сайын кунандын дене бою дирилдеп, алсырай баштады. Омуроосу көбүктөп, алка-шалка тердеп, азоо кунан эми тизгинге моюун сунуп, жай таскактап жүрдү. Шамурза тизгин тартып, дөбөчөнү айлана берип кайра тартты.

Күн батты. Так ошол күн отурган тараптын асман тарабы кызыл өрт болуп алоолонуп турду. Суунун май-

да толкуну да ага чагылышып, мала кызыл жөжөлөрүн жаңы чыгарган өрдөк, улам сууга чөгүп кыркылдап жээктен нары сүзүп баратат. Шамурза өзүн бактылуу сезди.

Казактын туткундалган кишилерин эстеп, бушайман болду. «Казактардын аттуу-баштуу эстүүлөрү эмне деди болду экен?» Бул казак эли эмне деген эл, жөн жатпай өзүлөрүн да, бизди да бушайман кылып, дайыма бир балакетти баштайт да турат деп, өзү менен өзү сүйлөшкөн болду.

Желеге келип, чылбырды жылкычыга таштай салып, өзүнүн мыкты чабандестиги тууралуу карап тургандардын мактоо кебине көңүл бурбай, түз бастырып келип үйүнө кирип кетти.

Анда кечки тамакты күтүп, Керим, Бердикелер баш болгон жакын туугандар отурушуптур. Ныязбек келген кишилерге тасмалын кенен жайдырып, конок камында болду. Келген коноктор ар тараптуу кептен козгоп, маанайлары жакшы. Сөз эми такыр башка нукка бурулду. Коноктордун бири берилүү менен айтып кирди:

– Ныязбектин ишчү алтын чөйчөгү бар деп уктум эле. Ал чөйчөк атасы Эсенгулдан калыптыр. Ал киши калмактын айласын курута кууганда, калмактардын ханы үйүн таштай качкан экен. Ошондо жигиттеринин бири алтын чөйчөктү алгач Жалгаш алып келип тартуулаган экен. Анан Жалгаш баатыр Эсенгулга тартуу кылып, аны кадырман алтын чөйчөк дешет. Ошол чөйчөктөн бир ууртам шарап ичүү мен үчүн чоң бакыт болмок – деп сөз аягын шыпшынып аяктады. Бул айтылган кеп баарын ойго салып койду. Бирок сырттта жүргөн Ныязбектин өзүнө алтын чөйчөк жөнүндө айта алышкан жок. Аңгыча колго суу куюлуп, эт тартылып, бешбармак алдыга келди. Ушул кезде Турум кеп алып, башынан өткөн окуяны айтып калды:

– Өткөн күздө мени Ныязбек казактарга жумшап калды. Алар ит жебеген азапты көргөзүп, эки колумду артка кайрып байлап, көчүккө эки тээп, талаага таштап кете берген. Аны азыр ойлосом ичим куйкаланат. Ошол казактар азыр байланып, колго түшүп жатышат. Алардан ошол кегимди алайын десем, Ныязбек: «Сен аларга эмне жаза көрсөтсөң, дагы бир күнү сен да бирөөдөн ушул кордукту көрөсүң» – деп болбой койду. Ныязбек атасынын эли бирөөдөн кордук көрбөй, бирөөгө кара ниеттик жасабай турганын ойлойт. Ата мурасы болгон элин колдон чыгарып ийип, жаманатты болбоюн деп, элдин пейилин оңош үчүн жарды, алсыздарга мал берип, малын жула качкан душмандын эсин эки кылып, малын кайтарып алып келип, жоон билек күчтүүсүнүн колу-бутуна кишен салып, экинчи баш бакпас кылып, жүйө сөз менен акылын ойготуп, элди өзүнө имере тартты – деп, кебинин аягын жай сөз менен бүтүрдү. Шамырза:

– Сенин тууганың Саяктарды жеринен кууп, жерин ээлеп алууну ой кылып Солтолордон күч сураптыр. Эки бир боор эл чабыша кетишсе эмне деген абийир калат?

– Болбогон кеп – деп Турум башын өйдө көтөрүп:

– Бул саяктар ырчы, шайыр эл болот. Саяктардын кубулжуган комуз кылына колдору куп келип, назик мукам үнү көңүлүңдү сергитип кайра жашарганың эсиңе түшөт. Андай кулакка жат кепти мындай жерде айтпай жүр – деп, кагып койду. Шамырза ашыкча кеп козгоп алганын моюнга алгансып, унчукпай калды.

Ай сүттөй ак. Асман түнкү кооздуктун кучагына алып, ай акырын жылып бара жатты. Тамак желип болгон соң, баары колдорун жууп сыртка чыгышты.

* * *

– Ныязбек, бекер жатпайлы. Эртелетпесек болбой калды? – деди Абайылда. Элди жыйып, жигиттерди жарак-жабдыктар менен камсыз кылып, баарына даяр бололу. «Кытай бүт Черик менен Орозбактын балдарынын элин мүңкүрөтүп, малын айдап кетти» – деп Сатыкул менен Жумаш айтып келди. «Бизге жардам бергиле» – деп кетишти. Ныязбек кабагын чытып:

– Эгер биз туш-туштан самсып чогула баштасак, бир шумдук болоорун эл туюп калышы ыктымал. Анан кытайларга кабар жетет. Калмактар дагы удургуйт. Балким, чектеги кытай эмес, баягы атабыз Үчүкө менен Түлкүнү аткан Карабагышы же Чоң багышы болуп жүрбөсүн. Менин баамымда ошолор эле болууга тийиш. Кытай кайда, алар каптаса кыргыз эмес, орус турушук берээрин эч ким айта албайт. Саамга ойлонуп туруп Ныязбек, Абылабектин айтканын жөндүү көрүп, башын ийкеп:

– Сенин акылың тапталган кылычтай курч бойдон калыптыр го.

– Кайдан, биздин акыл көпчүлүккө салыштырмалуу шоона эше албайт! – деп, Абайылда момунсунуп, улутунуп калды. Ныязбек тигиле караган болуп:

– Анда эмесе, Чоң-Кеминдин башындагы түзөңдөн жолугушалы, билесиңби?

– Ал жерди жана ага чейинки жерди да жакшы эле билем. Андан көрө Бугу эненин балдарына кабар бериш керек го, эгер сизге туура келсе. Анткени алардын жолу биз барчу калмак, кытайга алып барат. Негизги жол ошолордун жери менен өтөт эмеспи.

– Албетте, алар деле «куугун келатат» деп камдуу турушкандыр. Алардын колу деле коробойт. Бизге караан керек болуп турат. Душманды элдин калдайган караан чочулатат. Эмне болгон күндө деле ынтымак

керек. Баса, сен жолдон Төрөкочкорго жолук, аны ала кетишибиз керек! – деп Ныязбек кабагын бүркөп, алдындагы кылычын тиктеди. Колундагы өтө эле курч кылычын кармалаган болду.

– Баатыр аба, менин оюм булактын көзүндөй таза. Сиз эмне үчүн барбайсыз? Акыркы кезде баатыр ага кыйды болуп баратасыз.

Ныязбектин келбетинен каарданганы ачык билинди да, Абайылдага ишенбей турганын турган-турпаты айгинелеп койду. Эми эмне гана болсун шектенүүсүн жокко чыгаруу керек, таарына сүйлөдү.

– Ак жеринен ачуу тил угуп, көңүлүм ооруду. Менин оюм сенин каалооң менен бирдей. Башка максатым болбойт дагы, эгер менин барышымды каалайсыңбы, барайын. Менин жолум тетири, сеники түз. Мен ары-бери айланып жүргүчө дегеним эле. – Абайылда олуттуу токтоо сүйлөдү.

– Калмак, Кытай баарынан мурда кимдин душманы, так ошолордун. Алар бири-бири менен кыйма бычак. Сиздин баштап баратканыңызды билишсе, жол тосмок тургай алар кайра кубанбайбы. Ансыз деле күч-кубатыңыз, эрдигиңиз элге дайын. Бул да болсо аларды сестентет.

– Менин жолум башка, колум кыска, элим аз – деп, бир жигитин чакырып, жоокерлердин тез келишин айтып, Ныязбек ордунан турду. Колун куруна илип Жанболотту башынан аягына чейин карай берип кеп салды:

– Кудай астында мен ушул турган элдин жакшылыгын унута элекмин. Кандай гана күндө айткан кебимди эки дешпейт. «Жакшылыкка, жакшылык» деген кеп бар. Мен эч качан адилеттүүлүктөн тайгым келбейт.

Чоң багышпы, Кара багышпы же кытайбы белгисиз тарапка жоого аттанып жортуулга чыгуу тууралуу кабарды Абайылданын жигиттери жактырбаганын жашырышкан жок.

– Мен силерди бул жерде оозуңарга келгенди оттоп бергиле деп чакырган жокмун! – деди, ачуусу келип Абайылда:

– Мен силерге «өз билгенимди айтып койсомбу» – деп чакырттым.

Бул сөздү укканда эрдемсинип, ооз көптүргөндөрдүн демдери басылды. Кайра өз айылына кайтып келе жатып Абайылда ушул кепти улам эстей берди. Ныязбектин зоболосу көтөрүлүп, баарынан бийиктеп кеткенине арданды. Минтип отурса жакында Абайылда өзүнө да жарлыгын жарыя кыла турган учур жакындады окшойт. Баш иесиң ага, андан башка эмне кыласың? Канчалык жаныңды жанга урба, жалгыз болгон соң баары бир Ныязбектин колундасың. Андан буйтасаң меймандын Ынанчысынын же Турумдун таман алдына басыласың. Алардан качсаң Керим, Жапарлар оозуңа кемек салат. Ушуну менен мунун жалгыздыгы бүтөт окшойт. Төрөкочкор кежирлигин таштап, кандаш тууган-тушкандарын чогултса анан кийинкиси да табылат беле... Кан майдандабы же той салтанатта болобу сөздөрү уккулукту болуп, ойлору бир жерден чыгып турса, жомокчулар даңаза кылып ырдаганы, ата-бабалар жашап кеткен бейпил жыргал замандагыдай болушмак. Ошондогу төө желиндей шуулдаган эркиндикти баалап келген ата-бабанын каада-салтын эч кимге буздура коюшмак эмес. Ушул ой, кыял удургуп көңүлүн көтөрдү. Мунун күч аракетинин түп максатын журт эгеси билер бекен? Алардын кээ бир желдүүсү түшүнбөй жатпайбы. Турум ким? Көптөгөн жигиттеринин бири гана. Ал түшүнсөчү, анын улам шектенип, улам боюн ала качканында бир мандем бар. Бирок азыр кооптуу ойлорду нары улам чубалткысы келген жок.

Айыл апаны балдар менен чалдарга таштап, жоокерлерин алып, баары тең болжогон күнү көлдүн башына өргүмөй болушту. Убада боюнча бир күнү аттанышты,

бирок Ныязбектен кабар жок. Ал күнү күтүштү, келбеди, эртеси да келген жок. Абайылда бушайман болуп, Шааболотту күзөткө аттандырды.

Үчүнчү күнү да жигиттер элтеңдей баштады. Турум дагы бир түнөп, анан айылга кайра тартынуу чечти. Таң заарынан эле жигиттер аттарын токуна башташкан кезде, наркы жактагы кароолдо тургандардан бир жигит айтып келди «бир топ атчандар келатат» деген кабарды. Жер жайнаган кол, катар бастырып көл толкунундай булар турган жерди көздөй түрүлүп келе жатты. Күн жаңы көтөрүлө берди. Күндүн нуруна атчандардын жоо кийимдери чагылыша сүр берип турду. «Булар чын эле калмактардын колу болсочу» – деп ойлоп, Абайылданын ичи муздай түштү да, энтиге үн катты:

– Алдынан тосуп чыкчы?! – деп буйруду чабарманга. Калдастаган өзү жигиттер турган кошко келип, добулбас кагууну буйруду. Добулбастын үнүнөн жигиттер жапырт аттанды да, бир паста сезденише түшүштү. Абайылда курун оңдоп, сыр бербегенге аракет кылып, мылтыгын октоп даярданды. Ошол учурда чабарман мойноктон бери атын чаап чыгып эле бакырды:

– Биздин элдер экен, ууга чыккан! – дегенде, баары эстерине келишип, үшкүрүнүп жиберишти.

Тээ алыстан эле ээрчиткен тайганынан, колго кондурган кушунан тааный коюп Абайылда, Керимди көздөй жөнөдү. Жакын келип эле алгач озунуп салам берди. Керим берилген саламды алик алып, сынай карап койду. Абайылда эмнегедир эле шашкалактап, айтар сөзүн таппай калды да, ичтеги өктөөсүн билдирбөөгө аракет кылды. Ошентсе да собол таштады:

– Ныязбек менен чогуу калмактарга аттаналы деп сүйлөштүк эле го? Улуу-кичүүгө карабай, айткан сөзгө бек туруу ата-бабадан келаткан салт бар эмеспи?

– Ныязбек силер менен чогуу барууга үлгүрбөй калды – деди Керим катар бастырып баратып. Аңгы-

ча сакал-муруту өскөн, алыбеттүү жигит буларга жетип келди. Белине чылкый кайыш курчанган, кынында быртыйган бычак, колунда кере кулач көк союлду такымга кыстарган бойдон калпагынын кырбуусунан ылдый кере карыш жазы маңдайында кара күрөң чачынын учу көрүнөт. Ал бир нерсе деп айтканча болбой, жакынкы бөксө тоонун нары жагынан Ныязбек жигиттери менен чыга калды да, учурашкан соң:

– Силер жактырган адамыңарды ушинтип тосуп алабыз дегилечи деп Ныязбек мыйыгынан күлүмсүрөмүш болду. Абайылданын эми гана кабагы ачыла түштү, күткөн азабын унутта калтырып. Ортодо ар кандай кептер айтылды. Күн батып, кара күүгүм айлананы каптады. Атчандар Ысык-Көлдүн жээгин бойлоп кашкарайганда, өйдөрөөк бир айылга жетишти. Көлдүн өйүзүндө бүдөмүк беш-алты караан көрүнгөнсүп кетти. Жигиттер бул аймакка өргүбөй түн жамынып жүрүүгө макул болушуп, жолдорун андан ары улашты. Ныязбек, Абайылда, Турум таң агарып калганда төш таянып, бийик чокуга келип токтошту.

Суунун агымы түбүн жалай, жуктай толкуп ылайланып чыккан күндүн нуру шар аккан суунун четине кылыч мизиндей чагылышып турду. Ныязбек болсо тээ наркы өйүздөн көзүн албайт. Ал тарапка суу бойлой өскөн жапан талдын дүпүйгөн караанын анан наркы бөксө тоолордун жондорунан башка эч нерсе көзгө учурабады. Ушул жер, ушул өрөөндөн ары жагын ээлеген Орозбактын балдары жайланган айылынын боз үйлөрү бар. Ныязбектин эсине өткөн бир окуя түшүп, жүрөгү сайгылашып кетти. Ал күндөрү анын мээнети күч болгон, бирок эмне иш кылып, кандай сөз сүйлөбөсүн такыр ал иш эсинен кетпеди.

– Кожояр, эмне өңүң өзгөрүлүп кетти? – деп, суроо берип калды ойдон алаксып.

– Ээ, Ныязбек, бул жерде эки адамдын башын кошпогон, адамга жакшылык ыраа көрбөгөн, саткын кытай байыр алган. Ал биздин шекти билсе, дароо бизден мурун кытайларга кабарлайт.

– Коркконго кош көрүнөт. Саягым сактыгыңдан бирди көрөсүң. Алдын-ала күмөнсүнө бербе. Баары бир гана буйруктан болот эмеспи – деп, кыска кеп айтты.

«Орозбактын балдарына Ныязбек өзү жардамга жөнөптүр» деген кабарга бугу эненин балдары Белектер, Калыстар ишенишкен эмес. Ныязбек жигиттери менен түз эле Калыс, Белектердин айылындагы Бытыйдыкына келип түшкөндө, баары таңданышты. Буга чейин ал өзү Ныязбекти улам чакырып, жалбарып жатып келтире албай койгон болучу. Эл эми өзү эле сестенип, чогула баштады. Ныязбектер өргүп эки күн жатышты. Мурун моюн толгогон Токой уулунун айылынын арасына адыр толо Абайылданын жигиттери конуп, эл быкпырдай өйүз-бүйүзү толуп кетти. Ар бирин жылуу жумшак тосуп алып, ар бирине ылайыгына жараша орун көрсөтүп, Бытыйдын жаны тынган жок.

* * *

– Кана, сууну тайыздап кечелиби? – деп, суроолуу карады эле Ниязбек:

– Жок, болбойт, мурун кечип көрбөгөн сууну кечебиз деп караңгычылык кылыштын кереги эмне. Анан дагы тынч эс ала албай калышат, жигиттер. Эртеңки күнү бизди эмне күтүп турат, ким билет? Жигиттер бүгүн бул жерде кенен эс алышсын. Көл жээкте аба таза, тынч өргүйлү. Аттарды таң ашырып, жигиттер от жагышсын. Калмакты коркута турган болгон соң биротоло үркүтөлү деп, Ныязбек тизгин тартты. Жүргүлө эми жайланышалы. Абайылда, Ныязбекке эңиле берип шыбырады.

– Бул элди менин кишилерим деп, бой көтөрө айтып койбосун?

– Алар айтканда, колунан эмине келет. Таң атса айтчу сөзүн айтар – деп Ныязбек ийнин куушуруп койду.

Жигиттер башчыларына чатырды тигип, алоолонтуп от жагып, козунун этин чокко кактап бышырып жатышты. Босогону бойлой Бытыйдын жигиттери Кызылтаз, Меңдибек баш болгон Төрөкочкордун билгиликтүү мыктысы Кудаке, Койтуубастар турушту. Курал-жарактарын чечип жүккө чепкендери менен арта салышты. Ныязбек, Абайылда, Бытый, Абылай, Төрөкочкорлор килемдин үстүнө отурушту. Аш берчү жигит апакай жука чөйчөккө кымыз куюп сунду. Ныязбек колдорун жогору көтөрүп, жараткан Аллага сыйынып, шүгүрчүлүк айтып «ак жолду ач, жоктон бар кылган бир өзүң. Азап-тозоктон сакта» дегенден кийин, тегиз баары алакандарын жүздөрүнө тартып бата кылышты. Эми гана баары даамга карап, кымыздан сыпаа ууртаашты.

– Буюрса бул жолку жеңишке ишенип турам. Оомат келсе бир заматта жер майышкан байлыкка эгедер болорубуз, бул чындык. Эгер куюшкан кыйшайса бир заматта баарынан ажырап, сызга отуруп калмай да болот! Андыктан баарың бири-бириңерге кайрымдуу болгула. Бүгүн толуп, ташып жолуң болуп турабы, жолдошуңа каралашып жардам кыл, эртең башыңдан бакыт тайса мүңкүрөбө, жашоодо боло турган нерсе боло берет!

Ушуларды айтуу менен Ныязбек, Бытый, Абылабек, Абылайлар менен катарлашасыңар дегендей болду. Абылай, Бытый, Ныязбекке чексиз ыраазы болуп, көңүлдөрү көтөрүлүп, өрөпкүп кетишти.

Ныязбек жигиттерине карап, маанилүү сөз айтчудай үн салды:

– Кана, агайын бир боор туугандар. Жараткан Алла жар болуп, ушул жүрүшүбүздө жүрөк толкуп жеңишке жетебизби?! Же кокус майдандан найза жеп жаратта-

ныл, жеңилип кетебизби аны ачык айтып болбойт. Биз жерибиз, ата-журтубуз үчүн аттанып чыктык, баарыбыз ант оозанып, жолго чыккан соң, жеңиш менен келгенге аракет кылганыбыз абзел – деди, жигиттерге шык берип.

Ныязбек жеринен калп айтканды, адамды алдаганды жактырчу эмес. Багылан козунун этинен жеп, жигиттер кымыздан кана ичишип, бир эсе маанайлары ачылып турду. Жүзү сүрдүү, бетинен нур төгүлгөн Ныязбекке дилдери берилип, жүрөктөрү элжиреп, эмне сөз айтат деп күтүштү. Бытыйдын ичи жылып, эмне кылышты билбей туруп калды. Оюнда чын ниетинен берилип:

«Бир тууганым, боордошум» – деп Ныязбекти кучактагысы келди, бирок ага батына албай койду. Кантсе да анын сүрүнөн айбыкты.

Баары дасторконго бата тилеп, эшикке чыгышты. Талаа жайнаган от болуп чыгыптыр. Быжырап күйгөн от жалбырттап, тоонун бети тээ алыскы тал арасы бүт кызара түштү. Жоокерлер жатууга камынып, кужулдашып алардын кобуру, дарыянын шоокуму, калың талдын шуудуруна аралаш айлана күңгүрөнөт.

Алар суу жээгиндеги кумайга түшүштү. Турум санаалашы Абайылданын жанында турган Төрөкочкордун ийнине колун коюп:

– Кана дос, аялынды эстеп турасыңбы?

– Аны кантип унутайын. Аныйды утуп алганыбыз эсиңдеби? – деп, Турум кыт-кыт күлгөн болду да, – аны экөөбүз биригип алып гана араң утканбыз. Аный кайда азыр?

– Ал кара жерге кирсин.

– Ал сага эмне жамандык жасап жакпай калды?

– Аны мен так ошондо эч нерсе кылбай карап тургандыгы үчүн жаман көрөм.

– Антташ тең курбу андай болсо, мен да буга чейин эч жардам кылбай келбедимби, мени да жек көрүп жүрбө? Менин колумдан дагы жардам келген жок эле.

– Мен сага таарынбайм. Азыр мен эч кимди күнөөлөбөйм, бирок сага мен эч кимди теңебейм. Мага эң биринчи айткан кебимди эки кылбаганың, эч арам оюң жок экенине эми ишендим. Менин, сага кантип кара ниетим болсун, биздин убада эсиңде барбы? Экөөбүз жаныбыз бир, кубанычыбыз, кайгыбыз да бир дебедик беле? Дүйнөдө түркүн адамдар бар.

Бир кезде Ныязбек ары жактан бери басып келип:

– Турум кобуранбачы, ансыз деле бүткөн боюм салмактанып, жаным жер тартып турат. Карасаң, Назар үн дебей эле турбайбы. Азамат, Назар жакшы адам – деп, нары карай басты. Түндүн көркү ай асманда жай каалгыйт. Жигиттер баары жапырт эс алганы жатышты. Түн өз тынчын алып, айлана тынч.

Таң эрте Турум муздак кыйгыл суу га жүз чайыды. Уйкулуу көзү саал ачыла түштү. Бир кезде аттанды да, жар башына чыгып барды. Ал жерде Ныязбек, Абайылда, Бытый баш болуп бугулардын жигиттери менен кеңеш куруп турушкан экен. Таңкы абаны жарып, муздак жел согуп турду. Чогуу буйруган наарды татышкан соң, баары жапырт аттанышты.

Кечүү башталды. Аттар сууну жыттап, искеп анан кечип жөнөштү. Жээк тайыз экен. Нарын суусунун ортосу аттын омуроосунан өтүп, катуу шар аккан агым суу кечкен аттардын омуроосуна уруп, темселтип ийип жатты. Жигиттер буттарын өйдө көтөрүп, тизгинди жыя кармап баратышты.

Бир жоокердин аты мүдүрүлүп кеткенде, жигит чочуп кетип тизгинди булкуп алды эле, ат кайра үркүп жыгылып, агып жөнөдү. Жигит суу га чумула түшүп, аттан ажырап калды да, агып барып жээктеги талдын бутагына жармашып, жээкке чыкты. Суудан аман чыкканына сүйүнүп, жигит мылжыйып күлгөн болуп, салбырап туруп калды. Суу га аккан жаш жаңы өсүп келе жаткан жигит эле.

– Бул жигит да сенин балдарыңдан го? – деп, Абылайды карап көз кызып койду. Төрөкочкор сөзү менен бир тилектеш экенин билгизип, тиги бала сыяктуу жылмайып, бирдеме дешке шайманы жок Абылайдын мээсинин ичи лукулдап, барскан менен чаап жаткансып, эч нерсеге көңүлү жок экенин билгизип алды. Баары атка урунду болуп, кыйналгандарын билгизишкен жок. Ныязбек, Абайылда кыйналган түрү билинбей суудан өтүп эле, аскер башчыларын жыйынга чакырышты да, бир сыйра кеңешкен соң, чалгынга барчуларды бирден чакырып, төрт тарапка бештен, бештен тың кыраакы азаматтардан чалгынга жиберишти. Калган жоокерлер азга тынып алышкан кийин, сап-сап болуп тизиле баштады.

Түшкө жуук калмактардын чегине барып такалышты. Аскерлерди токтотуп Ныязбек жан жоокерлери менен алдыга өтүп дөбөгө чыкты. Калмактар бийик белестин нары жагындагы өзөндү ээлеп отуруп алышыптыр. Көк ала сакалын сылагылап, тегеректи сыдыра тиктеп Ныязбек бир топко ой басып отурду да: «Булар биздин алдыбызды тосуп чыгат деп ойлогон эмес элем» – деп, Ныязбектин саал коoптонгон түрү бар сыяктанды.

– Көп деле эмес экен! Түндөтөн бери баары тең чогулуп үлгүрүшпөптүр. Бизди булар токтото албайт, азырынча. Алар азыр аз экен! – деди, Абайылда.

– Бирок буларды «уй түгүндөй жанкечти калмактар» дейт.

Көк жал жоокер тулгага бутун коюп, оң чыкыйын кашынып эки жагын каранып алды да:

– Жалпың тээтиги токойчонун ортосуна жетип, андан ары эптеп билинбей жылып барып калмактардын желкесинен чыккыла. А силер Абайылда, Төрөкочор өз балдарыңарды алып, сол тарапка жөнөгүлө. Силер тоо таянгыла. Тоого жамынып, тээ наркы шиш дөбөнүн сол тарабына жетип, ошондо күтүп тургула. Мен жигитте-

рим менен түз качырам. Башынын ооруганы аз келгенсип, мына азыр тагдыр таразага түшкөндө, оорусу кошул-ташыл болуп жанын кыйнап жиберди. Абайылда мына бул аскерлерди бытыратып бөлгөн буйруктун түп маанисин түшүнө албай, бу кандай, жөнөкөй ишти бекер татаалдаштыргандай сезилип: «Кереги эмне, калмактар аз болгон соң, ойкуштатыштын эмне зарылдыгы бар» – деп ойлоду. Оюн толуктап «түз эле чогуу барып, селдей каптап, чогуубуз менен барып жайлап, тебелептепсеп кетсек болбойбу? Же Ныязбек калмактарды жалгыз өзү жеңсем деген ниети барбы» деген ойду ойлоп, кайра бул оюнан кайтып «кантип эле ошентсин» деп да ойлоду. Нары жактан Бытыйдын жанындагы Төрөкочкор, Ныязбекти бир карап, Бытыйды бир карап койду да, калмактардын аскерлерин кыдырата тиктей берип, ою бузула түшү. Ал тиги шиш дөбөнүн артына жашынып, бук болуп тургусу келбеди.

– Ныязбек, мени өзүңдүн жаныңа эле алып алчы – деп Төрөкочкор сынай карады эле, Ныязбектин кабагы бүркөлө түшүп, бир топтон кийин гана кара сур өңү өзгөрүлүп, көзүнүн мээрим учкуну жылтырады да:

– Сен эркексиңби деги?! Алыстан аскер баштап, адам сыяктанып суу кечип келип, душмандын карааны көрүнгөндө, канчык иттей менин артыма жашынгың келдиби! Кет азыр, артка. Болбосо ушул жерден душмандан мурда атып таштайм! Жолбун иттей каласың, ээн талаада. Тур, атыңа мин да, артыңды карабай жогол! Жакшы күндө жаныма отуруп сый көр, душман минтип алка-жакадан алып турганда, жанга арачы болуудан тайсалдап, менин көлөкөмө жашынган карааныңдын кереги жок! Бул айтылган сөздү укканда, Төрөкочкор бир бозоруп, бир кызарып ордунан туруп, корккондой көздөрүн тостойтуп атын минип, жалгыз бастырып кете берди. «Токто, кой ойлонор» – деп да эч ким үн катпай туруп калышты.

Ат кубатын сактап, жай бастырып калмактарга карай бет алышты. Ошол токтоо, салмактуу толкундан, ички каардуу купуя күч-кубат сезилип турду. Кожоярдын күндүн нурунан көзү уялгансып, бет мандайын көзүн жүлжүйтө карап баратты. Абылай кабагын түйүп, ээрдин тиштеп алган.

Эки орто жакындады. Калмактардын туусу желбиреп, караандар ачык, даана көрүнө баштады. Душмандар тарап бир тоодон экинчи тоого чейин үзөңгү кагылыша тегиз тизилип турушуптур. Колдун калың катары былк этпес бекем сепил сыяктуу туюлат. Аскерлердин делөөрүгөнүнөн аттар сестенип, кулактарын тикчийтип, ооздуктарын качырата тиштеп, өрөпкүп турду.

Ныязбек белги бердиби же селдей тизилген колдун алды өзү эле ат коюп жүрүп бердиби, Абайылда аңдай албай калды. Ат туяктары жер дүңгүрөтүп, чаңды асманга сапырылтып, жоокерлер тик ошол мунарыктаган чаңдан безелене качып жүргөндөй чабуулга кирип кетишти.

Калмактар тараптан мылтык атылып, жебе тартылып, жоокер катары ортосуна чогулуп, алар да бери карай зымырап качырып жөнөштү. Ныязбек алдыда, артындагыларга дем берип, үнүн бийик чыгарып, кыйкыра кылыч булгаалап, элире чаап баратты.

Кең көкүрөк, ак боз аргымак минген баатыр Ныязбек, кылычын оңдой кармап, атын чаап келатып, алдынан чыккан ак кула ат минген жоокерди аралык чукулдаганда, ээрден кыйшая берип, көз ирмем убакта кылычын төшкө күч менен шилтеп калды эле, баатыр калмак талп этип, аттан кулап жер кучактап жатып калды.

Калмактар улам чегинип, кайра күч алып, катуу кармашты. Ныязбектин колунун чабуулу токтоп, артка кетенчиктей баштады дагы, бир аздан кийин талкаланып ыдырай тургандай туюлду. Абылай да ошондон чочулап же бирдеме кылып ишти оңдоо колунан келбей,

элтеңдеп Ныязбекти кол арасынан издеп кирди. Ызычуу, чаң-тополоңдо бейтааныш жоокерлердин каардуу үрөйлөрү, оозун араандай ачкан аттардын добушу, туяк дүбүртү, темирге тийген, темирдин шаңгырагы, өлүм алдындагы адам кыйкырыгы менен аттардын азаналаганына аралаш алай-дүлөй түшүп жатты. Ныязбек менен Бытый калмактардын тозогуна жалгыз таштап коюшкандай ой да пайда болду. Коркунуч акылынан адаштырып, Бытый тизгинди карыштыра кармап, атын ойдолотуп уруштун апырык, сапырык курчоосунан бир паста бошоп чыкты да, белгисиз кай тарапка сызып кеткиси келди. Бирок оң жагында Абылай сол тарабында Кожояр чукулдап жүргөнүнөн жазганып, намысты чыгаргысы келбей чыдап турду.

Бир маалда уруш жагдайы шарт өзгөрүп кетти. Калмактардын күчү тайып удургуй түшүп, кайра артка сүрүлдү. Муну байкай калган Бытый саал эсине келип, эки жагын каранса, шиш дөбөнүн ылдыйраак жагынан кайран Ныязбек жигиттери менен калмактардын оң канатын жапырып, кыйратып келаткан экен. Душман эки өзөндүн оозуна сүрүлүп отуруп, курчоого калды. Мындан да туруштук бере албай, артынан мылтык, жебенин огуна, кылыч-найзага далысын тосуп, кайра артына бурулуп, каршылашууга эч мүмкүнчүлүктөрү келбей, артын карабай сайгак тийген уйдай качып жөнөштү. Эми алардын алдын торой Абылабек чыкты жигиттери менен. Кургуштап, айгай чуу салып.

Кырга жетип Ныязбек аттан түшүп, маңдайынан аккан терин сүрттү. Колу ийкемге келбей буту титиреп, башы ооруп, тең жарыла сынып, болуп жаткан окуяга акылы жетпей, ой басып турду. Ордунан туруп барып, ташка көчүк басты. Чалкасынан түшкөн ээр кебетелеген коктунун жакка белинде эр өлүгү сулап, жарадарлар сороюп жөрмөлөшүп, денеден аккан кан куюлуп, кандын каңырсыган жытына аттар чыдай албай кош-

куруп жатты. Аскерлер аттан түшүп курал-жарактарды жыйып, өз жарадарларын жөлөп-таяп, ташып тургузушуп жардам берип жатышты. Ал эми жат жарадарларды биротоло жайлай сайып, басып жүрүшкөнүн көрүп туруп Ныязбек башын чайкап адам, адамга ушундай мыкаачы болот белем деди. Душман кыйрап, тирүүлөрү качып жок болушту.

Бирок жүрөк титиреткен коркунуч менен адегенде чабалдык, алсыздык кылып бир топ эр азаматтан ажырагандан кийин, өзү качырып жоонун башчысынын башын алды да, анан гана үмүт оту пайда болду. Аңгыча Абылабек чаап келип, аттан ыргып түштү. Абылай менен Бытыйдын үңкүйгөн далыларын жыра сайгысы келип, Ныязбектен жазганды. Эки бетиндеги чуңкуру ого бетер даана көрүнүп, чаң баскан жүзү тер аралаш чапталышып, тиштери эле агарат.

– Жайдын саратан күнүндө эмне отурасыңар окшошуп? Биз кимди колго түшүргөнүбүздү билесинерби? Калмактын баатыры Нойгонду. Жүргүлө, көрсөтөйүн силерге аны!

– Бизге калмактын баатырынын кереги жок, алардын ханы, кол башчысы керек болчу!

– Аны деле табабыз! Хан эле керек болсо, калмак элин бүт бойдон оодарып чапсак да, таппай койбойбуз. Калмактардын аман качып кутулгандары, колунун кыйраганы – деди, Абылабек энтиге.

Айыл-айылга кабар таратышты. Качуу, тозуу башталды. Колуна урунганын чогултуп жүрүштү. Калмактар үйлөрүн, ал түгүл мал-жандыктарын да таштай салып, Текес-Кулжадан нары Кытайды көздөй качып жөнөдү. Жеңген жигиттер кокту-колотторду кыдыра чапкылап, калган-каткан качкындарды тосуп жүрүштү.

Бытый өз жигиттери менен адырдан адыр кыдырып чапкылап, жаны тынч алган жок. Бир өрөөндөн Аргын баатырдын айылына оро-пара кездешип калышты. Бир-

ден, жарымдан болуп аз эле киши калышыптыр. Жигиттер тинте издеп, ар бир айылды калтырбай карап чыгышты. Айылда калган калмактарды найзанын учу менен сайгылап, камчылап айдап Тобулдун эшигине айдап келишти. Бытый, Кызылтаз экөөлөп качкан элдин кайда кеткенин такып сурашса да, алардын дайынын айтпай коюшту. Эч ким билбейт экен.

Мойнунан жип менен байлап, эки колун артына тартып бир кишини эки жигит сүйрөп келип, элдин ортосуна таштады. Тигинин төбө чачы саксайып, отура калды. Аңгыча жигиттердин бири кылычтын арты менен далыга бир чапты.

– Жерге бекем кадалыптыр, мындан жакшы сөз чыгара албайсың – деп койду.

– Алдыгынын башын ыргыта чапсаң, өзү эле чыгат да – деп, беркилердин ичинен бирөө шылдыңдап күлүп калды. Тиги жигит чын эле чапмак болуп кылычын оңтойлоп кармай бергенде, Абайылда аны камчы менен далыга нукуп:

– Турчу мындай? – деп, тиги жигитке буйрук берип, байланган калмактан сурады:

– Сен ким болосуң? – деди эле тиги:

– Табул баатырдын жигитимин, атым Чике – деди. Эмне үчүн колу-башыңды байлашты, сен сөз ташыгыч же чыккынчысыңбы?

– Жок, Табул да ошондой деп ойлоп жүрөт.

– Жигиттер, мунун колундагы, мойнундагы жиптерди алып бошоткула. Мен сенин жаныңа арачы болом. Туткун, сен мага туура түшүн, бир кезде мага да ушул кырсык башыма түшөт, аны да ойлош керек. Жигиттер, арканды бычак менен кесип, колу-бутун бошотуп, жипти ыргытып ийишти.

– Силерден тартып алган туткундалган аялдарды билбейсиңби?

– Биле албадым.

– Биз тигилерди куусак жете алабызбы?

– Ооба, алар көп узай элек. Тээтиги белести көздөй чапкыла, андан ары түз талаа бар – деди.

– Деги сен өзүң ким болосуң?

– Чаргын баатырдын уулумун – дегенде, Бытый башын шарт көтөрүп Абайылданы карап алып, каткырып жиберди. Каткырыгы катуу чыкты. Бир кезде күлкүсүн тыйып:

– Айланайын Ныязбек, Чаргындын өз уулу. Ушулар айылды күлдөй сапырган. Мына эми аны өздөрү тартып олтурат.

Ныязбек:

– Баарың ук. Кудайдын бар экенине ишенгиле. Келме-кезек деген ушул. Адам туулганда «бүт аалам меники» деп бакырып жарык дүйнөгө келет. Кайра кандай кара ниеттик кылсаңар, ошол өзүң кылган кордукту, бир күнү өзүң көрөсүң. Кетээрде, эки кулач кездемеге оронуу менен бул дүйнөгө ыраазы болот. Силер кимге кыянат кылганыңарды учурунда билдиңерби?

– Мына өзүңөр көрүп турасыңар! Биздин элди кыйратып, азап тарттырганда өздөрү ушул турмушту ойлоду бекен? Жок, ошол бойдон күркүрөп өтөм деген. Баарыбыз ушубуз.

* * *

Бытый калмактардын артынан кууп кеткенде, көз байланып калган эле.

Болгон дүнүйөсүн жүктөгөн төө, уюн жетелеп, айгыр үйүр жылкы, уй, койлорун айдап шаша качкандар баары чоң өрөөнду жээктеп баратышыптыр. Адамдар кыйкырып, жылкы кишенеп, уй мөөрөп өзөндүн ичи ызы-чуу. Арттан түшкөн куугунду көрүп алар туш-тушка жайыла дыр коюп, качып жүрүп беришти. Жигиттер талаа жаңырта ач айкырык салып, көчтү тегеректеп

токтотуп, эркектерин найзалап, кылычтап кыйратып, катын-баланы камчылап уруп ортого чогулта баштады.

Абылай, Бытый бакырып, өкүрүп тополоң болуп жаткан качкындардын ортосуна сүрдүгүп кирип келишип, байманчыктап жигиттердин жүзүнө карап:

– Башчыңар, хан баатырыңар кайда? Алар да ушул турмушту биздин элге көрсөтүшкөн. Эми ошол алаамат силерге келди. Силер көргөндү, алар дагы көрсө болмок. Айткыла, башчыңар кайда?

Ушул кезде ызы-чуунун ичинен Бытый, Абылай деген үн чыкты. Экөө таң кала карашып, үн чыккан жакка көз агытышты. Аңгыча эле этек жеңи делбектеген, кейпи кеткен эки эркек кишинин кулакка тааныш үнү дагы угула түштү. Экөө жакын келип, дароо тигилерди таанып, ээрден ооп түшүштү да Меңдибек, Чабалдайды кучактарына алышты. Колдору мойнуна оролуп, көздөрүнөн аккан жаш беттерине төгүлгөн. Абылай, Бытый экөөнүн далысынан, ийининен сылагылап, эркелетип жатты. Булар мурунку чабуулда туткундалган кыргыздар.

Жеңишке ээ болгондор өз жерине кайтышты. Аскерлердин алдында үйүр жылкы, короологон кой, уй, түрлүү тумандаган байлык, мүлк жүктөлгөн бир топ өгүздөрдүн алдында келин-кыздар, майда балдар бар. Аскерлер кары-картаңдарды адатка ылайык туткунга алган эмес. Алардын алдында эркектердин бири чарчаңкы көзү чүңүрөйүп, жаагы шилинип, салбырап айрылган чепкен курсуз арык денесинде кадимки эле таякка илинген кап сыяктуу салбырайт.

Бытый, Абылай буларга иттерге кошуп тамак бердирди, бир айырмасы иттер бош эле. Бытый менен Абылайдын кызуусу канчу түрү көрүнбөйт. Бешиктеги баланы найзага илдиңер беле, адамга кандай мыкаачылык кылбадыңар, уулуң экөөң.

Бул ата менен бала улам алсырап, улам мууну бошоп, өлүмү чукулдаганына да кайыл болуп, көңүл кош

жата беришти. Түнкүсүн иттер менен катар жатып бит, бүргө талап кашынып, тырманып жатып, ажалын өздөрү тилешти.

Бу жер үстүндө кылар иши, ичер суусу, тоңбос майы калбай калганда гана адам ажайып жайга жөнөрүн күтүп, кудуреттүү Алланын буйругу менен жаны денесинен ажырап, жер үстүндө жамандык иш кылган аксым кишилердин жаны ушундай жерде кала берери анык. Ай караңгы түндөрдө ач бөрүнүн көзү болуп жылтырап, карагандын арасынан үкүнүн үнү болуп уңулдап жүрүшү турган иш. Жигиттер арканды чечип алып, мамыдан экөөнү тургузуп, куйрукка тепкилеп, чатырга айдап жөнөгөндө ата-бала: «Буюрса кыйналбай бүткөн экенбиз» – деп сүйүнүп кетишти. Бирок буга чейин эле жашоодон катуу жадап жүргөн экөөнө өз жандарын кайра тартуулап коюшту. Бул жолу да экөөнүн ойлогон ойлору тетири чыгып калды.

* * *

Басышы кыйындап алы кетип, келиндин көзү ала чакмактанып башы айланды. Колунда кичинекей баласы бар келин чаң аралаш тери куюлуп, бетинен ылдый чуbuруп, акактап араң басып буга катар келатат. Наристе баланын бойтойгон колу энесинин мойнуна асылып «бирдеме» деп чулдураган болот. Энесинин аны угаар шайманы жок, жан аракети кылып, жолун улап баратты.

Абылайдын мурду канап, атын бура токтоду. Мурдунан аккан канды токтотуп, атын темингенче, туткундалган аялдарга көзү уруна түштү. Калмактын чепкени менен бутундагы өтүгүн тоноп алды. Дамбалчан жылаңайлак бутуна тикенек сайылып, таш тилип канап, шайы кетип шалдырап, мойнуна сыйыртмак салынып, жиптин учу төөгө байланган туткундун басышы акырындар замат, сыйрытмак тартылып алкымынан кыс-

канда, көзү чанагынан чыга чакчайып жанталашып ылдам кадамын шилтеген болот.

Бытыйга мынча кошуун кайдан келгенин, айылындагы айыл аксакалдары түшүнө алышпады. Эгер кызыл таштын жаман алачыгын өз көзү менен көргөн болсо, муну ойлобойт эле. Бирок өзү көргөн бул окуяга таң калбай койгон жок. Керсары тартып, кечке көрөр кордугу жок кароолу, кулдуку сыяктуу. Бытый айылындагы элди, кыз-келинди кайтарып алыш үчүн, калмакты чапканга сарбагыштан жардам сурап, максатына жетип отурат!

Ныязбектер калмактарды мүңкүрөтүп чаап, малын жыйып жатканда, бир аз жылкысын айдатып кете берген. Калган кордук-зомбулукту көзүм көрбөсүн, буларга мыкаачылыкты байкап жасагыла. Элде күнөө жок, жанагы башчы сөрөйлөрүндө да, алар барып силерди чыркыратпаса биз келбейт элек.

Мына бүгүн бүтүндөй бугу эли көргөндөй, мындан ары Бытыйдын алдынан кыя өтө албайт. Айылды калмактар чаап, кыз-келиндерин олжолоду эле. Мына бүгүн туткундалгандарды бүт ээрчитип келди. Кудуреттүү жараткан өзү жар болуп калмакты бүт кыйрата чаап отурат. Буга жардам кайдан келгенин түшүнүштү, бирок түшүнгөнү менен дагы ого бетер таң калды.

Качандыр бир кезде туугандарынын таш боордугун кандай жек көрсө, эми Абылай, Бытый, Төрөкочкорлорду да ошондой көргүсү келген, бирок анте албады. Бытыйдын минтип бат эле зоболосу көтөрүлүп кеткенине кайра кубанды.

Бала көтөргөн туткун аял, эми такыр эле жүрбөй калды. Меңдибектин ийнине жабышты жыгылып калбас үчүн. Ал өзү араң бараткан неме жыгылып кете жаздап, эптеп оңолду да, аялдын колунан баланы ала койду. Аял эми ага жөлөнбөсө боюн түзөй алчудай эмес.

Төөнү чөгөрүп жөлөп, таяп жеткирип, аялды үстүнө отургузуп артына баланы кармата койду. Төө ордунан

турганда жыгылып кетчүдөй болуп араң оңолду. Жоокерлердин бири жакын келип:

– Буларга убал жок. Төөдөн түшүргүлө – деп болбой түшүрүп:

– Бото, Байбугу булар биздин үй-жайды өрттөп, балдарды найзага илип, ошол кылыктарына каткырган. Убал жок калмакка. Биздин да Кудай бар экен – деп, тиги аялга төөнүн чубалган жибин карматып «бас» деп найза менен далыга түрттү. Аялдын буттары кайчылашып, очорулуп барып төөнүн бутуна сүйөнүп жыгылды. Байбугу найзанын учу менен башка уруп ийди. Аял кыйкырганга чамасы келбей, жер таянып кулап калды. Бети купкуу болуп, көзү аңтарылып кетиптир. Бакачы аны көтөрүп тургузайын деди эле, Байбугу муну да камчы менен жонго бир салды.

– Тур өйдө, бас алдыга.

Кул кумга темтеңдеп барып жыгылды. Бото аттан эңиле берип аялды колдон алып, жолдон нары сүйрөп салды. Аял жер кучактап жаткан бойдон кала берди.

Кечки өргүүгө токтогондо, баары көк чөпкө бир аз жатып, эс алышты. Чики наркы чукул айылдан сүт сурап келип, балага бир аз ичирип, өзү да ичип өзөк жалгады. Аялдардын бири бир аз сүзмө берди. Бала аны жалап тамшанып, каниет алды. Буга чейин ачкачылыкты сезген эмес эле. Эми тим эле өзөгү үзүлүп бир топко толгонуп уктай албай жатты. Койнуна алып, кучактап жаткан бала, төшүнө жабышып бышылдап уктап, эртең менен гана кыбырап ойгонуп мурун, бети-башын тытмалады. Баланы ойготуп алып:

– Уулум, тур! Эми мындан ары мен сенин атаң болом. Курсак ачтыбы, сүт ичесиңби?

Баягы айылга кайра жөнөдү эле, бул жолу анын жолу болбоду. Корукчулар камчылап кайра кууп жиберишти:

– Жогол, бул жерден котур эчкидей болуп мекиренбей.

– Сен эмине мага оңурандайсың. Мен эркин кишимин – деди Чики. Берки сакчынын ачуусу келип күрүлдөп жиберди:

– Эркин болбой куруп кал. Башыңды кыя чаппаганга шүгүр дегин шордуу!

Бул сөздү укканда Чикинин ындыны өчүп, отуруп калды. «Бул эмнеси, деги бул жерде билгиликтүү кыргыз жокпу? Ныязбек өзү арык аттап, суу кечпейби? Же жанагы ызы-чууда чын эле көзүмө болбогон эле бирдеме көрүнгөнбү, мүмкүн, мында эч кандай Ныязбек деле жок болуп жүрбөсүн?» – деп, ойлоду.

Бери жактагы калың элден сурады:

– Чаргындын уулу ушул жердеби? – деп.

– Ушул жерде, анда кандай жумушуң бар? Ал мага сенин эркиңди берген. Ой, мен да бир кокуй көрүнөмүн. Алгач мойнуңдагы кыл чылбырдан бошонсунчу өзү. Деги бул жерди ким билет? Бытый деген сен өзүң жеткен ач көз окшойсуң?

– Ой, Кызылтаз бери келчи. Мына бул самтыраган кырчаңгы «кыргыздар эркиндик берген» дейт го, келжиреп.

Абылай бастырып келип Чикини тааныды. Буту-колу байлануу экен. Буга бош жүр деген. Кызылтаз эми Абылайга жакындады. Чаргындын «уулу» деп бир кыргыз берген деп тантыраган.

Мына бул наристе баланы тойгузгула да, бала кылып алгыла. Менин барар жерим, турчу жайым жок деди. Абылай, Чикини жигиттердин турган кошко алып келди. Казандарда эт кайнап жаткан экен. Тамак бышырган кишини чакырып:

– Мына бул кишини, баласы экөөнө тамак бер, бул туткун эмес, белинде куру, башында тебетейи бар, сага жардамчы болсун.

Тиги жигит макул дегенсип башын ийкеген болду.

Бул жолу бала төөнүн үстүндө баратты. Чики балага жүктүн үстүнөн жай жасап олтургузуп, колуна майда-

чүйдө бирдемелерди карматып койгон. Жаш бала тынчсызданып ыйлап баратты, бир топтон кийин Чики тажагандай колун созуп:

– Унчукпа, болду ыйлаба – деп эркелетет. Баланын «ата» деген бир ооз сөзүнө Чикинин сай-сөөгү сыздайт. Буга чейин «ата» деген сөздү эч кимден уккан эмес болучу.

Өргүгөн жерден отун, тезек терип келмей адаты. Баланы карабай калса эле ыйлайт. Чики балага шашат, ал эми тамакчы буга ачуусу келип наалыйт.

– Эркектин колунда бала болгону кантип болсун. Аялдан да жаман сендей жардамчынын барынан жогу. Балаң экөөңдү бекер эле багып жатам. Энеси кайда мунун?

– Билбейсиңби, өлбөдүбү. Силердин жигиттер өлтүрүп коюшту.

– Аны мага эмне өктөм кыласың? Калмактар, силер өзүңөр ырайымыз эч кимге тынчтык бербеген элсиңер, туурабы, буга эмне дейсиң? Айтар кебиң жокпу, жаагыңды бас анда. Деги эле бир кургур көрүнөсүң? Саман тыгылган каптай болгон кебетең эле бар.

Чикини тамакчы да, жигиттер да жактырышпайт. Кечээки эле душманды ким жакшы көрө коймок эле. Булардын жеп жиберчүдөй тирмийген көз караштарын Чики бир чети жөндүү деп ойлойт. Азыр ошол тегеректегилерге түрткүнчүк, жек көрүндү өзү. Булардын арасында наристе баланын жаркырап күлүп турушу Чикиге бороондо, ай-талаада калып буулуккан жолоочунун көзүнө көрүнгөн жылуу үйдүн отундай дем берет.

Жолдо карата Бытыйды бир жолу көрдү. Чаргындын уулу калмактардын ханы менен катар бастырып бара жатыптыр. Анын көзүнүн кыры мунун жүзүнө токтолбой, кыйгач барып өтүп кетти. Тааныбай калыптыр. Абылай буга кейиген жок, кайра сүйүндү. «Анын билбей калганы жакшы болду» – деп.

Абылай менен кийинки жолу эсине түшүп, өзүнүн байкабастыгына өзү таң калды. Төрөлгөндө эле манаптар менен тизгиндеш тууган балдарынын энесин эми мага тие гой дегенин карабайсыңбы? Болуптур ошондо тиги балдарга бул эмне кылып бере алмак эле. Бытый мыкты болгондо, өз туугандарынын бир ылайыктуусуна баш байлап коймок. Өз төшөгү, өлөң үйү болуп жыргамак, бул болсо эми түшүнүп отурат. Эми көзүнө көрүнбөсө керек, өткөндөрүн эсине салып, көңүлүн ооруттуунун кажети жок.

Учу мейкин талаанын түптүз ачык асманында түркүн куштар каалгып учуп баратышат. Бул көргөн куштар каалгып каккан канаты, бутунун кубаты, көздөрүнүн курчу кетип, чарчаңкы кейиптери билинип турат. Абанын күчтүү агымына канаттарын калдайта жайып койгондо гана алар өздөрүн кубаттуу сезишет. Шуулдаган аба күчүнө күч кошконсуп, баягы доору жүрүп турган жаш чактарын элестетип, ошолордун ичинен бир бүркүт беркилерден осо берди. Тээ нары жактан бир топ атчандар көрүндү. Алар бери адырды жээктей жай бастырып келе жатышкан экен. Ылдый өзөн боюнан калың айыл көрүндү. Айылды жара бөлүп ийрелендеп аккан суу жатат. Шар аккан тунук суу боюнда быжырап кой-эчки жайылып оттоп жүрөт.

– Бытый? – деп адырандап чаап келип, Кызылтаз энтиге түштү:

– Калмактардан дагы бир топтору көчүп келди малын айдап. Алар өтө начар акыбалда экен.

– Келгендери жакшы, айылга эл келип турса береке эмеспи. Элден бөлүнүп кетсе, эл качып анда береке кетип, элдин пейили бузулат. Айыл-айылга бөлүп бергиле, алар кийин кыргыздашып кетээр – деди эле:

– Эй, Бытый, сен баланын кебин айтасың да. Алардын айылын чаап, мал-мүлкүн талап, баш көтөргөнүн бүт жайлаган бизби. Айтты-койду дебе, булардан жа-

мандыктан башка ыман санаган эч болбойт. Буларды баш көтөртпөй шилиге союл менен согуп турсаң, сени менен эл. Ал эми эркине койсоң, төбөңдү бир күнү каңдайт: «Ит кутурса ээсине жулунат, кул кутурса эсирип кудуктан балык уулайт».

– Мүмкүн, сеники да туура – деп Бытый айтылган сөзгө муюп, ойлоно калды да, айылдагы ылым санагандарды бүт чогултуп, иниси Сарытазга баш-көз болуп көзөмөлдөөгө алган инисине өзүнчө өргөө көтөртүп берди.

Калган айыл аксакалдарына олжодон бөлүп бердирди. Калмактардын олжосунан көзгө көрүнүктүү оймочиймелүү шырдакка малдаш токунуп олтуруп, өзүнчө керсейип, кабак чытып бой көтөрүп калды.

Бытый күлүп, Абылайды көз кыры менен карап:

– Абылай, сен так мына ушундай болушуң керек болчу, –деп каткырып ийди. – Жок, баатыр, ушундай боло берсин. Бөлөкбай, Кожояр так ушундай боло берсин деген оюн айтты.

Ушул кезде Бото, Байбугуну ээрчитип кирди. Бытый аны акыркы жолу көргөндөн бери өзгөрүлбөптүр. Саал толмоч тартып, жалпак мурдунун астынан сейрек мурут чычайганы эле болбосо, баягы эле бойдон. Жалпак бетинде кубанычтын күлкүсү жадырап, жамажайы жайылып туруп калды.

– Таазим кылып учурашып деген болбойбу сенде, – деп койду Кожояр. Малакайын жулуп көкүрөгүнө басып, төбөсү менен тик сайылып Бытыйга, анан Абылайга кулдук уруп жиберди. Берки сакалдууларды карап ойлоно калды да, аларга кулдук урбай эле, башын ийип койду. Сен эмне Төрөкочкорду «баатыр» дебедиң деп күлүп койду.

– Баатыр, бий, болушту билбейт деп турасыңарбы? – деп мурчуюп, таарынымыш болду.

– Баарыбыз эле бир тууган элбиз. Бул болсо орто байдын уулу, аны да эске алып кой. Бас, сен аялың

менен келдиңби бул жерге, энең кайда? – деп Бытый суроолуу карады.

– Апамды калмактар өлтүрүп кетишкен.

– Каап, жакшы адам эле. Бирок биз калмактардан өч алдык. Бардыгы менен эсептештик. Кожояр сен шордууну билбестиктен сатыптыр, эсиндеби?

– Эсимде, аны кантип унутайын. Кээде жонум дүүлүккөндө кашынам дагы, аны дароо эстейм. Менин жанымды Ныязбек алып калды. Канча кылган менен Манаптын тукуму да. «Кел биздин айылга, өзүмө жигит кылып алам дагы, үй-жай курап берем, алдыңа ат, үстүңө кийим, малдуу болосуң. Учуру келгенде түшүңө кирбегендей бай болосуң» деген. Ошол Ныязбектин айылына аялымды ээрчитип барам.

Абылай ойлонуп туруп:

– Бөлөкбай өз тууган туушкан, агайинди, киндик каның тамган жерди таштайсыңбы?

– Таштабаганда. – Бытый:

– Сени кайсы кара теке сүзүп турат. Мен сага үстүңө үй, астына ат, колуңа курал берип жигит кылам. Атаң менин атама кызмат кылган. Эми сен мага жигит бол.

– Ырахмат үйүңө, атыңа, сый-сыпатыңа.

– Ыраазы болбой турасың го? Дагы эмне каалайсың, айт айта бер, сенин айтканың болот.

– Мага эч нерсенин кереги жок. Сизге жигит болбойм.

– Ой, мобу эмне деп келжиреп жатат. Айтчы деги, сенин эмне иш иштейин деген оюң бар?

– Мен бул жерге турбайм, кетем манаптарга.

– Ой, шоруңду манаптар берип, териңди тетири сыйрыбасын.

– Мейли, багым же шорум, бара көрөм.

– Бул жакта калып, уста болуп курал жасабайсыңбы? Каалаганыңдай жаша.

– Жасай албайм жана бул жакта кала да албайм.

– Сени соо кетирбейм, мен эле болсом сениби түрүүлөй жерге өз көрүңдү өзүңө каздырып туруп көмдүрөм – деп опурулду эле Бөлөкбай:

– Калмактарды эмне өзүң чаппайсың. Энемди таап бер, эр экенсиң! – Бытый кекер жылмайды да, кытмыр күлүп:

– Сен башынан ак көңүл элең. Колуң ийкемдүү уста болсоң, сага баа жетеби? Эми сен кеп ук. Темир усталар менен кошулуп жаа, жебе, мылтык согуп усталар менен бирге иш кыл, бизге уста көп керек. Баары тең өзүбүздөн болгону жакшы эмеспи. Барсаң Ныязбекке барып кел. Анын айткандары менин эсимде. Калмактардын айылындагы, кийин бул жердеги кеп баары эсимде. Ал өзү билет сенин усталыгыңды, курал жасаарыңды. Ал дагы оозунан чыккан ар бир сөзүн ишке ашыруу үчүн аракеттенип жатат. Менин эл жыйып, калмактарга жарак жасатып жатканымды билет. Айткандай сенин атаңдай акылман адамды табуу кыйын. Ал кишиге мен айтсам ийге келтирет.

Ныязбек болсо элдин арасында болгон аракетин жасап, элди үгүттөп бүт элди өзүнүн айылына имерип, уулу Ормонду же Стамды хан көтөргүсү келип жатканы баарына маалым. Учурда эл Ныязбектин кебинен чыга алышпайт. Азыр анын ооматы жүрүп, айткандары төп келип жатканынан эл ага ишенет. Баары бүтүп сенин башыңды өзүнө имерип салган тура.

– Жок, ал киши андай эмес, башымды тегеретип көп ойлонтпо. Мени жок кылсаң, Ныязбек деген асказоо бар. Анда ал сенин жазаңды берет.

Бытый ойлонуп бул эмне деп эле жатат. Эгер чын эле Ныязбек менен мамилеси болсо, анда менин кылган далалатым текке кетет деген ойду ойлоп, башын ийкеп эшикке чыгып кетти.

* * *

Бөлөкбай аялын ээрчитип, биртике оокатын алып, бир мүйүзү сынык өгүзгө алачыктын жыгачтарын, жабуусун жүктөп Ныязбектин айылына келди. Кең Чүй аймагы. Ысык-Атанын оозуна самсаалаган жүгү менен келип, айылдын четине токтоп, өгүздү аялына карматып, Бөлөкбай акырын айылды аралап басып келип, уздай ак өргөөгө кирип келип, салам айтты. Төрдө олтурган Ныязбек берилген саламды жакшы маанай менен кабыл алып:

– Келдиңби, Бөлөкбай, дениң таза, жакшы келдиңби?

– Кудайга шүгүр, келдик, убада боюнча.

Ныязбек бул күнү Бөлөкбайды аялы менен бирге абдан жакшы коноктоп, эртеси эртең менен:

– Сен эми үй-жайсыз экенсиң, мындай жашоо туура эмес. Чакыргылачы, Базаркул менен Шаамуратты.

Чакыруу менен экөө келгенде Ныязбек:

– Бизге кошулганы келген Бөлөкбайга эки үй, беш бээ, бир ат, элүү кой, үй турмушуна ылайык оокат бергиле. Кийинтип аялы экөөнү, бечаранын турмушу оңолгуча мында туруп турушсун – деп айтты да, анан Бөлөкбайга карап:

– Эми сенин ишиң көп – деп, күлүмсүрөдү. – Чочуп кеттиңби? Азыр сенин өңүң жок экен. Бир ай эс ал. Аялың экөөң жакшылап орун-очок алып, жайланышып алгыла. Калган сөздү анан сүйлөшөбүз – деди. Бөлөкбайдын кечээ эле түшүнө кирбей турган ой максаты минтип өңүндө ишке ашып отурат. Азырынча дагы элге аралашып, таанышып, алыныша элек. Үй, кой, бээни сааш үчүн кол жетишпейт. Бул окуя Бөлөкбай менен Алиманга түш сыяктуу сезилди.

Калмактарды чаап келатканда, Ныязбекке учурагany бир бакыт болгон экен. Мына эми алдына ат, короодо

кой, жайытта жылкы, эшикте эки уй, үстүнө үй көтөрүп берди. Бөлөкбай буга дале ишене албай канча жүрдү.

Күндөрдүн биринде Ныязбек Бөлөкбайды өзүнө чакырып алып:

– Айткандай сен бизге кол бала болуп калдың. Эми очок башына отура бербе. Бизде душман туш-тараптан карап турат. Ушул заманда кол куушуруп отурууга болбостугун өзүң деле билип турасың. – Бөлөкбай сөздү бөлүп:

– Туура, сиз жалпы элге туу болуп бергендигиңизди унутууга болбойт. Мына сиз турганда казакпы, кытайбы же карабагыш эли түк бизге кол көтөрө албайт. Калмактардан качып келген элди да доолай алышпайт.

Ныязбек үн катпай отуруп кеп улады:

– Азыр ошондой, кийинчерээк кандай болуп кетээрин ким айта алат. Учурдан пайдаланып куч-кубат жыйнап алууга шашылыш керек.

Ныязбектин сөзүн иниси Сака бузду, босогодон бери кирип. Эң кенже иниси Сака, тарткынчыктай оозун баса жөтөлүп алып:

– Аманбай агамдын үйүнө кадырлуу коноктор келди.

Ныязбек чын эле таң калып, анан Шаамурат менен Бекмуратты имере карап күлүмсүрөп, кашын серпип койду да, анан бир нерсени ойлоно калып:

– Чакыр бери, баарысын, тез келсин – деди Ныязбек инисине карап, Сака жактыра бербегендей:

– Алар мында келишпейт – деп, жай унчукту.

– Эмне үчүн алар келбейт? Ныязбек суроолуу карады эле:

«Улуусу кичүүсүнүн үйүнө келиши туура болбойт» – деп апам айткан.

– Апаң туура эмес ырымдаса керек. Атасы, агасы, инисинин үйүнөн сый көргөн жарым бейиш болот.

Сака бул айтылган сөздү чуркап барып агасы Асанбайга жанагы айтылган сөздү сөзмө-сөз кайра кайталап айтып берди. Айтылган сөздү укканда Асанбайдын кө-

зүнүн кареги кыймылдап, бетинен заары алоолоп чыгып, ызырына сүйлөдү.

– Муну кара!? «Карачы бул акмактардын жоругун» – деп, бугун чыгара бакыра сүйлөп, атырылып бир тийди:

– Демек, мен барып Ныязбектин бутуна жыгылып, сыйынышым керек экен да! Мен аны бул жерден кууп чыккыча өзүнүн сыйы менен кетип калсын. Жолобосун! Азыр кууп чыккыла айылдан! – деп, кайра-кайра айтып күпүлдөдү Аңгыча аялы:

– Асанбай, эсиңе кел! Сенин колуңан эмне келет. Иниң сага жаман айткан жок. Сыйлап, сый көрсөтөйүн деген аракетин эмнеге тетири кабыл алдың? Сенин кебиңди уккан, бир тууган деп ошол иниң сыйлайт. Ал бул аймактан кетсе, сен каласың аз гана киши менен кузгундай болуп. Азыр анын оозунан чыккан кеп – сел. Керек болсо анын айткан кебинин илебине нан бышып турган кез. Сен адам катары болсоң, атаң Эсенгул колдогон сыймыгын улуу деп сага таштабайт беле. Ойлоп көрчү ошол Ныязбектин арты менен күрүлдөп, элге сөзүң өтүп жатат. Кокуй эсиңди жыйып, акылыңа кел! – деп аялы капталдан качырып сала берди .

Аманбай инисин ойлоп отурду да:

– Кууп чыккандан оңой эмне бар. Асанбай, бул кепти Ныязбек укпасын. Биздин атабыз бир, тууганбыз. Акылга келип, ачууңду токтот.

– Аманбай! – деп Асанбай жаакка тартып ийчүдөй бакырып ийди. – Мейли, сен айткандай эле болсун. Бирок Ныязбек эмне дээр экен? Анын ой-пикирин угуп көрбөйсүңбү, адегенде. Аманбай: «Ныязбекти жатындаш карачечекей сенден да артык көрөм дечи, анда дурус» – деп, тизесин кармалап суусаган таандай акактап отуруп калды. Асанбай канчалык жинденбесин Аманбай инисинин, аялынын беттен алып, туура айткан сөзүнө мурчуйду. Унчукпай Ныязбектикине жөнөдү. Эшиктен киргенде Ныязбек ордунан ата туруп, агасына карап:

– Келиңиз, төргө өтүңүз – деп жылуу кабыл алды. Асанбай төргө өтүп отуруп, бул дүйнөнүн кызыгына келгенсип, кандайдыр санаага термелгендей өтө маанилүү бир нерсени ойлогондой унчукпай, маймылдай быртыйып жер тиктеп отуруп калды. Ырчы жаагын жана бийик үнү коңурунан келип, дирилдеп сөздөрү куюлушуп, туш кийиздин ойку-кайкы саймасындай бир сөзү бирине куюлушуп адамдын черин жаза муютуп, мааниси куп келише уйкалышып кулакка жагымдуу ой кыялын каалагандай мээге сиңе угулат.

Жасалгалуу үй ичи салтанаттуу бейпил, кооздугу жомокчунукундай. Бул көрүнүш Асанбайдын кыртышына тийди. Найманбай теңтушун таанybай калгансып тааныса да бу не келе калды дегенсип биртике көңүлкош тиктеп турду да, анан колун шилтеп Найманды токтотуп, козголуп оңдонуп отурду дагы баягы бүтпөгөн иштериби, айтор, Асанбайдын бул түрүнөн көп жактыра бербегени байкалды. Бул эмине деген иттик «бирөөнүн үйүндөгү ырчыны каккандай кандай акысы бар» деген ой менен Ныязбек агасы Асанбайды суук көз менен ата карап, жөн болду.

– Бул эмне дегендик, конок келсе үйдүн куту, сый көңүл ачуу адамча бул бирден бир ырахат эмеспи – деди эле Асанбай:

– Мен эч кимди жаман көргөн жерим жок, жараланган камандай жаалданып араң турам. Мага көңүл деле бурбай койсоңор болот. Ныязбек жактырбагандай:

– Агамсың, иниң менден сый көрүп кетишиң, улуулуктун милдети – деди. Асанбай мырчыйган абалынан жазбай тасмалдагы даамга аз кол салып, колун аарчып үн катпай отуруп, даамга бата тилегенден кийин кетүүгө умтулуп маасысын ондоп, кепичин кийип жатып, Ныязбекти бутунан өйдө сыдыра тиктеп туруп, жактырбаганын билгизип:

– Улууларды урматтоо иним, ата-бабалардан бери келе жаткан салт. Эгерде элдер биздин уруунун ар-намысын, касиетин кадырлабаса – деп ордунан өйдө туруп Ныязбекке тиреше чукул келди. Ныязбектен жарым кез кыска далысы да кууш көрүндү. Инисин тиктеп туруп, кабагын чытып туруп эшикке чыгып кетти.

Эшикке чыкканда Асанбай дагы жаман көзү менен карап:

– Ныязбек, сен улам эле өткөн-кеткенди козгоп өктөмдөнөсүң. Бул жакшы жышаан эмес. Ушул сыяктуу кек, кыжы-кужу жалгыз биз эмес, болгон ага-инилердин ичинде канчалык азаптуу мүшкүлгө салбады.

– Мен өз туугандарымдан өйдөсүнүп, бой көтөрүп жаткан жерим жок. Эгер ичиңерде жаман оюңар болсо айткыла, кимиңерге жамандык кылдым. Бир тууган эмес, негизи адам баласына, колунда жокко берип, колтугумду көтөрүп эл катары түз жашасын деген эле ой – деп кеп улады. Бир тууган кандашым, сенин айтканыңа эми түшүндүм деп, сынай карады. Асанбайдын сөзүнүн төркүнү ич тардык кылып эптеп кине коюп чыр чыгарса, ата мурасы болгон бийликти, атанын улуу аялынын балдары алыш керек экенин билгизип алды. Токолдун балдары эл бийлеп, элди өзүнө имерип бийлик Ныязбекке оогону ич күптүү ойду пайда кылганын кыймылынан билгизип койду. Асанбай элдин камын ойлоо эмес, эптеп бийликке жетип, болгон Эсенгулдун алты аялынын балдарына кошулуп, эл колун бооруна алып алдына келиши.

* * *

Бирөөнө кулдук ургуң келбейби, өзүң да таазим кыла бил. Ныязбек эч жаман ой жок, энеси Анардын өргөөсүнө өзү баштап босогону аттап акырын кирип боюн түзөдү. Асанбай, Аманбай, Найман, Чал – төртөө, өргөөнүн ичинде арыз армандарын айтып отурушкан

экен. Алар Ныязбекти көрө салып эле тура калышты. Чүкөдөй чүкчүйгөн Асанбай акчыланып, үнү чыйылдап кубанычтуу басып келип, иниси Ныязбекти кучактап калды.

Бирок баары бир Асанбайдын күлүмсүрөгөн көзүндө коркунуч бар экенин Ныязбек өзүнүн божомолунда жана баамында даана сезди. Бирок эч сыр бербей, ачуусун ичине жутту да, баары менен жакшы маанайда учурашып чыкты. Дасторкон үстүндө Чал менен Найман жарыша жаактары тынбай көп сүйлөп, көзөдөй ыркыйган экөөнүн кыйма-чийме бырыш баскан беттери майланышып, ушул үйдөгү эң таазирлүү адам сыңары жайпактап отурушту.

Аманбай унчуккан деле жок. Олбурлуу быжыгый кара сакал Асанбай көзүн Ныязбектен ала качып улам тигиле карап, өзүнчө бирдемени божомолдоп локуюп отурду.

– Эй, Ниязбек – деди Найман кейиштүү сүйлөп, колдорун куушуруп жеңин жымырып сөз улады:

– Бир канча жылдан бери сени ойлоп камтама болуп санаага батып келе жаттык эле, эми мына сени менен айылдаш болуп, көңүлүм ыраазы болду. Калмактарга айтпай, дебей кете бердиң. Биз аталаш бир тууганбыз, өйдө-ылдый таарынычты оңой эле оң жолго салууга болот. Бул сөздү укканда Ныязбектин күлкүсү келип кетти да:

– Мен жакында Кытай тараптагы Жаныл мырзанын айылына аттанам. Чоң атабыз Үчүке менен Түлкүнү атып өлтүргөн. Атанын кунун эркек бала кууйт. Эгер макул көрсөңөр кошо жүргүлө, кун кууйбуз? Найман сөздү бөлүп:

– Эр азамат болдуң. Ныязбек сенин да, менин да атам. Атабыз Эсенгулда да так ушу сендеги кайрат бар болучу. Атабызды сен гана жазбай тартыпсың. Бети-башың, акыл-эсиң, баатырдыгың жазбай атамдыкындай деп, ашыкча кепти айтып жиберди. Ортодо ар кандай

кеп-кеңештер айтылып, калмактардан көргөн кордуктарын да кеп кылышты. Туугандар ара-чолодо арыз-armандарын дагы айтканга жетишишти.

Ныязбек булардын эртеден берки кебин угуп отуруп куйтуланып жатабы же түз элеби? Эгер баамдап көрсө чын эле калмактар буларга канча залал келтирди. Ооба, калмактар учурунда эркине койгон жок. Булар үчүн калмактардын азабы, жоргонун жонуна артылган оор жүктөй эле болду.

– Найман сен элге кошулуп урушка же жылкы тийүүгө кошо бараласыңбы? – деп сурады Аманбай. Найман өз тагдырын ойлонуп отуруп, ойго муюп берилген суроону түшүнө албай калды. Туура «өзүңдүн кара башыңды сакта, өз башым аман болсо болду, калганы эмне болсо ошо болсун» деген кеп экен да деп, Ныязбек туугандарынын ооз көптүрө сүйлөп, куру бекер төшүн кагып мактангандан башка абалдары жок экенин дагы бир жолу байкады. Бул агаларынын жана инилеринин үйдө эр жүрөк, найза көрсө көзүн жума калаарлыгын билет! Эмне үчүн Ныязбек кооптоно түштү? Себеп дегенде баягы эле эски жаратты козгомой, чукулдап карасаң, бирөө бирөөнө зордук кылган, бирөө бирөөдөн кордук көргөн бул кантип болсун. «Деги эле эмне болуп баратабыз?» – деп ойлоп Ныязбек:

– Мына бүгүн баарыбыз чогулуп, ар тараптуу кептерди айттык. Биз жоого бирге аттанып не кылабыз, андан көрө ынтымагыбызды тилеп, сый бойдон эле калганыбыз оң болуп турат. Биз бири-бирибизге өктө, таарыныч доомат коюп, зордук-зомбулук көрсөтүүнүн ордуна, тээ баягы айдың талаадагы, бейпил өткөн доордогу асыл салтты сактап, ынтымакташып бир ой, бир максатта болгонубуз оң. Бири-бирибиз менен тытыша берсек, биздин эркин элибизди, журтубузду кытайлар же казактар болбосо, башкасыбы басып алат. Бул айтылган сөздү жактыра бербегенсип Аманбай колун шил-

теп койду. Айткандай ага Ныязбектин азыркы айткан сөздөрү күтүлбөгөн маанайды тартуулды. Буга чейин калмактарды баш көтөргүс кылуу жөнүндө сөз деле болгон эмес. Аманбай бир нерсе айтайын деп оозун камдап барып, токтоп калды.

* * *

Керим баатыр дөңдө олтурган карыяларды карап, башын чайкап:

– Кайран гана жыргал заман, билинбей гана өтүп кеткен экен, – деп үшкүрүндү. Саткын менен Жапар бир ооздон: «Тынчтык, бейпил жашоо болсо эле болду» – деп турабыз. Сөздү эби менен сүйлөгөн карыя:

– Баарыбыздын тилегибиз ошол. Мына өзүңөр калыс болгула, Кудай урган казактардын ичи тар үч кишиси али күнчө туткундалып жатат – деп, сөздү башкага буруп:

– Капырай, чычкак улак жоголсо деле ат кара терге түшкөнчө издейт экен. Бир айылдын мырзасы Көкбай, Эрбол, Орозбай үч бирдей эр уулдарын туткунга таштап, жай жаткандарына таң калам деп, чокчо сакал карыя айтып, ким эмне дейт дегенсип эки жагын каранып калды:

– Балким, ийри отуруп туз кеңешели да, элине жиберсек кандай болот болду экен. Убал болду аларга. Жапар сөздү улап:

– Буларды го кетирдик, эркиндик алгандан кийин кайра кол курап, элге чуу салса бейпил жаткан элге эле убал болот го? Назар сөздү жула сүйлөдү эле. Жапар үн дебей калды.

– Буларды туткундаган Ныязбек куткарууга даяр. Алды-артын ойлобогон булардын убадасын элинен келген аттуу-баштуулары келип, экинчи чырдашпай агаини болуп жүрүүгө убадасын алышса болбойт беле.

– Кайран гана жыргал заман! Керим кайрадан улутунду. Мына силер карылардын салтын сыйлаганыңар абдан жакшы. Албетте, адам болгондон кийин кетет дечи, анча-мынча жаңылыштык. Мына казактар чолпондой эр азаматтарын туткундатып таштап, айылдагыларга даап келе албай, өздөрүнчө өкүнүп жатышат. Бул дагы болсо түзүк. Малды-малдай жула качып, чабышып бут сынып, кокуйлашып жатчу элек, тынчып эле калдык.

– Ооба, туулуп өскөн айылың кандай жакшы. Туугандарын, өскөн жерин таштап мында көчүп келип жатышат. Элге эл кошулганы жакшы, бирок айылдан элдин кеткени бу бир шумдук.

– Элди Ныязбек жыйып жатат, мунусун да жактырбайм, – деди Асанбай.

– Билем жактырбаганыңды деди да, «жактырбасаң ушул жерде эле турбайсыңбы!» – деп катуу айткысы келди Керим, бирок анын улуулугун сыйлады. – Казактардын, калмактын атамдын элине көрсөткөн кордук зомбулукту, зулумдукту мен алардын элине жасабайм. Атанын эли, журтун кылычтын, найзанын учу менен кайра зордоп тартып албайм деп, бул сөздү атайлап айтты Керим. Мунун бир кебине макул болду. Башка бирөөлөрдүн кебине моюн бербөөнү ичинен ойлоп, бирок атанын кашыктап чогулткан элин таратып жиберсем анда «мени атанын арбагы урат» деген ойго келип:

– Мага бөлөк-бөтөн жактан эл келген жери жок. Черикчи аба, сиз өзүңүз баамдасаңыз? Темир менен Болот бир вууган. Болот бий атабыздын сары майдай асыраган элин, Эсенгул атабыз канатынын алдына калкалады беле? Башка кайсыл жер, кайсы элди эсептейсиңер? Силердин эл-журтуңар, мал-мүлкүңөр менен бүт Эсенгулдун эли эмеспи – деп, Ныязбек башын өйдө көтөрдү. Керим кабагын бүркөп, айтылган сөзгө ынанды. Асанбай кыйды көзүн жүлжүйтүп, улутунуп дене бою биротоло

өзгөрдү. Анткени жортуулдан олжого түшкөн малды бүт Ныязбек алып, элге таратып ийген. Муну менен чогуу жортуулга аттанган менен баары бир бул ортодо элге жакшы көрүнүп, биз карышкырдай көрүнөбүз. Ооба, булардын «Калмактардын талкаланган элинен талоон кылып олжого марыйбыз» деген үмүттөрү бар болчу. «Бизди таштап кетип, бугулар барып олжого тунуптур» деген каңшаар кеп угуп ичтеринен Ныязбекке наараазы.

Ныязбек ичинен ойго алаксыды. «Болуптур мунусу мындай дейли, буга чейин чындыкты бетине айтып берип, эмне пайда тапты. Эми бул туугандар мындан ары өздөрүнө оңгулуктуу пайда чыкпасына го көздөрү жетти. Анткен менен булардан азырынча эч пайда жок. А бирок акыры туугандын таарынышы кандай болоор экен?» деп.

Ныязбек, Базаркул, Аманбай, Асанбайларга кыдырата көз кырын сала баамдап карады. Кандаш бир боорлордун түрү тарамдалган тиш чукур тиштей узун кирпиктеринин нары жагында эмне бар экенин билдирбей жашырып, жаандын тумандуу түнүндөй жалдырап отурушат. Энесин карады. Булардын ишине күйүп, бирдеме болсо үстүнө үйрүлүп түшчүдөй экенин билип Ныязбек:

– Менин сиздерден өтүнөөрүм мындай. Мындан ары силер менин ишиме кийлигишпей өзүңөрчө жашагыла. Бирөөнүн акылы адамга нан бербейт. Мына менин ордумда болсо, атам да так ушул сөздү айтмак. Бул сөздү укканда Базаркул менен Назардын өңдөрүнө кызыл кирип, көздөрү жүлжүйө түштү. «Муз эрип, сөз эскирип кетет» – деп. Менин сөзүм муз эмес, уюган таш. Отко, сууга салсаң да ошо бойдон турганы турган. Мындан ары ушул мен айткандай болсун.

Баарыбыз бир Сарыбагыштын балдары экенибиз чын. Улуу Алланын жардамы тийип, кас душманды жер тамандаттык. Силерден мен эч жардам сураган жокмунбу? Баары өткөндөн кийин ар кайсы сөздү ай-

тып, мага карата болгон таарынычыңарды токтоткула – деп, баарын кыдыра карады. Сөз кечке чейин созулду. Тууган бар болуп, туурдук болуп бербейт! Таарыныч менен айткан акыл башка кирбейт дагы мал, мүлк берген көзгө көрүнбөйт. Шор жер адамдын эмгегин жейт. Андыктан сыйыбыз менен өз жашообузду улайлы деген пикирге келип, меймандарды каш карайганда гана үйлөрүнө таратышты. Кыжы-кужудан улам ачууну араң тыйып отуруудан чарчап калышкан эле. Керимдин айтканы туура. Буга чейинки өткөндү эстеп, эски жаратты улам чукулай бергенден эч пайда жок. Ишке кадыресе түшүнүү бул жашоонун оң жагына тартат эмеспи.

Асанбай үйүнө баратып, ичи эңшерилип өз башын өзү койгулап тытынгысы келди. Калмактар тийип кеткен жылкыны кууп барып колго түшүп, ит көрбөгөн азапты тартып жатканда Керим барып куткарып, кайра малын кайтарып келе жаткандагы жеңиши, кубанычы делөөрүтүп, аман көрүшкөнгө өрөпкүп, анан жакын санаалаштары туткунда кандай болгонун сурап жиберип, жооп айта албай өз кебине өзү какап токтогон. Айта турган жообун айттырбай түшүнүп, заманасы куурулганда шарт туруп басып кеткен. Ошондон бери ал маселе боюнча эч ким ооз ачканы жок. Ошондогу тууганы Керимдин эрдигине мына азыр ыраазы болуп, ойго алаксыды. Басыгы ылдамдап, кантип үйүнө жакын кирип келип калганын билбей калды. Аста боз үйдүн эшигин өйдө көтөрүп кирди да, коломтого чукул орун алып отурду. Аялы Калый чоң кара аякка чаначтан кымыз куюп сунду. Эч ойдо жок жерден эле Асанбай өңүн бузуп:

– Сен тигиге да ушундай суусундук сундуң беле? – деди. Ушул сөз оозунан кандай чыкты, өз үйү өзүнө чоочун көрүнүп, зиркилдеп кетти. Калыйдын өңү өзгөрүлүп, көзү жер карап, башы шылкыйды. Кымыз аяктан чубуруп төгүлдү.

Асанбай ачууга алдырып, аякты кагып таштады. Кийиздин үстү агарып эле чачырап жайнап калды. Аял үн дебеди. Күнөөсүн сезип, айыптуу карап алып, чачыраган кымызды аарчып, таза жууп, аякты кайра толтуруп келди. Калый:

– Асанбай, сен мени өлтүрүп эле салчы. Боюмда да бала бар. Ал сенин балаң экенин так айта албайм, – деп көзүн тартып алып, өзүн өзү жек көрүп кетти: – Мени шайтан азгырган, кап ошондо эле өз жанымды кыйганымда болмок экен. Колдон келет эле. Эми жүзүм карайды кантейин. Бармактайымда кошулган, ооз ачып өпкөн эримдин жүзүн бир көрөйүн дебедимби. Асанбай күнөөм ошол эле, жалгыз айыбым ушул.

Аялдын колунан алып, аяктагы кымызды дем албай жутуп жиберип, күнөөсүз аякты тулгага чаап салды. Аяк үч бөлүнүп кетти. Асанбай сыртка чыкты да, асманды карады. Тээ алыстагы бийиктен сансыз жылдыз асманда жымыңдап, астынан ай жыңырып турат. Асанбай адегенде ылдамдап чуркап, анан бир топко жай басып алдыны көздөй кете берди. Кайда бара жатканын өзү дагы билбеди. Ушул жерден эмнегедир жалгыздыкты самады. Кокту-колотту ызгаарлуу боз туман каптап, үйлөр дүңкүйүп, адамдар ала көлөкөдөй гана сөлөкөт болуп араң көрүнөт. Асанбай билинбей бир топ жерди басып өтүп койгонун эми гана билди. Мына санаанын, жаман ойдун кесепети.

* * *

Базаркул таза абадан кере -кере жутуп, бир аз турду да, денеси чыйрыгып үйдү карай басты. Байлануу кулун чаар аты тыбырчылап турган экен. Базаркул атынын жаагынан сылап жука тердик салды анан желдигин оңдоштуруп ээрди токуду да, басмайылын бек тартты. Ноктону оңдоп, көкүлүнөн сылап, өрмө жүгөндү катты.

Ат чынында күлүк. Ээр-токум куп жарашкан сымбаттуу ат.

Сакалдуу карылар, орто жаштагылар, мырза чыкма жигиттер топурашып жыйылган. Ата-бабалардын салтын жасашып, кудайдын улуу күнү арбактарга арнап мал мууздап, боорсок жасашып, май түтөтүп түтүн асманга көтөрүлбөй туманга аралашып, төбөдө уюлгуп турду.

Асанбайды көзгө илбей чукул эле жерден инилери Базаркул менен Назар экөө жандай бастырып өтүштү. Алардын артынан жаш балдар да аттарын шашып бирөө кууп келе жаткансып бастырышты. Булар Ныязбектин жигиттери. Айланага көз сала карашып, алыска аттана тургандай түрлөрү бар. Ооба, булар Кара багыш жакты көздөй аттанышат. Аңгыча Аманбай атын коштоп, чогулгандарды карай басып келди. Аманбайды жигиттер таңдангандай тең жарыла карай беришти. Аз убакыт өтпөй нары жактан ыкчамдап бастырган эки-үч адам алды жакты тыңдагандай карап, колдорун серелетти да:

– А, алар Ныязбектер экен дегенде, жаш жигиттер утурлай басып, аттарын алууга ашыгышты. Саламдан мурда атын тизгинден алып, Ныязбекти аттан түшүрдү. Сакалдуу-көкүлдүүсү баары тең жарыла кош колдоп кол алышып учурашып, таазим этишти. Ийрийген кыска бутун соройтуп, улгайса да жаш көрүнгөн Токо, ээрден эңкейе берип Ныязбекти карап:

– Жөнөй берсек болот эле, кимди күтүп жатабыз, Керимдиби? – деди.

Ныязбек элди бүт көз чаптырып карап чыкты. Баары келген экен го дегендей ойго келип, жигиттер дагы жыйнала элек деп ичинен ойлоп койду. Акыры көлөкөсүндөй ээрчиген Асанбайды, Чалды бирге ээрчитип Керим да келди. Үчөө тең жөнөкөй койдун терисинен коосдоп тигилген тон кийген, баштарына саксак тебетей.

Ал эми Ныязбектин кийген кийими, курал-жарагы, ал турсун атынын ээр токумунан бери катардагы жигит-

тердикинен айырмасы жок. Ныязбек кооз кийим, жалтырак-жултурак кийип, бой көтөргөндү жактырбайт. «Адамдын баары окшош, тең укукта, бирдей жашаса» деген тилек же өз жигиттеринен өзгөчөлөнгүсү келбейт. Мына эч кимдин артыкчылыгы жок, бардыгыбыз тең бирдейбиз дегенсип туш-тарапты карап, ушул көз карашынан билгизди жөнөкөйлүктү.

Ныязбек ылдый болуп, сыңар тизелей кыбыланы бет алып:

– Кудурети күчтүү Жараткан! Жоктон бар кылып, бүт ааламга ырыскы чачкан өзүңсүң! Касиеттүү Алла, бир өзүң жар болуп, бет алган жагымдан жолумду шар кылып, кас-душмандын мизин кайтарып, кайра аман келгенге мүмкүнчүлүк бер, оомийин! – деп алакан жайды. Ныязбек чабдар аргымагына минип, алдыны карай ылдамдай бастырды.

Жандай катарынан калбай Найман, Керим чукулдай бастырды. Суутулган табына келген аттар ооздук чайнап ойдолоп, тыбырчылап баратышты.

– Аттардын этин ысытып албайлыбы, алыс жолдун мүшкүлү көп – деп Ныязбек аттын оозун коё берди. Артынан аттар арышын керип, атырылып жөнөп беришти. Муздак шамал бетти аймалап, караандары элден узай берди. Ныязбек калгандар менин артыман чаап жөнөшөт деген ой менен артын караса, самсып алда кайда чаң аралаш келатышат. Жанында тизе кагышым Аманбай, Назарлар бар. Калгандары да желе жүрүш менен анча алыс эмес. Ал эми Керим, Жапарлар бир топ артта калышкан. Жоокерлер каз-катар тизилише куйрук улаш чубап келишет. Ушул жерден жагымсыз пикир туулду, Ныязбек өзүн алаксытып атынын жүрүшүн жайлатты да, жанындагыларды карабай бастыра берди.

Маңдайдагы алысыраак өзөндөн ууздай аппак боз үйлөр көрүндү. Алыскы көрүнгөн айылдан жыйырма-отуздай атчандар жоо-жаракчан утурлай бастырышты.

Булардын айылынан жылкы аттуу мал калтырбай чоң багыш, кара багыштын жоокер баатыры Ашыр тумандуу кол менен келип, төрт, беш жылкычыга зыянын тийгизип, жылкыны айдап кетишкен эле. Бул айылды «Сарбагыш эли» деп калышкан эле.

Черик Ажыбек баатыр жигиттерин ээрчитип түз эле Ныязбекке келип учурашты. Тиги бирдеме дегендей болду эле, кайра жигиттерине чаап келип жандап өзүлөрүнчө тизмектей баштады. Асанбай мыйыгынан күлгөн болду. Ныязбек өз туугандарына көп үн катпай Ажыбекти мисирейе тике карады. Айлананы баскан туман суюлуп, эртең мененки күндүн тумшугу булут арасынан өзөн бетинен бери даана көрүнүп калды. Керим аттан түшүп:

– Из кетиптир, көп жылкынын жаңы изи экен – деди да, Ныязбекти карап:

– Күтүүгө болбойт.

– Жок, адегенде мынча көп издин дайынын билгилечи, ким экен булар?

– Кытайлар эле го, ошолорго баш ийген элдин ичинен бирден жарымдап мында келбесин? Бул аймакта башка эл жок беле?..

– Биз башка жакка из жашырып тура туралы – деди Ажыбек:

– Баамымда алардан арбын болушубуз керек – деп, артын карап койду Найман сөз улап:

– Эгер кержеңдей турган болсо аларды соройто чаап таштайбыз – деп Ажыбек өзүнчө эле өрөпкүп кетти. Ныязбек жипкире бир тиктеп, үн дебей алдыга карай бастыра берди. Керим жандай бастырып:

– Бул өрөөндөр кайберенге ылайык тоо-таштуу жер экен. Сенин эсиңден чыкпадыбы? Ушул өзөндүн тоо-ташын аралап, аң уулайбыз деп аттанбадык беле?

– Болжолдуу бараткан жерге баратып бура тарткандын жолу болобу, сага айттым эле го неге чочулайсың.

– Менин Кара багыш, Чоң багыш менен жаңжалдашкым келбейт. Эмне мени билбейт деп турасыңбы? Биз Сарбагыштан тарасак, алар да Тагай бийдин уулу Карачородон тарайт. Бир тууган ага-ини элбиз. Ич ара дагы жетесиздер мал уурдап чабышып, кыргын тарткандан эмне пайда? Оң колуң менен сол колуңду кыя чаап, кайсы мураска жетесиң? Каны бөлөк Чериктерди байкачы? Бизди да азап чектирип кеткиси бар, эки агаини боордош элди чабыштырып өзү четтеп тургусу бар.

– Мен силерге түшүндүргөндөй болдум эле. Ага-ини, бир боор элге камчы көтөрүп урушкан бул жетесиз наадан, узун өпкө, кем акыл, кер ооз ушакчылардын колунан келет. Же эмне мен туура эмес айтып жатамбы? Сага ишенебиз дечи, антсе да терс кыял, чалпоо аттын кыялын билип туруп чандырга сайдыргандын кереги не? – дейм да. Ооба, баары жайында болот калыс, түз, туруктуу, көтөрүмдүү болсоң.

Белеске келишти. Алдыдан беш-алты атчан булардын алдын торой чыкты. Жондорунда мылтыктары бар. Чукулдаганда салам айтышты. Ныязбек тигилерди сынай карап, сөздү өзү алды:

– Жоону тосуп чыктыңарбы, азаматтар! – деп күлүмсүрөдү эле, алардын ичинен шорлонгон көзүн жүлжүйтүп бир абышка жооп берди:

– Биз бул жерге ууга келгенбиз. Силер жолтоо болуп артыбыздан түштүңөр. Деги силер ким болосуңар? Биздин дайыныбызды билгиңер келсе, кыргызбыз, Чоң Багыш элинен болобуз. Булар менин туугандарым, айылдаш болушат – деп абышка жооп берген болду. Ныязбек эми сөз алды:

– Биз Сарбагыш элиненбиз. Силердин атаңар Карачоро биздин да чоң атабыз. Баарыбыз Тагай бий атанын неберелери болот экенбиз. Баса, силер эмнеге кытайга кошулуп кеттиңер эле? Тээ атам замандан бери душман болуп келген аларга кошулбай, өзүңөрчө жүрсөңөр бо-

лот эле го? Айткандай сиз түз, калыс сүйлөгөн, касиеттүү адам көрүнөсүз – деп, сөз узатты. Абышка жакшы сөз укканга ыраазы боло:

– Сен өзүң жаш болгонуң менен түп ата-бабаларды эскерип өттүң. Биз бир тууган экенбиз го, бирок ким билсин? – деп көзүн алаканы менен сүртүп алып кайра кеп улады:

– Эй, бул жерде бүт эле биздин чоң багыштын мыктылары келип туруп калышыптыр. Силер да келдиңерби чоң багышка? Нары-бери кете бергенде не пайда, жоготкон издейт.

– Биз эч нерсе деле жоготкон жокпуз, ким менен жашайсыңар ал өзүңөрдүн ишиңер – деп колун шилтеп койду Ныязбек.

– Эми бүгүнкү тозотту канттик биз, башка жакка ооп, бөлөк өңүт издебесек болбойт. Баары дабырап жөнөгөндө, кайберендерди үркүтүп жиберишиңер ыктымал. Макул көрсөңөр силер тозот жаңыртсаңар, мүмкүн, бизди кошуп алаарсыңар – деп карыя сөздү башкага бурду.

– Кана, силер эмне дейсиңер?

Беркилердин улуулары баш чайкады:

– Олжо бөлүшө келгенде бизге жарытаарлык эчтеке калбай калат го? Бирок тең бөлгөндү теңирим жалгаптыр – деди жигиттердин бири.

– Мына кеп, бая эле ошентпейсиңби? Кана, эми ууга чогуу чыгалыбы же болбойбу?

Жигиттердин бири желкесин кашыган болуп:

– Болуптур, бирге бололу – деп көңүлсүз үн катты. Ныязбек бир карап ойлонгондой түр көргөзүп:

– Сиз баарыбыздан улуу экенсиз. Бул аймактагы ойчуңкурду жакшы билсеңиз керек. Демек, чоң тосоттун башчылыгын өз колуңузга алып, жолду башта, биз сиздин айтканыңыздан чыкпайлы – деди. Асанбай менен Керим да карыянын жолун жолдобоско чарасы калган жок. Асанбай Ныязбектин бул кылган ишин туура эке-

нин сезип турса, ич күптүлүгү эмнегедир ичин ачыштырып, өзүнөн өзү бушайман.

Баары бир атанын балдары, токол аялдын баласы күтүлбөгөн жерден токтоо, туруктуу, акылы жетик болуп, зоболосу көтөрүлүп кеткени, Асанбайды ич күптү кылганы чын эле. «Бүт эл оозун тиктеп турганын» – деп, ичи уйгу-туйгуланып, көкүрөгүн кекирейтип, көзү шорлонуп, оозун кыбыңдатып боюн түздү. Ичинен: «Муну карачы Сарбагыш, Солто элин бийледим дегенсип турганын» – деп, Ныязбекти карап койду.

Тозотко жөнөп, калганы Ныязбек менен жатындаш агасы Кубат, карадан нооту тышталган карышкыр ичик кийип, курунун кынына болот жездик салып алган. Кара сур тарткан бетине жылмаюу келип, тишин кашкайта күлүп, бейкам белгиси билинип турду.

– Биз эмне жөнөкөй тозотчуларга кошулуп, кайберен камоого катышып салпактап жүрүшүбүз керекпи, ыя?

Бул сөздү уккан Чал унчуккан жок.

– Ушунун баарын кылган Ныязбек! – деп Асанбай күңкүлдөп жиберди эле:

– Тозотко Ныязбек жумшаган жок го? Демек, акылдашкан да жок. Бирок бир ооз акылдашып коюшу керек эле сен улуу агасысың да? – деп Кубат Асанбайга карады эле, ал унчуга албай калды.

Беркилер бир аз обочого турушуп, чогулуша калышты. Аска-тоо арасы канчалык кенен жер. Тозотко өңүттүү жерин байкап көрүп Асанбай, Ныязбектин айтчу кебинен адаштырып кетти. Аң уулоо, куш салып, ит агытып, кийик уулап көңүл ачуу эркектин накта тамашасы. Бул жолу күн да жакшы ойдогудай ачылып берди. Туман бир аз каптап келип жоголуп кетти. Аба чайыттай таза ачылып, дурустап көз жүгүртүп караган кишиге тээ алыскы тоолордогу аскалардын жаракасынан бери даана көрүнүп турду.

Карагай, арчалардын бутактарында бубактанган кар сыяктуу күзгү сары жалбырактардай чыбырчыктанып, кээде көк майсаңданып көрүнөт. Чабдар аргымак алчактай ооздукту кычыратып чайнап, тогосу шылдырайт. Оң жактан басмырт үн менен айдоочулар акырын кетип баратат.

Асанбай жолдошторунан озунуп, маал-маал добуш чыгарып койгон болот. Эликтин жолу тиги топурак майтарылган аркар, кулжа, аюунуку. Олжо мол боло тургандай тозоттун алкагы аз-аздап чукулдап, бодур таштан наркы өйүздөгү айдоочулар даана көрүнө баштады. Булар тоонун этегинен туура ортолото сүрүп майда караган бутактуу жерден кууса, кайберендер бутага чукулдайт. Андан-мындан жалгыздап аска-зоо карагайлар дүпүйөт.

Калың өскөн карагай бутагынан добуш чыгып, сынган бутак кырс -кырс этип бир бозомук жандык булактай түшүп, кайра көрүнбөй калды. Керим мылтыкка ок салып, алдыга ылдамдап басып келет. Жанагы көзгө көрүнгөн эмне жандык болсо да жанына жакындап келсе, ок чыгаргысы келди, бирок берки жолдошторунан мурда ок чыгарганы калыстыкка жатпасын билип турат. Андайда шашмалык чоң күнөө. Аң уулоо аяктагандан кийин андайдын эки колун байлап коюп, сабаган салтта бар. Абийирине карап муну, албетте, сабай да, колун байлай алышпайт дечи, мүмкүн, чын эле тобокелге салып, катардан умтулуп кирсе не болот? Албетте, анда баары бир чыр чыгары турган иш.

Аңгыча нары белестен сербейген бир элик элтең деп чыга калды. Отура калаары менен Керимдин мылтыгы «тарс» деп абаны тешип кетти. Көк шиберлүү таштакка кан жайыла түштү. Оң жактан таш кулап, мергендерди көздөй үркүп аркар кетти. Чоң тумшук башын кейкейтип, каралжын мүйүзү чүлүктөй ийилип, ок жонуна тиер-тиймексен болуп өтүп, экинчи атылган ок колтугу-

на тийген экен. Кан чубуруп жатканын байкады. Керим дагы мылтыкты октоп, бетине алып мээлеп туруп тартып жиберди. Атылган ок такыр колтукту теше көзөп өткөндөй болду. Аркар мүргүп барып кулап, тоголонуп бет ылдый чимирилип, аскалуу чоң ташка барып токтоп калды. Аңгыча нары жактан:

– Оо, Керим экини аттың, сен нак көзгө атаар мерген экенсиң.

Керим сыр билдирбеске аракеттенип уялгансыйт. Канткен менен ок даана тийди. Аттан ыргып түшүп, боюн жашырып, ылдыйлап жөнөдү. Камоого бекем курчалган кайберен карагай, бадалды аралап сызып беришти, жан аракетке түшүп. Ураган таш аттарды чочутуп, мергендердин кыйкырык-бакырыгы тоо жаңыртып чаң сапырылган кыйсыпыр түшүп калды.

Ушул учурдан пайдаланып, Асанбайды алаксытып өзүнө тартып кетти Керим. Улам кызыл ээрге өбөктөп, тура калып алдыны карайт. Берки айдоочулар бирине бири үзөңгү кагыштыра тыкыс келип чукулдап, байманчыктап калышты. Бир маалда белестен Ныязбектин ак калпагы уздай болуп айга окшоп көрүнө түштү. «А мен эмнени күтүп турушум керек» – деп Асанбай атына камчы басып, ортого чукулдады. Ныязбек аттан түшүп, мылтыгын даярдап ташка олтуруп, эки тарапка көз чаптырды. Кокту ойдо тилин салаңдатып, алдан кетип келаткан шаа мүйүз текени сулата атты. Кайра мылтыкты октоп, дагы бир кийикти жарадар кылды. Аны биротоло жыгууга буйдалып отурган жок, ансыз да алыс узай албайт деп Назарды карап:

– Тигини мууздап, атка артынып ал, болду эми, мындан көп кийик атсак жарабас – деп, атына минип, ылдый жол салды.

Асанбайдын аты капыстан токтой калды. Алдында бийик аска таш бар экен. Ошол тапта капыстан калың чердин арасынан тажаалданган аюунун букасы чыга

калды. Оозун араандай ачып, шилекейи чубуруп келатканын көзү чалды да, Асанбай шашып ок чыгарды, бирок ок аюуга тийбей тетири кетти. Аюнун букасы мылтык үнүн сезбей, башын жерге салган тейде тике качырып сала берди. Ат кошкуруk тартып, жалт берип үркүп кетти. Асанбай ээрден учуп түшүп, корум таш ылдый соймолоп жөнөдү. Оозу-мурдуна майда таш, кум кирип, араң турса берки жолдоштору: «Ырас болду, шашкан кишиге майлуу сорпо табылбайт, кийик чыкса эле жол бербей шашып жөнөйт» – деп жаман көрүштү. Асанбай далбактап букадан кутулганына шүгүр айтып атына араң жетип минди. Эми алдынан чыккан кайберенге дагы көңүл бурганга алы келбей, эптеп кара жанын куткарганга араң жарады. Алдынан чыгып Найман менен Базаркул окчунураак жерден көрүндү. Алар буга окшоп шашкалактабай, жай бастырып чыгып, мырзалардай каадасынан жазышпайт. Экөө Ныязбекке тозоттон тышкары, шар аккан көк кашка суунун жээгинен жолугушту.

Эки жигити аттарды отко коюп, дасторкон жайып, кайберендин боорун отко кактап жеп, кымыздан ичип отурушуптур. Тоонун жакасы көк жайык караган-шактын тикенектери сайгылап жабышкан тебетейи кежигесине жылып, жазы маңдайынан тер чыпылдап чыгып турат.

– Мен эми эле сени издетип чаптырдым эле – деди, шакылдай сүйлөп Асанбай:

– Ныязбек жерге киргенсиңби? Мен аттан жыгылдым – деп, айласыздан мойнуна алды Асанбай. Негедир «Ныязбек өзү ортого түшүп анан гана мени издеткенин карачы» деген жаман оюнан кутула албай, аттан түштү. Жана аттан жыгылганда тизеси ташка катуу тийген белем, оорутуп сыздап чыкты. Аксаганын жашыра дасторконго чукул келип, жалпак төшөккө көчүк басып ооруган бутун ушулап ийди.

– Мына аң уулоо деген ушу тура. Асанбай мен мындайды өмүрүмдө көргөн эмесмин:

– Эй, ушу да кийик, уу болуп жарыйбы! – деди ыраазы боло бербей:

– Ой, илгеркинин ууга чыкканын айт. Эл, журт ынтымакта эле. Тытышпай баары тең тозотко чыкчу эле жыйырма, отуздан аттанышып. Мээрчемдүү жерге баргандарды отургузуп коюп, кийик айдап беришип, кийиктин качканын көрүп кумардан баары бирге чыгышчу.

Аңгыча от башына Керим, Найман, Жапарлар келип, какталган боордон ооздоруна салып, талаанын тамагынын даамдуусунан жеп, толкунданып бакылдаша сүйлөп, кабактары ачык каткырышып отурушту. Карагайдын куу бутактарынан учкун чачырап, от чартылдап ортодо күйүп жатты. Кийик айдоочулардын кыйкырык, чуусу басаңдап калган кезде, алардын арасына үч-төрт аксакал адамдар салам айтып келип калышты. Айтылган саламды алик алып, аттан түшүрүп:

– Олтуруңуздар – деди Чал. Ныязбек ордунан атып туруп, төр жактан орун берип, сыпаалыгын көргөздү.

– Оо, көзгө атаар мергендери менен Ныязбек баатыр отурган тура – деп, сакалдуураагы кеп учугун чыгарды. Кудурети күчтүү Алланын буйруганы ушул, берешен куттуу жердин эгелери кайберенди олжого тартуу кылды. Силердин иштеген ишиңер, силерден кийинки бала-чака, урук-тууганыңардын жолу дагы алдыда. Самжалдуу топуктуу болгула деп, кебинин аягына чыкты.

Ныязбек алаканын жайып, тегерегин карап:

– Оо, кудурети күчтүү ушул тоо-токойдун ыйык, айкөл эгелери, силердин берешен олжоңорго шүгүрчүлүк. Мына өзүңөр күбө болгула, биз керектүүсүн гана алабыз, ашык албайбыз. Аксымдык, ач көздүгүбүз жок. Биздин ыйык салттын сакчылары, кадырман куттуу ка-

сиеттүү карылар, кайберенге ок чыгарбагыла өз күнүн көрүп, урук-тукумун көбөйтө беришсин.

Келген карыялар кайрадан ийилип, таазим кылып кете беришээрде Ныязбекти карап «дагы кандай кеп айтат» дегенсип күтүп калышты.

– Сиздер бара бериңиздер, көп жашап, көптү көргөн аксакалдар. Мындан артык көп сөздүн кереги жок. Алла өзү жар болсо болду. Бардыгыңардын акылыңар жетик, мындан ары кимиңер болбогула ата-салтты билип, касиеттүү улуу аксакалдардын кеп-кеңештерин баалап, билип жүргүлө деген кебине Асанбай ичинен ыраазы болуп койду.

Ууга чыккандар атып, талаа-түздө калган кийиктерди тегиз суу жээгине сүйрөп келишти. Баштарын кержейтип, мууздалган кайберендер каз катарынан сулап жатты. Олжолорду киши башына энчилеп бөлүштү. Ныязбек олжону тең бөлгөнгө аракети күч болду.

Асанбай менен Найман тиктеше түшүп, Чал менен Жапар кайра-кайра үшкүрүнүп, Базаркул кабагын карыш салды.

Бою узун Керим чепкенин делбектетип катар жаткан бөлүнгөн олжолорду карап келатып, кыркалай басып топ-топко бөлүнгөн өзүнүн жигиттерине кайсы кайберен тиерин байкаштырып, капталына үч ок тийген дардайган текени бутунун учу менен нукуп койду. Керим тетири бурулуп нары кошту көздөй басып кетти. Баамында тиги көргөнү өзү аткан марал боло турган. Эгер Ныязбек түзүктөп караганда, ок тийген кийиктин ким атканын тийген октон таанымак. Эмнегедир Ныязбектин кашы серпиле түштү. «Эркин элдин жигиттери бир туугандай чогуу жашаса» – деп ойлогону эмнегедир тетири ойду пайда кылды.

* * *

– Мен азыр эмнегедир көңүлүм өсүп, кубанычта турам – деди Керим күлүмсүрөп. Жапар сөздү угуп, жер тиктеп ойго алаксый түштү.

Аңгыча жанына басып келип калган Найманга карап:

– А сен белең, кел отур, кеп салып берейин, угуп тур. Адамдын тынчын алып убайга салган азгырык күч алты кумардан турат. Биринчиси – махабат кумары, экинчиси – жек көрүү, үчүнчүсү – бой көтөрүү, төртүнчүсү – түркөйлүк, бешинчиси – жаңылыштык жана алтынчысы – ишенбөөчүлүк менен шектенүү. Жапардын үнү баягы тирүүлүктүн маңызын чагып алган адамдын үнүндөй эмес каргылданып, биротоло бошоң тартып, бет териси салбырап бырыш басып чүрүшкөн манжалары тиктийип, болбой калыптыр. Ошол алты кумардын алтоо тең мага азап-тозогун көрсөттү.

Жапар эки жакты бир карап алып, шыбырап сүйлөдү.

– Жаш кезимде мен бир кызды ушунчалык сүйдүм эле, аны башка бирөөгө берип коюшту. Мен ойлонуп көпкө азап чектим. Аялымды да азапка салдым. Калганын жакшы билесиңер да. Анан мен кайсыга жыргадым. Экинчи азап жек көрүү, түндүктөн келген жапайы кишидей болот. Ушинтип бүт өмүрүм азап чекти. Анан ошо жек көрүү менен өткөн менин бүт өмүрүм эмнеге арзыды? Андан кийин бой көтөрүү, мен акыйкат, чынчыл болдум. Бир нерсеге жанталашып, үзүлүп-түшүп жулкунгандарды жек көрдүм. Алардан төөлүк өйдөмүн деп эсептейм өзүмдү. Мына акыры келип ушундай абалга да келдим. Кекирейип бой көтөргөндөн эмне пайда болду? Жаш чагымдан баш көтөрбөй эмгектендим, абдан көп иштеп түбөлүктүү акыйкатты таанып билүүгө түзүк чамам келбеди. Эми мына жашоодогу сапарым аяктап калганда, өзүм түркөй эле бойдон калганымды

моюнга алуу жеңилби. Эми ошол алты кумардын акыркысын башымдан кечирип жаткан чагым. Адамзат пендесинин арасында жашап мына эмне мураска жетим.

– О, курбалдаш антип айтпаңыз. Сиз жакшы адамсыз, мынабу коломтодогу кыпкызыл от сизди, үйдү жылыткан отуңар. Сиздин акыл-насаатыңыз, менин жандүйнөмдү жылытты. Сиз болбосоңуз, Кумаш болбосо мен кээ бир кишилердин ырайымсыз зулумдугуна тоңуп калмакмын.

Сиз маңыздуу сүйлөгөндү өздөштүрүп алганыңызга ыраазымын. Ооба, мага бул кебиңиздин пайдасы чоң. Жардам кылуу, ырайымдуу кең пейил адамды жакшы жолго түртөт. Менин аялым, балдарым бүт кайтыш болду. Коколой бир башым калды, эми мен өлсөм ата-бабадан бери келген тукум, үрөн жок калат. Эми жада калса сага да менин керегим жок. Кууураган дарактын түбүнө ким көлөкөлөмөк эле.

– Найман, мен сиздин шакиртиңизмин – деди, Жапар. Башын чайкап муңайым тартып, улутунду Найман.

– Жакында күйөө балам келет да, мени биротоло алып кетет. Мен болсо думана болуп жер кезип кетем. Жаан-чачында жолбун иттей ачка калсам, бир табак боткосун, жарма-нанын аябай турган боорукер адамдар бар чыгар? – деди эле:

– Сиз кадырман, уста адамсыз, сиз антүүгө мүмкүн эмес. Эй, Найман эгер тоодон таш кулап келип сенин башыңа тийсе, күнөө кулап келип тийген ташта эмес, күнөө так ошо сенин кенебес, кеңкелес башыңдын өзүңдө. Макул көрсөң бул сөздү аяктайлы, Найман баатыр.

Абышкага боору ооруп, өз кылыгына кейип Чал босогодо тура берди. Жапар муну менен деле иши болбой, эски чепкенин жакасынан ак куп болгон суйдаң чачтары батталышып, арык мойну куркуюп коломтодогу отко карап үңкүйүп тиктеп турган бойдон козголбоду.

Эшикти акырын жаап, Чал сыртка чыгып эки жакты карап, таш менен кынапталган жалгыз аяк жол жакты карады. Бактардын сары жалбырактары жерде чачылып, дарактар шамалга солкулдап, жалбырагы түшкөн бутактар сороюп, бак ичи ээнсиреп суук. «Билем» деп колундагы таякты жерге коюп, суукка турууштук бербей үшүгөн колун ушалады.

– Эми сага эт салып берейин – деп, Жапар ордунан козголду. Найман ийинден тартып:

– Жөн эле коюңуз, убара болбой – деп, кичинекей Алымканга карап мыйыгынан күлүп:

– Мен сенин кайнатаңа «сени жаш, оорусу бар» деп айтып койдум.

– Эмне үчүн антип айттыңыз, бекер кылган экенсиз.

– Сен эмне, ошонун уулуна тийгиң бар беле? – дегенде тиги уялып кетип:

– Андан башка мен эмне кылам.

Найман ойлоно калып башын ийкеди да:

– Сен эч нерсеге жарабайт экенсиң. Мен баары бир анын берчү калыңын албаймын. Түшүнчү, эгер сен эжеңкине кетсең, калыңга мал албай калам.

– Мен эч жакка барбайм! Мал алгыдай мен айбан эмесмин. Малды сатат соодалап. А мен болсо адам баласымын го? – деп бутунун учу менен жерди тепкилеп, ыйлап жиберди.

– Минтип айтууга кантип оозуңар барды. Мен азыр эле өз байыма барайынчы, ал мени жакшы көрөт. Ал мени акча, күмүш берип сыйлады эле – деп, каптал жолдун нугу менен тызылдап чуркап жөнөдү. Байына эшиктин алдынан жолугуп калды. Шашылыш келгенинен байкап:

– Ии, неге шашылып келдиң? – деди калың кара кашын өйдө көтөрүп карап:

– Сен мага маанилүү кабар айтканы келдиңби? – деп, суроолуу карады эле, тиги башын ылдый кылып, жерден албай туруп:

– Менде эч деле жаңылык жок дегенде бай шекшинип, бирок сыр бербей эми кеп уккусу келбегенин билгизип:

– Зарыл кеп, сөзүң болбогон соң эмне максат менен келип отурасың? Сенин алдагы кейпиң эле айтып турбайбы, бир иш менен келгениңди.

Найман шашып, келген жөнүн эми айтты:

– Менин сизге ишим бар эле, өтө зарыл жумуш. Карыя, Чалды мал кайтаруудан бошотуп кууп таштапты, бул адилеттик болбой калды го?

– Сени мен ишенген адамым деп жүрсөм, сен болсо мага башчы да болуп келгиң барбы? Ак-кара ишти сен мага үйрөтүп, маселени сен чечип бергиң келеби? Сен азыр мени башкарганды коюп, азыр көзүмө көрүнбөй жогол! – деди да, нары басып кетти. Найман артка бурулайын дегиче эки дөбөттөй болгон жигит алка-жакадан алганда жакасы чытырап сөгүлүп, куру белинен үзүлүп, эки килейген жигит ай-буйга келтирбей бутун жерге тийгизбей, бир боо куурайды көтөргөндөй гана көтөрүп, тыбыратып кокту ылдый сүйрөп ээн баргандан кийин көчүккө эки тээп, нары карай түртүп жиберишти. Найман бозала болуп ойдолонуп, оң колунун сыйрылганын бир карап алып, айрылган жакасын оңдоду.

Аңгыча нары жактан үч атчан жигит ат бастырып келатып бери жактагы Найманды көрө калышып, аттарынын оозун тарта чукул бастырышты. Алар жакын келип күлкү аралаш:

– Эй, баканооз, боорукер, сенин бул жерде күмүш тыйындан башка дагы аласаң көп турбайбы? – дешти. Бул берилген суроого жооп бербей нары басты да: «Булар мени тааныды, орто байлардын балдары тура» – деп, жараланган колу сыздап Найман суу жээктеп үйүн карай жөнөдү. Ийнедей ичке жол менен темтеңдеп араң үйүнө кирди. Эскилиги жеткен таарга көчүк басты да, чапанын чечип үшкүрүнүп, айрылган жакасын тиге

баштады. Колунда ийне, башында санаа. Эми кандай болот экен. Кой, Ныязбекке барып арыз-муңумду айтайын, ал бул ишти билсе, тиги чиренген байдын казысын эзет, эл ичи бузулат. Манап байга барсам малчылыкка алаар бекен же бул аймактан качыш керекпи. «Анда кайда барам же Керимге барсамбы?» – деп, ой санаанын кучагынан чыга албай, ыза болгонуна ичи ачышып көпкө олтурду. Чындыгында, бай дагы кандай жаза камдап турганын ким билет? Мүмкүн, орго салып таштаар, аны эч ким билбейт.

Ушул кезде алыстан уюлгуган чаң чукулдай берди. Найман баштыкты ордуна коюп, үстүнө топурак себелеп, чаар ташты тоголотуп ордуна жылдырып коюп, ордунан турду. Колу калчылдап, чукул келип калган атчандарды тигиле карады. Көрсө, Ырысменде «тез келсин» деп өтө шашылыш түрдө чакыртып жибериптир. Бирок эч качан булар ат чаптырчу эмес эле...

Мунарыктаган мейкин талаа менен капталдагы ийри жолдорго салып, бир топ жүрүштү. Акыры жол сапары аяктап, чоң өзөн жээктеги топ айылга туш келишти. Чабарман четтеги ак өргөөгө аттын башын бурду. Эшик ачылып үйгө кириште эле, үй ээси аста гана ээк кагып:

– Кел, өтүп отур – деп койду. Мурчуйган тегерек мурун, теңирейген кара киши:

– Сен мени тааныйсынбы? – деди эле, Найман башын ийкеп:

– Ооба, сизди билем, баатыр.

Мырчыйган Келдибек мыйыгынан күлүмсүрөп:

– Мени түзүк деле билбейсиң го? Ошентсе да жашыруун сырды билүү силердин милдетиңер эмеспи. Мен бүт саяк элинин ханзаадасымын – деди эле:

– Билсеңиз мен да саякмын. Сиздин атак-даңкыңызды кантип укпайын.

– Чын эле мен ойлогондон көбүрөөк билет экенсиң. Баамымда сен тың окшойсуң? Балким, ишке жарай тур-

ган түрүң бардай. Мына бул жерде да менин ата-бабам өз өкүмүн жүргүзгөнүн билесиңби? – деп, буту менен өзү турган жерди катуу ныкып койду да:

– Эки кылым бийлеген, мына ошол бабалардан аксымдык менен ушул жерди тартып алганын билип койгонуң жакшы.

Найман башын чайкады да ичинен ойлоду «бул эмне» деген кеп, бу кокуй жаңылыш угуп калгыдай эле мына кызарып култуюп Дыйканбай, Шыгай турат маңдайында эки бөйрөгүн таянып эрдемсип. Же булардын тамашасыбы, балким, жин даарыса керек. Мындай эсиргендик өз баштарына тиет.

– Сен Сарыбагыштын Ныязбегине таазим этип кетүүгө акың жок. Ага кызмат кылуу сен үчүн кечирилгис күнөө. Бул жакта мен турсам, мага баш ий, түшүндүңбү мени?

– Жок, мен эч нерсе түшүнгөн жокмун, эч нерсени билбейм – деп, төбөсү менен тик сайылып тигинин бутуна жыгылды.

– Мени коё бериңиз, мен бир жүргөн бечарамын, сизге эмне жамандык кылдым эле.

– Коркпой эле кой. Мен сени коё берем. Билсең саяк эли бүт чачырап кетти, чогултсамбы дейм. Мындан ары мага келип Сарыбагыштын ичиндеги кеп-сөздү кабарлап тур жана саяктар быякка келишеби, дааналап билип айтып турсаң, мага жардам кылган болот элең.

– Оо, кокуй урматтуу ханзаада баатыр, муну укса мени өлтүрүп кетишет.

– Ооба, алар билип калышса өлтүрөт дечи, билбесе жүзгө чыкканча жашап жүрө бересиң. Айтканыма макул болбосоң, мына бүгүн жок болосуң! Ал эми биздин сүйлөшкөн сөздү Ныязбекке же башка бирөөлөргө айткан болсоң так ошол күнү өлөсүң.

Мына ушул жүрөк үшүткөн шумдуктуу сөздү Найман муңайып жана жылмайып жайдары укканы менен чынында так ошол айткандай болоорун даана баамдады.

Бир заматта ою удургуп, куткара турган шылтоо табылгансып кетти.

– Баатыр, өзүңүз көрбөдүңүзбү тиги Көкүмбай, Курмандар биротоло кууп жибербедиби – деп мурдун шор тартып жер карады.

– Куйругуңду бултактатпа, эч кайда кача албайсың! Ээй, кудайдын каары тийген дээринде жок кул!? Агаиниңди талап-тоноп, сени көчүккө тээп талаага кууп чыккан немелерге кантип ак дилиң менен кызмат кылмаксың? Сага буйрук кылууга толук акым бар. Мага окшогон калыс, бийлик ээсинин айтканын аткарбай коюуга кандай акың бар! Баргын да менин айткандарымдын бирин да эсиңден чыгарба. Ныязбек сага канча төлөйт? Ага караганда менден эки эсе көп акы аласың.

– Ныязбек эч кимди тигиндей кыл, мындай бас деп эч убакта айтпайт. «Жер, суу кенен. Иштеп ак эмгегиң менен бирөөнүн көзүн карабай жакшы жаша, кор болуп баратсаң айт, жок кем-карчыңды, мен жардам берем» дегенден башка элди коркутпайт.

Келдибек ачуусу келип, ичи тарый түштү да:

– Менден да жоомарт бекен Эсенгулдун уулу?

– Кечириңиз, кулдугум бар! Баш кесмек бар, тил кесүүгө шарт да жок. Сиз экөөбүз саякпыз. Тиги манап, бирөөнүн малына, мансабына көз арткан эч качан жоомарт болуп, элди башкарууга алы келбейт.

Келдибек ачууга чыдагысы келбей урдуруп азап чектирейин дейт, бирок арты жаман болуп калаарын билип:

– Тили уу, терисин сыйрыган суурдай болгон итти кетиргиле, көзгө көрсөтпөй.

Жигиттер Найманды алка-жакадан алып, эшикке сүйрөп чыгарып:

– Кет, тез кетип кал, бирди көрө элегиңде.

Найман басып баратып:

– Сен эмне мени корсунтасың, жугундуга тойгон дөбөт иттей болуп. Сен саяк болсоң, мен да саяк, экөөбүздөгү болгон көргөн күн ушу.

Тиги жигит эч сөз кайрып айтпастан тетири бурулуп кетип калды. Найман кобуранып алды «бүгүн көрбөсөң да, эртең көрөсүң» деп илкий кадамын алдыга таштады. Бет алдыдан ызгаарлуу шамал согуп, күүгүм талаш калчылдап, шамалдан корунуп ачка титирей темселеп кетип баратты. Азыр Найманга жарык дүйнө караңгыдай сезилди.

Узун аса-муса таягын таянып дөбөгө келди да, малдаш урунуп жалпак олтурду. Күңгөй беттин кары жаңы тийген күнгө эрип, көк чыгып кой, эчки жайылып калган. Айыл арасында кар эрип кеткени менен, ат байланган мамылардын айланасы былчылдаган суу, өргөөлөрдүн артында чала түлөгөн жүндөрүн самсаалатып кабыргалары каржайган уйлар күнгө боюн тосуп бышылдап оттоп жүрүшөт. Колдорундагы чүкөлөрүн атып, балдар ойноп чурулдап, өзүнчө айыл шаңын жаңыртат. Тээ айылдан берирээк жакта төрт-беш атчан жай бастырышып келатышат. Буларда деле эч кандай өзгөрүү жоктой. Ырыс учурунда жулунган, өз оокатына тың азамат жигит эле. Азыр карыганда бирөөнүн эшигин карап, кул катары күнүн өткөрүп жанын багып жүрөт.

Баягы калмактардын чабуулунда туткундалган наристе жаш бала агалуу-инилүү экөө Базаркулдун энчисине тийген. Ныязбектин көңүлү бул эки балага тойбой койгон. Мына убакыттын өткөнү, эми минтип эки наристе да билинбей чоңойду.

* * *

Убакыттан өткөн күлүк эмне бар. Аттиң, ар бир нерсенин өз учуру болот белем. Билинбегени менен баарын бир гана убакыт дарылап, убакыт ордуна коёт тура. Таң заардан уйчу, койчулар мал менен талаага кетет да, кайра мал менен кечинде кайтып келет. Күндүз кичине наристе бала жалгыз калат. Салыйдын да буйдамы келбей кээде гана тийип өтөт. Бала бир жакка кетип же

дагы бирдеме болбосун деген ойдо эшикти бекем байлап таштайт. Бала оту өчкөн коломто боюнда кум чачып отуруптур. Бойтойгон бети-башы күл менен көө. Кичинекей бутуна өтө эле чоң келген чокою эбак суурулуп түшүп, өзү көк муштум болуп үшүп калыптыр.

– Кана, эмне кылып отурасың? – деп, Кайып жанына отурду эле бала жөрмөлөп келип тизесине чыгып мупмуздак колу менен кучактады. Кайып баланын мурдун аарчып чепкенин, белин бошотуп койнуна катып жылытты. Бала мунун колтугуна кирип, үргүлөй баштады. Акырын этияттап бутуна байпак кийгизип, эчкинин талпагына жаткырып, үстүнө тон жаап койду.

– Уктай гой кагылайын, мен азыр келем, от жагып үйдү жылытам. Эх, маңдайы тайкым, ай. «Шор пенде» деген ушу да. Же бир курсагы тойсочу же кийими болбосо, анан бул эмне кылат эле. Жок эле дегенде үй жылуу болсо эмне. Минтип наристе бойдон азапка түшкөнүн кара?

Кайып бутунун учу менен басып сыртка чыгып кетти. Эми эле суу алып келээри менен аны ок куйган, мылтык соккон устага жардам берип кел деп устаныкына жиберип ийди. Уста куулук-шумдугу жок, орто жаштагы киши экен. Керээли күнү кечке эле жаагы тынбай сүйлөй берген адаты бар. Бир маалда гана Кайып такыр укпай олтурганын байкады да нааразы болуп, башын чайкап алып, анан суроо салды:

– Силер моңолдор адамга мерес эл келет экенсиңер. Тим эле мени менен сүйлөшкүсү да жок. Сүйлөшпөй эле кой, эмне ошончолук эле түнттүктүн эмне кереги бар? Же менин кебим сага жакпайбы, болбосо мен сага тең эмесминби? Болуптур мен да мырза мүнөздүүмүн, мен да сүйлөбөйм, сен моңолдор болсоң, мен саяк. Эки ууру бири-бирибизден өйдөлүгүбүз жок.

Бир кезде үн катпай туруп жарылып кетчүдөй бук болуп кетти окшойт, кайра эле бабырап кирди.

– А силер эмнеңерге кербезденесиңер?

Кайып эми гана үшкүрүнүп алып сөз козгоду, алдындагы көөрүктү баса берип:

– Сенин аялың бактылуу адам болсо керек ээ?

Уста ишин улантып жатып:

– Бактылуу болбой анан, аялымдын боюнда бар. Ошол үчүн мен аялымдын ордуна жардамга сени албадымбы. Сен жана эмне үчүн саякмын деп дароо айткан жоксуң? Сен жакшы адамсың! Сенин жакшы экениңди биз билебиз да. Эгер сен болбосоң, кайдан таанымак элем. Мында келээриң менен бизди табышың керек болчу.

– Мен силерди бу жерде болот деп ойлогон эмесмин.

– Эмне үчүн ойлобойсуң, Ныязбек кайда болсо, мен да ошол жердемин. Моңолдор эли-журттун уюткусу, биз бир тууган элбиз. Мен анын эскисин кийип чоңойгонмун аны менен бирге болуп, ал эмне иш иштесе кошо иштешем, анан кантип башка жерде болом. Биздин ата-бабаларыбыз манаптар менен бир тууганда ынтымакта жашап келишкен.

Найманды Жапар дароо эле тааныды. А деп карап дардайган курсагын чедирейтип, кетенчиктей түшүп анан кайра карап таңыркап чочуп кетти да:

– Сен Наймансыңбы? Абдан кебетең өзгөрүлүп кетиптир. Деги сага эмне болгон? Катуу азап тарткан түрүң бар.

– Мен азап чегип, көрүнгөн «мен кыйын» деген саяктар уруп, мага кел тигиндей бол, мындай бол деп кекээрлешип кордукту көп чегип калдым. Келе, андан көрө курсагыңды сылабай тамагың болсо бер, бүгүн бир тоюнуп алалы.

– Ай, мынабу кимдин баласы?

– Таап алган уулум, эми менин балам.

– Келе гой кагылайын, тамак жейсиңби?

– Анын эмнесинен сурап отурасың, Кайып? – деп чый-пыйы чыгып кетти. Жапар, мен бала кезимде дайым

тамак жегим келе берчү деп, курсагы ачка экенин дагы сөзү менен билгизип койду. Жапардын өргөөсү жаңы болбогону менен кенен эле. Астында боз кийиз. Найман үй ичин кыдырата карап отурганын байкап Жапар:

– Мунун баары өзүмдүкү, мага Ныязбек берди. Ал мени аябай жактырат, биздин жегенибиз эт, эмне сурасам берет. Ныязбекти билесиң го, ал жакшы адам.

– Жакшы дечи! – деп Наймандын көзүнө Келдибек, Көкүмбайлардын жорук-жосундары көз алдына тартыла түшүп, көөдөнүнөн эски бир жараты зырп этип алды.

– Мына өзүң көрүп турбайсыңбы, менин эмнем бар эле? Эч нерсем жок болчу, азыр баары тең бар. «Сен тууганыңа барам» – деп көргүлүктү көрүп, алсыз болуп калыпсың Найман.

Коломтодо от чытырап күйүп, казанда эт кайнап жатат. Жапар тишин көрсөтө жылмайып, өзүнүн чедирейип чыгып турган курсагынан жыйрылып уялып отурду. Курсагы тоюп, жылуу үйдө денеси жазылып, кабагы ачылган бала булардын баарына эркелеп кийиздин үстүндө борсулдап ооналактап жыргап жатты. Мына ушунун баарын Найман качандыр бир кезде көргөндөй болуп туруп калды .

Ошо кезде да ушундай болуп коломтодо чатырап от күйүп, мештеги чайнек шарактап кайнап, алдыда наристе эркелеп, аялы бактылуу күлүмсүрөп турбады беле, андай күн бир келип кеткен экен. Эми андай күндөр кайрылып келбейт. Ошол убактагыдай Жапар менен Салый бактылуу жашашсын деп ойлоп, бир кезде тиги саяк туугандарга жүрү дегенде Жапардын барбай койгону жакшы болгон экен, бул да менин кейпимди киймек тура. Адам өзү билип биринин бактысын бири тебелебей тилектеш, жардамдаш болсочу, атаганат.

Ар нерсени ойлоп, ойго алаксып кеткенде Жапар:

– Найман эми мынча ойго алаксыба, акыры бизди таптыңбы, бүттү эми артта калды азап-тозок. Мен Ныяз-

бекке баарын түшүндүрөм, болду эми өз туулган жериңде тура бересиң. Ал эми менин туулган жерим алыс, мен бул жерге аргасыз сандалып келгем. Мага Сарбагыштардын манаптары эмне десе, мен макулмун. Жердеген жерим, туугандарым алыс. Биз калмактардын айынан тирүүлөй тозокко түшүптүрбүз. Эгер мени тилдешсе тилдей беришсин, урбаганына шүгүр. Ушунча жыл буту-колумду талкалап таштабагандарына шүгүр кылам. Эптеп жаным аман калганына тобо. Койчу биз кантип эле сени капа кылалы, эмнесин айтайын. Көрсө, жашоодо баары болот тура – деп, сөзүнүн аягына чыкты.

* * *

Ныязбектин уулу аялы 1790-жылы аяк оона айынын он биринде көз жарды. Кечке маал ачык турган күндүн көзү алеки саатта эле кара булут каптап түнөрүп, жаан шамалдап жаап келди. Бул кезде Ныязбек бир жактан атчан бастырып келип аттан түшүп, атын мамыга байлап үйгө баш багайын дегиче болбой, катуу жааган жаан керегенин алдынан өтүп, катуу каршылык көргөздү. Аңгыча нары жактан: «Эмнегедир эле ачык турган күндүн бети бүркөлүп, будуңдап кетти» – деп, бакшы аялдар жактырбай наалып калышты.

– Силер тарапка бир топ мал айдап келдим. Мал короо четинде силерди күтүп турат. Ал эми силер сүйүнчү дештин ордуна, ушак айым айткан катындардын жанынан чыкпайсыңар да, ийинден карыш жылгандан корккон кашкулактай болуп.

– Кудуреттүү Алланын буйругу, элдин үмүтү сага белгилүү го дейли. А сенин күткөнүң эмне? Мен ошону билгим келет. Сенин атаң биздин жолдошубуз мундуз агаиндериң кайда?

– Мен аларды кучак жайып тосуп алаар элем. Менин атамдын доорунда алардын элинин мал-мүлкү бол-

со, мен андан да ашыра берем. Эмне үчүн алар мага келишпеди, эмгиче?

– Мен аларды коё тургула, азыр эртерээк деп токтотуп турам.

– Ошондой де?! – Ныязбектин бир четинен ачуусу келип, бир жагынан таң калды. Башка элди чакырсаң өз уруусу болуп туугандарына эртерээк жылат экен да? Кебиң эки ачакей чыгып жатат Черикчи. Менин атам сенин атаңа кандай жакын болгон, мына мен өзүм кандай кызмат өтөдүм? Боогачы кедейлерден сура, алар абдан жакшы билишет. Атамды алар эки эмес, төрт көз менен карап турушкан. Эгер колдорунан келсе, беш берендер тырп жылдырбай олтургузуп коюшмак. Күнүчүлүк кылып атам бешикте кезинде, алардын энелери журтка таштатып салышканы баарына маалым.

Боогачы башын ийкеп:

– Ошондой болгону чын. Анан Эсенгулдун балдары кол куушуруп отура берсеңер, тиги бешөө силерди өз билгениндей жазалашмак. Сенин атаң айкөл, ачуусу жок бирөөгө жаман ой санаа ойлобогон калыс, тегиз адам эле. Эми сен атаңдын жеткен чегине сен да жетесиң. Элиңе, журтуңа баш бол. Атаң эмнеге умтулду эле «хан» болууга! Жакшы эле үмүттөнгөн, бирок элге хандай эле бийлик жүргүзүп жүрүп, кийин эл чогулуп ак кийизге салып хан шайлашкан. Аны аз өтпөй шум ажал алып кеткен. Хандык доорун узак сүрбөдү. Ал эми азыр сага эмне тоскоол болуп турат?

– Сен өтө эле бийик чокуну эңсеп, ойлоп алыпсың го? Тептегиз талаада кетип баратып асманды карай берсең, көзүңө чопо түшөт деген кеп бар.

– Сенин туугандарың айласы ар кайсы өрөөндүн, суунун башында. Ал эми сенин тилегиң эмне?

– Менин тилегим алакандай кыргызды, душмандан аман асыроо!

– Болуптур, сен элди асырадың дейли, анан эмне болот? Андан көрө сен хан бол! Бизден Абайылданы жанына жан-жөкөр, аскер башчысы кылып ал. Ныязбек ичинен сызып, тышынан күлүмсүрөп:

– Демек, сенин оюң боюнча экөөлөп бийлик жүргүзөт экенбиз да? Адамдын баары, сага ишенет жана баш иет. Ал эл-журттун милдетин, эгер менин тилимди алсаң, Абайылданын иниси Борголдойго бер. Ал эми менин бир туугандарым Керим, Шооруктар эмнени бийлейт. Ал экөө сенин тилиңди көп албайт. Бир тууган тили менен башты айлантат. Биз кандаш, антташ, эмчектеш эмес тууганбыз. Ныязбектин бир нерсе оюна келдиби, кытылдап күлүп ордунан туруп эшикке чыгып кетти. Анын күлкүсү Боогачынын кулагына эмдигиче шаңкылдап угулуп турат. Керим, Саткындарды көрүшкөндө эле булар жактырбай калышкан. Ныязбек муңайыңкы түр менен имере карап, Керим бир атадан тараган тууган, ал эми булар үч ата өтүшкөн. Экөө тең калыс, түз болушса эң керектүү учурда акыл тапчу адамдардын бири. Балким, чырдашса буларды жараштырам деп убараланам деген ойду ойлонду. Эгер бир сөзгө келишпей кыйнаса, каны кошулбачудай чыр чыгарышса, анда айланы курутат! Түрлөрүн баамдап көрөйүн. Бири жип менен аса байланган учкул аргымак болсо, экинчиси кебелбеген букасыңары. Букага бут астында чөп, суусу жетишээрлик болсо жер сүзүп оолугат, ал эми аргымак аркыраган коюу чаң жарышты самаган сымал ооздукту качыратып чайнап тыбырайт да турат.

Бул экөөнүн ортосунда өзү болсо, так ошол байлануу аргымак бири жибин үзүп, экинчиси тепкилеп кетсе абалы эмне болот? Мунун баарын көз алдына элестетип көрдү.

* * *

Арадан эч билинбей бир жылга чукул убакыт өтүп кетти. Сыртта шыбыратып жааган жаанга аралаш кимдир бирөөнүн келатканы угулду. Найман сырттан кирип келип:

– Сүйүнчү, Жанымжан аялыңыз эркек төрөдү – деди. Баланын атын Стам деп молдо азан чакырып койду. (Бул 1891-жыл болду.) Ныязбек ордунан атып туруп:

– Болпош байбичем төрөгөн уулумдун атын өзүм азан чакырып Ормон деп ат койдум эле. Молдо өзү билип Стам деп ат койсо, мен ага макулмун. Сүйүнчүңө бир ат ал. Жанымжан төрөгөн уулум да даражалуу болсун! – деп бир топ убакыт илгери көргөн түшү туура келгендей, сүйүнгөндөн чекеси тердеп, бүткөн бою көлкүлдөп, денеси чымырай түштү. Эшиктин үстүнөн чөлмөктөгөн суу кийизден зарыгып, босогодон тып-тып этип тамчылаган жаан басылып, булут тарай түштү.

– Эми биздин эл убап-чубап сүйүнчү айтып, куттуктап келе беришет. Жигиттер ат токугула сонорго чыгабыз, кеттик. Айтып койгула, келип сүйүнчүлөгөндөр тетиги беш бээни алышсын. Мени сүйүнчүдөн качты дебей. Ал эми той кийин болот. Жентек үйдө, мен жанымa алганым жок – деп сыртка чыкты. Жаңы жааган жаанга аба тазаланып, булуттан күндүн нуру көрүнө түштү.

– Ал эмне кылганың Ныязбек? Балалуу болгондон кийин үй жакта эле турбайт белең – деди, бери жактан сөзү өткөн бирөө.

– Ушул кезде үйгө олтуруу аялдарга ылайык. Жоого аттануу эр уулдун милдети. Жаңы төрөлгөн эркек баланын атасы жылкы айдап же жоо сайып жүрсө уулу акылдуу, калыс, баатыр болот! – деди. Аңгыча иниси атты жетелеп келип, ээр-токумду көтөрүп келип, ша-

шып токуй салды. Ныязбек атка минип, тоо башынан ала булут арасынан нур салган күндүн нурун бир карап алып, түз эле карагайлуу тоо тарапка бет алды. Айылдан узай электе, жакын тууганы Шааболоттор жандай салып ат чаап келип:

– Уул кут болсун! – дешти.

– Болсун! – деди эле:

– Мурунку уулуңдун атын Ормон койдуң эле, бул уулуңдун атын эмне койдуңуз? – деп, берген суроосуна жооп албай туруп, кайра сөз алды:

– Атанын бирден бир милдети – эркек баланын атын түзүктөп койсо, даража ошол атка үйүр болот – деп Шааболот мурутун сылап койду. Ныязбек кылчая карап:

– Асыранбек молдо өзү азан чакырып, бала төрөлөр менен Стам деп ат коюптур!

– Болсун, жакшы ат койгон экен. Уулуң суудай таза, динчил, кат тааныган молдо, адилет, талаадай кең, булуттай ак ниет айкөл уул болсун! – деди.

– Айтканың келсин! Деги эле бирөөлөрдүн көз жашын агызбаган, элге калыс болуп, аман болсо болду. Булут арасынан чайыттай тийген кундун нуру тоонун башынан өйдө көтөрүлүп баратты. Болор-болбос сыдырым соккон жел абаны аралаштырып, жыпар-жыттуу гүлдөрдүн аңкыган жыты каңылжарыңды жарчудай аңкыйт. Майда адыр, дөбөлөр оң тарабы түзөңүрөөк келген мейкин талаа ар бир жерден салаңдаган булут менен чети кошулуша жуурулушат. Ылдыйда өзөн бойлой шаркырап аккан көк кашкалуу суу. Жээкте майда өскөн талдын бутагы жерге ийилип, жалбырактарында кубулуп чымчыктар учуп жүрөт. Бир кезде тынчтыкты бузуп Шааболот:

– Биздин жерге жер жетеби. Туура тоосуна барсаң кайберен, токоюна барсаң элиги, кекилиги, чили, көлүнө туш болсоң балыгы, талаасына барсаң кашкулак,

башка жаныбарлар толтура – деди. Абайылда тигинин кебине кошула бербей:

– Аның туура дечи, бирок баарына тең эмес балыкты күнгө мээңди кактап отуруп кармоо керек. Ал эми кайберенди атуу оной эмес, ата албасаң ачкадан куруйсуң. Анан ошол кайберенди аңдып жатканыңда эмне деген гана ойлор келбейт. Бирок адамдар ушул айбандарча ынтымагыбыз жок.

– Мунуң туура кеп. Качан болсо болбогон жерден таарынышып, бет карашпай калган учур көп кездешет.

Мен бала кезимде, атамдын бир баатыр жөнүндө айтканы эсимде. Ал баатырдын беш аялы болгон экен. Анан ал баатыр калмактар менен урушуп, уруш учурунда каза болуптур. Ынтымакта жашап келишкен баатырдын аялдары жесир калышкандан кийин, ырктары кетип тытышып, албарстыга окшоп болор-болбос оокат талашып тартышып, чырдан башка иштери жок болуп жүрүп, акыры мал-мүлкүнөн, эли-журтунан ажырап тынышыптыр. Анан аргалары жок элге батпай, тентип кетишиптир.

Мына көрдүңөрбү, биз да ошолордой болуп Тагай бийдин солто, жедигер, сарыбагыш, карачоро, азык, черик, саяк деген уруунун балдары бир үйдөн тарбияланып өсүп-өнүп, бой тарткандан кийин так ошолордой эли-журтубузду башка бирөөлөр ээлеп кеткендей, ушунча кенен жерге батпай, жер талашып бири-бирибиздин малыбызды уурдап, башка элге үстөмдүк кылгансып, бирибизди бирибиз көрө албай үстөмөндөп, өйдөсүнүп ич арабыздан тытыша берет окшойбуз. Так ушундай биримдигибиз жок элди чогултуп, ага-ини илештирем деп аракеттенип жүрүп Эсенгул өттү – деп Абайылда Ныязбекти көз кырын салып карап койду.

Ныязбек эмнегедир ойго алаксыды. Анткени ушул кезге чейин мынабу ага-ини туугандары эмнегедир мындай кепти айтышчу эмес эле. Баш оорутуп ойлон-

бой, мурун өзүнө гана таянып жүргөндөй сезилчү. Көрсө, булар да ойлонушат экен, ойлонгондо да тереңде жаткан тура үмүттөрү. Бул кыялдын аягын, жанагы жесир аялдар менен салыштыруу да эң туура. Бирок маселе анын тууралыгында деле эмес, жаны жай албаган атаандашуу баарына тоскоолун тийгизгенин кантип жашыра алат. Баамдап карап көрсө дагы бир жол бар сыяктанат. Аны өзү да байкабай жүргөндө так ушул жерден Абайылда айтып салгандай болду. Туура, адам болгондон кийин баары бирдей укукта. Баары ата менен баладай бир боор боло беришсин. Мейли, ар бири өз колундагы эли-жерине өзүлөрү адилет, эгедер боло беришсе кана... Бирок бүт жердеги жан-жаныбарлардын үстүндө бир жараткан Кудай бар экендигиндей, жанагы аялдардын эри сыңары ошол элдин баарынын үстүнөн акылдуу, акыйкат бир чындыктын чылбырын кармаган, ошол өзүнүн бар экендиги менен чыр-чатакты жок кылып жээликкендердин желин чыгарып кор болгонго жөлөк болуп, бере ала турган бир-экөө болсо эмне?

Асмандан жаркырап күн нурун тегиз чачып тийип берди. Ысыкта ылаалаган аттар бышкырышып Шааболот менен Абайылда ээр токумдарын жазданып, талдын көлөкөсүнө кыңкая жатып уктап кетишти. Ныязбек суу жээкке басып келип даарат алды. Шар аккан өзөндүн кашка суусу жээктеген сары кумдан жылжып агып, түбү даана көрүнөт. Оюна эч нерсе деле ойлобой, баарынан жадагансып башын кош колдоп кармап, Ныязбек бир топко жээкте отурду. Бир кезде акырын басып келип, катуу уктап жаткан жигиттерин ойготту:

– Тарткыла атты, кеттик! – деди. Кайда барарын өзү да билбейт. Шааболотту карап, үйүңө баралы дейин деп баратып, кайра бул оюнан кайтып кетти. Эч сөзгө келбей эле атына камчы салып, шатыра-шатман бастырып кетти. Оюна агасы Керимдин үйүнө баруунну туу-

ра көрдү. Аны менен сыр чечише сүйлөшүүнүн өзү бир топ ырахат. Катуу бастырышкан атчандар Керимдердин айылына күн бата жетишти.

Жигиттер аттан түшүп, шыпылдай басып:

– Ассалоом, алейкум – деди. Ныязбек шашылбай басып келип, элдер менен учурашкан соң:

– Элиңер аман, жалпы жакшы жатасыңарбы? Кабарсыз чаң салган душман келген жокпу? – деп, ал-жайды сурады. Ныязбек келиптир деп учурашып келгендердин арасынан сакалы аппак өзү ырайымдуу, жүзү кубакай Жумабек алдыга басып келип, берилген саламды алик алып, андан соң бир топко сүйлөшүп туруп калды да анан сөзүн тамашага салып:

– Булар ким, күүгүм талаш келген кытайбы же издерин жашырып келип жылкы айдап кетчү душманбы деп ойлободумбу? Көрсө, силер турбайсыңарбы – деп, кызыл тилин чыгарып күлгөн болду. Шааболот кытмыр күлүп:

– Биз силерди чаап алалы деп келдик – көзүн кызып койду жанындагыларга. Эмне Абайылда үчөөбүз силерге үч түмөн жоо болуп көрүндүкпү? Анда силер эмгиче эмнени карап турасыңар? – деп каткырып күлдү. Келген үчөө үйгө кирип олтурушту.

– Күтө тургула, Керим да келип калаар – деди, Жумабек карыя. Ныязбек төргө өтүп, жылуу жумшак олтуруп, жүзүнөн нур чагылта күлүмсүрөп бир нерсени сүйлөгүсү келди эле, аңгыча Жумабек:

– Ээ, иним, келгениң жакшы болбодубу. Ушинтип келип, ага-иниңдин акыбалын билип турганың жакшы эмей...

Ныязбек бул аксакалдын пейилин жакшы билет. Андыктан мунун бул кубанычынын артында эмне күүгүмдөп, бир нерсени айта албай турганын даана сезе албай турду. Ошондуктан көп күдүк ойго кабылта бербейин деп чынын айтты.

– Биз ууга аттанып, көзгө эч нерсе кезиктире албаган соң мында кайрылып калдык деп, келген жөнүн жашырып, башкача айтты эле, карыя:

– Дайыма эле ушинтип шашып жүрөсүң да Ныязбек. Биз баарыбыз Болот бийдин балдары болобуз. Нары-бери өткөндө гана ушинтип кээде тие кетпесең, сен өзүң атайылап келбейсиң.

– Жанагынтип калмакпы же кытайбы деп келаткандарды жоо сезип отурсаңар, анан ким келет, силерге? Келген конокко кепти байкап сүйлөш керек. Конок күүгүмдөбү же түндөбү, түн ортосундабы айттырбай жол тарткан киши келет да. Сөздү Жумабек үздү:

– Ой, асыл меймандарды куру сөз менен алаксытып, жөнү жок актанбайлычы. Бир тууган элбиз, таарыныч кепти таштап, баарын унуталы дагы дайыны жок урушпайлы. Андан көрө мал алып келгиле, меймандарга бата тилетели деди эле, ушул эле сөздү күтүп тургансып Керимдин уулу кара саксак козуну жетелеп келип босогодон бата тилөөгө дилгир болуп:

– Аталар, малга бата тилеп коюңуздар? – деди Басылбек. «Оомийин» – деп, кол жайып бетке бата тартып, козуну нары жетелеп конок камын көрүп калышты.

Эми гана карыялар узун сөзгө киришти. Алдыга тасмал жайылып, кымыз келди. Ар тараптуу кеп козголуп, сөздүн аягы барып баягы эле жер маселесине барып такалды.

– Биздин туш-тарабыбыз башкалар менен курчалган. Жерибиз жок, силер жоодон алыссыңар. Биз силерди Чоң багыштардан калкалап турабыз.

– Алар качан урушчу эле биз менен. Мындай далдаа жерди сен тандап алыпсың. Баса, чын эле ким тандап берди эле бул жерди?

– Туура, акылың тунук сенин Ныязбек! Мен сендей айлакер адамды деги эле көрө элекмин. Бул мактоону түз кабыл алып, Абайылда дардаңдап калды.

– Мен да жоого аттанганда, ушинтчүмүн. Айылды эч качан, эч ким капылет чаап алган эмес.

Анын бу сөзүнөн мактаныч сезилди.

Ныязбекке мына ушул эң жакшы тууганынын өзүнө жаны күйбөгөнүн ал эми даана байкады. Тууган деген ушу, айтууга гана керек деп ойлоду. Бир кезде Керим үн катпай бир аз ойлонуп туруп:

– Ныязбек, элге хан болбойсуңбу? Атабыз Эсенгулду эл төбөсүнө көтөрүп, ак кийизге салып хан шайланышкан эле. Бирок ал киши таажы кийип, казына жыйбай, жөн-жай жүрдү, келген жоонун мизин кайтарып, элдин бейпил жашоосун көздөп. – Ныязбек бир аз ойлуу карап туруп:

– Хан болуш үчүн элди отурукташтырыш абзел. Хан өкүм чыгаруучу жан-жөкөрлөрү менен отуруп сүйлөшүүчү бекем жай керек. Ансыз деле эл биздин ырктан чыкпайт. Баарынан дагы мени менен сен экөөбүздүн туугандарыбыз тетирленишет, тең тууган болуп. Азыр иш быша элек, дагы күтө туралы, элдин түрүн байкап. Көрөлү элдин убал-сообун моюнга жүктөп, дагы кандайы озунуп чыгаар экен?

Жумабек ак сакалын сылап жылмайып:

– Башка эл башка ойлошсо, ойлошоор. Биздин түбүбүздөн бери манаптын тукумунун айтканы-айткандай, оозунан чыккан жел жер өрттөп, бийлик да, үстөмдүк да ата-бабалардан келаткан салт болуп калды. Бирок «хан» деген элге үстөмдүк кылып, эч бир адамды өлүмгө кыйган эмес. Бул эл башындагы адам адилет, калыс болуусу шарт.

– Чынында өзүңөр байкап көргүлө. Бул жерде Болоттун балдары отурабыз. Биздин элде «хан» делбей эле «бий» деп айтылып келген. Эгер шарт боюнча Болоттун улуу аялынын балдары, демек, уруунун аксакалдары Беки, Жумабек, Рыскул, Жумагул силер экенсиңер го?

– Биз экенибизде талаш жок, бирок ар бир ишке адамдын таасири, шыгы, жөндөмү болууга тийиш. Анда силер байбиченин балдары эл башкарып жол баштоого шыгыңар жок болсо бизге уруксат бергиле – деди Ныязбек. Ушул акыйкатты сурап отурганына таң калгандай жылмайып:

– И, туура, баары эле атка мингиси келет, эч кимиси жүк көтөргүсү келбейт – деп кейигендей кеп айтты Жумабек. Сөз дагы бир топко уланып барып, алдыга тамак тартылып, тамак учурунда кеп кезеги башка нукка бурулуп кетти.

* * *

Ныязбек агасы Керимдин айылында бир-эки күн туруп аксакал, кеп-сөз билгендерден өткөн кеткендерди сурап-билип, жашоо шарттарын, кылган иштерин, турмуш жолун сурамжылап билди. Атадан, балага агылып келаткан мурас, даража сыймык, түмөн элдин эр жүрөк жоокерлерине таанытып, иш жүзүндө кыргыз тууган-дарына хан сыңары бийлик жүргүзүп, анын бийлигине баш ийип, калган элинин санжыргалуу маалыматтарынан улам Ныязбек, ата мурасына көңүл буруп, мурда ойлоп жүргөндөй, элдин жүгүн көтөрүү оңой-олтоң иш эмес экенин билди. Атасы Эсенгул жакындары менен акылга салып кармашып, өз максатына тике түз акыл тегеретип, айланма буйтка жол менен жүрүп, кас, ичи начарлардын башын айлантып, элди кантип оң жолго салганына эми гана таң берди. Элдин ниетин оңдоп, душмандардын баарын кыргыз жергесинен сүрүп, бейпил турмуш орнотуп элге кайрымдуулук тартуулаганын баамдады.

Эми минтип Эсенгулдун көзү өткөндөн кийин элге эгедер болчу балдары өздөрүнчө чырылдашып, ар башка топтон чогулткан журтту чөмүчтөп таратып, ар баш-

ка урукка бөлүнүп, он беш түтүнгө бирден хан шайлап, бириндеп хан көтөрүү мындай турсун, сарыбагыш элин чогултуштун өзү кыйын болуп турду. Ар уруулардын баатыр, мыкчыгерлери бирикпес болуп, арызданyy күчөп кетти. Кандай кыска бакыт жылас. Ар бир турмуш шарт баш жагында жакшы, бир аз болгон соң кайгы-түйшүк менен коштолот белем

Ныязбектин ойлонгон ой санаасы биротоло басылган жок. Бирок акылы ошонусуна оролуша бербей, кайра чыйралып, эми ал, эмне жөнүндө ой болбосун мындан мурда болуп көрбөгөндөй баарын чайыттай ачык түшүнүп, бычактай курч ой жүгүртүп, башкалардын колунан келбеген маселелердин көбүнүн түйүнү, өзүнө даана сезилгендей болуп калды. Анан ушул бир канча күн ичинде агалары Жумабек, Бекилерден акылдуу болуп, Боогачыдан көп жашка улуу жашагандай сезилип кетти. Керимдин айылынан чыгып Абайылданыкына барды. Жапар, Саткындар да ошондо экен. Бул жердегилер мунун дагы уулдуу болгонун угушуптур. Шаан-шөкөтү жок эле шартка ылайыктап куттук айтышып «бешик боо бек болсун» дешти. Ныязбек маңдайы жайыла сүйүнүчтүн белгиси менен:

– Айтканыңар келсин, уулум бар болсун, ырахмат ага-инилер. Менин балам силердин да келечекте керекке жараган акыйкат, адамкерчиликтүү уулуңар болсун! Аңгыча бирөө сөз алып минтип калды:

– Баса, Айтбай менен иниси экөө жөн жерден эле сөз талаша кетип, акыры чыр чыкчудай болуп тынышыптыр. Анан Айтпай таарынып, Аблабек инисин ээрчитип бугудагы Бытый таякелерине түн жамынып качып кетип калыптыр.

– Эмне?! Жапар, сени да уруп койдубу? – деп Ныязбек таң кала сурады эле тиги эрдемсинип:

– Мени ким ура алат? Мени урчу уул бала али төрөлө элек – деди эле Куттуксейит сөздөн кармап:

– Эй, сен көкүрөгүңдү жөн көтөрө бербе, өз алыңды билесиңби? Эгер кыйын болсоң, кана, саяк Көкүмбай менен күрөшүп көрчү? Экөө күрөшө кетти эле тиги жыгылып калды.

– Кана, кыйындыгың? Жыгылдыңбы, бу саяк карылуу бекен? Мындан кийин мурдуңду көтөрбөй жүргүн, алыңа карап. Туугандын урушу – торконун жыртылышы. Дос айрылат, тууган кыйбайт. Калдайган эринин түйрүйтүп бети албырып кызарып кетти. Албетте, негизи эле туугандан тепки жеп, кордук көргөн жакшы эмес дечи, бирок ошол туугандар өзүлөрү да адептүү болгондору дурус. Мен кор болуп жүргөндө кимиңе келип даттандым эле. Жапардын өңү бозоро түштү да, эми анын сөзү жумшагыраак чыкты.

– Анда башка учур эле. Биз чачыранды болуп башкалардын арасында жүргөнбүз. Азыр болсо өз элибиздин ичинде, өз туугандар сабап кеткен эмнеси. Алар өңгө жат эмес. Айтбай менен ага-инимин. Ал эми Саткын иниси. Ошон үчүн сага айтып отурбайбы Ныязбек.

– Мага айтканыңар деле бекер кеп. Ага менен ининин ортосундагы ич ара урушка калыстык болбойт. Биздин ичибизден эч кимисине чоң кичине, улуу-кичүү дебей баарыбыз бирдей, тең ата, бир тууган болобуз дебедиңер беле? Анан мен киммин? Ак кимиси, көк кимиси экенин териштиришим керек эмес туугандар. Куттуксейит, Саткын, Жапар биз – төртөөбүз сүйлөшүп жатканда ар бирибиздин кеп, сөзүбүздүн куну бипбирдей деп, кете берели. Анан ушул кептин маанисин акылга чайкап дурустап ойлонуп көрүшсүн. Баары ат үстүндөгүлөрбүз деп ойлогону менен чындыгында так ошол токулуу аттын өзүнүн абалында экенин баамдашсын. Ким мурун озунуп атты жүгөндөсө, ошол атты минип кете берерин түшүнсүн. Мындай болгон соң, бир кожоюн күтүп, бир кишиге баш ийген оң эмеспи? Ушуга акылдары жетсе, баарына тең жеңил болмок деп, кебинин аягына чыкты. Угуп олтургандар баштарын ийкеп тим болушту.

* * *

Көк ала саргыч тарткан бөксө адырлардын мунарыктап мейкин көз жеткиз адыр, бөксө тоолордун бышкан түркүн чөптөрдүн жыпар жыты аңкып, аба бир жагымдуу жыт жыттанып, ат туягы тийген чөп-чардан чаң чыгып, жай бастырып баратышты. Алыстан айылдын карааны көрүндү. Аппак боз үйлөр алыстан аба агымы менен кошо каалгып чайпалгансыйт.

Ныязбек ойлоно ээрдин тиштенди. Айылдан тез бастырып кеткени деле акылсыздык болуптур. Аз бир туугандарга таарынып кайда качып кутулат эле? «Ныязбек келди» деген кабар айылга булардан мурда жетип, элге эбак тараптыр. Жакындаганда эле үйлөрдөн карыялар, аял-эркектер чубап чыгып куттук айтып жатышты: «Бешик бооң бек болсун! Уучуң узарып, урук-тукумуң өсүп, уулуң бактылуу болсун!» – деп, кол берип жатышты. Бүркүттүн көзүндөй көзү ар биринин жүздөрүнө кадалып, Ныязбек кыдырата элге көз салып, элдин баары тең ичи койнун эңшерип жаткандай туюлду. Мамынын жанына келип, Кайыпка чылбырын карматып үйүн көздөй басты. Артынан апасы Анар келип калды эле, апасына карап үнүн жай чыгарып:

– Апа, эми мени тоого кетти деп эл көзүнчө тилдей көрбө. Мен күнөөлүүмүн – деп, башын шылкыйтып күңк этип койду.

Эненин ачуусу тарап, эки колу менен этият мандайынан сылап, башын көкүрөгүнө ийе тартып, Ныязбектин чачынан сылап:

– Мындан кийин минтип ат бастырганыңды кой, балам! Жүрү, эми жарыкка келген уулуңду көр!

Энеси Ныязбекти колдон алды да, жаш баладай ээрчитип эшикке жетелеп келди. Көзүнө эч нерсе көрүнбөй ичкери кирди. Аялы арча бешикти кучактап олтуруптур. Муну көрө коюп жаш эне бешиктен бери

боло койду. Анан жылмая күлүмсүрөп, энесине баланы бере койду. Анар баланы өйдө көтөрүп, мурдунан өөп, Ныязбекке колун сунду. Кызыл эт, ымыркай бала мемиреп уктап жаткан экен. Башынан суйдаң кара чачы көрүнөт. Ныязбек кайра боюн түзөп, Анар баланы дагы өйдө көтөрө берээрде түндүктөн түшкөн күндүн нуру баланын денесине жабыла берип, кыпкызыл болгон жүзү даана көзгө уруна түштү. Ныязбек энесинин колунан уулун алуудан ыйбаа кылып, мурдунун учуна колун тийгизип өпкөн болду да:

– Апа, уулуңуз өмүрлүү, адилет, көрөгөч, акылдуу болсун! – деп, бактысы аралаш күлмүңдөп, жайдары эшикке чыкты.

– Атасындай калыс, айкөл уул болот Стамым – деп, жыттап койду Анар.

* * *

Эртең мененки сыдырым жел, жүн жууркандын арасынан сызылып кирип уйкулуу көзү ачылбай, денеси талыкшып чыйрыккан Кайып аялынын жылуу капталы жакка кымырылып, кымтыланганы менен жаны жер тартып тургусу жок. Түндүктөн асман агара баштап, мына жыртыктан шорголоп акчу тамчыдай жылдыз бүлбүлдөп көрүнөт.

Капкара узун чачынын бир өрүмү бетине жабыла берип Калый жеңе көзү жумулуп, чалкасынан жаткан экен. Кайып чачынын учунан алып мурдуна сылагылап койду эле, ал чүчкүрүп жиберди да көзүн ачты.

– Турасыңбы, таң атты – деди. Аялы ичиркене туруп, кийинди да коломтого от жагуу үчүн кам көрдү.

Тез эле үйдүн ичи тезек жыттанып чыкты. Тээ бала кезинен ушул коломтону жээктей отуруп, тезектин чогуна колун кактап жылынганды ырахат сезчү. Кайып керилип чоюлуп жылуулукка магдырап, айыл ойгоно

баштаганын сезди. Аңгыча аттын дүбүртү угулуп, иттер абалап, атчандар камчы менен айбат берип, иттер каңшылай баштады. Короо кайтарган келиндер нары жактан аларды токтотуп, жөтөлүп бирдеме деп күлүмүш этип басып жүргөнү угулду.

Эшиктин бир бурчу ачыла түшүп, суук шамал аркырап кирип коломтодогу отко удургуп тийип, үй ичин түтүн каптап кирди. Эшик алдында уйпаланган чөп-чарды кыроо басып калыптыр. Эшиктен бир келин кирип ызаат көрсөтүп башын ийип, жүртө басып коломтодогу отко чукул олтурду.

– Эшикти жаба кире гой, сууктан үшүдүңбү? Түндө шамал тынымсыз болду. Чечинип жылын. – Калбүбү ордунан туруп, чепкенин чечип керегеге илип кайра коломтого чукул отурду.

Калый жеңе түбү жалпак чыныга айран куюп, кыпкызыл эжигей койду да:

– Кел даамга кара, актан ич, шашпай олтур. Мен үйгө барайын: «Кайда жетип кеттиң?» – дейт какчыйган кайнене. Ушул күзгө маал кыйын экен.

– Күздөн дагы кыш кыйын. Түн узун, суук мындан да катуу болот. Ырахмат, жеңе – деп, келин таазим этип жылмайып чыгып кетти. Калый ушул келинин жакшы көрөт. Күйөөсү Найман кырс, терс кыял неме. Эч нерседен кайра тартпаган, ээн талаанын бөрүсүндөй жетилип баралына келгенде опол-тоодой омоктуу баатыр, эр болорун Калый сынынан өткөрүп койгон.

* * *

– Кече оң айрыктан, ак эчкинин кайкысынан бир топ кийик көрдүм. Жигиттерди ууга алып чыгыш керек – деди эле.

– Мени да ала барасыңбы? – деп кашын серпип койду Калый жеңе.

– Сени да кошуп албай анан. Дал ортомо көтөрүп алайын – деп, күлүп койду да анан кебин оңдоп:

– Баса, ууга Назар менен Омордон башка эч ким кошулбайт! Жададым «шыралга» деп сураныщкандан. Мергенчи керели-кечке убара болуп араң бир нерсе атса, үйдө отуруп алар шыралга алып этин жейт. Ата-көрү, Осмонаалынын ителгисиндей куш кондуруп алсак кана... Куш салып, ит агытсак, андан өткөн тамаша жок го?

– Ителги, кыраан бүркүт агытсак, алар алыс учуп кетсе, көз жеткис бийик чокуну карап көз май кетиргиче, мылтык менен атып алабыз – деди.

Омор айрандан биртике кылт этип, эжигейден бир үзүм оозуна салып чайнап жатып, жаагын бултуңдатып:

– Эй, деги биз качан көчүп журт жаңыртабыз?

– Кайда барасың?

– Базаркул «кыштоого көчөбүз» – деп айтты эле.

– Көчсө, көчө берсин. Биз ууга барып келеличи. Эртеңки күн жакшы. Күн ачылып калса жакшы, жолубуз болуп калаар, кана жеңе, сен камын, көчөт турбайбызбы. Баса, быштыбы, чыгар тамагыңызды, курсак ачты – деп, суроолуу карады.

Ныязбек менен Базаркул кыштоого көчөр алдында биз менен бир ооз кеңешип коюшса болбойбу.

– Эй, анын сага эмне кереги бар. Ныязбек «көчөбүз» десе макул болуп кой да. Ага эмне баш оорутасың?

– Эл башы деген мындай болбойт. Элди, журтту биротоло өзүмдүкү деп ойлойбу. Солто, Саяк, Бугу эли ага-ини айылдаш туугандары кеңешип, иш кылышат деп уккам. Аларча жокпузбу?

– Тамак быштыбы? – деп шаштырасың да, эми муздатып отурасың, ойдо жок ишке ашпаган кепти козгоп – деп, Калый жеңе өзүнчө кейип койду. Тоонун көбүргөнүнөн туурап үстүнө себеленген майлуу шорпону көргүсү келбей калды да:

– Кана, ууга чыгабызбы? – деди Омор.

– Ууңду коё турчу, тамактангандан кийин деле сүйлөшөбүз.

Омор жарашыктуу мыкты көргөн чепкенин кийип, белине шалдыраган чынжырлуу канчасын илди да, сыртка жөнөдү. Күн нуру кылтыйып, кыроону эритип, жайкы шүүдүрүм сыяктантып жибериптир.

Ныязбектин ак өргөөсүндөгү төрдө акылдашчу аксакал ага-инилер коломтонун оң жак, сол жагына уй мүйүз тартып Базаркул, Назар, Керим, Жапар, Саткын, Ныязбектин туугандары Куттуксейит, дагы бейтааныш жаштыгына карабай өтө эле оор басырыктуу, салмактуу жигит отурат. Мырза жигит шашкалактай жагалданып, улуулата кымыз сунуп жатты. Ныязбек орун бошото берип, Керимди жанына чакырды эле, Базаркул билмексен болуп ошол бошогон жерге жылып барды. Керимден төмөн отургусу келбегенсиди. Керим аны көрүп, төргө өтпөй Назардын жанына отуруп алды.

– Мага кандай эр азамат, тууган келгенин карагыла – деп, Ныязбек жазы маңдай, бүркүт кабак, сөөлөттүү жаш жигитти көрсөттү. Бул Эшкожонун уулу Жанга- рач бий.

– Бай аке, акылман Солтонун балдарында да атка минер бала бар го ээ? – деп, бирөө кесир сүйлөп алды эле, Ныязбек тыйып койду.

Бери жактан дагы бирөө акырын сүйлөп «ичи тар, адамга көп аксанабаган неме го, жигит болуп жарытпайт, көзү чаар экен» – деди эле, дагы бирөө анын сөзүн коштоп: «Менин азыр жашым улуу болгондо тиги жигиттин ой-максатын, өз көзүнө айтып көргүлүктү көргөзөт элем» – деп, Ныязбек тарапты карап койду. Айтканын аткарган манаптын балдарынан алдуу-күчтүү, акылы жетик жигит жок болуп калгансып, солтонун чаар көз, ичи чаар уулуна эмне мынча кызыкты? Бул кызыккан жигити кайсы көңүлдү жылытат. Жыландын түгүндөй болгон өз тагдырына ыраазы болуп,

көңүлдү чалкып кубантчу жигитти ээрчитсе не болот. Башка кишилерге келгенде мунун көзү тоёр эмес. Элдин баарын өзүнүн кол алдына жыйнагысы бар дагы, башка эч нерсеге ач көздүгү жок. Ныязбекке эл болсо эле болду, сыйлап эле жатып калат.

– Баса, жакында бул солтолор, казактан бир айгыр үйүр жылкы тийип келишип, артынан куугун кошо келип абийирлери кетип жатып кайра айдатты дешет. Ошол жылкынын арасында бир аркар моюн келген бышты бар экен. Ал быштыны көрсөтпөй алып калыптыр. Эгер Ныязбек болгондо, алып келген жылкыны бердирмек эмес.

– Ал го ал, айткандай жөнөкөй эле бир жигит анын көзүнө чалдыгып калса ал көңүлүнө жакса, анда андан эч нерсе аябайт. Мына бул жигит Ныязбекке эмнеси менен жагып калды экен? – деди, сакалы суюк кары адам.

Ортодо ар тараптуу кеп козголду. Сөз укканы да, укпаганы да өз алдынча ой толгоо менен алек болуп олтурушту. Жаңы төрөлгөн Стам таңдайын чопулдатып, энесинин эмчегин соруп, көзүн кылыйтып жан-жагын карап жатат. Абдыраман күңкүлдөп, жанындагы кишиге карап:

– Ныязбек эки аял алып төрт эркек уулдуу да болду. Телегейи тегиз, көрөбүз го бул эки аялдын балдарынын кимиси эл башкарып, журт бийлеп атасындай даңктуу бала болоорун.

Бир кезде үнүн жогору чыгарып:

– Тууган, биздин кеп-сөзгө көңүл бурбадың. Биз кыштоого көчүү жагдайын акылдашып жаттык эле – деп Ныязбек, Абдыраманды карады.

– Эми эстедиңби? Айтчу сөзүң бүттүбү деги же башка дагы сөзүңөр барбы? Баары силер айткандай эле болсун, бирок тууган бирин бири урматтаган адамдар мындай иш кылышпасын, муну мурун эле эсиңе алышың керек болчу. Тоо таянамбы же бөксө адырга кономбу мага баары бир, Ныязбек – деди.

* * *

Абайылда өз үйүнө келди. Бул кезде Бай кетип калыптыр. Дароо өзүнүн эң жакын жигиттерин чакыртты да, аларды күтүп үй ичинде ары-бери баса берди. Буга чейин кандай ыйык, бийик максаттары бар эле. Ошонун баары түбүнөн чириген жыгачтай кыйсыпыр түшүп, быт-чыты чыгып жок болду. Ныязбекти аңдан-дөңгө чыгарып көкөлөтүп жиберген да өзү. Болгонуна, өткөнгө өкүндү. Калмактарды талкалагандан кийин Ныязбектен бөлүнүп кетип калганда, ал мынчалык эл чогултуп, күчөй алмак эмес. Калдайып караан болуп туруп берип, ошонусу менен тигини ого бетер олжолотуп ийди. Мүмкүн, эми деле кеч эместир. Төрт тарабы түгөл адам адырандап ишти алдыга алып кетет, эгер бир жери кыйшык болсо анда ал ийгиликке жете бербейт.

Ылымталап жаз жыттанып, күн жылып эшик жылуу. Эшиктин тегерегин тазалап жатыптыр Дербишаалы. Муну көрө коюп улактай секирип, ордунан тура калды да кайра уялгандай токтой калды. Кочкордун сагынычы ойгонуп жүрөгү жылып кетти. Сен кайда кеттиң, курган саягым. Кечээ атамдар сени издеп эч жерден таппай коюшту.

– Ал киши мени эмнеге издеди экен? Биздин үйгө конокко келгенде эмне кылмак – деп, колдон алды. Дербишаалы тетири карады.

– Сени бир жакка алып кеткен жатабы, аны так билбейм. Ал жөнүндө кеп боло элек.

– Анан качан сөз болот?

– Айттан кийин сүйлөшөт го... Азыр биз Орозо айтка камынып жатабыз.

– Аның кандай айт?

– Сен билбейсиңби? Отуз күн орозо, түн ортосунда соор ичет да, кечке ачка жүрүп каш карайганда ооз ачат. Кечке оозго наар албай ачка «Кудай» деп жүрүү

керек. Көкчө сен эмне, эмгиче орозо айтты билбей уктап жатасыңбы.

– Башы оорубагандын оору менен иши жок эмеспи. Мен сен айткан орозону биринчи угушум. Баса, сенин жездең бай кишиби?

– Кайдагы бай, дыйкан. Жер айдап, эгин айдап, жер сугарган киши да баюучу беле – деп койду Дербишаалы.

– Жездеңдин аты ким?

– Аны эмне кыласың Көккөз, жүрү үйгө, өзүң көрөсүң.

Дербишаалы макул болуп ээрчий басты. Кер мурут-туу, жүзү күнгө күйүп, кара кочкул тартып колу чор болуп тытылган жездеси, жер тырмалап күнгө күйүп сызгырылган чөбөгөдөй болгон неме экен. Кийгени кыска чыт чепкен, далдактаган кең багалеги бутунда. Эски кайыш чокой. Адегенде ал кеп-сөзгө аралашпай кайчы менен эски теринин жүнүн лепилдетип кыркып жатыптыр. Абышка күйөө баласын мактап кирди:

– Бул биздин акылдуу, билимдүү окумал кишибиз. Күйөө баласы кайдагы бир жер тытмалаган, карапайым дыйкан деп ойлобосо керек дегенчилик кылып абышка аябай күйпөлөктөдү. Дербишаалы күйөө баланын ким экенине деле анча көңүл бурган жок. Окумалы тууралуу кепти деле анча жактыра бербеди.

– Чымынтай, баары тең эле амалкөй болуп, жазмакер катчы болуп кийиз китептерди окумал болуп кетсе, эгинди ким айдап-сээп, шайыны ким токуйт да, малды ким багат – деп, актангандай сүйлөдү Чымынтай:

– Бир да арипти айрып жаза албагандар, сиз айткан ошол иштерди жасайт. Астында атың туруп, алыс жолго жөө жөнөгөн наадандык болот!

Бул сөздү укканда, жоктон тапкан акылын айтты:

– Так ошол келжиректин өзү так сенсиң Чымынтай! – деди, көзү менен жаман көргөнүн билгизип. Чымын-

тай мурутунан жылмайып, тактайга отуруп кагаздын бырышын жазып, жазууну окуду да:

– Сени мындай карасам билимиң мени менен эле тең экен. Ыя, анан ошо жер чукулап, өз баркыңды билбей эмне кылып жүрөсүң деги.

Дербишаалы көз кысып койду да абышкага:

– Сизге кошулуп алып кагаз жазып, «молдо болоюн» деп жатпаймынбы – деп койду. Абышка жекире карап:

– Мага теңелмек кайда? Мага кезегинде өтө кыйын манаптардын өздөрү айткан кебиме кулак салышкан. Менин кеп-сөзүмдү Ныязбек өз кулагы менен уккан. Анын атагы ааламга таркасын дайым. Менин мынабу бутум, көз жоосун алган кооз килемдердин үстүнөн басып жүргөн. Ал манаптардын бир эле даарат алчу кумганынын кунун Көккөз экөөңөр өмүр бою иштеп таба албайсыңар.

– Эй, аксакал, аныңыз туура! – деп кубаттап көзүн кысып койду эле:

– Эмне, сен ишенбей турасыңбы? Сенин мындай жосунсуз кем акылдуулугуңа адам ишенбес. Арамзалыгың менен чекең жылыбайт – деп, ачуусу келип жерди бир муштап, жерде чачылып жаткан ыпыр-сыпырдын баарын шилеп жиберди.

– Сен касиеттүү адамдарга тил тийгизип жатасың, эгер билип калышса тилиңди кесип салышат.

– Сен күйөө бала, мунун кылыгына капаланба. Ал сыноодон өтпөй калгандан бери өзүнөн өйдө тургандардын баарын жаман көрөт – деп, анан акырын сурады:

– Капар менен мен тууралуу сүйлөштүңбү? – Абышка муну жөн-жай гана сураган менен бырыш баскан арык мойну узарып, өңү бозоруп турган.

– Жо-жок, сүйлөшө элекмин.

– Ооба, сенин колуң тие элек да. Ишиң көп, билем – деп, Чымынтай үшкүрүп койду.

– Мен сени издеп кеттим деп коюп, бай менен өзүм сүйлөшүп көрөйүн дедим эле. Андан дагы анын да зарыл иштери көп, даанышманым.

– Сиз менин иштеримди түшүндүрүп айтып, жакшылап дайындап коюңуз.

Эртеси айт башталып мал союлуп, боорсок дасторконго жайылды. Берээктен Көккөз чыбыктай бир кызды көрүп, шилекейин араң жутту. Муну байкап калган Шааболот:

– Сен эмне кызды тиктейсиң?

Көккөз берилген суроого жооп бермек турсун карап да койгон жок. Мырза чыкма неме кыздын артынан бутунун башы менен акырын басып жөнөдү. Шааболот бакырып жиберди:

– Эй, Базаркулдун малайы!?

Бул сөздү уккан кекирейген мырза чалыш неме эми артына шарт бурулду да, Дербишаалыны көздөй умтулду.

– Эмне дедиң?! Сен ким дедиң, кана кайталап айтчы! Сен өзүң борго байланган жугундукорсуң, доңуз! – деди.

– Кул ким, манап ким экенин мен сага көрсөтөм! – деп Көккөз жакадан алды эле Дербишаалы капталдан чуркап келип аны далыга түрттү, Көккөздүн колу Шааболоттун жакасынан чыгып кетти. Колдон шап алып, топту аралап сүйрөп алаксытып, жашылданган көзү коркунучтун түрүн байкай коюп Дербишаалы чочуп кетти. Аңгыча кыз Көккөздү тартып нары жакка алып кетти. Шааболот чочуп, элден четтей салып ары бир бурчтан буйтка кокту аркылуу элтеңдей басып араң кутулуп кетти.

Көккөздүн колунан дале коё бербей, кыз улам эки жакты элеңдеп карап көзүнө көрүнгөн эле кишиден титиреп ко[illegible]ко берди. Бир кезде:

– Э[illegible] бизди кармай алышпайт! – деп Көккөз кызды [illegible]бат [illegible] болду.

– Чын элеби, мен аябай коркуп кеттим! Эгер алар бизди кармап алганда, абдан жаман иш болмок. Мен булардын кылган иштерин байкап жүрөм.

– Мен да көрүп жүрүп тажадым! – деди Көккөз ачуусу келип түкүрүнүп:

– Ушундай таш боор адамдар да барбы? Булар керек болсо адамдын эң акыркы көйнөгүн сыйрып алышат. Көйнөгү жок болсо терисин сыйруудан да кайра тартышпайт. Мен жаш кезимден билимдүү болуп, чоң окумал, даражалуу адам болсом деп тилечүмүн. Далай аракет кылдым, эч негизсиз. Андан ары такыр иш жылбай калды, билимим жоктугунан эмес, акчам жок турмуш кысканынан абдан муңкүрөдүм. Бул турмушта караңгычылык өкүмү жүрүп, билимдүү болууну эч ким каалабайт. Далай аксым, кошоматчы шумпайлар баарын өз менчигине ийе тартып бүтүштү. Бир гана өзүн ойлогон жанагы кекирейген ит сыяктуу болуп кетпегениме дагы Кудайга шүгүр. Аны мурдунун суусун диркиретсек болот эле.

Көккөз улам кызууланып сүйлөй берди. Анда-санда өткөн эл аны таңдана карай калып жатты. Калтар өйдө карап муңайып, жароокерленип:

– Бул олдоксон кебинди кой. Манаптар болбосо элди бөтөн эл кыйсыпырын түшүрөт.

Көккөздүн кылтыйган кара муруттары тикчийип бириндей түштү да, ызалуу үнү менен:

– Ошолор элдин мүдөөсүн аткаруу үчүн көздөп жүрүптүрбү, жок, алар да өз жашоосу үчүн жан үрөп жүрүшөт. Алар бири-биринин алдында акылынын жетиктиги, билимдеринин жетиштиги, жоомарттыгы, эр жүрөктүүлүгү менен эмес, жалаң байлыгы менен бой көтөргөн айбандар. Чынында элди алар жаман жабыркатты. Эмне андай эмеспи?! Мына биздин эле Урматты алалы. Ал өмүр бою ак иштеп, эмне тапты? Карыган чакта аны сыртка сүйрөп таштапшпадыбы.

– Аны ак жеринен ушактап коюшту.

– Мына көрдүңбү? Чындык эмес, калп чечет биздин тагдырыбызды. Ал куураган чал учурунда өтө эле курчтук кылып койгон. Анын тандайынан чаң чыккан, мындайынан караганда абышканын айлана-тегереги бүт жылчыксыз абалда. Бул саткындык, аксымдык эмей эмне?! Ал көчмөн элдин ички сырын жашыруун аңдып угуп, байына айтып берип жүргөн. Бирөөнүн абийирин ачкан адамкерчиликпи? Найман өзү Базаркулдун жигити. Мырзасы болсо тымызын иш баштап алган сыяктанат. Ал азыр билмексен болгону менен койнуна котур ташын катып, элдин ичиндеги өйдө-ылдыйды байкап, элдин турмушун баамдоодо. Атам айтаар эле «эки жүздүү баканооз адам, эки элдин арасын, эрди-катынды ажыратат» деп. Мына азыр эл-журтта абийир, чындык, акыйкат эмес, кыйдылык, алдамчылык, жалганчылык үстөмөндөп бийлеп бара жатат. Сөз уланып, экөө кол кармашып сейилдеп, адырлуу өзөнгө келишти. Бир кезде Көккөз коркунучтуу улутунуп алып Калтарды өзүнө имере тартып, бооруна кысты. Кыткылыктап күлгөн Калтарды улам сыга кучактап, өзүнө тартып жатты. Аз күндө Каркыра жайлоосуна кетет. Алыстан Калтарын эстеп, көңүлү чөгөрү белгилүү иш. Калтар улутунуп:

– Сен жайлоого барбай эле койчу? – деди. Көккөз ары жактагы келаткан караанды карап турган эле. Мойнун буруп, кайра сурады:

– Сен бирдеме дедиңби?

Көккөз күлүмсүрөп Калтарды карап «күңк» этип койду эле:

– Биз бай эмеспиз. Бир музоолуу уй, бир атыбыз бар. Ойлончу, атамдар кантсе да таруу менен буудайды эптеп табышат. Сени менен кошо барсамбы? – деди Көккөз кызды өзүнө тартып:

– Кайдагы жагымсыз сөздү айтасың да. Сен менин артымдан барганда үй-жайың же айдаган малың жок

элге эмне жооп айтасың? Макул, ал жакка барган күндө да тыяктан эмне иш кыласың? Биздикине болсо келе албайсың?

Көккөз терең улутунуп, башын чайкады. Анткени баары бир Базаркул бул чөлкөмдөн эч кимди теңине албайт. Ушул ойлорду ойлоп, ойго алаксып кетти эле Калтар:

– Мен үйгө барышым керек эле. Биз эртең көчөбүз, сен жок дегенде кечке чейин эмне үчүн мени менен болбойсуң.

– Менин сенден алыстагым келген жок. Азыр ушул жерде күтө турчу, мен тез эле келем – деп, антаңдап үйүнө шаша басып келип, энесинин куржунунун оозун ачып, көзүнө урунган бир жылтыраган шуруну койнуна салып, куржунду чала-була жыйып, кайра тартты. Келип Калтардын мойнунан имерип:

– Сага мен мындан артык чоң эстелик бере албайм. Аз болсо көптөй көрүп, мени эскерип алып жүр!

Мындай белек күтпөгөн кыз, шашып калды. Эмне деп айтаар сөзүн да таппай, сурмалуу көздөрүн кадады. «Сүйүү адамга ар дайым күч, кайрат берет» – деп айтылат эмеспи. Көккөз кыздын чачынан сылап, бооруна тартты. Сүйүүнү башка эч нерсеге алмаштырууга болбойт эмеспи. Жигит, көкүрөгүнө башын жөлөгөн кыздын бетинен, алкымынан баладай жалмалап өпкүлөдү. Бир кезде кыз:

– Бул жашоодо адам теңин тапса, деңиздей балкып жашайт. Экөөбүз эми кошула албай кетебизби? – деп оозуна сөз кирбей калды.

– Сенин шартың болсо айылдагы эстүү, сөз билген адам менен атаң барып, атама кеп салсын. Атам негиздүү адам. «Кызым өзү билсин» – десе, иш оңунда. Калганын өзүм түзөйм. Адамдын баары бирдей эмес. Мен сенин бүт турпатыңды, адамкерчилигиңди карап, сага

дитим бурулган. Байлык эмне үйүп койсоң чириген көң, жер семирткич. Адамга-адам гана керек. Сен ийри таяктан түз көлөккө түшпөсүн бил. Жигит уккан кулагына өзү ишенбей, местейди. «Бул кепти тамсилдетип эмненин башын чаргытып жатат» деген ой менен кызды жалдырай карады.

– Экөөбүз ээрчишип кетпейлиби, азыр эле жүрү биздин үйгө.

Кыз күлүп:

– Баш кошуу оңой иш эмес, баштагы тебетейди алмаштыргандай.

– Атаңды айылдагылар көндүрөр. Аны коюп кийин кандай оокат кылып кетебиз, иштин негизи так ушунда. Атам макул болсо, анда бизге жардам берип өзүбүзчө болот элек.

– Анда оо, биз эң сонун жашоодо жашайт болчубуз. Колумдан көп иш келет, менин дагы.

Кыз менен жигит экөө баш кошуп, бирге жашап, жыргалдын четин көрө калгансып чалкый түшүп, Көккөз кыздын колтугунан бек кармап көтөрө калганда, кыз шашкалактап:

– Анда тур, үйүңө барып айт атаңа, атамдын алдына тез барышсын. Минтип далдаланган жашоо – жашоо эмес.

– Туура айтасың, бул биздин кыялыбыз менен жашаган жашоо, жапайы түпөйүл жашоо.

Көккөздүн атасы Найман, туугандары Асанбайды, Керимди ээрчитип Басаркулдукуна куда болуп барышып, аттан түшүштү. Учурашып, ал-абалды сурашкан соң Асанбай:

– Базаркул, биз куда түшүп келдик. Наймандын алакыбалын өзүң билесиң? – деп, кыска сөз айтып, андан ары кеп улабай туруп калды.

– Асанбай, сен ойдо жок эмнени эле айтып турасың?! – деди эле Керим:

– Куда деген ушунтип келет. Адам болгондон кийин бири-бирибиздин кебибизге кулак салган туура. Сен эмне түркөй адамдан, бир түзүк адам табылбайт деп, бизди теңиңе албай, бучкакка теңебей турасыңбы? Эгер Наймандын уулун күйөө кылып алсаңыз, анда сенин бутуңа-бут, колуңа-кол болуп калат эле – деп керсейе түштү да: – Көккөз менен Калтар үйлөнсүн.

Базаркул бет алдынан жолборс көрө койгонсуп, боюн тарта түшүп:

– Сен эмне жинди болгондон соосуңбу? Мындан ары сенин оозуңдан мындай кеп чыкпасын.

– Мейли мен үн дебейм, кызды алып кете беришсин. Эгер кызыңды өзү каалабаган байдын уулуна бердиң эле. Кызың аны жактырбай кайтып келип, Наймандын уулуна качып кетсе, эмне кыла аласың? Антип балдардын жолун тоспо. Сен дагы бир кезде жаш болгонсуң!

– Керим, акылман кеңешиңди кимге айтып жатасың? Кап жыртык болсо буудай тегирменге жетпей жолдо чачылып кала бербейби. Сенин акылдуу сөзүң, айбан адамдын оозунан чыккан келжирек кеп болуп жатпайбы!

– Эмне, Наймандын алдыңа бүгүлүп келиши сага жакпай, айтылган сөз талаада калабы? Наймандын келиши кудуреттүү Аллага жакпады дейсиңби?! Алла Тааланын буйругу. Көккөз али жаш, келечегинде кандай тагдыры бар экенин сиз, биз баарыбыз билебиз.

Базаркулдун ачуусу бетине чыгып, керсейе түшкөн эрдин жаланып, башын тетири бура карап:

– Болуптур, мен агайин менен макулдашып көрөйүн – деп, сөзгө келгенсиди.

– Найман, эми чочубай эле кой. Баары түзүк болот. Сенин уулуң чын эле кыз менен көңүлү табышты беле?

– Ооба, биз баарын сүйлөшүп көрдүк.

– Анда баары ойдогудай болот экен. Жүрү анда үйгө кирели, – деп, Асанбай алдыга басты.

* * *

Чепкенин желбегей жамынып, сөөлөттөнө салабаттуу басып, сербейген сакалын оң колу менен кармап асманды тиктеди да, кайра үй тарапка басып өзүн бактылуу сезип, тегерегин карап койду. Агайин-тууган, куда-сөөктөрдүн ортолору бирикпей, кычырашуу болгон соң Ныязбек өзүнүн чукул, ылым санаалаш элинин аралары ачылчудай боло баштаганын сезип, нечен уруш чабуулдан, бир канча жортуулдан өтүп такшалган Бытыйдын эли бөлүнүп турган соң, калмактар менен күчтүү жоо түзүп мына бул эле казактарга туруштук берип, кол кайрып кыйындап кеткенин баары тең көрүп, билип турушту. Бугу эненин балдары Сарыбагышка көчүп келишкендигине кейип, эми өткөнгө өкүнүп жатышса керек. Аблабек, Айтпайлар «таякебиз» деп көлдү көздөй көчө жөнөштү эле, эми эмнегедир кайра мышыктай жыла басып келишти. Алардын туруксуздугу Ныязбектин ачуусун келтирген менен ал азырынча тилин тишине басып үн дебеди. Тигилердин ачык кыйыктанышып жатканын түк билмексен болуп койду.

Адегенде Ныязбек да калдастай түшкөн. Бытый эзиле келип: «Эгер булардан кол үзсөк кытай, калмак күлүбүздү асманга сапырат. Кайра барып «чогуу бололу» деп кечирим сурагысы келген, бирок акыл калчап отуруп ал иштен майнап чыкпасына көзү жетип, эл менсиз күн көрө албайт» – деп ойлоду. Бытый өзү ар башка урууларды бириктирүүгө кудурети жетпесин сезет. Алар кандай болсо анда өздөрүнүн оюндагыдай кала беришсин. Бирок элди ошо бойдон карабай койсо, бир манап бастырып келип жалпак тил менен жүйөгө салып көчүрүп кетет.

Мына ошондуктан Бытый менен Абайылда канчалык кеп кеңеш куруп, акыл шертти оозанып сүйлөшпөсүн, баары бир түбү келип эки ачакей жолго салын-

чудай. Эки мүйүздүү кочкордун башы бир казанга кайнабайт. Түбү бирге гана кошулуп, учу бирге акыры айрылат тура деп ойго алаксыды.

Кыш маалы деле элге тынчтык бербеди. Баары тең үтүрөйүп, не бир балээден шекшип, карбаластап турушту. Башка элдин арасынан Ныязбекке жигит болууга макул болушту. Калган элди кантип, кандай айла менен жайлап эч жакка жылдырбай кала алат. Жөнөкөй кеп, сөз жарабайт. Коркуп кетип эл болгондон кийин бул кенебестерди байлап берип кутулуп, тынч жатышы да ыктымал.

Кыштын узун түнү. Оттун жанында жалгыз отуруп Кудаке ар бир сөздөн бери кылдат ойлонуп ченеп, бычып чыкты. Бул оюн эң алгач тууганы Таабалдыга айтты. Бул кезде кар калың түшүп, сууктун күч алып турган кези эле. «Кулак сал, кеңешчү болсоң ыраак бар» дегендей, экөө талаага чыгып кетишти. Калың карды буртулдатып эки атчан жай бастырып катар баратышты. Бир кезде Кудаке кеп учугун чыгарды:

– Элди тегиз, жүрөк үшүтө титиретип коркута аласыңбы? – деди эле Таабалды чочугандай түр менен карап:

– Аны эмне кыласың, кимди коркуткуң келет? – деп кайра суроо узатты.

– Билсең, өзүмдүн туугандарымды. Тункатар, Акун, Кыдырбай, терс кыял Учарларды. Бул иш үчүн жан кыйноонун кажети деле жок. Сен өзүң эмес, башка бирөөлөр аркылуу айттырып, төртөөнүн тең көчө качып кетишкени үчүн, ойлонулган иш. Сен: «Бытый менен Абылай элди чаап алам деп жатат» – деп элди коркутуп, үрөйүн учуруп кой. Муну жасаган жоош атты токугандай эле оңой иш экенин баамда.

– Бул айтканыңыз туура. Бытый бизден бөлүнгөндөн кийин Абылай экөө кутура баштаарын алар да түшүнүп турушат. Алар эмне үчүн алигиче бизге аттанба-

гандыгына өзүм да таң берип отурам. Алардын ордунда мен болгондо эчак баары башкача болмок.

– Эми ал тууган сөрөйлөрдү үркүтүп коюу, сенин жумушуңдун чакан эле бөлүгү. Коркконудон тизеси калчылдап барып алар Бытый, Абылай, Кудакелердин алдына бүк түшүп, мойнуна курларын салып жыгылып беришпесин. Кокус Керимдер алардын күнөөсүн кагып жиберишпесе, анда биздин намыс ылдыйлап калат. Керим, Жапарлар кичирейгендей кылуу керек.

– Түшүндүм, бирок муну кантип ишке ашырам?

– Аны өзүң ойлонуп көр, бул оңой иш болсо, сени кыйнап отурмак белем.

– Мейли анда, аракет кылайын. Бул үчүн сен бугу уруусунун өз кишиси болуп, ал жакка өтүшүң керек. Мен сени элге жамандап «бугуга качып кетти» деп айтып ишендирем.

– Жамандасаң, жаманда. Бирок катуу кетип жүрбө? – деп күлгөн болду.

* * *

Ныязбек кабагын чытыды. Куттуксейиттин заар тилинин күчүн жакшы билет. Кеп чеги менен айтылат, эми мындан ары эмне болот? Бай минтип айтты:

– Ныязбек сен эң эле көптү билгиң бар го, ээ? Эми сенин тилегиңди берет, бир Кудай. Мен сенден жаңылышкан эмес экенмин.

Ныязбек Байды башынан аягына чейин телмире тиктеди да:

– Баарыдан мурда мен сенден жаңылышпагандай болоюн, ушуну эсиңе ал Бай. Сенин ага-иниң эмгиче теңи солтонун, теңи бугунун арасында жүрөбү?

– Ооба, башынан алар менен аралаш болуп жашап ыкташып кетишиптир. «Эмне болгон күндө да баары бир Тагай бийдин неберелерибиз» – дешет.

– Андай болсо, ал жакта эмне болгонун көздөй адам билип, өз кишилерден мага кабарлап турушсун. Жангарачты өзүңө кошуп ал. Эгер балээ башталса дароо мага чапсын. Сөз бүттү, өзүңөргө сак болгула Абайылда, Бай жолуңар шар болсун, – деп, кол кармашып Ныязбек тизгин кагып, шар бастырып жөнөп кетти.

Иштин баары так өзү болжогондой чыкты. Биринен бири сак болуп, үйдөн-үй, айылдан-айылды бүт жөө тумандай каптаган чабармандар, дөбө-дөбөлөрдүн чокусунда таң эртеден-кечке сакчы коюп, сакчылар көз талдыра туш-тушка карап, түнкүсүн да күзөтчүлөр айылда бастырып жүрүштү. Абылай менен Таабалдынын чыдамы кетип, ачуулана сөгүнүп да алышты.

– Биз эмнени күтүп отурабыз. Бытый, биз минтип ныксырап кашына берсек, анда тырайта чаап кетпейби?

– Таабалды, сен да корко баштадың бейм. Билесиң го, баягыда биз эч кимден корккон эмеспиз. Азыр болсо эл сезип, чыйралып, такшалып, өздөрүн коргоого жарап калды. Күч келсе, тиякта сарыбагыш туугандар бар. Сен Төрөкочкор баатырга ишенчү элең, ал дайынсыз качып кетти. Бирок азыр сен эч жакка буйтай албайсың! Түнкатар да качпайт. Бешөөбүз чачырабай бир болсок, эч кандай душмандан чочубайбыз, камтама болбо. Андан көрө менин туугандарыма жакшылап көз сал. Алар күн сайын чабагандап турат. Бизден жашырынып бир нерсе кылып жиберишпесин, маселе мына ушунда. Алар азыр чогулуп алып, кантип бир эбин таап Ныязбектин колтугуна кайра кире качуунун амалын ойлонуштуруп жатышат. Жашыруун Бытый, Абайылда экөө өз жигиттерин бүт даярдап, айт дегенде шарт жөнөп кете тургандай, элин камдуу кармады.

Күн-түн дебей күзөт коюп, тынчсызданып турушту. Абылай өзү таң атканча уйку көрбөдү. Култуйган Дандияр өлөр-тирилерин билбей өпкөсү көпкөн аттай дердеңдеп, жигиттердин жарак-жабдыгын, минген аты-

нын ээр-токумуна чейин карап жүрдү. Калмактардын чабуулундагы өз туугандарынын аксымдыгын эстеп, ошол окуя кайталанып кетпесин деп сактанды. Булардан эмнени гана күтүп болбойт! Акыры казакка, калмакка качып кетишкен Кожояр, Кудаяр кайра Бытыйга келишпедиби. Алардын шалдыраган кейпине караганда калмак, казактарга шыйпаңдап барып, эч жакшылык көрүшкөн эмес экен.

– Бу сен бирдемеге катуу кейиген кейпиң бар го? Биздин баарыбызды бир чоң балээ тороп келатат! Бытый, Абылай, казактар аттарын суутуп, мылтык-найзаларын камдап, бизди чапканы камданып жатышат өңдөнөт.

– Келсе, келе беришсин. Бирок биз коргоно албайбыз да.

– Ал өз ишиңер. Мен коргонуп да убара болбойм. Биздин айыл бүт камдуу. Ачуум келсе Ныязбек баатырга качып кетем.

– Анда биз канттик, ал-күчүбүз аз.

– Акылыңар болсо ойлонуп көргүлө. Абылай тууган адам да ушинтеби?

– Анан кантет? – деп Бытый, кыйдылана кеп таштады, ачуусу келип чарт эте түштү да:

– Эмне анда силерге окшоп казак же калмактардын колтугуна кирип кетелиби? Жашырынып менин башымдын баасы менен алардын көңүлүн алмак экенсиңер да?! Бул сөздү укканда Кудаке, Түнкатар бүрүшүп, жерге кирип кете жаздашты белем, кылтыя карап.

– Биз жөнүндө оюң жаман экен го? Биз калмак, кытайга барган жерибиз жок дечи. Мен, Назар, Кожош үчөөбүз так ошол баргандагы сөздү, сени менен акылдашалы деп келбедикпи, ынтымакка келели деген ойдо.

– Барган-койгонуңдун, деген-дебегениңдин мага кереги эмне? Жетишет, бөлүнөм мен силерден.

– Абаке, мени кошо ала кет! Атаң Белектин бир тууган инисинин баласымын. Биз баарыбыз тең бир тууган-

быз. Кап-качан эле камынып, арабыздан бир эстүүбүздү эл башы хан шайлап алышыбыз керек болчу. Ошондо көчө качуунун деле зарылдыгы жок болот эле. Орозбактын төрт уулунан бири ханга ылайык киши жокпу, болсо ким, билсең айтчы?

– Биз дагы эле намысты коюп, Сарыбагыштардан жардам сурасак, кытайдын ташынын талканын чыгарабыз. Адегенде урушка ылайыктуу жигиттердин башын кошо албай жатып, башка элди чогултуп эмне кереги бар? Баарынын тең үстүнөн эмес, ушу өзүбүздө чогулган элге гана сени хан көтөрөлү.

– Койсоңчу, болбогон сөзүңдү «хан» шайлоо оюнчук эмес да.

– Жерди майыштыра баскан букаң деле бир кезде торпок болгон да. Андыктан биз Ныязбекке акыл салалы. Бүт баарыбыздын убал-сообубузду анын мойнуна жүктөйлү.

– Болбойт, «хан» деген мындай шайланбайт.

– Анда Абылайды шайлайлы, же Бытыйды. Башкасы болсо деле мейли, негизгиси бардык элдин кыйырын, кырсыктан коргоого жараган кимиси болсо да биз ак кызмат өтөп беребиз.

Бытый, Абылай, Таабалды көпкө ой басып отуруп калышты. Бир маалда чабарман жигити шашып келип:

– Ныязбек бир топ жигиттери менен келатат дегенде, үрпөңдөп тургандардын баары селейип туруп калышты. Ныязбек ак боз аргымактын ооздугун жыя тартып, жигиттерден озо демиктирип келип, жарданып карап турган топ элге Ныязбек озунуп жигиттери менен салам айтты:

– Ассалоому алейкум! Эл жабыла:

– Ваалейкума ассалом – дешип, алик алышкан соң, азга ал-акыбалды сураган болушту. Анан гана даңкайган он эки канат ак өргөөгө отурушкандан кийин сөздү эмнеден баштоонун ыгын таппай, бир азга үй ичинде

жымжыртык өкүм сүрдү. Алдаштын уулу Тазабек элдин аягынан:

– Баатыр аба, сизге бир ооз кеп айтууга уруксат этиңиз? – деди эле, төрдө олтурган Ныязбек:

– И, айт Тазабек мырза, кулак сенде. – Тазабек шар кетти:

– Сарыбагыш, бугу болуп эки бөлүнбөй башынан эле Орозбак, Дөөлөс бир тууган экен. Бир Сарыбагыштын балдары. Биздин аталар эненин атын атабай эле, сарыбагыш деп аталып калышса болмок экен, жарыктыктар. Бир атанын балдарын экиге бөлбөй. Сизге эми айтаар кеп – эл ичинде кеп бар «хан шайласак» деген. – Ныязбек бир топтон кийин:

– И, шайлагыла! Кимиңерди ылайык көрүп жатасыңар?

Тазабек түшүнбөй калгандай ойлонуп, дагы бирдеме айткысы келип токтолуп калды. Ооздорунан айталбай мурун «мен» деп көкүрөгүн көтөрүп турган Бытый, Абылайлар балыктай оoздорун ачып, үн катпай гана туруп беришти. Аңгыча: «Бытый болсун!» – деди эл ичинен бирөө. Ныязбек башын өйдө кылып «ким айтты» дегенсип карады. Бирок ал кайра кайталап айта алган жок. Тазабек өткүр көзүн ирмебей туруп:

– Жараткан өзү жар болсун! Элдин бейпилдигин камсыз кылган адилет, кең пейил, жолу шыдыр, беттеген жагынан жеңиш менен кайткан эр жүрөк керек. Бытый элдин жүгүн көтөрө албайт. Мына элдин башын чогултуп, журт эгеси, жаамы элдин убал-сообун мойнуна алчу Ныязбек өзүң хандыкка жарайсың! Сени эл башы кылып шайлоо керек! – деди да, бардык балакеттен биротоло кутулуп, туюктан түз жол таап чыккан адам кейиптенип, Тазабек ордунан обудула берди.

– Баарыбыз баш ийип турабыз, ниетибиз сизде турат, сен моюн толгобо, Ныязбек! Бардык эл сени каалап, сендей башчылуу болгусу келет.

Бардыгы ойдогудай баратат, бирок башка элдин баары тең так ушул Ныязбек ойлогон ойдо бирге болушун каалады. Бир азыраак туруп кандайдыр кулакка жагымдуу шоокум астынан аккан суунун шарындай, жай шамалдын эпкини бетти сылап өттү. Ныязбек үнүн бийик чыгарып:

– Мага хандыкты ыраа көргөн силерге ыракмат. Бирок алакандай бугу эли менен да хан шайланчу беле?! «Хан» деген айткан оозго жеңил. Хандыкка жетүү оңой эмес. Калың журтту душмандан калкалап, элдин башы, көзү болуу чоң милдетти талап кылат. Элге баш зарыл, аны билем. Калың элге шарият туткан, адилет, талаадай кең, айлакер адам гана баш-көз боло алат. Болбосо озунгандар кыйкырып «мен кыйынмын» деп төш кагып чыга берет! Эл тополоңго учурайт. Арыз угаары, өкүм чыгараары, кол башчысы болмоюн эл тозулуп кетет. Хандын мааниси ушул. Бизде уруулар арбын. Ошол көп уруулардын ар кимиси ар башка талап коюп, чатак чыгара берсе аны басууга дарман болуш керек. Алакандай көлдүн тегерегинен «хан» болобуз дегениңердин жүйөсү бар бекен?!

Бытый, Абылай, Таабалды, Тункатар «аттуу, баштуумун» деп өздөрүн акылдуусунгандар акырын жер тиктеп, баштарын жай ийкегилеп, алдыларындагы аяктагы кымыздан сыпаа ууртап, кайра жерге коюп ойлонуп, ойдон бөлүнө албай өздөрүнүн жебелеринин начарлыгын сезип, былк этпей отурушту. Ныязбек кайра сөз алды:

– Азырынча байкап турабыз. Максатсыз чуркап күйүгүүгө эч себеп жок. Элин бөлүп-жарып «өзүм» деп көкүрөк каккан узун өпкөлөрдүн дарманын убакыт өзү көргөзөт.

– Ныязбек, сенин кебиң төркүндүү – деди Тазабек. Калгандары ичинен тап болуп, сызгандай башын жерге катып үн катпай отурушту.

– Мына кеп мындай, эң ишенимдүү жигиттерден топтогула да, иргеп күлүк ат менен мерчемдүү жерлерге барып, душмандын дайынын билип келишсин. Эгер бир шыбыр болсо баарыбыз чогуу атганып, өзү катылган душмандын сазайын берели. – Бул сунушка баары макул болушту.

Ат минип, жол карап кетишкен жигиттер, кайра түн бир оокумунда келишти. Дүбүрттөгөн аттын дүбүртү менен айыл ичи дүрбөлөңгө түшүп эле жатып калды. Ныязбек эртең менен эрте туруп эшикке чыкса алды жакта бир топ атчан жоокер өзүн карай келатышат. «Буларга жоо тийгенби?» – деп баамдап Ныязбек карап ордунан жылбай турса, атчандар жакын келишкенде:

– Ой, Түнкатар, Акун, Кыдырбай силерге эмне болду, жоо тийдиби?

– Таң атпай сизди коркутуу кимдин оюнда. Түндө кытайыбы же башкасыбы бир топ куралдуу кишилер жылкыларды чаап кетишиптир! Мен алардын артынан жетпей калдым – деди Таабалды.

– Анда азыр алар кайда? Кайсы тарапка кетишти? Тез ат токугула жигиттер, узатпай артынан барып өзү катылгандын жазасын берүүгө туура келет. Азырынча элди дүрбөтпөгүлө. Кап, мен бейкам келип калдым эле, эми айылга барып жоо кийим кийип келүү үчүн бир топ убакыт кетет. Бытый айылыңдагы атка минчү эр-азаматтарды даярдап тур, биз айылга барып камынып келели.

– Баатыр!? – деди Тазабек. – Сизди убара кылбай киши жиберсек кандай болот? Сиздин айткан кебиңизди орундатчу жигитиңизди кошсоңуз, аны менен мен барып келейин. Сиз да, атыңыз да чарчабасын. Душманга карай жоо беттеп бет алчубуз сиз. Багыбызга келип калганыңыз жакшы болбодубу, дагы жакшы элдин азабы жок экен. – Ныязбек жылмайып:

– Тазабек, жаш экенсиң. Сен айттың го: «Бир атадан жаралаган эки бир тууган Орозбак-Дөөлөстүн ту-

кумубуз» – деп. Менин силерге өзүм менен жатындаш туугандарымдай, ичим имерилип турат. Силер эле асмандан жаралгандай бөлүнө бересиңер.

– Туура баатыр аба, кебиңизде калет жок. Айткан кебиңиз менен жасаган ишиңиз төп келет – деп, жагалдана айтты. Ушул тапта жигиттер шөмтүрөп, ар тараптан мойнунан байланган мергенчинин тайганындай бириндеп жыйыла баштады. Элдин түрүнө көз агыткан Ныязбек:

– Силер чын эле башка тарапка көчкөнү жатасыңарбы? Элди дүрбөтүп эмне кереги бар? – деп Ныязбек, Бытый менен Абылайдан такып сурады. Берилген суроого Бытый жооп берди:

– Биз чынында көп ишенген жок элек. Сиз ушинтип ак пейил менен биздин элдин тагдырынын камын ойлойт деп. Ушул жолу Кытайдан бир кекти алып, мүдөөнү кандырып берсеңиз, биз сизге бир тууган, боорукерчилик менен жасаган адамкерчилигиңизге ыраазыбыз. Ныязбек бул сөздү укканда ичинен тырчый түштү:

– Мен силерге такыр ишенбей калдым. Бул өзү эмне деген жорук, Бытый? Сен душманды өз айылыңдан айдап чыгып коюп, өзүң кайда барасың? Болбосо эмне үчүн мурда бир чаңдатып кеткен жоонун артынан сая түшүп чабышпайсыңар? «Сарыбагыш менен бир тууганбыз» – деп жоонун артынан бизди жиберип коюп, эмне жай жатасыңар?! Бытый кыңырылып:

– Артынан түшүш үчүн душмандын санын билиш керек эле. Түн ичинде алардын санын кантип билмек элек? Ныязбек ачууга алдырып:

– Түн караңгы, жоонун санын санап отуруш керек деп актанууга болобу? Ар бириң өз жаныңды коргоо менен алек болсоңор, анан кантип иш алдыга жылат. Алгач оюңарды оңдоп, биримдикке келсеңер боло, бири-бириңерди аңдыбай. Чынында силер мени «хан болсом деп ойлоп жүрөт» деген ойдо болсоңор керек. Андай ой

менин башыма келген да эмес. Бытыйды же Таабалдыны хан шайлап алгыла. Мен силердин эле катарыңарда жүрөм. Бийлик талашпаймын. Биздин эл алакандай аз кыргыз, уй түгүндөй. Ал эми калмак, кытай экөө тең жеринен арбын. Адыгиненин балдары Ошто. Куба уулдун балдары бүт Таласта. Бир Тагайдын аз тукуму бириге албай, көз барда бир кеп, көз жокто бир кеп айтып жатып, уйдун эки бөйрөгүндөй болуп бириндеп турабыз. Бул айтылган сөздү туура көрүп, уккандар жер карап туруп беришти. Чындык ачуу, бирок адилет.

Ныязбек жоо жарагы келээр менен, жоо кийимин тез кийип жигиттери менен катар туруп:

– Душманга аттанууга мына биз даярбыз, силерчи? Кана, Бытый Абылайлар алгыла эки тизгин, бир чылбырды колуңарга. Экөөңдүн колуңардын каруусу, көкүрөгүңөрдүн жалыны баарыбызга маалым. Хан болгула, элге тынччылык алып келгиле, ошондо мен силердин эшигиңерде кароолчу болуп берейин.

Бытый кекирейип, бир далысын күйшөп алдыга карап үңкүйүп, кабак чытып: «Мени мынча эле кекетип калды, шылдыңдап. Хан эмес өз бийлигибизди өзүбүзгө койсо боло. Менин эшигимди кайтарганды коюп, жанына катар бастыртпайт» – деп ичинен кайрып, колунан келсе албарс курч кылыч менен оңду, солду шилтесе атаганат. Ал колдон келбейт. Эгер азыр менин оюмду билсе эмне кылат анда деп, көзүн жумуп ийди.

– Ой, аттангыла! – деп ак боз аргымактын оозун карыштыра тартты эле, ат ойкуштап элден алда канча озуп жүрүп кетип баратты.

– Бытый сен эмне кежигең кекирейип калган. Эми сен да баш тартасыңбы? Ал мойнуңа салмагы оор мүшкүл милдетти. Мен сенин колуңдагы курч кылычың болуп берейин. Тарт элди өзүңө, имере учар куштай.

Бытый кызарып тырмагын тиштеди да:

– Минтип ыйкы-тыйкыда не пайда. Биздин карылар айткандай жалгыз сени гана бизге тирек болуп бере

алат деп ойлойбуз. Хандык сага гана ылайык. Айтаар кебим ушу. Силерчилеп эле хандык тебетей мен үчүн да кызык эмес. Мезгил катаал чайкеш учур. Тээ илгери эле биздин акылдуу атабыз Болот бий «мынабу аскалуу тоо мейкин талаага каардуу бороон кандай келет, аны эч ким билбейт, күнү-түнү элим сак болгула» деген. Анан ошол алай-дүлөй бороондун күчүнөн эң биринчи ким чапкынга калаарын, ким билбейт. Анда жалгыз болгондор гана эң алдыда кулайт. Сени жалгыз койбойбуз .

– Мен бирок али элге алына элекмин, алыбыз чак. Сенин арка -белиң бүт Солто, Сарбагыш ыгыңдан чыкпайт. Бул сөздөрдү уккан Абылай ичим тап болуп, улутунуп отуруп калды. Мына бир топтон бери дем тартпай жанын үрөп аракеттенип келаткан иши өйдө-ылдый болуп турат. Болгон оюу ордунан чыкпасына да көзү жетип, кабагы салыңкы жер тиктеди.

Ныязбек аттын башын буруп:

– Макул ага-ини туугандарым. Мына биринчи Кудай, экинчи ак көз, кара көз элим, жалпыңар чогуу турасыңар. Мен өз кызыкчылыгыма карап же атак даңк көздөп, мансапка умтулуп «эл башкарып буйрук кылсам экен» деп ушул оор милдетти моюнга тагып жаткан жерим жок. Айылга, жериңерге кайткыла да, бүт элди чогулткула. Ата-бабадан келе жаткан ыйык салттын мыйзамына тууралап «хан» көтөрөлү. Антпесек көрүнгөн ээн ооз сүйлөп, ар ким өзү билгениндей ооздон сөздү жыра талашкандарга бөгөт коюп, элди ээрчите турган хандын салтанатын өткөрөлү, макулсуңарбы, ушуга?

– Макулбуз, бир беткей хандын сөзүн укпасак, болбой калды. Ар ким өзүн чоң сезип, баш аламан жашоодо жашап келдик.

– Андай болсо убакытты кетирбейли. Жигит курап, бир адамдын оозун карагандай бололу. Ханыбыз болсо ошол элди өзү кайтарат – деди, эле эл жапырт колдоп жиберишти «туура!» деп.

* * *

Жайдын көйкөлгөн жашаң мелмилдеген көз кайкыткан тегиз мейкининде ак өргөө, боз үйлөрдөн бир топ ыраак жерде уй мүйүз тарткан калың эл жай алып олтурушат. Кишилер, аялдар, өспүрүм балдар, кыздар ары-бери басып топурашат. Обочо тигилген уздай ак өргөөдө жалаң айыл ак сакалдары, айылдын акылдуу билерман мырза чыкмалары, бүт сарыбагыш, солто, саяк, бугу элинин «мен деген» билермандары бийлик ээлери орун алган. Сөз учугун акылман, баарынын улуу, сакалы көкүрөгүн жапкан Бай сөз баштады.

– Аттын жалынын жалгыз талын жаш бала деле оңой эле үсүп алат. А бирок ошол жал, куйрукту бири-бирине кынаптап чыйралтып эшип, кыл аркан кылса ал азоо жылкыны, кирген буканы тап жылдырбай бекер күчкө эгедер болот. Ныязбек эшиктин алдында, сырт жакта булардын чечимин күтүп, мелтиреген калың элди карап отурду. Эмнегедир сөз учугу өтө эле созулуп кеткенсиди. Ансыз деле ар бирине баары түшүнүктүү. Аксакалдар ушул жерде маселенин негизин чечкендер «мына бизбиз» дегендей керсейишип, элге текебер ыңгырына карашат. Абылай, Бытый кандайдыр бойлору узарып кеткенсип, сакал мурутун алып салганга жаагынан олуттуулуктун шааниси байкалат. Сейитказынын бүйрүк ээрлери калбыйып чыгып, көзгө калбыйган эриндери гана көрүнөт. Ал эми Асан кабагын чытып жүз үйрүйт. Мүмкүн, баягыда бий бол десе, баш тартканына өкүнүп отурушу да ыктымал. Асандын ал акылы эми шоона эшпейт. Бай бир топко өткөн-кеткен насаат кебин аяктап, Ныязбектин алдына таазим этип:

– Хандык даража кут болсун! – деди.

– Ныязбек ага-ини бир боор туугандарым?! Мага бул бийлик туура эмес келет. Менин кебимди эки кылбай кадырлап сыйласаңар, өзүм менен катарлаш өсүп келе

жаткан эки уулумдун бирин өзүңөр салмактап көрүп элге баш кылып көрсөткүлө. Себеби экөөнүн тең акылы, ой-максаты, эр жүрөктүүлүгү менин көңүлүмө туура келет.

– Жакшы атанын какшыктап жыйган мүлкүн чачпай, өзүңдү көрсөтөлү деп Бытый ичим тап болуп, оозу бош күңк этти. «Эгер бул баласын кан шайласа, мен да мурунураак осунганда болмок экен. Боромбайым кемби, мунун баласынан» – деп, ичи туз куйгандай тызылдап, эмне дээрин билбей балыктай көзүн тостойтуп отуруп калды. Кожояр башын созуп:

– Сен ичим тап болбо! Бытый экөөбүздү хан шайлаган менен биздин түбүбүздө хандын доорун сүрүп, эл баккан эч кимибиз болгон эмес. Буга өзүң эле кечээ калмак күлүңдү сапырып, мал-мүлкүңдү бүт олжолоп кеткенде, жол баштап чыгуу экөөбүздүн колдон келбей, манаптардан жардам сурап мына Ныязбек жигиттери менен бардык өчтү, кекти алып берип, бизге караан болбодубу. Калыс ой жүгүрт, азыр канча калмак малай болуп, малыбызды багып жүрөт. Мен саяк, сен бугу экөөбүздө не каруу. Бул сөздү укканда чогулган топ дым болуп, бир топко отуруп калышты.

Бирок кылына турган иштин тизгини, тигил жактын алсыздыгынан тайып айтылган сөзгө баш ийүү гана керек болуп калганына ой жүгүртүп, башка бул жерде эч нерсе колдорунан келбей тургандыгына көзү жетип, Солтонкул эки ортодо айласы куруп ылайыктуу сөз таба албай, ой басып отуруп:

– Агайиндер, бийликке жетүү кыйын. Бул жерден өзүңөр дүрбөп «хан шайлайбыз» деп чыктыңар. Баштуу болгуңар келсе, ылайыктуусун шайлаган жакшы. Хан бийликтин туу чокусу. Бийлик болгон жерде кордук болот. Бийликтин баркын, албетте, кошоматчылар кетирет, бир сөздү эки кылып жеткирип жатып.

Андыктан чечкиндүү, алысты көрө билген кишини эл башы кылуу абзел. Солтонкул отургандарды кепке

алып, салбырап кеткен өңдүү кирпигин ымдап алды да, анан элди кыдырата карап алып:

– Хандыкка кимди көрсөтөсүң Ныязбек? Тээ илгертен элди Үчүке менен Түлкүнүн балдары душмандан калкалап келген. Болотбийдин баласы Эсенгул да калмак менен кытайды эки жолу биздин жерден сүргөн. Бир канча жылдан бери элдин тарыхы, салты, оздон-оозго айтылган кеби улам кийинки муунга көчүп кала берет тура. Сөздүн кадырын баалап, эл аарынын уюгундай кобуранып барып токтоду. Осмонкул байдын айлакер көзү карегинин тегерегине чаргып, баатырдын оттой жанган көзү, чың бою, кайраты элди таң калтырды. Бир кезде: – Ныязбек?! – деп дагы кеп баштады башын өйдө кылып:

– Бул караламан калың элиңизди ороп туруп душман качырып калса, анын оор салмагы сага тиет. Шайлай турган эки уулуңду ортого салып айт, кимиси шайланса да кудуреттүү Кудайым даражасын жогору кылсын. Кабагыңды ач! Алтын такка көтөрүлүүчү ак кызматты балдарың актайбы?! Элди эсинен чыгарбас андай жетик болсо уулдарың эл алдына чыксын. Сиздин акылыңыз, элге кылган эмгегиңиз жетиштүү. Айткандай бу жүгөнсүз элди ким чогултуп бермек. Акыры бул элдин убалсообу сиздин моюнуңузда. Осмонкул узак сөзүн аяктап, Ныязбекти карады. Ныязбек өзүн эркин сезип:

– Калайык-калк?! Сиздердин убал-сообуңарды мойнуна алуу уулдарым Ормон менен Стам экөөнүн биринин мойнуна илсеңер, мага илгендей кабыл алам. Эл дым болуп калды. Бир топтон кийин Бай үнүн коңур чыгарып:

– Бул экөөнүн жашы канчада, элдин жүгүн көтөрө алышабы? – Ныязбек ишенимдүү:

– Мен ишенген үчүн экөөнү көргөзүп жатам. Экөө мындан канча жыл илгери жылкы тийип келген казактын аттан түшпөгөн балбанын аттан түшүргөнүн баары-

ңар билесиңер. Ошондо казактын балбанынын айткан сөзүн дагы укканыңар бар. Мына андан бери канча жыл артка кетип, ошол эки уулум минтип керилген жигит болушту. Азыр Ормон он сегизде, ал эми Стам он жетиде. Ормон менен Стам элдин алдына чыкканда калың эл жапырт карашты. Бир кезде сакалын сылап:

– Эмесе, башчылыкты экөөнүн улуусуна баш уралы – деп, Осмонкул ууздай аппак болгон сакалын сылап, Ормонго карады. Аңгыча Кожояр үн салып калды:

– Калың эл, силер улуу деп Ормонго баш уруп жатасыңар! Кимиси хандыкка жарактуу, кең, калыс, акылы жетик, жүргөн-турганын, сын-сыпатын баамдап билип, салмактап туруп хан шайлайлы. Биз бир канча жылдан бери зарыгып күтүп жүрүп шайлаган башчыбыз орундуу болбой калса, анда кандай болот? Ойлонуп шайлайлы, убакыт бар али. Адамдын өмүрү кыска, кийин өкүнгөндөй болбойлу деп, сөз жүйөлөтүп айтты. Бул айтылган сөзгө эл муюп, аарынын уюгундай чуу боло түштү. Ныязбек томсоруп, айлакер көзү диртилдеп, тегерегин имере карап, кайраттуу көзү элдин түрүн байкап «тигини оозунан чыккан сөзүнүн жүйөсүн кара» деп ойлоно калды. Ныязбек эми кайра сөз алды.

– Калың эл, агайин-журт, жүздүн жылуулугунан бейтааныш эл сырдаш тууган болот. Ормон да, Стам да менин балам. Биринен биринин өйдө-ылдыйы жок. Адегенде атын атап баш уруп «хан» деп айтылгандан кийин, сыймык ооп калды. Эки уулумдун улуусу Ормон эле хан болсун! Башында Стамды көздөгөндө болмок. Эми Ормон силердин кем карчыңарга кайрымдуу, элди душмандан коргоп, чачыранды элди бириктирет. Буга ишенгиле!? «Адам өз колун өзү кесип таштай албайт» дегендей, дагы эле наркты сактайлы. Эгер Ормонду хан шайлап ак кийизге салып төбөңөргө көтөрсөңөр калыс, адилет болушуна мен өзүм түрткү берем! – дегенде, көпчүлүк:

– Болду, «хан» атка Ныязбектин уулу Ормон татыктуу болсун! – деп чуу боло түшүштү. Казганактаган калың эл Ормонду тегеректеп турушту. Ормон жерге жайылган ак кийизге: «Биссимилла! Оо, Жараткан!» – деп отурду. Аңгыча элдин алдындагылар: «Эл эгеси!» – деп колдорун бооруна алып, таазим кылып турушту.

– Оо, Жараткан берген да, алган да бир өзүң! Калың элге калыс, канатыңдын алдындагы бактың кут болсун! Ата мурас айланып конгон артыла келген бийлигиң өзүңө буйрусун! Эми элдин камын ойлоно турган чагың келди. Элдин четинен чыгып бөлүнүп басып келишип Бай, Солтонкул кийизге колун тийгизди да, шаңдуу үн салышты.

– Башыңды өйдө көтөр, Ормон! Түбү жок түбөлүктүү көк асманды кара!

– Эгер сен жараткандын эркинен тетири иш кыла турган болсоң, ушул жер үстүндө калың элге уят болосуң! Сенин болгон бийлигиңден алдагы өзүң азыр үстүндө олтурган ак кийиз кана калат. Эми эл алдында айта турган кебиңди айтып кал, сенден эл сөз күтүп турат!? – деди. Ормон бир саамга калдастай түшүп, өзүн колго алып, жабыла карап турган элге карап:

– Калайык, мага ишеним арткан агайын-туугандар, мен сиздерге ыраазымын. Сиздердин мындан аркы жашоодогу ары татаал, ары жооптуу жүгүңөрдү артынып, милдетиңерди моюнга алып олтурам. Айтаар кебим ишеничиңерди актаганга болгон аракетимди жумшайм! – деди эле, эл жапырт дуу дей түштү.

Бул күнү күн демейдегиден башкача тийип, асманда булбул сайрап, жашоонун шаңын билгизип үн салат. Тээ алыстагы тоо башынан ак булут каалгып көрүнүп, ак мөңгүлөргө көлөкөсүн тийгизип турду. Мунун себеби мөңгүлөрдү бир гана булуттар күндүн ысык нурунан сактап, өмүр булагы болгон суунун түбөлүктүүлүгүнө кам көргөндөй белги берип турду. Ормон «хан» болуп,

эл ишеничин мойнуна алып, асманда тийген күндүн нурундай элге жарыгым тийип, ата мурасы болгон бийликти татыктуу алып кетсем экен деген ойду ойлоп, жооптуу ишти мойнуна алганына ишене албай турду. Бирок көкүрөгүндө чоң ишенимдин белгиси турганын жүрөгү менен сезди.

*Аягы*

***Куланак айылы, Нарын облусу.***

***Атамдын арбагына таазим кылам. Ушуну менен сиздерге экинчи китебин тартуулаганга да убакыт келип жетти. Бул китепти атам 1984-жылдары жазган. Кеткен катачылыктары болсо алдын-ала кечирим сурайм. Бул китепте ысымдары аталган инсандардын дагы арбактары ыраазы болушун тилейм. Ылайым элибизде тынчтык, биримдик, ынтымак болсун!***

***Бердикожо БИЙНАЗАРОВ***

*Көркөм-адабий басылма*

**БИЙНАЗАРОВ ТАШТАНБЕК МУСАЕВИЧ**

**ЭСЕНГУЛ БААТЫР**

*Тарыхый роман*

Бишкек, «Бийиктик плюс» басмасы

Кыргыз тилинде

Даярдаган *Бийназаров Бердикожо Таштанбекович*
Редактору *Жанара Маматова*
Корректорлору *Таштанбек келини Сабира,*
*Таштанбек келини Майрам*
Көркөмдөгөн *Мырзабек Кадыров*
Компьютерде калыпка салган *Гүлзар Адашова*

180 с. 00 т

Басууга 28.06.2014-ж. кол коюлду.
Офсет кагазы. Кагаздын форматы 60х84 1/16.
17,0 б.т. Нускасы 500. Заказ №008.

---

Бишкек ш., Ю.Абдракманов көчөсү, 170.
Тел.: 0777 743 568, 0707 621 303.

1802.00M.